Жалал-Абадская областная библиотека



Жалал-Абадская областная библиотека

## ДААНЫШМАН АВАБЫЗДЫ ЭСКЕРИП...

*Аалам бийиктигинен ырдап өткөн даанышман жердешибиз Барпы Алыкул уулунун татаал тагдырлуу акындык жолу да, адамдык ички турмушу да, эч кимди кайдыгер калтырбаса керек. Эки доорду тең көрүп, калың эл баштан кечирген кайгы-кубанычты тең бөлүшүп, жарым кылым жаңшап ырдаптыр.*

*Азыр профессионал адистер белгилеп жүрүшкөндөй, ал кыргыз акылман ойлорун Чыгыш философиясына барабарлап, махабат ырларын улуу Хафиздердин деңгээлинде ырдап, айтыш өнөрүн Токтогул, Жеңижок, кара жаак Калмурза, молдо Бекназарлар менен кошо экинчи кайталангыс жогорку баскычка көтөрүшүп кетиптир.*

*Атактуу авабыз жаратылышынан тубаса гуманист — демократ, нукура элдик таалимчи — педагог, адам табиятынан тартып, айбанаттар мүнөзүнө чейин тереңдеп кире билген кылдат психолог, «ар кимди барып бир ырдап, ары жок ырчы болалбаган» калыс баачыл зор инсан болгон экен. Жаш чагынан өзүн жакшы таанытып келген чыныгы адамдык наркнасили өзгөчө 1941—1945-согуш жылдарында баарынан даана көрүнүп, катаал мезгил сыноосунда дагы бир жолу бекем далилдениптир.*

*Жалгыз гана кыргыз арасында эмес, жалпы эле түрк элдеринде чанда бир кездешчү ушундай генийалдуу талантка өз наркына ылайык адилет мамиле жасалбай келгени да көпчүлүгүбүзгө маалым. Ырлары замандаш акындардыкына караганда он-он беш жылдай кечигип жазылып, биринчи китеби да өтө создугуп чыгыптыр. Ушул күнгө чейин чыгармаларынын толук томдугу басылбаптыр. Жүз жылдык юбилейи да аты эле өткөрүлдү болуптур. Бул баарыбыздан кеткен кемчилик. Кеменгер акын авасын өз наркында баалай албаган жалпы эле Жалал-Абаддыктар, айрыкча Барпы колхозунун аймагында жашаган туугандар көбүрөөк күнөөлүү.*

*Ушул ала калган жерлерди толтуруу биздин шыбагабызга туш келип отурат. Илимий-чыгармачыл коомчулук менен көпчүлүк окурман журтчулугу көтөргөн демилгени Жалал-Абад областтык, Сузак райондук, шаардык администрациялары колдоого алып, быйыл улуу апыздын 110 жылдыгын белгилөөгө аракет жасап жатабыз. Бүгүндөй кыргыз маданияты үчүн да, биз үчүн да зор кубанычтуу окуя болгон бул маарекеге карата Барпы чыгармаларынын толук жыйнагын, ал тууралуу изилдөөлөр, эскермелер, арноолор китебин чыгаруудабыз. Ал жөнүндө жазылган пьесаларга республикалык конкурс уюштурдук. Алар театрларда коюлат. Тексттери өзүнчө жыйнак болуп жарык көрөт. Эки түрдүү жылнаама-календарлар менен буклет-китепчелер чыкты. Кыска метраждуу документал-көркөм фильм тартылууда. Апыздын туулган айлы Ачыда үй музейи курулуп, айланасына бак отургузулуп, ага алып барчу жол оңдолду. Бишкекте Ала-Арча көрүстөнүндөгү күмбөзү тургузулду. Жалал-Абад шаарына эстелик орнотулат. Ушулардын баары Барпы авабыздын арбагына, адамдык жана акындык бийик наркына биздин көрсөткөн таазимибиз болуп эсептелет.*

*Улуу ойчул акындын 110 жылдыгына камылгалар көрүп, практикалык иштер жүргүзүү менен, биз өзүбүздүн жердештик парзыбызды да, жалпы кыргыздын атуулдук милдетин да аткардык го деп ойлойбуз. Анткени, биздин ордубузда болсо, башкалар деле ушундай кызмат өтөшмөк.*

*Акырында айтарыбыз: бул зор ишке жакындан жандуу жардам көрсөтүп келатышкан илимпоз — Барпычылар менен акын-жазуучуларга, республикалык, областтык газет-журналдар менен телерадио кызматкерлерине, апыздын ырлары менен ал жөнүндө жазылган китептерди чыгарып жатышкан Кыргыз Энциклопедиясынын жамаатына чын ниеттен ыраазылык билдиребиз. Баарыбызды Барпы авабыздын арбагы колдоп жүрсүн.*

***Абдыжапар ТАГАЕВ —***
***Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы;***

***Жолболду ТЕКЕНОВ —***
***Сузак райондук администрациясынын башчысы;***

***Касым ИСМАНОВ —***
***Жалал-Абад шаардык администрациясынын башчысы;***

***Камбаралы КАСЫМОВ —***
***Барпы атындагы колхоздун төрагасы;***

***Амангельди ТӨРӨКАНОВ —***
***Сузак районундагы Барпы атындагы орто мектептин директору.***

Жалал-Абадская областная библиотека

## КҮНДҮ ИЗДЕГЕН АДАМ

Орошон ойчул акын Барпы Алыкул уулу о дүйнөгө сапар тарткандан бери деле жарым кылымга чукул убакыт билинбей колдон сууруluптур. Эки доордун орчун окуяларынын кыйласына күбө болгон төкмө ынтаа менен ырга кошкон социализм тарыхый аренадан жылмышты, «бүгүн көргөн эртең жок» дегендей эле болду. Кандайынан келгенде да, Барпыны Барпы кылып, анын акындык жүзүн жадырата, бар көркү менен ача турган мезгил эми келдиби деп ойлойм. Анткени анын аяк-башы жок ааламдан баштап жер үстүндө тирилик кылып, күнүн көрүп жаткан эки аяктуу макулук пенденин ички көйгөйлөрүнө чейин укмуштай көркөмдүк, чоң ырчылык маданият деңгээлинде көркөм түргө салынган ыр, поэмалары аёо билбес өкүмзор бийлиги бар мезгилдин сыноосунан моюбай өтүп келатат.

Бул арада деле эңгезердей көктү чалып, түбү урагыстай бекем турган коммунисттик идеологиянын да бир четтен кыйроосу башталды. Ошону менен «биздин доордун акыл-эс, ар намысын» кызыл өңгөчүнө күч келтирип мактап жаткан сүрөткерлердин «дежур» тизмеден түшпөөчү «жогорку идеялуу» чыгармаларынын да нарк-баасын мезгил өзү ченеп-бычып койбодубу. Иши кылып соңку жылдардагы опсуз чоң өзгөрүштөр биздин адабий түшүнүк, көз караштарыбызга кыйла олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келгени кашкайган чындык. Ушундай опурталдуу учурда түпкүлүктүү журттун, калың элдин таяныч кылар рухий дүйнөсү, бекем таканчыгы болушу керек экен. Эгер андай таяныч, кебелгис жөлөк болбосо тарыхтын ойку-кайкымалуу чытырманында өзүн-өзү жоготуп алыш текейден арзанбы деп калдым.

Шүгүрчүлүк, андай тоодой бел, арка-жөлөк болчу рухий таяныч бизде да бар экен. Айтылуу «Манас» баш болгон эл оозеки чыгармалары, уккандардын акылын айран кылып таңгалдырган акын-ырчылар



поэзиясы жана башка да толгон-токой көркөм табериикке айланган дөөлөттөрүбүз бар экен. Ошолорду эш тутуп этек-жеңди бура бастырбай бучкактаган түлкү, бөрү замандын кысмагына баш бербей, улуттук кайра жаралуу, эгемендүүлүктүн туусун алдыга сүрөй бермегибиз оң. Нака базардын баш-айлантма алыш-беришине айланган бүгүнкү турмушубузда баштапкы байкерчилик замандагыдай китеп чыгаруу, караламан калктын рухий таламдарын канааттандырып туруу оңбогондой оор жумушка айланып турган чакта элибиз туу туткан ак таңдай акын Барпы Алыкул уулунун 110 жылдык мааракеси жакындап келе жатыры, тагыраак айтканда, бул улуу, нака улуттук деңгээлде өтчү салтанат «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы алдында өткөнү турат.

Аталган эки окуянын ортосунда кандайдыр бир жакындык, болгондо да сөздүн терең маанисиндеги ымалаштык бардай сезилет. Барпы Барпы болгону мынчалык көңүл буруугa, мааракесине даярдыктын масштабдуу жүрүшү буга чейин (чынын айтуу керек), болгон эмес эле. Анткени бул учурда акындын нака сүрөткерлик жүзү терең ачылбай, социалисттик реализм теориясынын канон, догмаларынын чен-өлчөмүнө салынып каралчу. Ошондон ойчул акындын тоонун мөлтүр булагындай тунук поэзиясы өтө эле жупуну, жарды көрүнүп турчу. Анын үстүнө кийинки он жылга дейре айрым бир изилдөөлөрдү эсепке албаганда, Барпынын чыгармалары терең талдоого алынып, анын улут адабиятыбыздагы орду кең-кесири аңдалбаптыр. Тек баштатан айтылып келген көнүмүш баалардан, эмпирикалык ылгоодон ары кете албапбыз. Арийне, белгилүү идеологиянын нугуна салынып, ошонун көзү менен каралып, ошонун көз караш, түшүнүгүнөн аңдалган көркөм дүйнө жалгыз эле Барпынын поэзиясы бекен. Тек акындын кең ааламды ичине сыйдырган учкул поэзиясы алдагыдай тар түшүнүктүн айынан кыйла жылдарга дейре реалдуу барк-баасын жакшы алалбай, нака көркөм дүйнөсү кеңири ачылбай, катардагы акындардын бири катары эсептелинип келбедиби. Мунун айынан Барпы атеист, советтик күндөлүк жаңылыктарды ырга кошкон жарчы катарында гана сыпатталып, аны акын кылып турган ашыглык лирикасы менен философиялык ой жүгүртүүлөрүнө анчейин басым жасалбай келгени деле чындык.

Анын үстүнө Барпынын накаан-накаанда бир кел-

Жалал-Абадская областная библиотека

чү маараке-тойлорун утурлап чыккан макалаларды эсепке киргизбегенде ал өзү кыргыз адабиятчылары тарабынан кең-кесири изилденүү бактысына деле туш келбептир, атүгүл ошо акынды көрүп-билип, баарлашып калган замандаштарынын кыйласынын көзү тирүүсүндө эскерүүлөрүн жазып алып, аларды өзүнчө китеп кылып чыгарып коюу иши деле колго алынбаптыр. Адилеттик үчүн айта кетиш керек. учурунда Жаки Таштемиров, Мухтар Борбугулов, Түмөнбай Байзаков сындуу илимпоз, акындар Барпынын чыгармачылыгын изилдеген, аны калайык калкка таанытырган бир топ эмгектерди жасашкан. Тактап айтканда, Ж. Таштемиров «Барпы Алыкулов» аттуу монографияны 1957-жылы жарыяланган. Ушундан кийин акындын чыгармачылыгына атайлап кайрылган адабиятчы К. Даутов гана болуптур. Анын Барпынын керемет поэзиясын кыйла сергек, оригиналдуу талдаган макалалары окурмандардын кызыгуусун арттырып, көнүмүш адабий көрүнүшкө башкача мамиле жасоого шарт түзгөнүн белгилей кетүү жөн.

Барпы бу баш-аягына адамдын акылы жетпеген ааламды, жер үстүндө болгондун баарына нурун чачкан Күндү, аягы жок, башы жок Шамалды, жердин жети кабат түбүнөн атып чыккан Сууну, айры бут пенде баласынын каш-кабагынын ортосунда жүргөн ажалды, адамды адам кылып бийикке оболоткон улуу Сезимди, ошол эле учурда аны кедерине кетирген сапаттарды ж. б. ырга кошуп, түбөлүктүү суроолордун айланасында ой жүгүртөт. Адам оюнун ушунчалык тереңдиги, учкулдугу, улуулугу Барпынын философиялык чыгармаларында өзгөчө бир көркөмдүктө чагылдырылган десек жарашат.

Албетте, Барпы, биринчи иретте, ашыктыктын улуу ырчысы, бул жагынан улут поэзиясында алдына эч кимди чыгарбаган керемет сүрөткер, улуу ойчул. Анын ашыктыктын улуу ыры эсептелген «Аксаткын менен Кулмурза» дастанынан айтылуу «Мөлмөлгө» дейре не деген ой, ажайып дүйнө, керемет сырлар катылып жатпайт. Адамдын ашыктык сезиминин ушунчалык улуулугун, ажайып сулуулугун, маңдай жарган кубанычы менен өзөктү өрттөгөн өкүнүчүн Барпыдай айткан акын чанда гана экени эч кимге талаш туудурбас. Ал эми акындын дүйнөнүн улуулугун, адам жашоосунун оомал-төкмөлдүгүн, өмүр-өлүмдүн өтмө катар байланышын терең талдап, ал туурасында ой жүгүрткөн ырлары деле жогорку



ашыктык ырларындай эле кызыгуу менен окулат. Сөздүн кыскасы, Барпынын керемети, ажайып дүйнөсү мезгил өткөн сайын улам жаңы кырлары ачылып, жаңы муун окурмандардын акыл-кеңешчисине айлана бермекчи.

Эми, бу колуңуздардагы жыйнактын таржымалына келсек. Китеп Барпынын алдыдагы чоң мааракесине утурлап чыгууда. Ага киргизилген макалалардын бир даары мезгилдүү басма сөздө жарыяланган, алары качан жана кайсы жерге чыкканы китептин аягында көрсөтүлдү. Айталы, К. Баялиновдун, Ж. Таштемировдун макалалары Барпынын жыйнактарына карата жазылган баш сөздөр, ал эми М. Борбугуловдун, К. Даутовдун, А. А. Байбосуновдун, Б. Ашымбаевдин, С. Кайыповдун макалалары учурунда гезит-журналдарда жарыяланган.

Китепке киргизилген эскерүүлөрдүн дээрлик баардыгы биринчи ирет жарыяланып отурат, аларды бизге жиберген Барпынын мааракесин өткөрүү боюнча аймактык комиссиянын мүчөсү Амангелди Төрөкановго ыраазылык билдире кетким келет. Барпыны көрүп-билип калган адамдардын эскерүүлөрүн жазып алып, аларды ордо калаабызга, адабиятчы К. Даутовго жөнөтүп турган өз демилгелүү жыйноочунун эмгеги кандайынан алганда да мактоого арзырлык. Эскерүүлөрдүн тексттери К. Даутовдон алынып, кол жазмада кандай болсо ошондой деңгээлде өзгөрүүсүз жарыяланууда.

Эскерүүлөрдүн арасынан Парпи апыздын (Барпы акындын эл арасындагы аты) кызы Бурул эже менен акындын күйөө баласы Төлөн акенин, учурунда кыйла кишилерди үмүттөндүргөн Мамат Абдуллаевдин, азыры элибизге таанымал төкмө ырчы Таирбек Сатыбалдиевдин эскерүүлөрү окурманды кайдыгер калтырбайт деп ойлойбуз. Асыресе Токтосун Тыныбековдун кызыктуу эскерүүсү, айтылуу Коргол ырчынын Барпыга берген баасы, Осмонкулдун жоктоо ыры, Ысмайылдын «Биринчи олимпиада», Токтогул, Женижок, Байдылда сындуу акындардын айткандары, Темиркул, Ташмат Арыков, Эшкулу Алиев, Маркабай Ааматов ж. б. акындардын арноолору ойчул акынга карата сый-урматтын, ызааттын белгиси.

Азыркы этегинен тартса башына жетпей калган тартыштык заманда көлөмдүү китепти чыгаруу канчалык машакаттуу, оор жумуш экени айтпаса деле түшүнүктүүдүр. Антсе да акындын сөзүн урматтап,

Жалал-Абадская областная библиотека

ал жөнүндө айтылган, жазылгандар тек унутта калбашы үчүн колдон келген көмөгүн, жардамын тийгизген кишилер оголе көп болду десем жаңылышпасмын. Китептин чыгышына демөөрчү болушуп, дегеле Барпынын маарекесин ийгиликтүү өткөрүүгө жандили менен кол кабыш кылып, астейдил көмөк көрсөткөндөргө жана өз эмгегине калем акыл албайбыз деген авторлорго чын дилден чыккан ыраазычылыкты айтып койгум келет.

Дагы бир айта кетчү сөз: ушу тапта Барпынын бир кылымдан ашуун (110 жылдык) жылдарды камтыган улуу маарекесине кызуу даярдыктар көрүлүп жатат. Улуу акынды көрүп-билип, анын чыгармаларынан жазылып калганы болсо Кыргыз Илимдер Академиясынын Адабият жана көркөм өнөр институтунун Кол жазмалар фондусуна (Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а) жөнөтүп койсоңуздар.

***Бекташ Шамшиев,***
***филология илимдеринин кандидаты***

# ИЗИЛДӨӨЛӨР

Жалал-Абадская областная библиотека

*Касымалы Баялинов*

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

Барпы Алыкулов — 1884-жылы, Жалал-Абад областы, Сузак району, кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. Акындын атасы Алыкул өтө кедей киши болгон. Жокчулуктун айынан ал боору бекип, бокоосу ката элек жаш Барпыны ар кимге малайлыкка берген. Ошондуктан жаш Барпы жаштайынан тартып оор турмуштун кучагында, бай-манаптын эзүүсүндө, тепкисинде болгон.

Жокчулук Барпынын көкөйүн кесет: жанына жара, жүрөгүнө зил түшүрөт. Улуу Октябрь революциясына чейин ал Калмат, Мадал ажы, Назарбай деген байларга малай болуп, малын багып, көрбөгөнү көр болуп келет.

Каргыш тийген ал күнүн акын кийин эсине түшүрүп, мындай деп ырдаган:

Өткөн күнүм,  
Кеткен күнүм,  
Жокчулуктан көз жашымды  
Төккөн күнүм.

Барпы кыргыз элинин улуу акыны Токтогулдун замандашы. Ал 13 жашынан тартып ырдай баштайт. Атактуу акын, ырчылар менен айтышып, эл арасына таанылa баштайт.

Барпы өз замандашы Токтогул сыяктуу, айланада болуп жаткан адилетсиздикти, теңсиздикти, зордук-зомбулукту көрөт; эл атынан ошого ал наалат, каргыш айтып, эмгекчи элдин эркиндик, теңдигин эңсейт; жарык күн, жакшы турмушту тилейт. Ошол жөнүндө ал ырдайт.

Улуу Октябрь революциясы акындын ал тилегин иш жүзүнө ашырды. Барпы совет элинин бардык эмгекчилери менен эркиндикке чыкты, бактылуу болду.

Барпы мурун эмгекчи элдин эзилгенин, эркsиз теңсиздигин, кайгы-муңун ырдаса, Октябрден кийин



ал улуу жеңишти, эркиндик, теңдикти, кубаныч, жыргалды ырдады.

Барпы сабатсыз. Анын үстүнө 1920-жылдан тартып эки көзүнөн ажырады. Бирок көзү көрбөсө да, өлкөбүздө болуп жаткан улуу социалисттик курулушту, жаңылыкты, укмуштуу чындыкты акын акылы менен көрдү. Ал чындыктар Барпынын ырына жаңы маани, жаңы түр, жаңы сөз, жаңы эпитеттер киргизди. Барпы жашарды. Ал бала барчын бүркүтчө шаңшып, үнүн ого бетер бийик чыгарып ырдады. Ырдаганда, анын күүсүнө күү, сөзүнө сөз кошулду.

Барпыны жашарткан, ырын жаңырткан ал чындыктар кайсы?

Мурунку эмгекчи элди канап-бутаган бай-манаптар түп-тамырынан жоюлду. Чарбабыз колхоздошту. Тракторлор кара жерди каңтарып, жерди кулпунтту, күлдөттү. Эмгекчи эл колхоздун эмгек баатыры болуп, эмгек жемиши бөтөндүкү болбой, өздөрүнүкү болду. Карт Барпыны кубанткан, жанына жаңы сезим берген — мына ушул чындык болду.

Элибиздин маданияты, искусствосу көтөрүлдү. Окумуштуу, билимдүү жаштар чыкты. Толуп жаткан завод-фабрикалар салынды. Жаңы дүйнө жасап жаткан көп улуттуу совет элинин кайраткер каармандыгы, күрдөөлдүү күчү, укмуштуу сонун иштери жана анын бузулгус бекем достугу чыңалды. Мына ушул чындыктар, Барпыны толкутту: ырына жаңы мазмун, жаңы идея киргизди. Карт акындын жанын жашарткан, ырына жаңы сөздөр кошкон — мына ушул чындык болду.

Социалисттик курулушубуз канчалык күчөгөн, канчалык жогорулап өскөн сайын Барпынын чыгармалары да ошончолук жогору өстү. Өлкөбүздө болуп жаткан жаңы курулуш процесстерин, жаңы революциялык күчтөрдү совет эли кандай кабыл алса, карт Барпы да ошондой кабыл алды. Каргыш тийген эски заманда көзү таңууда, колу байлоодо жүргөн эмгекчи эл, Сталин доорунда таалайлуу болуп, ырыска бөлөнүп, кандай кубанса, эл менен бирге Барпы да ошондой кубанды. Ошол таалайды, жыргалды берген улуу Сталинге өзүнүн кубанычын билдирип, эл атынан ал мындай деп ырдады:

Жыргал, таалай элиме  
Бергениңе кубандым.  
Бардык элди бир көздөй  
Көргөнүңө кубандым.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ай нурундай жарыкты
Бергенице кубандым.
Таалайыбыз Сталин
Келгенице кубандым.

Миңтип карт акындын Сталинди ырдаганы, Маяковский айткандай, партияны ырдаганы. Партияны ырдаса, Ленин менен Сталинди ырдаганы. Ленин менен Сталинди ырдаса, элибиздин эң бир жакшы касиеттерин, эң бир жакшы сезимдерин ырдаганы.

Жолдош Жданов 1946-жылы Ленинград журналдарына карата жасаган өзүнүн докладында советтик жазуучулардын милдеттери жөнүндө мындай деген: «Совет адамдарынын жакшы сезимдери менен сапаттарын тандап алып, биз аны менен бирге адамдарыбызды тескери иштерден сактандырууга, кечеги күндүн жарамсыз калдыктарын, совет адамдарынын алга басууна бөгөт боло турган калдыктарды катуу маскаралоого тийишбиз».

Акындын чыгармалары жолдош Ждановдун ушул айткан сөздөрүнө туура айкалышат. Анткени, Барпы совет адамдарынын жакшы сапаттары менен жакшы сезимдерин ырдайт. Ошону менен бирге ал жаман иштен сактанууга, качууга, үлгүлүү иштер көрсөтүүгө элибизди чакырат. Социалисттик курулушубузга кастык кылган, өз керт баштарынын камын ойлогон анткор, арамзаадалардын бетин ачып ырдайт. Буга Барпынын «Напси» деген ыры толук мисал болот:

Напси үчүн кайсы бирөө жеген пара,
Жегени өз башына болгон балаа.
Жалганчы, жансыздардын жүзү кара,
Напсиң тый, көргүн буга шексиз чара.

Барпынын ырында жаңы түр, жаңы эпитет, жаңы салыштыруу бар. Тилинде, курулушунда, уйкалышында бөтөнчө өзгөчөлүктөр бар. Ал өзгөчөлүктөр акындын «Улуу Октябрь», «Өткөн күнүм», «Өзгөчөм» деген ырларында толук көрүнөт. «Улуу Октябрь» деген ырында акын мындай дейт:

Кызыл тууну
Колго кармап барамын.
Улуу Октябрь —
Берип турган саламым.



Кыздар турат
Колго кызыл туу алып,
Кызыл-тазыл
Кыз келиндер кубанып.

Мында биз акындын он бир муун, эки сап ырды сындырып, төрт бөлүп, аллитерация жасап, эпкиндүүлүк туудуруп жазма адабияттын таасиринде жазганын көрөбүз. Бул Барпы акындын ырында болгон чоң өзгөчөлүк. Мындай өзгөчөлүк башка эл акындарында жокко эсе.

Барпынын ырларынын дагы бир өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн анын «Өзгөчөм» деген ырын алып көрөлү:

«Жакын барсам жаныңа
Сөйкөнөсүң, өзгөчөм.
Кум токтогон дайрадай,
Көйкөлөсүң, өзгөчөм».

Мында «Өзгөчөм» деген сөз ырдын маанисине карай эпкелишип, бир куплетте сап секирип, эки кайра айтылат. Уйкалышы да ырдын аягына келбей, баш жагына келип, бул да сап секирип, «Сөйкөнөсүң», «Көйкөлөсүң» болуп уйкалышат. Барпынын ырларынын көпчүлүгү ушул түрдө жазылган. Бул — акындын өзүнө таандык стили, өзгөчөлүгү.

Акын ушул «Өзгөчөм» деген ырында:

«Жарыктыгың электр
Чырагындай, өзгөчөм.
Сымбатың сенин Москва,
Дарагындай, өзгөчөм,

деп мурунку айга, күнгө окшоштурган эски эпитеттерден качып, жаңы эпитеттер колдонуп, сүйгөн жарды азыркы электрдин чырагына, Москванын дарагына салыштырат. Бул да Барпы акындын ырларында болгон өзгөчөлүктөрдүн бири.

Барпы — советтик элдин поэзиясынын өсүшүнө, байышына шумдук көрсөтүп, ат салышкан акын. Анын башка эл акындары сыяктуу көп жашаган, эмгекчи элге кызмат кылган, өзүнүн биографиясы, акындык жолу, тарыхы бар.

Барпы акындын жашы жетимишке жетип, карылык аны мөгдөттү. Бирок ал карылыкка моюн сунуп, алсырап, ордунда отуруп калбастан, Сталин доорунда мыкты иштеди. Көңүлү эргип, ою толкуп, социа-

Жалал-Абадская областная библиотека

листтик курулушубуз, жыргалдуу турмушубуз, жолбашчыларыбыз Ленин — Сталин жөнүндө сонун-сонун чыгармалар берди. Акындын ал чыгармаларына азыр изилдөө жүргүзүлө элек. Изилдөө жүргүзүлүп, өз алдынча том-китеп болуп басылып чыкканча, элибизге аз да болсо азырынча тааныштырып туралы деп акындын ушул ырларын айрым китепче кылып бастырып чыгардык.

*Жаки Таштемиров*

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ
(1884—1949)

### I

Барпы Алыкулов — кыргыз элине белгилүү талантуу акындардын бири. Ал эки доордо жашап, эки доорду тең көрүп, ушул аралыктарда өзүнүн чыгармачылык ишин уланткандыктан, акын өзүнүн соңуна көп сандагы бай мурастарды калтырды. Мына ушул адабий мурастарды эл арасынан жыйноо жана колдо бар ырларын, поэмаларын илимий жол менен изилдөө, ал аркылуу акындын чыгармаларынын социалдык багытын көрсөтүү — азыркы учурдагы негизги милдеттердин бири. Бул өңдүү зарыл иштер Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын тил жана адабият институту тарабынан жүргүзүлө баштады. Ошону менен катар, акындын адабий бай мурастары — баалуу чыгармалары менен көпчүлүк окуучуларды тааныштыруу эң негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Ушул максатта акындын тандалган ырлар жыйнагын жарыкка чыгаруу демилгеси көтөрүлүп олтурат.

«Ар бир улуттук маданиятта,— деп жазган В. И. Ленин,— өзүнүн жетилбеген болсо да демократтык жана социалисттик маданияттын элементтери бар, ал эми ар бир улутта болсо, эмгекчилер жана эзилген массалар бар, алардын турмуш шарттары сөзсүз түрдө демократтык жана социалисттик идеологияны туудурат. Бирок ар бир улутта ошону менен бирге, азырынча көбүнчө черносотендик жана клерикалдык болгон буржуазиялык маданият да бар, булар болсо жалаң гана элемент түрүндө эмес, үстөмдүк кылган маданият түрүндө»[1].

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар. 20-том, 8-бет.



Эгер өткөн кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз адабиятына кайрыла турган болсок, В. И. Ленин белгилеп айткандай эле, бир-бирине карама-каршы турган эки багыт — реакциячыл феодалдык жана эмгекчилердин мүдөөсүн көздөгөн демократтык багыт болгондугун көрөбүз.

Реакциячыл феодалдык багыттын өкүлдөрү капиталисттик мамилелерге каршы туруп, патриархалдык-феодалдык доорду чыңдоону көздөп, өткөндү эңсеп өксөгөн, феодалдардын мүдөөсү үчүн кызмат кылган Калыгул, Арстанбек, Кылыч өңдүү акындар болчу. Алардын чыгармалары динге негизделип, анан келечектен үмүт үзүп, пессимизмге белчесинен баткан чыгармалардан эле. Алар «элемент түрүндө гана эмес, үстөмдүк кылган маданият түрүндө» ошол кездеги феодалдык бийликтин таламын жактоо менен бирге, төбөлдөрдүн кызыкчылыгын көздөгөн идеология катарында кызмат кылган.

Ал эми экинчи багыт болсо, элдин мүдөөсүн көздөгөн, эмгекчилердин таламын жактап, алардын алга умтулган ой-тилегин, келечектен күткөн үмүтүн баяндоону максат кылып алдыларына койгон, туура жолдо бет алган демократтык багыт эле. Бул багыттын көрүнүктүү өкүлдөрү Токтогул, Тоголок Молдо өңдүү алдыңкы катардагы таланттуу адамдар болгон. Барпы Алыкулов да — ушул демократтык багыттагы акындардын жолун жолдогон, алардын үнүнө үнүн кошуп, ошол кездеги эзилген элдин оор турмушун, ой-тилегин чыгармаларында сүрөттөөнү өз милдети катары алдына койгон таланттуу акындардын бири, Токтогулдун сүйгөн шакирти. Барпынын ушул демократтык багыттагы акындардан экендигин анын калтырган бай мурасы — жогорку идеялуу көркөм чыгармалары айкын далилдейт.

### II

Барпы Алыкулов 1884-жылы Жалал-Абад областы, Сузак районунун Таштак сельсоветине караштуу Ачы кыштагында (азыркы «Большевик» колхозу орношкон жерде[1]) туулган. Акын мына ушул жерде өсүү жана бүт өмүрүн ошол жерде өткөрдү.

Барпынын ата-тегине көңүл бура турган болсок,

[1] Азыр аталган айыл кеңеши менен колхоз Барпынын атын алып жүрөт.— Ред.

Жалал-Абадская областная библиотека

анын өз атасы Алыкул да, чоң атасы Шаамурза да эн кедей адамдардан болгон. Өз атасы Алыкул сузакты Калмат бай, Матисак деген байлардын бадасын багып, көпчүлүк өмүрүн мына ошолорго жалчы жүрүү менен өткөргөн. Канчалык жалчы жүрсө да үй-бүлөнү багуу үчүн анын тапканы жетишкен эмес.

Алыкулдун Барпыдан башка дагы Болот жана Барман деген балдары бар эле. Жардылыктын айы нан ал балдарды жаштайынан байларга малайлык ка берүүгө туура келген. Ошентип, келечектеги акын Барпы агасы Болот — экөө тең бокونолору ката элек жаш кездеринен, 7—8 жашынан тартып жалчылыкка кириптер болушат. Эки бала атасына жардам берүү максатында көп жылдык өмүрлөрүн, жогоруда атал ган байлардын бадаларын багуу менен, эң кыйын шартта өткөрүшкөн. Барпы кийин ачылык Назарбай, Мадаалы деген байлардын малдарын багууга кири шет. Ал эми отуз жаштарында дагы эле ошол жерде ги Ысакбай деген байдын пахтасын эгип, түрдүү оор жумуштарын аткарып турат. Жокчулук Барпынын көкөйүн кесип, жүрөгүнөн кеткис так салат. Ачык айтканда, Октябрь революциясына чейин акындын малайлыктан башы кутулбады. Ал эркиндик күндү, теңдик заманды эл менен бирге эңсеп күттү.

Улуу Октябрь революциясы падыша бийлигин ку латып, эмгекчилерге эркиндикти алып бергенден ки йин гана, Барпынын башы бошонуп, эркин өмүр сүрө баштады. Ал Совет бийлиги орногон күндөн тартып аны чыңдоо үчүн активдүү катышып, партия менен өкмөттүн тапшырган тапшырмасын орундоо үчүн белсенип иштөөгө киришет. Түштүктө Совет бийлиги жаңыдан уюшула баштагандан тартып советтик жа на чарбалык түрдүү жумуштарды аткарып турат. Айтсак, бир жыл чамалуу Союз кошчу кызматында, эки жыл катары менен өз ара жардамдашуу тобунда иштеп калат. Барпы жогорку кызматтардан башка дагы сельсоветтин орун басары болуп иштеп турган. Ал эми агасы Болот болсо, Совет бийлигин чыңоого активдүү катышып, бай-манаптардын калдыктарына каршы катуу күрөш ачат. Анын белсенип кайраттуу жүргүзгөн аракетине кыжыры кайнаган басмачылар кара ниеттик менен аны өлтүрүп кеткен.

Барпы, көзү анчалык көрбөсө да, эл арасында болуп, элдин сүйгөн шайыры, партия менен өкмөттүн милдеттүү тапшырмасын так аткарууга көпчүлүк



массаны чакырган пропагандист болуп, алдыда жүрө билди. Таланттуу акын Барпы Алыкулов 1949-жылы 9-ноябрда 65 жашында дүйнөдөн кайтты.

Барпы ырчылыкка жаш кезинен, ачык айтканда, 8 жашынан киришет. Ал эми 16 жашка барганда эл арасына акындыгы билинип калган эле. Барпыга көбүн эсе өз атасынын таасири тийген болуу керек, себеби — Алыкул да ырларды тизмектетип айткан жамакчы акындардан болгон. Баласынын акындыгын сынап ыр менен суроо берип да көрүп, анын сөздөрүнүн таасындыгына карай келечекте акын болуп чыгат деп ага үмүт кылган эле.

Барпы 16 жашында малай болуп жалчы жүргөн байы Назарбай менен да айтыша кетет, себеби — Назарбай өзү жамакчы акын болгондуктан «Сен акчага сатып алган кулумсуң» деп Барпыга өзү тийиштик кылат. Барпы тартынбастан жооп кайтаруу менен анын кылмышын ашкерелеп, айтышта аны жеңип салган.

Түштүктөн чыккан Бекназар ырчы Дыйкан деген казынын тукуруусу боюнча бир чогулган көпчүлүктө Барпыны аябай кордоп ырдайт, бирок Барпы анын белгилүү беделине карап унчукпай койгон эмес, кайра курч сөз менен анын эки жүздүүлүгүн аябай ашкерелеген. Дыйкан деген казы Барпыны өзүнүн карамагына тартып, өз ырчысы кылып алгысы келет, бирок акын ага тикеден-тике каршы турат. Ошону үчүн Дыйкан деген казы Барпыны аябай жазалаган. Ал зулумдан корккондуктан, Барпыны «азаптан ажыратып алууга» эч ким чыкпаган. Акын аны «Кордук» деп атап, ал жөнүндө атайы ыр чыгарган, анын «Казыдан келтек жегенде» деген ыры мына ошол өзү көргөн, өзү баштан өткөргөн окуяга, тарткан жабырына арналган.

Барпы 1915-жылы кыргыз элинин улуу акыны Токтогул менен биринчи жолу жолугушкан болчу. Бул жолугушуу Барпынын өмүрүндө зор окуя болуп эсептелген, анткени — улуу акын Токтогулдун таасирдүү ырларын угуп, анын үлгүсүнөн үйрөнүп, бир топ таалим алган. Токтогул Барпыга ыр аркылуу суроо берип, анын талантынын күчүн байкап көргөн эле. Улуу акын ушул жолугуудан кийин Барпынын акындык талантын өзгөчө баалай баштаган болот. Ошентип эки акындын ортосунда жылуу мамиле, достук байланыш бекемделе берет. Барпы үчүн бул ыйдүү байланыш анын сезимин арттырып, талантын

Жалал-Абадская областная библиотека

курчутууга мүмкүндүк түзгөн, аны биз акындын чыгармаларына талдоо жүргүзгөндө ачык сезебиз.

Барпы отуз жылдан ашыгыраак өмүрүн Совет бийлиги тушунда, башкача айтканда, гүлдөгөн жыргал заманда өткөрдү жана ушул мезгилде совет калкы жетишкен ийгиликтерди, советтик чындыкты баяндаган бир топ көркөм ырларды түздү. Демек, кыргыз совет адабиятынын фондусун байытууда Барпы Алыкуловдун киргизген салымы белгилүү орунду ээлөөгө тийиш.

Барпы Алыкулов эки доордо жашап, эки доорду өз көзү менен көрүп, эки доордо тең чыгармачылык ишин уланткандыктан, анын чыгармачылык жолу революцияга чейинки жана революциядан кийинки мезгилдеги чыгармалары болуп эки чоң топко, эки доорго бөлүнөт. Эгер акын революцияга чейинки чыгармаларында үстөмдүк жүргүзүүчү таптын өкүлдөрү: бай-манап, бий-болуштардын жана дин өкүлдөрү: эшен-калпа, ажы менен молдолордун кылмыштарын ашкерелесе, кийинки мезгилдеги чыгармаларында Советтик бийликтин салтанаты, совет калкы жетишкен жеңиштер жөнүндө жар салып ырдады.

## III

Барпынын чыгармачылык ишинин башталышы өткөн XIX кылымдын акырына, башкача айтканда, 1900-жылдарга туура келет. Бул мезгилде кыргыз эли эки кабат эзүүнүн кысымында абдан кыйналып турган болучу, бир жагынан падышанын койгон чиновниктери оор салыктарын салып эзсе, экинчи жагынан жергиликтүү «журт» бийлеген манаптар жана бий-болуштар чыгымды эки эсе арбытып алып, эл массасын эң кыйын абалга жеткирген. Ал кезде кыргыз калкы бүт дээрлик сабатсыз болуп, элди караңгылык каптап турган эле.

Барпы Алыкулов отуз үч жылдык өмүрүн ушундай оор күндөрдө өткөрдү, ошону менен бирге кыргыз эмгекчилеринин эки кабат эзүүгө дуушар болуп, катуу каржалып турганын көрдү. Мына ошолордун баары акынга күчтүү таасир этип, өз чыгармаларын эл турмушу менен тыгыз айкалыштырууга шарт түзгөн, аны биз акындын чыгармаларынын идеялык багытынан ачык көрөбүз.

Акын Улуу Октябрь Революциясына чейинки чыгармаларында кыргыз элинин караңгыга капталып, оор күнгө туш болгонун, ал эми үстөмдүк жүргүзүүчү таптын өкүлдөрү өкүмүн катуу жүргүзүп, эмгекчилерди ырайымсыз түрдө эзип жатканын, ошого байланыштуу калың букара калктын төбөлдөргө каршы жасаган протесттерин, эбактан бери күткөн үмүт менен тилегин көрсөтүп ырдады. Ал өмүрүнүн тенин, башкача айтканда, отуз жылдан ашыгыраак мезгилди жалаң жакырдыкта, залим байларга жалчы жүрүү менен өткөргөндүктөн, душмандарды жек көрүү сезими анда чыңалган даражага жетишкен эле. Барпы дайыма эл тарабында болуп, дайыма эл тилегин жактап ырдоо менен катар, өзүнүн курч ырлары аркылуу бай-манаптарды, казы менен бийлердин, башкача айтканда, эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн кылмыштарын аябай ашкерелеп, аларды катуу сынга алган. Ал үчүн бай-манаптар акынды ызалоо менен ага бир далай кордук көрсөткөн.

Барпы чыгармачылыгынын алгачкы башталышында эле ашкерелөөчү ырлары менен ар түрдөгү теңсиздикке каршы чыккан. Колдо бар материалдарды алып карай турган болсок, анын эң биринчи ыры — «Жыйындагы биринчи ыр» деген чыгармасын кездештиребиз. Акын ушул ырын жыйылган топко ырдап, өзүнүн жана ошондой эле башка кедейлердин катуу эзилип жатканын баяндап өтөт. Барпы чогулган элге:

Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү.
Бай-манаптын дардинен
Канча адамзат бүлүндү.

Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу не дейди?
Залимге — сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди —

деп, эки таптын — эзүүчүлөр менен эзилген кедейлер табынын ортосундагы карама-каршылыкты көрсөтүп, үстөмдүк жүргүзгөн төбөлдөрдүн жаткан залимдерден экенин, алар жакырчылыкта жанчылган кедейлердин ал-абалын эске алмак тургай, кайра катуу эзүүнү ого бетер күчөтөрүн жарыялап ырдаган. Мында жапа тарткан Барпы өзүнүн муң-зарын, өзү баштап өткөргөн кайгылуу күнүн айтканы менен, мындай оор абалдар бардык эзилген эмгекчилерге таандык экени ырдын өзүнөн ачык сезилип турат.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күйгөнүмдөн ыр кошуп,
Аттанып чыктым жыйынга,—

дейт акын. Анын жыйынга келип ырдап турганын себеп — болушка окшогон төбөлдөрдүн элди ырайымсыздык менен эзиши. Акын ушул ыры аркылуу эзүүчүлөргө каршы протестти билдирип, элдин душмандарды жек көрүү сезимин ойготууну максат кылып алдына койгон.

Барпынын чыгармачылыгында анын жалчылык жөнүндөгү ырлар цикли көңүлдү өзүнө бурбай койбойт, анткени — бул ырларда акындын балалык күнүндөгү көргөн кордуктары, ошондой эле башка эзилген кедейлердин оор турмуштары сүрөттөлгөн.

Барпы ошо алгачкы мезгилдеги ырларында байларга жалданганын, алардан кыйла кордук көрүп, көп азап тартканын эң элестүү бере билген. Буга акындын «Пада баккандагы ыры», Барпынын өзү малай жүргөн Назарбай менен айтышы, «Барпы менен Назардын ырдашканы» жана башка ырлар ушуну далилдейт.

Назар дагы — Барпыга окшоп байларга жалчы жүргөндөрдүн бири, ары акындыгы бар адам эле. Ошол үчүн бул эки жалчы өздөрүнүн армандарын бири-бири менен айтышуу аркылуу баяндоону көздөшкөн. Булардын аянычтуу абалын төмөнкү төрт жол ыр ачык белгилейт:

Кире элекпиз, Барпы дос,
Экөөбүз тең каруудга.
Адам сатты залимге,
Жарым чейрек таруудга.

Каруудга кире элек, балтыр эттери толо элек Барпы менен Назар өңдүү жаштардын жарым чейрек таруу үчүн байлардын колунда кор болушу ушундайча баяндалат. Ал эми буларга окшогон эчен кедей-кембагалдар ошол кездеги залим байлардын оор жумушунда онтоп, кыйынчылыктарды жана эчен катуу эзүүлөрдү баштарынан өткөрүп, теңсиздик замандын туткунунда азап чегишкен болчу. Демек, Барпы менен Назардын көргөн күндөрү, ичкен суулары ошол кездеги кедейлердин аянычтуу абалын, эзүүнүн туткунунда тунжураган букара калктын оор турмушун көз алдыга элестетет.

Барпы өзүнүн кандай абалда калганын, жалдаган бай ага кандай мамиле кылганын төмөнкүчө баяндайт:

Үйгө кирсем, «от жак!» — дейт,
Эшикке чыксам, «мал бак!» — дейт.
«Кеч каласың отундан,
Эртелеп туруп тез бас» — дейт.
«Алгамын пулга сени» — дейт,
«Сырымды тартып алгансып,
Уктай бербе эми» — дейт.
Өңү суук залимдин
Сөгүшү менен кеби жейт.

Ушул келтирилген мисалдан байлардын адамга кылган ырайымсыз мамилесин, жалчыларга жүктөгөн оор жумушун ачык көрөбүз. Барпы жогоркудай ырлары аркылуу залим байлардын кылмышын эл алдында ашкерелөө менен, алардын адамдык касиетке таандык эмес терс образдарын түзүүгө жетише алган. Акындын ырларын окуганда, ач көз, малдарынын туягын санап битиреген сараң байлар, жалчыларга жакшылыктуу мамиле кылбаган каардуу жана эмгекчилердин эмгегин өөнөп жеген залим байларды көз алдыга элестетебиз.

Бул ырдын дагы маанилүү жагы муну жалгыз гана Барпы айтпастан, жалчылардын Назарга окшогон экинчи өкүлү менен биргеликте аткарылып, жалпы есер байларга карата сокку ургандыгында турат. Бул, биринчиден, турмуш чындыгын далилдесе, экинчиден, экөөнүн бир-бири менен болгон айтышы аркылуу турмуш сырын дагы толук ачууга багытталган.

Барпы Алыкулов «Теңдик бир күн жарк этер» деген ырында өзү малай жүргөн байдын ашкан сараңдыгын, барып турган митайымдыгын, малы жерге батпай жатса да, кишинин «акысын уурдабай» тура албасын ашкерелейт. Акын байдын кандай адам экенин ачып бериш үчүн турмушта кездеше турган реалдуу чындыкты мисалга алат да, ошону кыябы менен сүрөттөп, андан белгилүү корутундуну чыгарат.

Барпы жалчы жүрүү үчүн келгенде, бай биринчи күнү «байкуш жетим» деп, Барпынын маңдайынан «сылап», ал-жайын сураган болот. Ушул эле бай жаңы келген жалчыны сыноо максатында «жети нан» берет, аны Барпы «бүт» жеп коёт. Ошону менен улам санын азайтып отуруп, жалчысынын күндүк нормасын жарты нанга түшүрөт. Акын байдын ушул кылы-

Жалал-Абадская областная библиотека

гын мисалга алып айтуу менен байдын өтө сара
экендигин мыскылдап көрсөткөн. Барпы ошол ба
жөнүндө мындай дейт:

Чыдап тура албайсың,
Адамдын акын уурдабай...
Түйшүгү жок түрдөнүп,
Жүрөсүң басып кенен жай.

Ал — ушундай «түйшүгү жок түрдөнүп басы жүргөн», жалгыз гана жалчылардын эмгегин жеп се мирген, бирок колунан чык татырбаган, уучунан э нерсени чыгарбаган сараң байлардын бири, эл жомо гундагы «чык татырбас Чыңарбай» деген өңдүү ары залим, ары сараң байлардын көрүнүктүү тиби.

Барпынын «Казыдан келтек жегенде» деген ыры — реалисттик турмушту баяндаган, акындын өз башы нан өткөргөн окуянын негизинде түзүлгөн ыр. Мында Дыйкан деген казынын Барпыга беш жүз сом салык салганы, аны төлөй албаса, акынды карматып алып, өзү баш болуп жигиттерине сабатканы айтылат.

Ырда Барпыга жан тартып, аны арачалаган Болот, Жамгырчы, Өмүш деген жөнөкөй адамдардын, ал эми Дыйкан казынын сөзүн сүйлөп, анын таламын талашкан Орок бий, Кутчубай дегендердин аттары аталат. Ырды окуганда үстөмдүк кылуучулар өздөрүнчө жымдашып, букара калың калк өзүнчө бир жагдайда болуп, тап жиги экиге дайын ажырап, экөөнүн ортосунда карама-каршылык жана келишпөөчүлүк өкүм сүргөнү окуянын сүрөттөлүшүнөн ачык көрүнүп турат.

Барпы ырайымсыз казылардын бири Дыйкандан таякты аябай жеп, кордукту койдой көрсө да, андан коркуп басынып калган эмес, кайра кайрат кылып, кедейлерге кайрылуу менен мындай деген:

Чачылган жыйган ырымды,
Билебиз Дыйкан зулумду.
Бербегиле, кедейлер,
Колуңдагы пулуңду.

Ушинтип, өлчөмсүз салык салып, аны зордук-зомбулук менен алууну максат кылып алдына койгон Дыйкан өңдүү залимдерге каршы кедейлерди күрөшкө чакырып, Барпы ал жөнүндө өз оюн ачык айткан болчу.



Барпы алгачкы ашкерелөөчү ырлары аркылуу бай-манаптарды, бий-болуштарды катуу сынга алса да, өзүнүн көз карашынын чектелиши аркасында элдин сезимин ойготуу менен, аларды жалпы эзүүгө каршы күрөш ачып, канткенде катуу эзилүүдөн кутулууга мүмкүн экендигин түшүндүрүү даражасына жетише албаган жана ал кезде мүмкүн да эмес эле.

Барпы жалаң гана бай-манап, бий-болуштардын жаман адаттарын, чектен тышкары турган кылык-жоруктарын ашкерелеп, аларды гана катуу сынга албастан, дин өкүлдөрүн да өлтүрө мыскылдаган болчу. Акындын «Эмчилерге», «Сук молдо», «Эмне бар бул жерде?» «Мадалы ажыга» деген ырлары ошол дин өкүлдөрүнүн бетин ачууга багытталган ашкерелөөчү ырлардан болуп эсептелет.

Барпы «Мадалы ажыга» деген ырында ошо Мадалыдай ажылардын түрдүү кылыктарын, «Замзамдын суусу», көз мончок өңдүүлөрдү «ажыга барып алып келдим» деп, элди алдап жатканын баяндаса, «Сук молдо» деген ырында жалаң гана кишини өлсө экен деп тилеп, «дооран» дегенде «көңүлү тынып жайланган» сугалак молдону өлтүрө сындаган. Акын ошол сук молдону мындайча сүрөттөйт:

Киши өлсө деп пайлайсың,
«Дооранчы» десе торсоюп,
Көңүлүңдү жайлайсың.
Өлүмтүк болсо, сактайсың,
Жаназага пул алып,
Гөрүңдө тынчып жатпайсың.

Ушул ыр жолдорунан дин өкүлдөрүнүн бири — молдонун ким экендиги жана кандай жол менен жашап тургандыгы ачык көрүнөт. Кадимки тарп андыган жорудан бетер, молдолордун «өлүмтүктү сактамы» — алардын барып турган кара ниет, өздөрүнүн жеми үчүн адамдардын өлүшүн тилеген ашкан наадандардан экенин далилдейт. Барпы молдолорду ушундайча баалаган жана өзүнүн ырларында дин өкүлдөрүнүн ушул өңдүү кылмыштарын ашкерелеген эле. Анын дин өкүлдөрүн мыскылдап ырдаган ырларын советтик доордо түзгөн чыгармаларынан да кездештиребиз.

Барпы — революцияга чейин көп ырларды түзгөн элдик таланттуу акындардын бири. Биз мында анын кайсы бир ырларына гана токтолуп олтурабыз. Жы-

Жалал-Абадская областная библиотека

йынтыктап айтканда, Барпы Улуу Октябрь революциясына чейин көп ырларды чыгарып, ал ырлары аркылуу эмгекчи элдин күткөн тилегин, көздөгөн максатын, эзүүгө каршы нааразылыгын баяндоого умтулган эле. Ошону үчүн революцияга чейинки ырларынын көпчүлүгү эзүүчүлөргө каршы багытталганын көрөбүз. Акындын эл жөнүндөгү асыл ою Улуу Октябрь революциясынан кийин гана, улуу орус элинин бир туугандык жардамы аркасында гана иш жүзүнө ашты.

## IV

Улуу Октябрь революциясынын жеңиши Барпынын күчүнө күч кошуп, чыгармачылыгынын өсүшүнө кең жол ачты, анын тематикасын байытты. Мурунтан катуу эзүүнүн торунда камыгып, эркиндикти эңсеп келген акын революциядан кийин жаңы заманды, жаңы доордун салтанатын, эмгекчилердин жыргал турмушун даңазалап ырдады. Ал өз чыгармаларында эски турмуш менен жаңы турмушту салыштырып, социалисттик коомдун өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын көрсөтүүгө умтулду. Адам баласынын тарыхында мындай заман эч качан болбогондугун баяндады. Октябрь революциясы, Коммунисттер партиясы, улуу жол башчылар Ленин менен Сталин тууралу бир топ ырларды чыгарды. Ошондой эле өлкөдө болуп жаткан бурулуштарга да жогорку идеялуу ырларын арнады. Анын эмгек жөнүндөгү, Родинаны коргоо жөнүндөгү ырлары да көрүнүктүү орунду ээлейт.

Барпынын «Өткөн күнүм», «Партияга» деген ырлары өткөн заман менен жаңы социалисттик коомду салыштыруу аркылуу советтик доордо гана адам баласына эркиндик тийгенин, аны алып берген жумушчулар табынын алдыңкы отряды Коммунисттер партиясы экенин көркөмдүктө сүрөттөгөн чыгармалардан болуп саналат. Акын «Өткөн күнүм» деген ырында мурун ар кайсы байга малай жүрүп, алардын малын багып, ар түрдүү жумуштарын аткарып азап тартканын, мына ошол оор күндөн азаттыкка чыгарган Коммунисттер партиясы экенин толкундануу менен эң сүйкүм баяндаган. Мурун байлардын таягын жеп, азапта мөгдөп жүрдү эле, партия менен Совет өкмөтүнүн камкордугу астында гана бакыт-таалайга жетишти, Барпы ошону ырдоого ашыгат.

Барпынын «Партияга» деген ыры да эркиндик алган эмгекчилердин салтанаттуу кубанычын билдирет.



Мурун көз жашы көлдөп, эзүүдөн кутулбай мөгдөп келген букара калкты Коммунисттер партиясы гана азаттыкка алып чыкты жана кыйла кылым бою эзилген эмгекчилердин эркин өмүр сүрүшүнө кең жол ачты. Барпы мына ушул өбөлгөнү мындайча баяндайт:

> Батракты барктады,
> Партиябыз жактады.
> Эмгекчи дыйкан балдарын
> Канатында сактады.

Совет бийлигинин тушунда гана эмгекчи дыйкандар укукка ээ болуп, жыргал турмушту куруу үчүн активдүү катышууга мүмкүндүк алышты. Барпы кең заманды, эркиндик алган элди даңктап ырдады. Анын алгачкы темаларын текшерип карай турган болсок, ошол кездеги ырлары мына ушул жеңиштүү күнгө арналганын көрөбүз.

Барпы Алыкулов — кыргыздын башка акындары сыяктуу эле эмгекчилердин улуу жол башчылары В. И. Ленин жана анын ишин улуу улантуучу И. В. Сталин жөнүндө сүйкүмдүү сонун ырларды чыгарган акындын бири. Акындын улуу адамдар жөнүндө чыгарган ырларынан «Даанышман», «Кубандым» деген ырлары көңүлдү айрыкча бурат.

Барпы «Даанышман», «Кубандым» деген ырларында улуу жол башчылар Маркс, Ленин, Сталиндин образдарын сүйкүмдүү кылып берүүгө жетишкен десек да болот. Ыр көлөм жагынан кичине болгону менен, ага көп маани сыйгыза алган. Акын «Даанышман» деген ырды мындайча баштайт:

> Илимден кемчил болуп
> Өстүм өзүм.
> Жазылсаң кемчил болбой,
> Алтын сөзүм.

Мындан соң эмгекчилердин жол башчыларынын эл үчүн сиңирген зор эмгектери айтылат. Акын коммунизмдин жолун алгач сызган Карл Маркстын ар бир сөзү ушунча кымбат экенин эл аны кылымдар бою түбөлүккө сактарын, ал улуу адамдын жолун улаган Ленин экенин жылуу сөз менен берет.

> Бул күндү сагынгандай
> Болгон элим.

Жалал-Абадская областная библиотека

Биз үчүн кең жол ачкан
Улуу Ленин.

Эчен кылым, эчен жылы эмгекчи эл самап келген жыргал күндү Ленин гана алып бергенин Барпы толкундануу менен ырдайт. Ал эми Ленин менен Сталиндин биримдик иши, сызган жолдорунун бир экендиги акын тарабынан төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

Сталин Ленин менен!
Болгон бирге,
Жеткирди совет элин
Жыргал күнгө.

Коммунисттер партиясынын жана улуу көсөмдөр В. И. Ленин менен И. В. Сталиндин жетекчилиги аркасында гана совет эли зор жеңиштерге ээ болуп, түрлүү жагынан гүлдөп өстү. Советтик эл жыргал күнгө жетип, коммунизмди куруу үчүн алга карай бара жатат. Мына ушул ийгиликтердин баары Коммунисттер партиясынын жетекчилиги астында жана Ленин менен Сталин аталардын сызган жолу боюнча иш жүзүнө ашырылууда.

Барпы Алыкулов ушул эле ырында В. И. Ленин дүйнөдөн кайткандан кийин анын ишин улантып, элди алга карай алып бараткан И. В. Сталин атанын сонун демилгесин мындайча жазат:

Сталин — улуу жолдо,—
Биздин башчы.
Сени ээрчип, совет элим
Алга басты.
Сталин — акыл кени,
Ойдун кени.
Сталин — эмгекчи элдин
Кеменгери.

Ошентип, улуу жетекчинин образын акын кылдаттык менен түзө билген.

Барпы Сталиндин образын эл менен тыгыз байланышта түзөт. Сталин элди кадырлап, жогору баалап сүйөт, эл үчүн эмгек кылууга дайым даяр, ошон үчүн эл дагы улуу көсөмдү терең сүйүү даражасына жеткен.

Барпы «Даанышман», «Кубандым» деген ырларында улуу жол башчылардын образдары аркылуу



алардын эл үчүн сиңирген эбегейсиз зор эмгектерин көрсөтүү менен бирге, ал адамдардын үлгүлөрү боюнча жаштарды тарбиялоо максатын да көздөгөн. Бардык советтик жаштар эмгекчилердин жол башчыларынан үлгү алып, эл үчүн, Родина үчүн талыкпай иштөөлөрү керек деген маселени көтөргөн. Акын бул оюн «Биздин заман» деген ырында дагы кеңири уланткан. Ошентип, Барпы Алыкулов улуу жол башчылар жөнүндө жүрөктү толкута турган ырларды чыгарып, алардын сонун образдарын түзө билген жана алардын образдарын туура көрсөткөн.

Барпы — эмгекти сүйгөн жана аны жогору баалаган акын. Ошону үчүн анын эмгек темасындагы ырлары көңүлдү бурбай койбойт. Акын өзүнүн эмгек темасына арнаган ырларында элди талыкпай иштөөгө чакырып, алдыңкылардын үлгүсүн башкаларга айкалаган пропагандист катарында көрүнөт. Ал өзүн колхоз талаасында болуп, колхозчулар менен бирге иштешип жүргөндөй сезет. Чындыгында, колхозчулар иштен кайткандан кийин Барпыны ырдатып, анын түрлүү сонун ырларын угуша турган. Барпы мына ошо айланасында болуп жаткан кубулуштардан алып, аны эмгек менен айкалыштырып ырдап, колхозчулардын демилгелүү кыймылын көрсөтүүнү өзүнүн ыйык милдети катары эсептеген. Анын эмгек темасына арнаган ырларына «Колхоздо», «Пахта терими», «Пахтачыларга» жана башка ушул өңдүү ырларын айтууга болот.

Акын «Колхоздо» деген ырында колхозчуларды иштиктүүлүккө, дайыма үлгүлүү болууга чакырат. «Эркек, аял дебей чың туруп, кандай иш болбосун, тыкандык менен аткаруу керек. Партиянын чечимин так орундоого тийишпиз. Ушундай жетиштүү темп менен гана алга барабыз жана коммунизмди курабыз. Бул үчүн Сталин атага берген убаданы орундоо негизги милдеттин бири» деген маселени колхозчулардын алдына коёт.

Партиянын чечимин,
Аткаргыла колхоздо.
Чоң ийгилик күн менен
Шаттангыла колхоздо

деп, акын партия менен өкмөтүбүздүн директивасын өз убагында жемиштүү аткаруу керек экенин баяндап, аны аткарууну ыйык милдет катарында белги-

Жалал-Абадская областная библиотека

лейт. Улуу Сталинге берген убаданы орундоо — зор жеңиш деп баалайт. Ким өз эмгеги менен нйгиликке жетишсе, анын маңдайы жарык, себеби — адам баласы баатыр эмгек менен бакыт-таалайга ээ болот. Акын колхозчуларды ушундай сыймыктуу күнгө жетүүгө чакырып, алардан мыкты үлгүлөрдү күтөт.

Улуу атаны урматтап,
Ырдагыла колхоздо.
Бардык ишти бүтүрүп,
Жыргагыла колхоздо — дейт акын.

Кужурмөн эмгек аркылуу адам жыргалдын нуруна бөлөнөт. Колхоздо кужурмөндүк менен иштөө керек, мына ошондо гана Коммунисттер партиясынын тапшырганын орундап, анын ишине берилгендикти билгизет. Колхоздо нйгиликке жетишүү — партия менен өкмөттүн тапшырганын орундагандык. Акындын асыл оюу ушундай.

«Пахтачыларга» деген ыр — агитациялык мүнөздөгү ыр. Акын бул ырында да пахтачыларга кайрылып, мелдешти күчөтүүгө, чанакка бир тал пахта калтырбастан терүүгө, планды толтуруу үчүн жапырт туруп иштөөгө чакырган.

Барпынын аялдар азаттыгы жөнүндөгү ырлары да белгилүү орунду ээлейт, анын «Кыздар ай» деген ыры ушуга мисал болот.

Коммунисттер партиясынын жана Совет өкмөтүнүн камкордугу астында кыздардын билим алышына, эркектер менен бирдей тең укукта жашашына шарт түзүлдү. Ал эми өткөн заманда кыргыздын кыздары аябай эзилген болчу. Алар билим алышмак тургай, өз баштарына өздөрү ээ эмес эле. Барпы жаңы доордун артыкчылыгын баяндап өтүү менен бирге, эски заманды да эске сала кетет. Эски менен жаңы кыздарды мындай сүрөттөйт.

Жаркырадың жаңырып,
Чыккан айдай, кыздар ай.
Эски чактын кыздары
Өткөн кандай, кыздар ай?
Пулга саткан ата-эне
Баалап малдай, кыздар ай.
Биз ырыстуу жаралдык
Аткан таңдай, кыздар ай.



Эски убакта кыргыз кыздары мал катары калыңга сатылып, теңдикке жетпей зарланышкан эле. Ал эми советтик доордогу кыздар — ырыс менен бакыт жолунда эркин өсүп жаткан кыздар. Азыркы кыздар — билим алуу менен бирге, коомдук ишке активдүү катышууга даяр турган, коммунизмди курууга талпынган талаптуу жаштар. Алар социалисттик гүлдөгөн доордун жаңы адамдары.

Ошентип, эркин өскөн кыргыз кыздарынын образы жүрөктү толкуткан даражада жылуу сөз аркылуу берилген. Алардын эркин өмүр сүрүшү, тарбия алышы, бакыт-таалайга жетиши — баары Коммунисттер партиясынын туура жетекчилигине гана тыгыз байланыштуу. Ошондуктан кыздардын келечеги кең.

Барпы — кыргыз элинин оозеки адабиятынын созүн традициясынан үлгү алган жана андан дурус пайдаланган акын. Ошону үчүн анын чыгармачылыгында дидактикалык чыгармалар, айрыкча, насыят ырлар көп кездешет. Анын «Эр жигитке сын», «Балдарга насыят», «Жигиттик», «Ынтымак» жана башка ырлары — кыргыздын оозеки элдик ырларынын түздөн-түз тийген таасири астында түзүлгөн ырлар.

Насыят ырларында адамгерчилик жогору бааланып, мына ошол жакшы жолдон — адамгерчиликтен чыкпагыла деген акыл-насаат берилет. Ошондуктан, бул өңдүү насыяттарда адамгерчиликке таандык эчен түрдүү жакшы сапаттар жолугат. Насыяттын негизги идеясы — эл камын ойлогон, элди жоодон коргогон баатырларды, ар ишке шайдоот, чыдамкай жана туруктуу жаштарды тарбиялоо болуп эсептелет. Барпы Алыкулов жогоруда саналып өткөн ырларында ушул маселени алдына койгон. Акын революциядан кийин түзгөн насияттарында жаштарды акыл-эстүү болуп өсүүгө, партиянын жана анын жол башчылары Ленин менен Сталиндин ишине жан-дили менен берилген адамдардан болууга, коммунизмди курууда дайым даяр турууга, эл үчүн талыкпай иштеп, кужурмөндүк менен кызмат кылууга, улуу Родинаны жат душмандардан коргоодо жарамдуу баатыр кайраткерлерден болууга тарбиялоо максатын көздөгөн. Барпы ал чыныгы оюн күчтүү сезим менен сүйкүмдүү бере алган.

Барпы, кыргыздын башка акындары сыяктуу эле, зор жеңишке жетишип, күндөн-күнгө өсүп-өркүндөгөн советтик эл, күн сайын аймагы жаңырып, гүлдүү

Областтык китепканасы
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 46290

Жалал-Абадская областная библиотека

түргө айланган кең Мекен жөнүндөгү темага бир топ ырларды арнаган. Ал ырларында акын айланада тез-дик менен өнүгүп жаткан кубулуштарга сыймыктан-гандыгын билдирүүнү алдына койгон. Элге, Мекенге арнаган чыгармаларынан «Биздин күч», «Суусамыр», «Колхоздо», «Биздин заман». «Кыргыз эли», «Бизде» деген ырларды алып карай турган болсок, акындын көз карашы, айланадагы чөйрөгө карата анын мами-лесин ачык билебиз. Акын ырларында жетишилген ийгиликти даңазалап ырдайт. Мисалга, «Кыргыз эли» деген ырды алып көрөлү. Ырды окуганда, ал эки бө-лүктөн турганын ажыратуу кыйын эмес. Акын ырдын биринчи бөлүгүндө кыргыз элинин сонун традиция-сын, сыпайы наркы менен үрп-адатын, бейпилдигин жана ынтымактуулугун, ошондой эле кыргыз жери-нин ар нерсеге байлыгын жана көркөмдүгүн баян-дап өтөт.

Ынтымагы бар жерде
Калкы сонун кыргыздын.
Конок келсе сыйлаган
Наркы сонун кыргыздын —

дейт акын. Ал эми ырдын экинчи бөлүгүндө Коммунисттер партиясынын жана анын уюштуруучусу Ле-ниндин, ал сызган жолду уланткан И. В. Сталиндин жетекчилиги астында Кыргызстанда эбегейсиз зор өсүштөр болгонун, кыргыз эли кыйла жеңиштерге жетишкенин, мурун ээн жаткан жерлерге завод-фаб-рикалар салынганын, жаштар билимге сугарылып, өнөр күн сайын өркүндөгөнүн бийик доош менен жар салып ырдайт. Акын кыргыз элинин өскөндүгүн бал-дары билимге канып, өнөр үйрөнүп, техникага ээ болгонун — жетишкендик деп туура баалайт.

Аэроплан учкучту
Балдарың минип ойноду.
. . . . . . . . .
Алышам деген душмандар
Аңтарылып сойлоду.

Акын бул ырында жалаң гана кыргыз элинин же-ңиши эмес, партиябыз тарбиялаган жаңы адамдар-дын — жаштардын бардык ишке жарамдуулугун да көрсөткөн. Акындын геройлору — жаштар ыйык Ме-кенге кол салууга диттенген жат душмандарга дароо сокку урууга даяр. Алар өз элинин жыргалчылыгы үчүн күрөшкөн шайдоот жаштар. Кыргыз эли мына ушундай илим-билимге сугарылган, Коммунисттер партиясы тарбиялаган гана Родинага жан-дили менен берилген жаңы адамдары менен гана сыймыктанат, анткени — кайда болсо да бардык өндүрүштө шыма-ланып иштегендер, табиятты багындырып кайрадан куруп жаткандар мына ошолор. Акын бул ырында кыргыздын жаштары өлкөнүн башка боордош элде-ри менен биргеликте Улуу Ата Мекендик согушка катышканын, душманды бүт талкалап, жеңишке же-тишкенин да толкундануу менен айткан. Демек, Бар-пы «Кыргыз эли» деген ырында Кыргызстандын жер байлыгынан, жеринин көркөмдүүлүгүнөн тартып кыр-гыз элинин маданият жана техника жактан бир кый-ла өскөндүгүн, Родинага басып кирген душмандарды жок кылууда да ийгиликтерге ээ болгондугун көркөм түрдө бере алган.

## V

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Барпы Алыкулов да кыргыздын башка акындарындай эле, кайраттуу туруп, душманга катуу сокку уруу жө-нүндөгү демилгени көтөрдү. Кары акын бул мезгилде идея жагынан жогору турган бир топ баалуу чыгар-маларды түзүп, аларда советтик элдин биримдик кү-чүн, патриоттук демилгесин көрсөтүп, эл тилегин айкын баяндоого киришти. Барпы өзүнүн курч ырла-ры аркылуу агитатор катарында алдыда жүрүп, өл-көнүн койгон талабын орундоо, душманга жапырт туруп, аларды биротоло талкалоо жөнүндөгү маселе-ни элге түшүндүрүүнү көздөдү. Акын, көзү көрбөсө да, эл массасынын арасында болуп, дайыма жеңиш-түү күндү белгилеп ырдады. Коммунисттер партиясы-нын жетекчилиги аркасында советтик эл жеңишке ээ боloруна ишенди. Ошондуктан, согуштун алгачкы күнүнөн тартып эле колхозчуларга өзү чыгарган ыр-ларды ырдап, аларды кайраттуу жана бирдиктүү ту-рууга чакырды. Акын аскерге жөнөп жаткандарга жолугуу үчүн кээде станцияга, жөнөтүү пункттарына барып, аларга акыл-насаатын айтып, тезинен жоону жеңип келгиле деген тилегин билгизип, өткүр тилдүү ыры менен жоокерлерди кайратка бөлөдү. «Узатуу» деген ырында акын мындай дейт:

Жалал-Абадская областная библиотека

Кайраты бар жигиттер
Аскерге жөнөйт ок болуп.
Көпчүлүк элдин ичинде
Тура албадым токтолуп.
Көргүм келди балдардын
Аскерге жөнөп кеткенин.
Ошол күнү кышында
Стансага жеткенин.

Барпы, аскерге алынып, жоого каршы аттанга[н] дарга жолугууга ашыгып, алардын эл милдетин а[т]каруууга баратканын түшүндүрөт. Алар душман[ды] талкалап, жеңиш менен келишсе, эл милдетин атк[а]рып, эне сүтүн актаган болот. Мына ошол себепт[ү] жоокерлер Родина алдында милдеттүү. Акын А[та] Мекендик согуш мезгилинде ушул милдетти аткару[у] үчүн кыргыз элин бирдик күчтү чыңдоого, Комм[у]нисттер партиясынын тегерегине топтолууга чакырд[ы]. Ушуга байланыштуу советтик элдин патриоттук д[е]милгесин, ынтымактуу жана бирдиктүү сезимин бе[л]гилеген, ошондой эле жоокерлердин жеңишин жан[а] баатырдыгын көркөмдүктө сүрөттөп көрсөткөн жогор[у]ку идеялуу, көркөм ырларды түздү. Анын «Жер ү[с]түндө күйгөн от», «Биз душманды жеңип алабыз[»], «Эр Жолон», «Төрайым менен Шекербек» аттуу мы[сал]на ушуга мисал болот.

Акындын «Жер үстүндө күйгөн от» деген ыры — советтик элдин биримдик күчүн, баатырдык иш[ин] элестүү түрдө сүрөттөгөн эң көркөм ыр. Бул ырда Коммунисттер партиясынын ишине жан-дили мене[н] берилген, анын кайраттуу жетекчилигине сыймык[ка] танып, аны чексиз сүйгөн бир тилектеш баатыр эл[ди] көрөбүз. Акын гитлердик армиянын согушун барды[к] байлыкка, адамзаттын колунан жасалган барды[к] асыл нерсеге зыян келтирген, элди бүлгүнчүлүкк[ө] учураткан тилсиз жоо өрткө салыштырат.

Жер үстүндө күйгөн от,
Отту өчүргөн биздин ок.
От тутанткан душмандан
Коркуп койбойт биздин топ.

Душман каардаnып качырып кирип келсе да, биз[]дин эл бирдиктүү туруп, аларга катуу сокку урду. Алар өзү катылып, өздөрү жинденип согуш баштады эле, душмандын эсинен кеткис кылып жооп кайтар[]



[ды]. Бул ийгиликке Коммунисттер партиясынын акылмандык менен жүргүзгөн жетекчилиги аркасында гана жетиштик дейт акын.

Барпы бул ырында да советтик өлкөдөгү түрдүү улуттардын бир тилектеш экенин, алардын бекем достугун, моралдык жагынан жогору тургандыгын мындайча белгилейт:

Коммунисттик партия —
Кубатыбыз, демибиз,
Ага менен инидей,
Бир тилектеш элибиз.

Ошентип, Советтер Союзундагы бардык эл бир үй-бүлөдө жашаган ага менен инидей бир тууган бoордоштор экендиги күчтүү сезим менен эң жылуу сөздөр аркылуу берилет. Акындын чыгармасынын негизги идеясы мына ушунда. Көп улуттардын бекем достугу, темирдей чың бирдиги душманды жеңүүнү тездетти деп баалайт.

Биздин элдин достугу
Ширеген курч темирдей.
Тик багып келген душмандар
Калганы жок жеңилбей.

Совет бийлиги улуттардын достугу аркылуу гана өсүп чыңалды. Советтер Союзундагы улуттардын эркиндиги, алардын достугунун курч темирдей бектиги Коммунисттер партиясынын улут саясатынын негизинде өнүктү. Ошону үчүн ар дайым жеңишке ээ болуп келди. Акын «Жер үстүндө күйгөн от» деген ырында мына ушул өзгөрүштөрдү да көрсөтүп ырдаган.

Ошентип, Барпы Алыкулов «Жер үстүндө күйгөн от», «Тилектеш комсомолдор» деген ырларында Родинаны жат душмандан, сырткы басып кирүүчүлөрдөн сактаган советтик жоокерлердин даңктуу жеңишин, көп улуттуу советтик элдин бирдиктүү күчүн көрсөткөн сонун образдарын түзөт. Ал Ата Мекендик согуш мезгилинде партия менен өкмөтүбүздүн таккан тапшырмасын аткаруу үчүн элдин күчүн уюштурууга ыктанган пропагандист катарында алдыда жүрө билди. Ушуга байланыштуу Ата Мекендик согуш мезгилинде советтик элдин тилегин билгизген идея жана көркөмдүк жактан жогору баалуу чыгармалар-

Жалал-Абадская областная библиотека

ды түзүп, ал ырларды көп улуттуу советтик элдин жеңишине арнады.

Барпы — жаштарды патриотизмге тарбиялоо жөнүндөгү пикирин өз чыгармаларында айкын көрсөтүүгө умтулган акындын бири. Ошондуктан, кайсы гана чыгармасын албайлы, ал бул маселени ырларында айта кетет. Акын жаштарга көбүрөөк кайрылып, аларга өзүнүн кеңешин берет, туура жүрүүгө чыдамдуу болууга үндөйт. Бул аркылуу Родинаны сүйүү, анын дагы өркүндөп гүлдөшү үчүн талыкпай иштөө керек, Родинаны коргоого даяр туруу негизги милдеттин бири деп, жаштарды ушундай жакшы сапатта тарбиялоону көздөйт. Жаштарды патриотизмге тарбиялоо партиянын жана анын жол башчыларынын Ленин менен Сталиндин улуу идеяларына, алардын зор иштерине тыгыз байланыштуу. Ошондуктан, Родинанын гүлдөшү, элдин жыргалчылыгы улуу жол башчылардын образдары аркылуу алардын туура жетекчилиги менен байланыштырып берилет. Барпы өзү да — элди, мекенди сүйгөн, партиянын туура жолуна, Ленин менен Сталиндин ишине берилген патриот акын. Анын бул сонун сапаты жаштарды патриотизмге тарбиялоо жөнүндөгү ырларынан ачык көрүнөт.

Барпы Алыкулов түрдүү темадагы майда ырларды түзүү менен бирге, ири көлөмдүү эпикалык поэмаларды да чыгарган акындардан болуп эсептелет. Барпы поэманы түзүш үчүн анын материалын чыныгы турмуштан алат да, ошонун негизинде окуяны кеңири сүрөттөөгө көңүл бурат, акындын «Мен көргөн күндөр», «Эрк кедейлерде», «Токтогул жөнүндө ыр» деген жана башка поэмаларын ушундай мотивде түзүлгөн чыгармалар катары белгилеп кетүүгө туура келет. Акын элдик легенданын негизинде романтикалык поэмаларды да түзгөн, анын «Ак Саткын менен Мырза уул» деген чыгармасы ушуга мисал болот.

Барпынын «Токтогул жөнүндө ыр» поэмасы — улуу акын Токтогулга арналган ири көлөмдөгү чыгармалардын бири. Барпы бул поэмасын улуу акын Токтогулдун туулган күнүнө 75 жыл толгонуна карата чыгарган. Поэма төрт бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө акын эл ырчыларынын өткөн заманда кор болгонун, бай-манап, бий-болуштардын эл арасынан чыккан таланттуу адамдарды кордукта кармаганын баяндап өтөт. Ал аркылуу бийлик өз колунда турган



төбөлдөр эл ырчыларынын эркин ырдашына тыюу салганын, аларга чек коюу менен коркутканын акын мындайча ырдайт:

Кузгундар: «жакшы ырда!» — деп жонго чапкан,
Бай болгон — акындарга темир капкан.
Ырдасаң терс, «тилиңди кесем» — деген,
«Ук, кедей, түп-түбүңө жетем» — деген.

Ошентип, «эл ырчыларынын күн көрүүсү кыйын болгон» эле. Барпы да ушундай оор күндөрдү өз башынан өткөрүп, эл ырчылары оор турмуштун запкысында жанчылып жаткандыктарын өз көзү менен көргөн.

Бизге окшоп акындардан өткөн нечен,
Колуна орок кармап, чапкан кетмен —

дейт акын. Чындыгында, өткөн заманда эл ырчыларына эч кандай шарт түзүлгөн эмес болчу. Ошон үчүн Барпыга окшогон талантуу адамдар малына мактанып, дүнүйөсүнө чиренген байларга жалчы жүрүп, эптеп күн көрүүгө, үй-бүлөнү багууга туура келген.

Коммунисттер партиясы гана ошол азаптуу күндөн, байлардын «темир капканынан» бошотуп, эркиндикти мурунтан эңсеп келген Токтогул сыяктуу эл акындарын азаттыкка алып чыкты. Барпы ушул көрүнүш, ушул өбөлгө жөнүндөгү өзүнүн кубанычын сүйкүмдүү сөз, күчтүү сезим менен билдирип, Коммунисттер партиясынын камкордугу аркасында гана акындар жыргал күнгө туш болуп, өз чыгармаларын эркин түзүүгө мүмкүндүк алды деп ырдайт.

Поэманын экинчи бөлүгүндө улуу акын Токтогулдун асыл боюнда болгон жакшы сапат, андагы мыкты өзгөчөлүк — элдин турмушун өз чыгармаларында кеңири сүрөттөгөнү жөнүндө баяндалат.

Эл жыргалга чыгышын
Элүү жыл мурун ырдаган.
Эшиткен дыйкан балдары
Кубанышып тыңдаган,—

деп, ушул ыры аркылуу Токтогулдун мурунтан эле эл мүдөөсүн көздөп келген анык эл акыны экендигин, калың букара калктын сезимин ойготууга анын чыгармаларынын зор роль ойногонун көрсөтүү менен

Жалал-Абадская областная библиотека

бирге, «элүү жыл мурун эле элдин жыргалга чыгышын самап ырдаган» алдыңкы катардагы адамдардан экенин реалисттик менен белгилеп ырдаган.

Ак калпактуу кыргыздын
Акыны болгон Токтогул
Жалгыз аттуу кедейдин
Жакыны болгон Токтогул —

деп, кыргыз элинин демократ акыны Токтогулга ушундай жогорку бааны берет. Токтогулдун образынын сүйкүмдүү көрүнүшү анын эмгекчи массалар менен болгон адамгерчиликтүү мамилесине байланыштуу.

Бул поэмада Токтогулдун акындык сыймыгы элден ажырагыс түрдө эмес, эл менен тыгыз байланышкан түрдө ачык белгиленип чыга келет. Токтогул — башынан эле бай-манаптарга, бий-болуштарга каршы адам, ал — жалгыз аттуу жардылар менен жалданып иштеген жалчылардын гана жакыны. Көпчүлүк эл массасы мына ушул жакшы сапаты үчүн улуу акынды урматтап, аны өтө кадырлап сүйөт.

Токтогул — жаш күнүнөн эле үстөмдүк жүргүзүүчү таптын өкүлдөрүнө каршы ырдап, алардын айыбын бетине сала ашкерелеген акындардын бири. Барпы улуу акынга таандык ушул жакшы сапатты поэмада күчтүү берген десек болот, аны биз төмөнкү айрым деталдардан ачык көрөбүз. Барпы элдик демократ акындын сүйкүмдүү образын түзүш үчүн антитезаны өз орду менен колдонуп, Токтогулду идеалдык герой көз карашында алат да, улуу акындын коомдук чөйрөдө жүргүзгөн аракети, адамдар менен болгон үлгүлүү мамилеси аркылуу карамакаршы таптын — эзүүчүлөр табы менен эзилгендер табынын жигин ачык көрсөтүүгө жетишкен.

Манаптарга алданып,
Жүрбөйт элең, Токтогул.

. . . . . . . . . . . .

Жардыны көрсөң, чечилип
Сүйлөйт элең, Токтогул.

Барпы бул жерде Токтогулдун образын дагы ачып, ага карата элдин сүйүү сезимин дагы арттырып ол-



турат. Ал, элдин сүйгөн акыны Токтогул жөнүндө толкунданып ырдап, анын сонун образын түзүүгө ырышат. Ошондуктан, Токтогулдун көп кырдуу оң мүнөздөрүн, жакшы сапаттарын талантынын күчтүүгүн, комузду чертүүдөгү чебердигин, анан телегейи тегиз келген шайыр адам экендигин элестүү сүрөттөө аркылуу аны ар бир окуучуга, ар бир угуучуга толук жеткирүүнү көздөйт. Ушунун негизинде поэма көркөмдүк жана идея жагынан ийгиликке жетишип, акындын алдына койгон максаты дурус чечилген. «Токтогул жөнүндө ыр» деген поэма ушул өзгөчөлүктөрү аркылуу акындын чыгармачылыгында белгилүү орунду ээлөөгө тийиш.

Барпы өзүнүн ырларын импровизатордук жол менен түзгөн акын болгондуктан, чыгармачылык чеберчилигин өстүрүүдө ал бирден-бир булак катары оозеки эл поэзиясына кайрылган болчу. Ошон үчүн Октябрь революциясына чейинки ырлары жалаң гана 7—8 муун ырлардан түзүлгөн эле. Анын бул мезгилдеги ырларында оозеки эл поэзиясына мүнөздүү үлгү менен насыяттар «Менен», «Деген», «Турбайбы», «Болот», «Жакшы экен» жана башка ушу сыяктуу терме ырлары басымдуу орунду ээлейт. Ошону менен катар оозеки эл поэзиясынын кеңири тараган түрлөрүнүн бири — айтыш ырлары да арбын кездешет.

Совет бийлиги орногон күндөн тартып Барпы советтик акын, жазуучулардын чыгармаларына көңүл буруп, алардын үлгүлөрүнөн үйрөнүүнү көздөп, жазуучулар, мугалимдер жана башка адамдар менен үзгүлтүксүз байланыш жасап, күн сайын канат жайган жаңылыктарды билүүгө, аларды өздөштүрүүгө ынтыкты. Көз алдыда өркүндөп жаткан советтик чындык анын ырларынын булагы болуп, тематикасын байытты жана чыгармачылык ишке аны шыктандырды. Акындын «Колхоздо», «Пахтачылар», «Пахта терими», «Тилектеш комсомолдор», «Кыргыз эли» жана башка ырлары совет калкынын жетишкен жеңишин баяндаган ырлардан болуп эсептелет. Бул ырлар тематика жагынан гана окшош келбестен, ыр түзүлүшү жана окуя менен кубулушту сүрөттөө жагынан да жазуучу акындардын ырларына өтө жакын турат. Кийинки мезгилдерде 7—8 муундуу ырларды гана эмес, 11 муундуу жана сынган муундуу ырларды түзгөндүгү жазма адабияттын таасири астында келип чыккан натыйжа катары баалануусга тийиш. Окуучу-

Жалал-Абадская областная библиотека

ларга түшүнүктүү болсун үчүн акындын кайсы би... ырларынын түзүлүшүнө, уйкашына жана кубулуш... тарды сүрөттөө ыкмаларына кайрылып көрөлү.

Барпынын «Айжаркын» деген ыры окуяны сүрө... төө жагынан да, ыр түзүлүшү жагынан да жазм... адабияттын үлгүсүн көз алдыга элестетет. Бул чыгар... ма бар болгону үч куплет ырдан турат, бирок өз... сюжеттүү келип, окуяны ачык жана так сүрөттө... көрсөтөт. Ушул үч куплеттен Айжаркын деген кы... дын өңү-түсүн, портретин, колхоздо ким болуп иш... терин, ал кызга акын кандай шартта жолуккандыгы... даана билебиз, кыздын кыймыл-аракети элестүү бе... рилгенин байкайбыз.

Учкан куш канатындай кыйгач кашы,
Тизилген дал ортодо кундуз чачы.
Бараткан жанындагы алты койчу
Айтышты: «Айжаркын»,— деп кыздын аты.

Мингени тулпар сындуу тору жорго,
Бастырат мал четинде, камчы колдо.
Таң калдым жүзүнө эмес эмгегине,
Өтүптүр быйыл жазда комсомолго.

Ошентип, эл акыны Барпы кыздын сулуулугуна... эмес, жигиттей шайдоот жүргөн жүрүшүнө, эл үчүн... сиңирген эмгегине таң калат да, окуучуларды таң... калтыра турган күчтүү ырды түзө алган. Ал мындай... жогорку көркөмдүктөгү ырды түзүүгө эл поэзиясы... менен жазма адабиятты айкаштыруу аркылуу гана... жетишкен деп баа берүүгө болот.

Акындын кайсы бир 7—8 муундан турган ырлары... да кубулуштарды сүрөттөө жагынан жазуучу акын... дардын ырларына окшош келет. «Жаштардын мак... саты» деген ырдан мисал алып көрөлү:

Тырылдатып жүргүзүп,
Тракторчу болсокпу?
Социалисттик талааны
Бут аңтарып койсокпу?
Техниканын бир түрү —
Комбайнчы болсокпу?
Колхоздун бышкан буудайын,
Ала койбой орсокпу?

Келтирилген бул мисалдан кубулушту сүрөттөө, турмушка ой жүгүртүү сезими өнүккөн даражада,



ачык идеяда берилгендиги айкын болуп турат. Ошону менен катар, ушул эле ыр жолдорунда тракторчу, социалисттик, техника, комбайнчы, колхоз деген өңдүү неологизмдер кездешет.

Учуп жетип уюмга,
Биз да барып конобуз.
Папаниндей атыгып,
Баатырлардан болобуз.

Ана бийик, ана кыр,
Тоодо ойнойбуз таңда биз.
Чапаевдей качырып,
Жоодо ойнойбуз таңда биз —

деген куплеттерди окуганда, кат таанybaган сабатсыз адамды эмес, Папанин, Чапаев өңдүү элдик баатырлардын үлгүлүү иштери менен тааныш, жаштарды алардан таалим алууга чакырган, алдыңкы катардагы акынды көз алдыга элестетебиз.

Жазма адабияттын таасири астында өзүнүн чеберчилигин өстүрүү менен бирге, кайсы бир ырларын түзүүдө акындын жаңы түр издегендиги сезилет. Анын «Куттуу болсун улуу Октябрь майрамы», «Өткөн күнүм», «Биздин заман» жана башка ырлары ушуга мисал болот.

Жаңы турмуш,
Жаңы түргө
Өтүп жатат биздин заман.
Барган сайын,
Күчкө толуп,
Эскиликти
Ичтен жоюп,
Партиядай
Ураан коюп,
Алга карай
Көчүп жатат биздин заман —

деген ыр жолдору такшалган жазуучу акындардын курч календен жаралган ырларды көз алдыга элестетет. Бул болсо, Барпынын талантынын күчтүүлүгүн, айланада болуп жаткан кубулуштарды тез өздөштүргөндүгүн, жаңы мазмунга жаңы форма издегендигин далилдейт.

Акындын ырларынын уйкашына келе турган бол-

Жалал-Абадская областная библиотека

сок, анын чыгармаларына таандык айрым өзгөчөлүктөрдү учуратабыз. Кыргыздын оозеки эл поэзиясына жана жазуучу акындардын ырларына мүнөздүү көп колдонулган аксак уйкаш Барпынын ырларында жокко эсе. Кыргыздын оозеки сүйүү ырлары бүт дээрлик ушул аксак уйкаш аркылуу түзүлсө, Барпынын «Карай көз», «Актартип», «Арзыкан», «Гүл кыздар» өңдүү сүйүү ырлары бүт дээрлик эгиз уйкаш же эркин уйкаш аркылуу түзүлгөнүн көрөбүз.

Бириң — тоонун кайыбы,
Бириң — кыздар айымы.
Бириң — кыздын нурлуусу,
Бириң — кыздын сулуусу.
Бириң — чынар, бириң — бак,
Бириң — булбул, бириң — шак.
Бириң — набат, бириң — кант,
Экөөңдөн күйдүм дак.

Бул келтирилген ыр жолдору бүт бойдон эгиз уйкаштан турат, башкача айтканда, биринчи менен экинчи, үчүнчү менен төртүнчү жана ушул сыяктуу эле кийинки ыр жолдору эки-экиден болуп өз ара уйкашып турат. Бул өңдүү өзгөчөлүк Барпынын чыгармаларына гана таандык десек болот, себеби — анын ырларынын көпчүлүгү ушундай ыкмада, эгиз уйкаш боюнча түзүлгөн.

Барпынын чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүк — Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад областтарындагы эл ырчыларына мүнөздүү ыкмаларды, сөз колоритин бүт колдонуу менен бирге, ал кубулуштарды сүрөттөөдө төкмөлөп айтууга көбүрөөк көңүл бурат. Ошон үчүн анын ырларында редиф, рефрен көп кездешип, кайсы бир ырлары монорим формасында түзүлгөн. Анын «Күнүм», «Бизде» жана башка ушул сыяктуу ырлары жогоркуга мисал болот.

Кымбаттуу баатыр жүрөк эрлер бизде,
Алтын, күмүш кендер чыккан жерлер бизде.
Партия колго берген ураан бизде,
Кемдиги жок, баары толук курал бизде.
Эл коргоого бүт калбай келиш бизде,
Ким тийишсе, акыр түбү жеңиш бизде.

«Бизде» деген сөз ар бир ыр жолдорунун аягына келип, моноримди белгилеп турган менен, анын алдындагы «эрлер», «жерлер», «ураан», «курал», «келиш», «жеңиш» деген сөздөр эки-экиден өз ара уйкашуу аркылуу эгиз уйкашты түзгөн. Бул өңдүү уйкаштар, ошондой эле архаизмди, диалекти, жаргондорду туюндурган орозгер, гаш, поп, калдай, чаркар, дар, кар, банди жана башка ушул сыяктуу сөздөр акындын айрым чыгармаларында кездешет. Бирок кичинекей макалада алардын баарына талдоо жүргүзүүгө мүмкүн эмес, анын чыгармаларынын өзгөчөлүгүн белгилеш үчүн монографиялык илимий эмгек талап кылынат. Эл акыны Барпынын чыгармаларын изилдөө жумушу — адабиятчылардын келечектеги милдеттеринин бири. Акындын тандалган ырларынын жыйнагын басып чыгарып жаткандыктан, анын өмүр баяны, чыгармачылык иши, ырларынын идеялык багыты, тематикасы, чыгармаларынын өзгөчөлүгү жөнүндө окуучуларды тааныштырууга туура келди.

Бул жыйнакка акындын чыгармалары бүт киргизилген жок жана бул макалада да Барпынын айрым ырлары жөнүндө гана сөз болду. Ошондой болсо да, жыйнактагы материалдар акындын чыгармачылыгынын ар түрдүүлүгү жана чыгармаларынын баалуу салмагы менен негизинен окуучуларды тааныштырат го деп ойлойбуз.

Барпы Алыкуловдун ушул жыйнагын жарыкка чыгаруу үчүн түзүүчүлөр Байзаков Түмөнбай жана Эгембердиев Жумакадырдын сиңирген эмгектерин белгилеп кетүү керек.

*Мухтар Борбугулов*

## ЗАЛКАР АКЫН БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

Өткөн кылымдын бир улуу жазуучусу адамды жашоосуна карай экиге бөлүп, кээ бирөөлөр тирүүсүндө эле өлүп калат да, кээ бирөө өлгөндөн кийин жашайт деген ойду айткан.

Бул жөнөкөй гана айтылган ой, ошону менен бирге терең чындык. Арийне, жөнөкөй айтылган сөздүн баары чындык болбосо да, чындык дайыма жөнөкөй болору ырас. Анткени калп өзүнүн тегин, изин жашырыш үчүн кызыл-тазыл, ойт берме, буттама сөздөргө чүмкөнсө, чындык деген жарыктык наристе баладай жылаңач бойдон көрүнөт тура. Так ошол

Жалал-Абадская областная библиотека

жупуну жана карапайым болгондугу себептүү аны байкаш жана ажыратыш кээде кыйын нерсе. Ошондуктан М. Горький да: «жөнөкөй ойду түшүнүү баарыдан кыйын жана баарыдан жаман»[1],— деп белгилеген.

Ырас, өлгөндөн кийин тирүүлөрдүн катарында өмүр сүрүүнүн энчиси тийген адамдар көп эмес.

Мына ушундай өлбөстүн энчисин алган элибиздин каны-жанына сиңген адамдардын бири залкар акын Барпы.

Барпынын ким экендигин жалпыга түшүнүктүү сөз менен айтканда ал эки доордун — өткөн эзүү, зордук өкүм сүргөн жана Октябрь таңы аткандан кийинки эркиндик мезгилинин акыны. Бул стандарт сөздөн араак көз жүгүртүп карап көрсөк, биз күрөштүн көп түрдүү жана кыйын, азаптуу жана баатырдык жолун басып өткөн гражданин жана көркөм сөздүн укмуштуу устасынын элесин көрөбүз. Барпы кыргыз адабиятынын тарыхында элибиздин эң ардактуу жана кадырлуу акындары — улуу акын Токтогул, Тоголок Молдо менен катар турууга татыктуу.

Мында кымындай да апыртуу жок экендигине ишенүү үчүн акындын чыгармалары, өмүр жолу менен таанышуу жетишет. Чыныгы талант мактоону талап кылбайт жана сыноодон коркпойт. Ал качан болсо да кыйынчылыктарды, каршылыктарды жеңип, элдин жүрөгүнө жетүүгө жол табат.

Барпынын ырлары эл ичине жүргөн желдей тарап, анын аты пахтачылар менен малчылар арасында, шаар тегереги менен элетте бирдей белгилүү. Барпы Октябрь революциясына чейин бадачы, койчу болуп, пахта, шалы эгип, чөп чапкан, колунан чору кетпеген эмгекчилердин арасында жүрүп, ошолордун ичинде аты сүйгүнчүктүү болсо, Октябрь революциясынан кийин ал эл менен байланышын ого бетер бекемдеди. Барпы элдик ырчы болгон деп жөнөкөй эле айтуу аздык кылат. Анын атасы, энеси, агалары, өзү кадимки чор таман кедейлерден болгон. Ал өлөр-өлгүчө элдин арасынан чыккан жок жана кайда болсо, качан болсо ырдоодон баш тарткан да, чарчаган да эмес. Ал пахтачылардын, малчылардын арасында, кызматтан эс алып олтурганда, канал казгандардын арасында, вокзалда фронтко кетип жаткан жигиттердин алдында, ар кандай жыйындарда ырдаган. Кыс-

---

[1] М. Горький. О литературе.— М.: 1953, с. 593.



кысы, эл кайсы жерде болсо, ошол жерде болгон, эл менен мүдөөлөш жашаган. Ошондуктан ал өзү «илимден кемчил болуп өссө да», элдин абалын, максатын, сырын билген. Ошондуктан анын ыры элге жеткен.

Барпынын ырлары азыр жалаң кыргыз адабиятынын гана эмес, бүткүл совет адабиятынын фондусуна кирди. Анын аты орус, украин жана башка бир тууган республикалардын элдерине да белгилүү. Өткөн жылы кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн[1] он күндүгүнүн учурунда СССР жазуучулар Союзунда кыргыз поэзиясын талкуулаган кезде орус жолдоштор Барпынын чыгармаларын жогору баалап, аны кыргыздын Некрасову, Беранжеси деп аташты; акындын чыгармачылыгына, өмүрүнө байланыштуу ар бир фактыны жыйнагыла, сактагыла, муну менен сыймыктаныш, мактаныш керек деп сүйлөштү.

Барпынын учкул ырлары анын атын дагы жаңы-жаңы жерлерге белгилүү кылмак.

* * *

Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгы XIX кылымдын аяк чениnde башталат. Ал 1884-жылы Сузак районундагы Ачы кыштагында, азыркы акындын наамы коюлган сельсоветте туулуп, ошол жерде чоңойгон. Барпынын ата-теги да, өзү да элдин эң төмөнкү катмарынан чыккан. Ал жашынан ырдай баштап, 15—16да элге белгилүү ырчы болот: көп ырчылар менен беттешип, (алардын арасында Бекназар өңдүү чоң ырчылар да бар) аты чыгат. Бир жагынан элге аты тарап, белгилүү боло баштаса, экинчи жактан ошол кездеги башкаруучулардын көрө албастыгы, куугунтугу күчөйт. «Казыдан келтек жегенде» деген ырында акын өзүнүн көргөн кордуктарынын бири жөнүндө айтат.

Жазуучу таптын өкүлдөрү менен Барпынын ортосундагы карама-каршылыктын себеби ал өз ырларында адилетсиз коомдук түзүлүштү катуу сынга алып, элди эзип жаткандардын бетин ачкандыгында.

«Адамды адам кылып чыгара турган эл менен заман» (Горький). Барпыны Барпы кылып чыгарган да өзүнүн жашаган доору болду. Анын заманы оор жана татаал эле.

---

[1] Сөз 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи он күндүгү жөнүндө баратат.— Ред.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кыргыз эли элүү жылдан ашыгыраак Чыгыштын эң артта калган феодалдык-деспоттук хандыктарынын бири — Кокон бийлиги тарабынан эзилип келген эле. Барпынын учурунда кыргыздар Россиянын составында болсо да, андагы көргөн кордук, зордук али элдин эсинен чыга элек болучу. Хандардын, бектердин кылык-жоруктары, адам чыдагыс иштери акындын «Залим хандар азабы» деген ырында сүрөттөлгөн:

Бутун салып гүндөөгө
Тарамышын кыйдырган.
Адамдын башын кестирип,
Үйүп таштай жыйдырган.

Буларды окуганда өзүнүн атагын калтыруу үчүн адамдын башынан мунара тургузган каардуу Тамерлан, орустун атактуу сүрөтчүсү Верещагин тарткан «Согуштун апогеясы» деген сүрөт эрксизден эсиңе түшөт.

Кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымында Россияга өз ыктыяры менен кошулушу артта калган патриархалдык-деспоттук түзүлүшкө караганда чоң прогрессивдүү көрүнүш болуп, Кыргызстандын экономикасы, маданияты бир топ алга жылган.

Ошентсе да, эксплуатация жоюлган эмес, эмгекчи элдин абалы оор бойдон кала берген. Барпы мына ушул доордо туулуп жана чоңойгон.

Барпынын чыгармачылыгы көп түрдүү. Анын ырларында кедейдин акысын жеген бай менен манапты камчы менен бетке чапкандай каардуусу да, эшен молдо, сопуну шылдыңдап, көрдөн алып көргө салган заардуу какшыгы да, «Орозо жаныбарды» алдап соолап жолго салган устаранын мизиндей курч юмору да, дүйнөнүн жаратылышы да, чыккан күн менен аккан суу, ар кимден ажырабай жандап жүргөн ажал менен гүлдөгөн өмүр жөнүндө, жакшы жигит менен жаман жигит, жакшы аял менен жаман аялдын сыпаты да, элдик акылга сугарылган терме менен санаттар да бар. Ал улуу акын Токтогул башында турган эмгекчи эзилген элдин таламын талашкан демократтык багыттагы акындардын эң көрүнүктүүлөрүнөн болгон.

Бууданы болбой замандын,
Булбулу болбой адамдын.
Ырчымын деп мактанба,
Талыкпасын кызыл тил,



Кардыкпасын коңур үн
Ыр жоргосун чапканда.
Алтынды көрүп алданбай,
Алкымындан кармалбай,
Ырдай билгин жакканга.

Барпы ырларынын биринде ушундай дейт. Бир чети бул анын башка ырчыларга берген наказы — насааты болсо, бир чети өзүнүн ырчылык өмүрүндөгү туткан жолу, программасы болгон. Мына ушул кыска ырынан акындардын коомдогу орду, ошону менен бирге сөз чеберлиги жөнүндөгү көз карашын да көрөбүз.

Барпынын ырчыга койгон биринчи талабы — чындыкты, адилеттикти ырдоо, алтынга, акчага сатылбоо («алтынды көрүп алданбай...», «ырдай билгин жакканга»); өз заманынын алдыңкы адамы болуу («бууданы болбой замандын...»). Ал экинчиден, акындык өнөрдүн касиеттерине токтолуп, «сөздү сөзгө кынай бил, маш зергердей чегелеп, ырчы болсоң төкмө бол, ак жаандай себелеп» — дейт.

Барпы чыныгы акындарда боло турган мына ушул эки касиетти бири-биринен ажырагыс бирдикте карап, аларды бири-биринен бөлбөйт.

Адабиятта (мейли оозеки, мейли жазма) ар кандай идея, ар кандай мазмун көркөм сөз аркылуу гана бериле тургандыгы, канчалык көркөм, чебер, таланттуу айтылса ошончолук сиңимдүү жана жеткиликтүү болору түшүнүктүү. Мына муну талanттуу ырчылар, албетте түшүнгөн. (Кудай сактасын, алар илимий формулировка берген деп жаткан жерибиз жок).

Барпы алгачкы эле кадамынан баштап кыйын турмуш, ошол кезде өкүм сүргөн теңсиздик, адилетсиздик жөнүндө социалдык темадагы ырларды ырдады. Буга анын көргөн күнү, жашаган турмушу, айлана чөйрөдөгү адамдардын оор абалы себеп болду. Анын жаш кездеги ырлары көбүнчө арыз-арман, кайгы-муң:

Өзүм Төөнөс кулуну,
Бактым байдын уюну.
Чекем күнгө какталып,
Залимден күйдүм дак калып.
Жеңи жок чапан кийгеним,
Эсимден чыкпайт өлгүчө
Саратанда күйгөнүм.

Жалал-Абадская областная библиотека

Торпогу кетет сайгактап,
Жыгыламын тайгактап.

Мына, Барпы Назарбай деген байда кызмат кылып жүрөт. Бул жерде биз көп көнүмүш эмес ишке дуушар болобуз. Бул тумсак бай өзүн ырчы деп эсептейт экен. Барпынын ырга шыктуулугун билген неме аны менен айтышат.

Тойгонуңа торондоп,
Сүйлөйсүң мага оронодоп.
Өлүп кетсең мейлиге,
Жүрө бер сокур, чолоңдоп.

Бул сөздөрдөн кийин өзүнө өзү корстон болгон, дүнүйөсүнө чиренген бай жетим баланы кандайча кордоп, аны жумшап жатканы сүрөткө тартылгандай көз алдыңа келе түшөт. Бай эки дилде акча төлөгөн, ошол үчүн Барпыны кандай жумшаса, «таманың тилип кан алса» да, «жонун жара чапса» да, «тонун сыйрып алса» да акысы бар жана ал байдын эчтемеден кайра тартпасы ырас. Баарыдан жаманы — бул жалгыз гана Барпынын тагдыры эмес, сандаган кедей-кембагалдардын тагдыры; алардын эч кимисинин көргөн күнү мындан өйдө эмес. Мына ушулардын бири «жарым чейрек таруууга сатылган» Барпынын өзү менен бирге кой кайтарып, отун алган Назар деген кедей бала. Ал экөө талаада жүрүп, бири-бирине арыз-армандарын айтышат:

Сен күйгөн байдан мен күйгөм,
Экөөбүз жолдош тең күйгөн.

Мына ушул күйгүзгөн турмуш, заар тил, катуу таяк Барпыны ырчы кылды. Муну «жыйындагы биринчи ырында» өзү ачык айтат:

Күйгөнүмдөн ыр кошуп
Аттанып чыктым жыйынга.
Болуштар бизди кемсинтип
Салып жүрөт кыйынга.

Албетте, биз Барпынын турмушу оор болгон үчүн акын болгон экен деп жаткан жерибиз жок. Ошол көкөй кескен оор турмуш анын ырынын темасы жана мазмуну болду. Акын өкүм сүрүп турган адилетсиздикке наразылык билдирип, ага каршы күрөшкө чыккандыгын ачык айтат:



Эсен жүрүп жетилсем,
Ырдаймын билип сонунду,
Тааныймын шондо жолумду.

Биз Барпы алгачкы кадамынан баштап эле социалдык темадагы ырларды ырдап, өзүнүн өнөрүн эзүүчүлөргө каршы багыттагандыгын белгиледик. Андан башка багыттагы, ачык айтканда, бирөөлөрдү мактаган ж. б. ырлары болгон эмеспи деген суроо берилиши мүмкүн. Биздин колубузда акындын андай ырлары жок. Бирок бул маселенин негизин өзгөртпөйт. Ар кандай акын, жазуучунун чыгармачылыгы фокус, убактылуу нерселерине (эгер андайлар бар болсо) карай эмес, чыгармаларынын жалпы духуна, негизги багытына карай бааланышы керек. Барпынын чыгармалары менен таанышкан ар кандай нээти түз киши ал өз доорунун эң алдыңкы күрөшчүлөрүнүн катарында болуп, өзүнүн ыры менен каардуу замандын терс жактарын жеткире ашкерелеген акындардан болгондугуна ишенет.

Барпынын адегендеги ырларында сын канчалык курч болсо да бай менен кедей акындын ортосундагы карама-каршылыктан ары өтө алган эмес. Буга анын атаган «Пада баккандагы ыр», «Назарбай менен айтышы», «Назар менен айтышы» ж. б. мисал боло алат. Бул ырларында акын али жалпы элдин, кедейлердин тагдыры жөнүндө, заман жөнүндө ойлонбойт. Ал көбүнчө өзүнүн ач-жылаңачтыгын, кордук көргөнүн, ата-энесин сагынгандыгын айтып, «көңүлү бузук залимди» (өзүнүн байын), какбаш байбичени тилдөө менен ичиндеги бугун чыгарат; суксуңдаган молдо-кожолорду, адамга боор ачууну билбеген соодагерди сындайт:

«Имам аззам пирим» — деп,
Кымбат саттың малыңды.
Сурабай менин алымды,
Ичиме салдың жалынды.
Тизгинден алып жетелеп,
Келтиресиң ачууну
Көрбөдүм сендей катуууну.

Бул «Сенин сырың, соодагер» деген ырынан.

XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып, Кыргызстанда соода-сатык иштери күчөө менен эксплуататорлордун жаңы типтери — сүткор, кызыл кулактар көбөйө баштады. Барпы соодагер да бай, эшен, мол-

Жалал-Абадская областная библиотека

до сыяктуу эле элди талап жаткандардын бири, та
боорлугу жагынан башкалардан ашып түшкөн жеги
экенин көрөт:

Малайларды күйдүрүп,
Акын жедиң соодагер.

Революцияга чейинки акындардан соодагердин о
разын биз биринчи жолу Барпынын ырынан жолу
турабыз.

Кийинчерээк Барпы айрым гана бай, соодаге
эшен-молдолорду сындабастан, анын ырларынан жа
пы коом, заман жөнүндөгү ой басымдуу орун а
баштайт. Бул анын «Айт-айт десе», «Дүнүйө» ж.
ырларынан ачык көрүнөт.

Айт, айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга бакыт, кедейге
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу
Жакынын, байды калкалайт.
Кедей барса арыз айтып,
Көргүсү келбей чалкалайт.
Теңсиздикти ушундай
Адам качан талкалайт?!

Көрүнүп тургандай, Барпы эми бир байды ж
соодагерди, молдону, же эшенди айыптабастан, ошо
кездеги коомдук түзүлүштү — бири күлсө миңи ы
лаган заманды, адилетсиз тагдырды — «байга бакы
кедейге шорду жазган каламды» ачык айыптап жата

Ошону менен бирге Барпы эми өзүнө кордук кө
сөткөн байдан өч алууну гана максат кылып койбо
тон, ошол коомдук түзүлүштү — теңсиз заманды ада
качан талкалашын ойлойт. Ал ошол эле ырын
аягында ушул ойго дагы бир жолу кайрылып:

Башка түшкөн азаптан
Куткаруучу балбанды айт,—

деп бүтүрөт.



Демек, эми Барпы үчүн негизги маселе — заманды өзгөртүү маселеси.

Октябрь революциясына чейинки демократтык багыттагы акындардын такалганы ушул маселе болучу. Алардын эң алдыңкылары бул заманда жашоого болбой тургандыгын түшүнүүгө жетишсе да, аны кандай жол менен өзгөртүү керек экендигин биле алган эмес. Барпы да «башка түшкөн азаптан куткаруучу балбан» керек экенин түшүнүп, бирок ал «балбан» ким деген жүрөк өйүгөн суроого келип такалган.

Албетте, буга Барпы жана башка кыргыз акындары күнөөлүү эмес. Ал кезде кыргыз коомунун ичинде эл самаган азаттыкка жеткирүүчү күч жок эле. Мындан кыргыз акындарынын чыгармачылыгынын мааниси эч качан төмөндөбөйт.

Эксплуататордук коомдук түзүлүштү, анын адамкерчиликсиздигин, эзүүчү таптын өкүлдөрүн сынга алуунун мааниси чоң болгон жана коомдук түзүлүштүн тирегин бошоңдоткон; элдин көзүнүн ачылышына, таптык сезиминин өсүшүнө түрткү берген. Барпы өзү жашаган коомдук түзүлүштү катуу сынга алуу менен бирге жакшылык заман келерине бекем ишенген. Ал өзүнүн алгачкы ырларынын биринде эле «теңдик бир күн жарк этерин» айткан:

Аргымак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азамат эрди карып деп,
Торго таштап кетпеңер.
Тобурчак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Томаяк эрди карып деп,
Торго таштап кетпеңер.

Адамдарды бири-бирине күйүмдүү болууга, гумандуулукка, тилектештикке үндөгөн бул элдик санат-насыятты айтып келип, аягында өзүнүн мааниси жагынан эң сонун жыйынтык чыгарат:

Аргымак атка жал бүтөр,
Азамат эрге мал бүтөр.
Азаптуу оор күн кетер,
Азаттык бир күн жарк этер.
Тобурчак атка жал бүтөр,
Томаяк эрге мал бүтөр.

Жалал-Абадская областная библиотека

Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик бир күн жарк этер.

Элдик демократтык багыттагы акындардын по
зиясынын негизги касиеттеринин бири — келечекте
үмүт үзбөө, чындыктын, адилеттиктин жеңерине б
кем ишенүү. Эгер феодалдык-реакциялык багыттагы
акындар өткөндү көксөп көз жаштарын төгүп, алд
жакка ишенбөөчүлүк жана коркуу менен карап, пе
симизмге, мистикага чөксө, элдик демократтык жо
догу акындар канчалык оор күндө жашаса да, би
ликтердин куугунтугунда жүрүшсө да, алардын чы
гармалары дайыма келечекке карай үндөп, күрөшк
чакырган.

Токтогулдун, Барпынын, Тоголок Молдонун та
дыры — эл тагдыры, алардын чыгармалары элди
чыгармачылык менен ширелишкен. «Эл чыгармасы
чыгарган сөз чеберлери канчалык кайгылуу, оо
турмушта жашаса да, алардын оор эмгектери эзүүч
тап тарабынан жокко чыгарылган жана үмүтсү
дүккө келтирилген болсо да алардын чыгарма
ларында эч качан үмүтсүздүк күүлөрү болбойт»
Ал эми элдик акындардын чыгармаларынын не
гизги жана бирден-бир булагы эл чыгармачылыгы
болгон.

Барпынын чыгармачылыгындагы демократтык ба
гыт барган сайын тереңдейт. Россиядагы революци
андагы боштондук идеялары, кыргыз коомчулугуна
анын ичинде акындардын чыгармачылыгына да ба
ра-бара күчтүрөөк таасир тийгизе баштайт. Барп
революцияга чейин Кыргызстандын шаарлары, а
дыр-көптүр жумушчу табы өнүккөн (Кызыл-Кыя
Таш-Көмүр ж. б.) райондорго жакын болуп, көбүнч
ошол тегеректе жүргөн.

Бул шарттардын баарысы, албетте, анын көз ка
рашына, түшүнүгүнө таасир кылбай койгон эмес жа
па чыгармачылыгынын терең демократтык, тапты
мазмунда болушун шарттаган. Барпынын чыгарма
чылыгындагы маанилүү учурлардын бири — Токтогу
менен жолугушуусу. Бул болжол менен 1913—191
жылдар чамасында болот. Биз жогорудан көргө
дөй, Барпы буга чейин эле таанылган акын болу
чыгармаларынын социалдык мазмуну аныкталы
калган. Анын ырларынан мазмун, идея жагынан Ток

[1] М. Горький. О литературе.— М.: 1953, с. 698.



тогулдун чыгармалары менен болгон көп үндөштүк-
төрдү жолуктурабыз.

Бул Барпынын чыгармачылыгына Токтогулдун
тийгизген чоң таасирин тангандык эмес. Жолугууга
чейин эле Барпыга Токтогулдун чыгармалары жет-
кен жана анын көркөм, терең мазмундуу ырлары,
акындын күрөшү ал үчүн үлгү болгон. Барпы жолук-
канга чейин да, кийин да Токтогулду өзүнүн устаты
деп эсептеген.

Эки акындын жолугушуусу — акындын устатчы-
лыкты көрсөтүүнүн, устат менен шакирттин достук,
чыгармачылык мамилесинин эң сонун көрүнүшү.
Бул — жөнөкөй эле эки акындын айтышы болгон
эмес; прогрессивдүү көз караштагы эки көркөм сөз
чеберлеринин саясий, көркөмдүк эстетикалык көз ка-
раштарын баяндаган чыгармачылык программа. Орун
тар болгондуктан бул жерде бир гана учурду белги-
лей кетебиз.

Токтогул Барпынын жети атасынан бери сурап,
эчен түрдүү сыноодон өткөрүп:

Кынадың терме, санатың,
Сен болдуң менин канатым.
Эми жок менин арманым,
Бар экен сендей ардагым,—

деп, анын акындык талантына жогору баа берген-
ден кийин коомдогу боло турган өзгөрүштөр жөнүндө
билгизет:

Жаркырап бизге таң атар,
Жамандар бизден адашар.
Кабарын уккам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар,
Айтайын десем ашкере,
Чыгарбайт азыр турмуш тар,
Душмандын туусу бүктөлөр,
Турмуштун туусу тиктелер.
Бизге каршы душманга,
Кайгынын зары жүктөлөр.

Эгерде Барпы буга чейин оор замандан куткаруу-
чу «балбандын» кайдан, качан келерин билбей турган
болсо, Токтогул ага азаттык кайсы жактан келеринен
кабар берет. Мына ушинтип, бул айтыш орус револю-
циясынын идеясы кыргыз эмгекчилерине кандайча
тарагандыгынын жана ал элге, акындардын чыгарма-

Жалал-Абадская областная библиотека

чылыгына кандайча таасир кылгандыгынын бир кө-рүнүшү.

Албетте, бул эңсеген эркин күндүн жакын калган-дыгы жөнүндөгү кабар, улуу акын тарабынан алга-жогору баа Барпынын акындык талантын ого бетер эргитип, ага канат берди; анын чыгармаларынын де-мократтык тенденциясын ого бетер тереңдетти. Муну Барпынын кийин биздин күндөрдө Токтогулду эскер-ген ырлары да далилдейт.

Эл жыргалга чыгышын,
Элүү жыл мурда ырдаган.
Эшиткен дыйкан балдары,
Кубанышып тыңдаган.

Барпы диндин өкүлдөрүнө — эшендерге, молдолор-го, кожолорго, эмчи-домчуларга, сопу-сакыларга кар-шы ырдаган ырлары менен динге катуу сокку урган. «Сук молдо», «Сопу», «Мадалы ажыга», «Алдамчы эшен», «Эмчилерге», «Эмне бар бул жерде» ж. б. ыр-лары мына ушундай.

«Мадалы ажы» деген ырында «мекеден барып ба-та алып, алданын сөзүн жат алып» келдим деп, элди алдап жүргөн амалкөй эшенди ашкерелесе, «Алдамчы эшен» дегенинде «олуя болсоң, көзүмдү, жарык кыл-чы, эшеним, кереметти көрсөтүп, анык кылчы эшеним» деген сыяктуу конкреттүү суроолор менен эшенди жарга такайт.

Сопудан короз авла (өйдө, жогору — Б. М.) экен,
Короодон терип куртту жейт.
Кузгундай болуп куркулдап
Сопу курсун журтту жейт —

деген сыяктуу куплеттери Барпы диндин келишпес душманы болгонун көрсөтөт. Эгерде башка ырларын-да диндин, ага кызмат кылгандардын бетин түз ай-тылган каардуу сөздөр менен ачса, «Эмне бар бул жерде» деген ырында башка — сатиралык-юмористтик планда сынга алат.

Барпынын башка да кээ бир ырлары мына ушул планда курулган. Мисалы, «Теңдик бир күн жарк этер» мына ушундай. Мында байдын бетин ачуу үчүн түздөн-түз баа бербестен, адегенде байга ыраазы сыяктуу, ага алкыш айткандай мүнөз кылат. Бай би-ринчи күнү жетим балага боору ачыгандай жети нан берди. Барпы да ага ыраазы:



Жети нан берди жеп койдум,
«Жетишкен байым», — деп койдум.

Экинчи күнү:

Алты нан берди жеп койдум,
«Атактуу байым»,— деп койдум.

Нандын саны күндөн-күнгө азая берди. Нан азай-ган сайын акындын байга берген баасы да өзгөрөт:

Бир нан берди жеп койдум,
«Пир урсун байым»,— деп койдум.

Акырында жарты нанга жетти. Акын адатынча «жарты нанды жеп» коёт да, «жалчыба байым» деп коёт. Мына ушинтип, адегенде март, боорукер болуп көрүнгөн бай чынында сараң, таш боор жана жетим-жесирдин акысын жеген киши экендиги аягында би-линет.

Мына ушул эле ыкманы Барпы өзүнүн «Эмне бар бул жерде» аттуу орозо тууралуу жазган ырында колдонот. Акын орозонун сөзүнө түшүнгөн эмече аны менен сүйлөшөт, ага катуу айтпай, адегенде «жаны-барым орозо» деп баштайт. Бирок, орозону жакшы көрүмүш болуп, канчалык сылык сүйлөшүп жатса да, «мыйыгынан күлүп» турганын көргөндөй болосуң:

Жаныбарым, орозо,
Эсиң болсо жолобо.
Алты кадак даным бар,
«Айбашы» деп төнобо.
Аштык таппай отурсак,
Кайдан кирдиң короого,—

деп күтүлбөгөн «конокко» урмат көрсөтүүгө шарты жок экенин айтат да, кимге баруу керек экенин баян-дай баштайт. Ал орозого Маркай, Төлөктү жердеген Монтогор уруусунун олчойгон бектери», «Чалк-Өйдө-лөгү миң үйлүүнү башкарган «митайым ачкөз бек», «Чоң-Алайды жайлаган карын-карын майы бар кып-чактардын байы» Араван, Гүлчөдөгү датка менен бай жана башка ошого окшогон «оңоло турган» жактарга барууга, жана:

Ачка отурган биздейди
Көрмөксөн болуп кетип кал,—

Жалал-Абадская областная библиотека

деп кеңеш берет. Чынында, иш мында эптеп орозо ну кетирүүгө гана эмес, андан кем эмес маанилү жагы — акын орозого дилгирлик менен акыл айты сырдашкан киши болуп, элди жеп жаткан чоң курса бай, бий, эшен-молдолордун аёосуз бетин ачат. Ырд ар кайсы жердин «жакшыларынын», башкача айтка да, эзүүчүлөрүнүн аты аталып, алардын кылык-жо руктары мүнөздөлөт. Таанышуу үчүн орозону Ан жыянга жиберип жаткан жерин көрөлү:

Андан ылдый сен барсаң,
Анжыяндын шаары бар.
Чайканада чай даяр,
Сураштырсаң бай даяр.
Сен күткөндүн баары бар
Шаарды ошол жай кылган,
Курсагын чейрек май кылган,
Өзбектин далай байы бар.
Орозонун шол жерде
Урматталчу жайы бар.
Жатсаң жамбаш талбаска
Атлас, жибек шайы бар...

Ырдын аягына жакындаган сайын акындын сө катуулап, эми «мыйыгынан» гана күлбөстөн, келеке лей баштайт. Акырында чалгычылар (орозо чөп ору жүргөн орокчуларга келген экен):

Чаначтагы жарманы,
Чалк көтөрүп салалы.
Чердейген чоң курсактар,
Чалгыны колго алалы.
Орозо чочуп жоголор,
Чөптү шылып калалы —

дешип «мекеден келген конокту» шерменде кылы жолго салышат. Барпынын буга окшогон чыгармала ры бүгүнкү күндө да диндин бетин ачуу үчүн кур курал болот.

Барпынын чыгармаларында сүйүү лирикасы бө төнчө чоң орунду алат. Биз «сүйүү лирикасы» деди Бирок бул шарттуу сөз. Анткени, Барпынын сүйү лирикасы да ачык таптык мүнөздө. Ал эски убакт сүйгөнүнө жетпеген жигит, кыздардын таза сезими жокчулуктан жапа зыяндуу салт-санаанын кесепеті нен бири-бирине жете албаган ашыктардын тагдыры



сүрөттөйт. Бул сөзүбүзгө анын «Тартип», «Ак Дилбар», «Карай көз», «Гөзал кыз», «Дилбарым», «Мырзайым», «Буракжан», «Лөлүхан», «Ак жылдыз», «Мөлмөлүм», «Арзыкан» ж. б. ырлары мисал боло алат. Барпынын ырлары, айрыкча, сүйүү лирикасы ар түрдүү эпитеттерге, салыштырууларга укмуштуу бай. Анын ырларында:

Маңдай чачың Маргалаң
Жибегиндей, Мөлмөлүм,
Сенин ышкың баланын
Тилегиндей, Мөлмөлүм.
Гүлзар кылчы жүрөктүн
Какшып жаткан чөлдөрүн.
Серпилишин чынардын
Чырпыгындай, Мөлмөлүм.
Ыргалышың — майдан тал
Кырчынындай, Мөлмөлүм.

Же:

Сымаптай жүзүң мелтилдеп,
Саамай чачың селкилдеп,—

сыктуу кадап койгондой орундуу жана сулуулук, жаштык жөнүндөгү элдик көз карашка туура келген көркөм, кооз салыштыруулар:

Акканың суунун тунугу,
Арзыкан кыздын сылыгы —

дегендей афористтик саптар эсепсиз. Ошону менен бирге Барпынын Октябрь революциясына чейинки ашыктык ырларынын көбүнүн темасы — бактысыз сүйүү. Буга дале болсо заман, бирди бирөөгө көз каранды кылган коомдук түзүлүш күнөөлүү экендигин акын көргөн:

Кедейи бар, малдуу бар,
Чабалы бар, алдуу бар.
Кедейинде жүрөк бар,
Чабалында тилек бар.
Малдуусунда зордук бар,
Алдуусунда кордук бар.

Бул, Барпы кайсы гана темада ырдабасын ага таптык позициядан карагандыгын айдан ачык көрсөтөт. Биз жогоруда Барпынын позициясынын терең оптимисттик мүнөздө экендигин белгилеген элек. Анын

Жалал-Абадская областная библиотека

чыгармачылыгынын бул касиети сүйүү темасынан бөтөнчө көрүнөт. «Замана» багытындагы акындардын жердеги турмуш — жалган дүйнө, бул дүйнөдө жыргалга умтулбоо керек деген сыяктуу көз карашына карама-каршы Барпы чыныгы турмуш жердеги турмуш экенин айтып, ушул дүйнөдө ойноп күлүүгө, жыргоого, шайырдыкка чакырат. Дин көз карашы боюнча аялдарды адам катарына теңебей турган шартта Барпы аялдарды поэтизациялап, алардын акылын, адамкерчилигин, сулуулугун асманга көтөрө даңазалаган жогорку көркөмдүктөгү эң көп ырларды чыгарды. Аял-эркектин жардамчысы, турмуштун көркү экендигин айтып, аялдын кадырына жетүүгө, сыйлоого чакырат:

Чымындыктуу үйүндө
Жагып турган чырактай.
Берекелүү пейли бар
Ийип турган булактай.
Ар кимиң таап алгыла
Мына ушундай ынакты — ай.

Барпы өзүнүн оригиналдуу чыгармалары менен бирге элдик «Кулмурза менен Ак Саткын», «Жанайыл жалгыз» сыяктуу элдик эпосторду да айткан. Мындан азырынча колдо бары — «Кулмурза менен Ак Саткын». Бул — өткөн замандагы бири-бирине ышкысы түшкөн эки жаштын трагедиялык сүйүүсү жөнүндөгү көлөмү анчалык чоң эмес лирикалык поэма. Поэмада адилетсиз замандагы эски салт-санаанын, кара ниет адамдардын кесепетинен өлүмгө учураган эки жаштын кайгылуу сүйүүсү чыңалган драматизм, сыртка чыкпаган, бирок адамды ичтен солкулдата турган чоң күйүт жана бийик поэтикалык көркөмдүктө баяндалат:

Алтындан терек сен элең, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум.
Күмүштөн терек сен элең, досум,
Күнөстүн гүлү мен элем, досум.
Жигиттин гүлү сен элең, досум.
Жийденин гүлү мен элем, досум.
Адамдын гүлү сен элең, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум.
Жайында терек силкинер, досум,
Жалдырап калды селкилер, досум.
Алтын бир тарак силкинер, досум.
Азапта калды селкилер, досум.



Алтындан терек ыргалбай калды,
Ачылган гүлдөр ырдалбай калды.
Күмүштөн терек ыргалбай калды,
Гүлдөгөн кыздар ырдалбай калды.

Эпос таланттуу сөз чеберлеринин колунан өткөндө гана ушундай көркөмдүк даражага жетиши мүмкүн экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Барпынын чыгармачылыгында дүйнө, турмуш, өмүр, өлүм жөнүндөгү ырлар да чоң орун алат. Бирок алардын баарына кичинеден болсо да тийип өтүүнүн бул жерде эч мүмкүнчүлүгү жок. Биз анын философиялык темадагы ырлары жөнүндө гана сөз козгоп тим болобуз. Бул темадагы чыгармаларынын эң көрүнүктүүлөрү болуп «Аккан суу», «Күн», «Шамал», «Дүнүйө», «Ажал» эсептелет.

«Дүнүйө» деген ыр Токтогулда да бар экенин билебиз. Бул эки акындын ырларынын түрү жана маани жагынан окшош жактары да, айырмачылыктары да бар. Барпы Токтогул сыяктуу эле дүнүйөнүн алды кубанычтуу, арты өкүнүч деген мааниде ырдап, бир бөлүгүндө:

Бир адамды ыйлатып,
Буркураттың дүнүйө.
Жокко бардан жалынтып,
Пул сураттың дүнүйө,—

деп замандын адилетсиздигин, элдин эзилгендигин айтуу менен, чыгармасына социалдык мазмун киргизет.

Дүйнө, анын чыгышы жөнүндөгү маселе байыртан бери адамдарды ойлонтуп келген. Бирөөлөр аны кандайдыр бир сырткы күч, б. а. кудай жаратты деп түшүндүрсө, экинчи бирөөлөрү анын жаралышын жана жашап турган себебин материянын өзүнөн издешкен. Дүйнөнүн башталышы от, суу ж. б. деген болжолдор эзелтен заманда эле айтылган. Барпы да бул дүйнө жөнүндө ой жүргүзүп, ал эмнеден жаралган, ага күч-кубат берген эмне деген суроого жооп издеп, дүйнөдөгү турмуштун булагы Күн деген жыйынтыкка келет:

Угуп тургун калайык,
Күн өмүрдүн азыгы...
Бардыгына күн керек,
Бардыгына күн себеп.

Жалал-Абадская областная библиотека

Акын бул дүйнөдө түбөлүктүү эч нерсе жок, бардыгы келет, кетет, түбөлүктүү нерсе жалгыз гана Күн дейт:

Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың...

Ошону менен бирге Барпы жердеги бүткүл жан-жаныбарга, өсүмдүктөргө өмүр берген нерсе деп сууну ырдайт. Ал баарыбыздын энебиз жер, суу болсо «жердин койнунан» чыккан «баласы» деп эсептейт:

Былк этпейт дүйнө чың кеме,
Баарыбызга жер эне...
Берекелүү дыйкан суу —
Туулган жердин баласы
Такылетин карачы.

Кыргыздын көрүнүктүү демократ акыны Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» деген чыгармасы менен Барпынын «Аккан суусу» бул жагынан бирбирине жакын турган чыгармалар. Бирок, экөөнүн айырмасы да бар. Тоголок Молдодо жер «ата», ал эми жамгыр, шамал, суу, от — төртөө анын балдары. Тоголок Молдо айткан жердин «төрт баласын» Барпы башкача түшүндүрөт. Барпыда жердин баласы жалгыз гана — суу. Жамгырды болсо ал суудан бөлбөйт:

Буудан булут ичкени,
Жамгыр болгон аккан суу,—

деп жамгыр өзү суудан чыкканын айтат. Ошол эле сыяктуу отту да Барпы жердин «баласы» деп эсептебейт. Ал өзүнүн биз жогоруда сөз кылган «Күн» деген ырында:

Күндүн нуру белгилүү,
Күчтүү оттон жаралган —

дейт. Ошентип, отту күндүн «баласы» — нуру деп эсептейт. Шамал жөнүндө Барпынын атайы ыры бар. Ал ырында шамалдын кайдан чыккандыгы жөнүндө кыял жүгүртүп:

Жандуу, жансыз энеси,
Жерден чыгып жүрбөсүн? —



дейт. Демек, ачык айтпаса да шамалды жердин «баласы» катарында карайт. Андан ары:

Кылыч менен чапса да,
Мылтык менен атса да,
Бөлүнбөйсүң, шамал сен,
Дүрбү менен көрсө да,
Мерген болуп өнсө да,
Көрүнбөйсүң, шамал сен,—

деп анын касиеттерин санап өтөт. Шамалды Күн, суу сыяктуу мактабайт да, ажал сыяктуу каргап, сөкпөйт да. Ал шамалдын «Оомол-төкмөл» нерсе экенин айтат. Барпы шамалды элге, адамга жан-жаныбарга келтирген пайда, зыянына карай баалайт:

Кышында жүргөн шамалды
Жокчулук десе эп болот.
Күзүндө жүргөн шамалды
Токчулук десе эп болот.
Жазында жүргөн шамалдын
Ачы менен тогу бар.
Жайында жүргөн шамалдын
Жан сергитер ону бар.

Бул айтылгандардан көрүнүп тургандай, Барпы өзүнүн дүйнөгө көз карашы жагынан стихиялык материалист болгон. Диндин, караңгылыктын өкүмү сүрүп турган мезгилде дүйнөнү, турмушту, табийгаттын кубулуштарына, «кудайдын кудурети» эмес, материализмдин позициясынан түшүндүрүү чоң прогрессивдүү көрүнүш болгон жана китеп, газета жок кезде таланттуу ырчынын жеткиликтүү жана кооз поэзиянын тили менен түшүндүрүшү адамдардын диңге, наадандыкка, караңгылыкка каршы сезимин ойготуп, көзүн ачкан.

Өмүр жана өлүм жөнүндөгү тема да жер каймактагандан бери жашап келе жаткан түбөлүктүү темалардан. Кыргыздын акындары да бул жөнүндө көп ойлонуп, көп ырдашкан. Токтогулдун, Барпынын өмүр жөнүндөгү ырлары бири-бирине ой жана тема жагынан окшош. Гуманист акындар өлбөс өмүр, түбөлүк жаштыкты самашып, адам өлбөсө, карыбаса деп тилешкен. Барпы «Ажал» аттуу ырында өмүр менен ажалды бир-бирине карама-каршы коюп ырдайт:

Өмүр бар жерде ажал бар,
Өзөктү үзөр тажаал бар.

Жалал-Абадская областная библиотека

Өмүр деген жарык күн,
Өлүм деген — кара түн.

Ажал адамдын күнү-түн жанында «жолдош» болуп жүрөрүн, ата-эненин дөөлөтү» болгон балдарды, «кызгалдактын гүлүндөй, кызыл килем түрүндөй» кыздарды, «жүрөгүндө өртү бар» жигиттерди, «ак сакалы жайкалган» карыларды койбой тургандыгын чоң өкүнүч менен айтат. Бирок Барпынын ыры диндик мистикалык түшүнүктөн алыс. Дин өмүр да, өлүм да кудайдын эрки менен болот деп, адамды тагдырдын колундагы бир оюнчук катарында көрүп, өзүнүн алсыздыгына ишендирүүгө аракеттенет да, тагдырга моюн сунууга, пассивдүүлүккө чакырат.

Ал эми прогрессивдүү, материалист акындар өлүм табияттын закону экенин айтып, өмүрдү татыктуу жашоого, элге кызмат кылууга чакырышкан. Ошону менен бирге байыртадан эле акындар өлүмдү бир жагынан, адамдын өмүрүнүн душманы катары караса да, экинчи жагынан бардык адамдарды теңей турган калыс нерсе катары баалашкан:

Жүз жыл жаша, мейли миң жыл жашагын,
Бирок, чындык — көр алдына жатарың.
Падыша бол, кайырчы бол, баары бир,
Өлүм үчүн бирдей сенин катарың[1]

Орто кылымдагы тажик-иран адабиятынын классиги Омар Хаям ушинтип жазган. Барпы чыгыш поэзиясынын традициясын улантып, Ажалды «бай-кедейди ылгабаган» калыс «чен» деп ырдайт:

Ажалдан кимдер кутулган,
Ажалга баары тутулган...
Аялды алган, кызды алган,
Акмакты алган, узду алган...
Карыпты алган, байды алган,
Канча түркүн жанды алган
Барча жанга жай берген
Жердин койну кең экен.
Калыстыкты көрсөткөн
Каргаша Ажал чен экен...

Адамдар арасында адилетсиздик, теңсиздик өкүм сүрүп турган доордо жашоого да, өлүүгө да баарынын

---

[1] Котормосу Ж. Садыковдуку.



акысы бирдей экенин айтуу менен жалпы адам бирдей жаралган, демек коомдо да укуктары бирдей болуу керек деген ойго эрксизден түрткөн.

Барпы мындан башка табийгаттын коздугу, ар түрдүү жан-жаныбарлар жөнүндө ырдаган. «Бул куштардын санаты», «Жырткычтар» деген ырларында Кыргызстанда жашаган куштарды, илбесиндерди тері айтып, алардын кыял-жоруктары, жүрүш-турушу, мүнөзү, адамга пайда-зыяны жөнүндө айтат. Ошону менен бирге Барпы айбандар аркылуу коомдук мамилелерди, адамдардын мүнөзүн сүрөттөйт. Кара башыл эчки» деген чыгармасында Барпы каймана түрдө элди талаган жегичтердин образын берет:

Курутту менин шоруму,
Кызытып кылды тоюну.
«Тойго кел» деп чакырды,
Таскара менен жоруну...
Кузгун болду кароолу
Жагалмай болду жасоолу.
Бөктөргө болду бөлүмчү,
«Баатыр түлкү» — көрүмчү.
Кулаалы карап тек турду.
Кубангандан эчкимдин
Куйрук жагын жеп турду.

Мындан калкты талап жеп жаткан алдым-жуттумдарды көрүш кыйын эмес. Ошону менен бирге тамсилдик ыкманы Октябрь революциясына чейин биринэкин жазгыч акындар гана эмес, төкмө ырчылар да колдонгондугун далилдейт.

1917-жылы Барпы тилеген башына түшкөн азаптан куткаруучу «балбан» табылып, эмгекчи элге эркиндик алып берди. Ал «балбан» — Коммунисттик партия, Ленин эле. Барпы Улуу Октябрь Социалистик революциясын топусун көккө ыргытып, зор кубаныч менен тосуп алды. Биринчи болуп жаңы заман, партия, Ленин жөнүндө ырдаган алдыңкы акындардын катарында болду. Барпынын «Ленин ата» аттуу ыры Совет бийлигинин алгачкы жылдарында пайда болгон улуу көсөм жөнүндөгү мыкты ырлардын катарына кирет:

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы.
Калк атасы Ленинди,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ырдабай Барпы турабы!
Чарчаган кезде дем болдуң,
Жарды менен жалчыга,
Азаттык берген сен болдуң.

Ушинтип эмгекчилердин жолбашчысы Ленинди урматтоо менен бирге, жаңы заман, өзүнө кайрат, дем бергендигин билгизет:

Эскиликтин кануму
Калды ишке жарабай.
Эчен жаңы иш көрдүк
Элдин ичин аралай.
Кедейлерди чогултуп
Эркелеттиң баладай.
Соо кишидей иштеймин
Сокур көзгө карабай.

Барпы Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн тартып жаңы замандын жарчысы болду. Ал Коммунистер партиясы, улуу көсөм Ленин, Совет бийлиги жөнүндө «Партияга», «Ленин ата», «Ленин тууралуу ыр», «Теңдик күн», «Мактаймын шаңдуу үп менен», «Биздин топ» деген жана башка толуп жаткан ырларды чыгарды.

Байлар өчүп тарыхтан,
Жазылган кедей дастанга.
Партия баштайт жолуңду,
Уча бер кедей асманга,—

деп кедей-кембагалга чакырык салды.

Барпы жалаң жалындуу ыр, курч сөзү менен гана эмес, өзү практика жүзүндө да белсенип иштеп, өз жеринде биринчи уюшулган союз кошчуну башкарды, өз ара жардамдашуу тобунда, андан кийин сельсоветтин төрагасынын орун басары болуп иштеди.

Барпы элдин, жаңы турмуштун душмандары болгон басмачылар, бай-манап, молдолордун бетин ачкан курч ырларды жаратат. Өчөгүшкөн душмандар анын артынан түшүп, бир топ жолу мерт кылып коё ташташат жана бир жолу колго түшүрүп, соё турган болушканда кызыл отряд куткарып калат. Анын «Алдаяр балдар, алдаяр», «Качкан эшен», «Барпылыгым бекермин», «Басмачы», «Макканбайдын каргышы», «Ким мыкачы, ким адил», «Эрк кедейлерге» деген ырлары Совет бийлигине каршы ок аткандарга, котур ташын койнуна каткандарга каршы багытталып, душмандардын мыкаачылыгын, канкордугун, амалкөйлүгүн көрсөтөт. Ошол кездеги жүргүзгөн иши, ырлары Барпы Совет бийлигине, элге кан-жаны менен берилген адам экендигин далилдейт. Ал өзүн өлтүрүү үчүн артынан түшүп жүргөн басмачылар жөнүндө:

Асканын жолу тар бекен,
Арыкта суусу шар бекен.
Аркамдан түштүң басмачы,
Атандын өчү бар бекен?
Бекинип жүрүп өтөрмүн,
Түбүнө мен да жетермин.
Ажалым чындап жетпесе,
Тамырыңды кесермин.
Шул кегиме жетпесем,
Сөз түйүнүн чечпесем,
Барпылыгым бекермин —

дейт. Ырларында Совет бийлигине, большевиктерге каршы ок атып, тынч жаткан басмачыларды Барпы өзүнүн (ырында. — Түзүүчү) «уурулар», «каракчылар», деп атап, кедейлердин чокой-чарыгынан өйдө тартып кетип жаткандарын айтуу менен канчалык каардуушпасын, күнү бүткөндүгүнө, таянар тоосу жок экендигине көзү жетет; ошондуктан «арсыз басмачыларды» мыскылдап күлөт:

Деги басмачынын ары жок,
Жанын сактар алы жок.
Салып койгон зоот жок,
Согуп жаткан соот жок,
Кантип бизге эгешти
Ким деп ойлойт Кеңешти?

Барпы ачык душмандарга каршы чыгуу менен айыл ичинде тымызын жүргөн, ата-тегин, өзүнүн кара ниетин жашырып бийликке умтулушкандардын, элди бүлдүрүп советтердин жолун бурмалап жаткандардын бетин ачып «Эрк кедейлерге» деген ырын чыгарат. Бул — Барпынын ыр менен кантонго жазган каты. Ал катында мурдагы басмачылар, байдын, бузуктун тумдары ак ниет адамдарды ушакташып, түрдүү амалайлаларды колдонуп жаткандыгынан кабар берет. Бул акындын таптык сезими, кыраакылыгы канчалык

Жалал-Абадская областная библиотека

күчтүү экендигин, Коммунисттер партиясынын, Совет өкмөтүнүн саясатын, директивасын туура түшүнүп жана аны ишке ашырууда изден тайбаган күрөшчүл болгондугун күбөлөйт. Акын өткөн күндөрүн да унуткан жок. Ал жаңы заманды ырдоо менен бирге «Мен көргөн күндөр», «Зарладым өткөн заманда», «Өткөн күн», «Биздин заман», «Биз», «Эки заман тууралуу ыр» сыяктуу чыгармаларында:

Азапты баштан аяк көргөн элбиз,
Жокчулук көкөй кесип өлгөн элбиз.
Байларга малай болуп жүргөн элбиз,
Заар тил, закымдардан күйгөн элбиз,—

деп эл өткөргөн оор күндөрдү эскере келип, жыргал бактыга жеткирген жарык таңды ырдайт:

Жыргалдуу, жакшылыктуу таң да атты,
Жарашты эми бизге жыргал, бакты.

1930-жылдардын ичинде Барпы көзү начарлап калгандыгына карабастан, мурдагыдай эле дайыма эл аралап, турмушту, табийхатты өзгөртүп жаткан кызуу эмгектин үстүндө жүрдү. Ал колхозчулардын «күндөн жарык турмушун», ак алтындын талааларын какшыган чөлдү гүлдөтүү үчүн канал казып жаткан азаматтарды, «өзөндө суулары мелтилдеген, шибери ыргалып желпилдеген» жайлоонун көрүнүшүн ырга кошот. «Октябрь», «Шайлоо», «Тилектеш комсомолдор», «Өскөн элдин балдары», «Мектеп жөнүндө ыр», «Пионер», «Жаштар», «Жаштын тилеги» ж. б. толуп жаткан жаңы темалардын пайда болушу акындын чыгармачылыгы тематика, идея, көркөмдүк жактан канчалык байыгандыгын, ой-пикир, кругозорунун кеңдигин далилдейт. Буга анын «Айжаркын» аттуу ырын мисал кылып көрсөтүүгө болот.

Абада жымыңдады жарык жылдыз,
Аралап кең жайлоону көрдүм бир кыз.
Ойноктойт кара көзү, кашы керме,
Сурасак ошол кызды дешти: «ферме».
Учкан куш канатындай кыйгач кашы,
Тизилген дал ортодо кундуз чачы.
Бараткан жанындагы алты койчу
Айтышты: «Айжаркын»,— деп кыздын аты,
Мингени тулпар сындуу кара жорго,



Бастырат мал четинде, камчы колдо.
Таң калдым, жүзүнө эмес эмгегине,
Өтүптүр быйыл жазда комсомолго.

Мына ушул үч куплет ырды окуганда кимдин көңүлүнө кыргыздын кызынын элеси келбейт. Акын мында фольклорго таандык апыртмадан, традициялуу салыштыруулардан, айга, күнгө жеткире мактоодон алыс. Ал жазма адабиятка таандык реалисттик ыкма, сүрөттөө аркылуу кыска гана ырда кыздын жандуу образын түзгөн. Мунун өзү акын өмүр бою изденүүдөн, үйрөнүүдөн талыкпастан, өзүнүн өнөрүнө чоң жоопкерчилик менен карагандыгын көрсөтөт. Экинчи жактан, эмгеги менен элдин кадыр-сыйына жетишкен Айжаркын менен акын жарым кылым мурун ырдаган зүүдөгү кыздардын ортосунда кандай чоң айырма бар! Бир кезде:

Эжеңе барсаң жездең жат,
Эрки жок жетим, болдуң дак.
Агаңа барсаң, жеңең жат,
Армандуу жетим болдуң дак,—

деп, акын күйүт менен ырдаган «жетимче кыз» Тур-гундун тагдыры менен биздин күндүн эркин кызы жоонун тагдыры асман менен жердей алыс. Эгерде Барпы мурда «малдай болуп сатылган» эрксиз кыздардын муң-зарын ырдаган болсо, эми биздин күндүн бактылуу кыздарын, алардын ырыс-таалайын ырга кошот.

Улуу Ата мекендик согуш күндөрүндө Барпы «Биз душманды жеңип алабыз», «Узатуу», «Биздин күч», «Жаныбекке кат», «Биздин топ», «Жер үстүндө күйгөн от» деген душманды жек көрүү, Ата мекенибизди сүйүү сезимине толгон патриоттук ырларды, «Эр Жолон», «Төрайым менен Шекербек» аттуу поэмаларды жаратты. Согуштун алгачкы эле күндөрүндө биздин адилет ишибиздин салтанат курарына терең ишенүү менен ырдады:

Биз душманга жендирбейбиз, жеңебиз,
Ат салышып, аңтарабыз, эңебиз.
Өзүн билбей бизге асылган душмандын,
Канын төгүп катуу сокку беребиз.

Өзү улгайып, көзү көрбөй калса да кыштын ызгаар күндөрүндө акын Барпы темир жол станциясын-

Жалал-Абадская областная библиотека

да фронтко кетип жаткан уландарга жүрөктөн чыккан жалындуу ырлары менен кайрылып, душмандан өч алууга, Ата мекенди кашык каны калганча коргоого чакырып ырдап жүрдү.

Жер үстүндө күйгөн от,
Отту өчүргөн биздин ок.
От тутанткан душмандан
Коркуп койбойт биздин топ.

Мына ушинтип, каардуу жырткычтын тишин талкалаган биздин элдин кебелбес духун, күчүн чоң эргүү менен ырдады, жеңишке жеткен элдин кубанычын, тынч эмгектин баатырларын салтанаттады.

Барпы 1949-жылы ноябрь айында дүйнөдөн кайтты. Ал «бешиктен бели чыккандан» тартып, көзү жумулганга чейин, б. а., элүү жылдан ашык ыры менен элине кызмат кылды. Анын ырларынын көбү ар түрдүү шарттар менен жазылбай калды. Ошентсе да, эл оозунда айтылып, анча-мынча жазылып калгандары да ырды «маш зергердей чегелеген» сөз чебери экендигин айгинелейт.

Барпы «Күн» аттуу ырында ай-ааламга жарыгын чачып турган күнгө:

Сени кошуп ырдадым,
Ашкерелеп сырларын.
Калар бекен калкымда
Аздыр-көптүр ырларым.
Канат кылып өзүнө
Карыбас күндүн нурларын —

деген. Таланттуу акын ыр менен күндүн нурун тамай салыштырган. Чыныгы поэзия, жакшы ыр, жүрөктү эргитип, анын назик кылын күүгө келтирет, көңүлдү сергитип, жакшы сезимин козгойт: күндүн нуру сыяктуу адамга жылуулук берет. Андай ыр эч качан өлбөйт. Барпы — өлбөс-өчпөс ырларды жараткан. Ошондуктан ал өлбөс акын.



*Түмөнбай Байзаков, Ибрай Султанбеков*

## БАРПЫ ЫРЧЫ
## (1884—1949)

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм,
Ар кимди барып бир мактап
Ары жок ырчы боло албайм,—

деп Барпы өзүнүн акындыкка карата болгон мамилесин, көз карашын ачык-айкын айтып жыйынды таштап, тескери бастырып кетет. Төбөлдөргө жагынып турган Нышан ырчынын шагы сына түшүп: «итке алтындын баркы жок деген ушул»,— деп борс-борс күлүп калат. Окуя мындайча болот: оң менен сол жыйылып келген бир ашта Нышан ырчы байларды, бийлерди, болуштарды мактап ырдап, акырында Барпыга кайрылып: «Жакшыларды эл алдында мактап кымкап тон, күмүш сом ал» — дейт. Ага Барпы жогорку жоопту берет.

Улуу Октябрь революциясына чейинки теңсиздик күч сүрүп турган мезгилде «кымкап тон», «күмүш сом» үчүн ар-намысымды сатып ырдабайм деп, оюндагысын жаап-жашырбай кесе айтып, бай-манаптардын, бек-бийлердин мансабына шек келтирип, эл алдында шылдың кылуу бардык эле акындын колунан келген эмес. Чексиз укук колунда турган кузгундар:

«Терс ырдасаң, тилиңди кесем» — деген,
«Мактасаң, сага бир тон берем» — деген,
«Тил албасаң, байлап уруп, керем» — деген

заман, ырчы эмес, калың элди муунтуп турган убакта:

«Акындар ырын таштап, малга кеткен».

Ал эми, акыйкат сөздү кашкайта эл алдында айткандары (Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы сыяктуулар) эзүүчү-бийлөөчү чөйрөнүн өкүлдөрүнүн дайыма куугунтугунда болушкан. Куугунтуктоо да, жокчулук да, таяк да булардын эркин майтара албады, ырын токтото албады. Чындыкты ырдай беришти. Алардын ырларынан элдин мүдөөсүнүн, тилегинин күүсү жаңыра берди.

Барпы акындык наамды кир жугузбай таза сактоо үчүн өзү катарлуу ырчыларды: доордун алдыңкы кишилери — «бууданы» болууга; «алтынды көрүп алданбай, алкымынан кармалбай», чындыкты ырдай

Жалал-Абадская областная библиотека

турган «булбул» болууга; калың букаранын тилеги менен тилектеш, жүрөгү менен — жүрөктөш болууга чакырат. Өзү да өмүрүнүн аягына чейин адеп тандап алган ушул жолдон тайбады.

Акындык биринчи кадамын өтө татаал жана карама-каршылык аябай курчуп турган заманда баштаган Барпы далай-далай тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды көрдү. Бирок булардан коркуп калтаарыган жок, жеңүү үчүн умтулду. Келечектен үмүтүн үзбөй жакшылыкты күттү. Ошондуктан, анын ырларында өткөндү эңсөө, эски феодалдык түзүлүштү жактоо жок. Тескерисинче, ал доордун ичкии былык дүйнөсүн эл көзүнө көрсөтө ырдап, калың букараны келечектен үмүтүн үзбөй, алга умтулууга үндөйт:

Тобурчак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Томаяк эрди карып деп,
Торго таштап кетпеңер.
Тобурчак атка жал бүтөр,
Томаяк эрге мал бүтөр,
Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик бир күн жарк этер.

Бүт өмүрүн акындыктын сонун үлгүсүн көрсөтүүгө арнаган ырчылардын бири — Барпы күнүмдүк үчүн, өзүнүн кара башы үчүн ырдаган эмес. Ал ырларын узун өмүр тилеп, эл алдына тартуу кылган. Ырларымдын өмүрү — менин өмүрүм деп билген:

Калар бекен калкымда
Азбы, көппү ырларым
Канат кылып өзүнө
Карыбас күндүн нурларын.

Ушул төрт эле жол ырдан акындын максаты даадаана көрүнүп турат. Барпы жаңылбаптыр! «Күн нурларын канат кылган ырлары» убакыт өткөн сайын жашарып, ооздон оозго, элден элге таркап жатат.

Октябрь революциясы туткунда тунжурап жаткан көп элдерге эркиндик берди. Ошол эркиндик алгандардын бири — кыргыз эли болду. Кылымдап кош кабат кыйноону тарткан кыргыздар үчүн жаңы заман, жаңы дүйнө, жаңы өмүр жаралды. Бул жарык Барпы сыяктуу ырчыларды «караңгы түн, тумандан азат кылды». Мына, Барпынын үнү эми бийик да, шаңдуу да чыкты. Совет бийлигинин биринчи жарчыларынын бири болду. Ар бир жеңиш, ар бир жаңылык анын ырларынын негизги мотиви болуп калды.

Акын Барпы ырчылык кесипти дайыма жогору баалаган, айрыкча, эркиндик таңы аткан күндөн баштап анын баркын дагы жогору көтөрдү. Ар бир ырым элге жакса, пайда келтирсе, жыргалына да, кыйынчылыгына да ортоктош болсо деп ойлогон. Анын ырларынан ушул максат, ушул ой угулуп турат. Барпы ырчы өлөрдөн бир нече күн мурда ооруканада жатып:

Ыр дегенде өлөмүн,
Ырды жандай көрөмүн.
Ышкылуу сөздү ыр кылып
Ылгап кумдай бөлөмүн.
. . . . . . . . . .
Жөнөкөй сөздү кынадым
Жан эриткен ыр менен
Барпы көр кошкон экен деп,
Ырдасын жаштар миңдеген,—

деп жаздырат. Калети жок! Анын мурастары акыркы он жылдын ичинде бир нече жолу кыргызча, орусча басылып чыкты, миңдеген окуучулар окушуп да, ырдашып да жүрүшөт!

## I

Кыргыз элинин залкар акындарынын бири, улуу акын Токтогулдун шакирти — Барпы Алымкул уулу 1884-жылы, күзүндө азыркы Ош областынын Сузак районундагы «XX партсъезд» колхозу тейлеген Ачы деген кыштоодо томаяктын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы — Алыкул Шаамурза уулу көрүнгөндүн малын багып, жумушун иштеп күн өткөргөн кишии болгон. Оозун ачып отурушкан тыттай жылаңач тогуз баланы багып өстүрүү адалдан түктүү малы жок кедей үчүн оңой-олтоң жүк эмес эле. Айласы кетип, балдарынын жаштыгына карабай, алардын улуурактарын байларга малайлыкка берет. Ошолордун бири — Барпы сегиз жашынан тартып Назарбай деген байдын малын бакты, отун жакты. Бир гана кожоюну жумшабастан, анын эки бир тууганы кошо жумшады. Барпы ит көрбөгөн азапты көрдү. Күн сайын Назарбайдын заар сөзүн эшитет:

Пул бергемин атаңа
Кызын баалап береби
Өткөргөн менин акыма?,—

Жалал-Абадская областная библиотека

деп наристе малайын жекирет, кекетет. Бала эмес, чоң кишинин алы жетпей турган жумушка чегет. Ошол убактагы азап-тозоктору жөнүндө «Мен көргөн күндөр» деген ырында мындай дейт:

Суукта колум үшүйт куурап-какшап,
Бутумду суук алган, жүрөм аксап.
. . . . . . . . . . . .
Бергени ичериме мака атала,
Жатканым иттер менен саманкана.

Мына болочок акындын көргөн күнү, ичкен ашы, жаткан жери...

Назарбайдын азабына чыдоого болбоду. Барпы өлүк менен тириктин ортосундагы бир макулук болуп калды. Атасы келгенде көз жашын көл кылып ыйлады. Ата кантсин?! Эмне болсо да, бала деген — бала. Назарбай менен мамилесин үздү. «Балам жаш, ырайым кыла көр»,— деп жатып Калмат байга «кол бала» кылып берди. Бирок, абал өзгөргөн жок:

Байдан бай авла эмес, бардыгы сук,
Кедейди эзип жеген арам тумшук.
Калмат бай айырмасыз Назарбайдан,
Азаптан азапка өттүм, кетти айлам,—

деп көргөн күнүн баяндайт. Айла канча. Чыдады. Ыйлады. Акырында атасын дагы кыйноого салды. Калматтан кетип, Мадали ажынын эшигине барды. «Ажынын эки аялы, какылдаган Кайрыхан кызы» Барпынын «көзүн жашка толтурат», өлүм алына жеткирет... «Атасын салпылдап ээрчип» үйүнө келет. Бош жүрүүгө болбойт. Карыган атага калканч болуп, чөбүрөгөн чыт курсактарды багуу керек да. Агасы Болоттун тапканы эмне болсун. Айланып келип Назарбайдын тузагына дагы түшөт. Мурдагылардын үстүнө бир короо койдун жүгү кошулат.

Кийинчерээк, бой тарткандан баштап Ысакбай, Матисак, Абды, Сулайман, Кара бий дегендерде чейрекер болуп жүрөт. Ошентип, эч жерден ырайымдуу, боорукер байды учурата албады. Биринен экинчиси ашып түшкөн зулум, ач көз, алдамчы.

Сегиз жашынан тартып «азаптан азапка өтүп», «иттер менен саманканада жатып», күнү-түнү уйку көрбөй байлардын малын багып, отун жагып жүрүп шордуу Барпы «он бир жашында көз оорулуу» болот. Бирок эч ким ырайым кылган жок — жумшай берди, иштете берди. Жабышкан оору өз тамгасын басып өттү. Бир көзүнө ак түштү.

Ошол кезде Барпынын жакын сырдашы — аздыр-контур өзү кошкон же элден үйрөнгөн ыры болду. Ээн талаада, ой-кырда мал багып, отун алып жүргөндө кыйкырып-кыйкырып ырдап да, ыйлап да ала турган. Көргөн азаптары жанына батып, баарынан кечкиси келди, бирок ырдан кечкиси келбеди. Бара-бара бүт ынтаасы менен ырга берилип калат.

Убакыт өткөн сайын убайлуу малайдын да сөөгү катып, көзгө көрүнүп, өзүнө окшогон койчу-колоңдордун ортосунда баркы көтөрүлүп ырчы атала баштайт. Бул сөз айыл-апага да угулат. Азыраак жамакчылык жайы бар Назарбайдын да кулагы муну чалып калат, өз малайына кол салып ырдашып көрмөкчү болот. Ыңгайлуу учур таап Барпыны жектеп, жердеп кирет. Барпы да тилин кайра тартпайт. Анын сөздөрү чыйрак, оттуу чыгып, тим эле тийген жерин жаарып өтөт. Назарбай тырчыя түшөт. «Тилиңден келгенди колуң менен, бутуң менен иштеп көрчү»,— деп анын үстүнө иш кошот, Барпыга ооз ачарлык убакыт берген жок. Бирок жаш малайдын көздөгөнү — ыр. Уктаса — түшүнөн, ойгонсо — оюнан кетпейт.

Арадан алты жыл өттү. Барпы он төрт күздүн, он төрт кыштын жүзүн көрдү. Өмүр малайлыктын торунда. Ары ойлонду, бери ойлонду. Бул бойдон жүрө берсе өлөр өлгөнчө малайлыктан кутулууга жол да жок, шарт да жок. Эмне кылуу керек? Ыр керекпи же малайлык керекпи? Албетте — ыр керек! Ойлогону ошол да!

Күндөрдүн биринде багып жүргөн малын байдын үйүн көздөй айдап жиберет да, Мака-Торпок деген жердеги таякелеринин айылын көздөй сапар тартат.

Таякелеринин айылында жүрүп аз-аздан ырдай баштайт. Ошол жерде биринчи жолу эл чогулган жыйында ырдайт. Адепки эле ырында элге кайрылып башынан өткөн азаптарды айтып өтөт да, байлардын, болуштардын, бийлердин бетин ачат:

Ук, калайык зарымды,
Түшүнтөйүн алымды:
Күйгенүмдөн ыр кошуп
Аттанып чыктым жыйынга.
Болуштар бизди кемсинтип
Салып жүрөт кыйынга.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эсен жүрүп жетилсем,
Ырдармын билип сонунду,
Тааныймын шондо жолумду.

Бул жерде кичинекей ырчы өзүнүн муң-зарын, эзген «жакшыларды» ырдап гана тим болбостон, келечектен үмүткөр экендигин, өзүнүн «жолун таанып» тургандыгын көрсөтүп кетет. Барпынын кайсы ырын окубайлы, анда: акындын кеңешчиси, таянычы — көпчүлүк эл. Анын ырларында өзүнүн гана кертик башына таандык максат, ой-пикир айтылбастан, элдин оюу, мүдөөсү айкалыша айтылат.

Жыйында ырдоо — Барпы үчүн бир жагынан чоң сыноо болсо, экинчи жагынан чоң кубаныч болду. Анын үнүн эл укту. Эл алдында ырдасам деп, ак этектен так этип жүргөн эле да. Ошол үчүн ушул жерге качып келбедиби! Оюу ордунан чыгып эл алдында ырдады. Көпчүлүк букарага анын ыры жагып калды. «Жарайсың жетимче!» — дешип жатышты. Бирок бир кылка билермандар жактырышпады: «Кара кылдаган жубармектин жаагын жап кылып коё турган экен» — дешип ызырынышты.

Бул жыйынга эл көзүнө көрүнүп калган ырчылардан: Ташмат, Нышан, Сыдык, Кара Жолдош, Көр Жолдош, Карамурзалар келишкен экен. Ырчылардын бир тобу балага ыраазы болгонсуду. Ал эми, айрым бир «Чүкөдөйлөр»дарынын желке тарамышы тартыла түштү. «Чүкөдөй болгон немени музоосунда сүзүп, жүрөгүн алып койбосок, эртең төбөгө чыгат»,— деп ойлоп калышты. Бул ойду ишке ашыруу үчүн шашыла ат салган ырчылар: Сыдык менен Карамурза болот. Карамурза биреөгө тийишпей жүрө албаган кычы ырчы экен. Анын Накен ырчыга асылып ырдаганын окуучулар жакшы билишет. Анткени — басма сөздө жарыяланган. Карамурза бужугур сакалдуу, бетинде чаары бар, айтоор, түскө серт киши болгон экен. Ал баланы ырчыны демитип оозуна келгенден кайра тартпай «Тексиз, жугундучу»,— деп да кордоп өтөт. Акырында Барпынын кызыл кемзел кийип турганын көрө коюп, аны кызга теңеп: «...кары да болсом, кардамын»,— деп ырын аяктайт.

Бала болсо да, кыйынчылыктын кыйноосунан, сыноосунан өткөн Барпы алдастап калбастан, тез жооп кайтарат. Кишинин ким экендигин кийимге карап баалоо — наадандыкка жатарын, табылган кийимди кийүү айып эместигин айтып келип:



Эшекке жабуу жапкандай,
Итке тумар таккандай,
Журтта калган, кашыктай,
Ит мүлжүгөн ашыктай,
Кара чаар Мурзага
Кандай кийим жарашат? —

дегенде калың жыйын дуу күлөт. Карамурза минген атын жалга бир чабат да, жыйындан четтей берет. Дал ошол жыйындан тартып Барпы ырчы катары таанылa баштайт.

Акындын алгачкы ырлары көбүнчө өз башынан өткөн азаптарга, жан-жаныбарларга, сүйүүгө-күйүүгө байланыштуу болгон. Айрыкча канаттуулар, айбандар жөнүндөгү ырларды атасынан угат, үйрөнөт. Алыкул да анча-мынча жамактатып ырдап жиберчү экен. Барпынын өзүнүн айтуусу боюнча да «Бул куштардын санаты», «Жырткычтар», «Залим хандар азабы» сыяктуу айрым ырлардын башталышы атасына таандык. Бирок, Барпы буларды эчен электен өткөрүп, кемтигин толтурат, үзүлгөнүн улайт.

Ал эми, «Жыйындагы биринчи ыр», «Кара башыл эчки», «Пада баккандагы ыр», Назарбай жана Назар менен болгон айтыштары, «Жетим», «Жетим кыз», «Теңдик бир күн жарк этер» деген ырлары Барпынын башынан өткөргөн оор күндөрүнүн элесин берет. Буларда ар түрдүү кишилердин: байлардын, кедейлердин, жетимдердин портреттери дапдаана тартылат. Алсак, кара башыл эчкисин карышкырга жедирип койгон баланын чыркырап ыйлаган үнү кулагыңа угулса, жетимдердин башына түшкөн оор күн көз алдыңан кетпейт. Кала берсе Назарбай, Мадали ажы сыяктуу байлар, алардын уу тилдүү айымдары кыжырыңды келтирет. «Теңдик бир күн жарк этер» деген ырда амалдуу, ач көз байдын образы ушунчалык устаттык менен берилген. Адегенде жетимдерге «боорукер», «кайрымдуу» сыяктанып көрүнгөн бай сыйыртмакты камдай берет. Аз-аздан жем таштап отуруп, жетим баланын мойнуна сыйыртмагын салат. Нан ордуна камчы, жылуу сөздүн ордуна — тилдөө пайда болот. Бирок камчы да, тилдөө да жетимдин ындынын өчүрө албайт. Келечекке үмүттүү карайт.

Акындын жаш кезиндеги чыгармаларына сүйүү ырлары да таандык. Назарбайдын коюн багып жүргөндө эле «Тартип» деген ырды чыгарат, ал бат эле

Жалал-Абадская областная библиотека

элге таркап кетет. Түзүлүшү жагынан да, мазмуну жагынан да бул элдик күйгөн ырлар менен айкалышып турат. Демек, алгачкы сүйүү ырларын элден уккан ырлардын нускасын алууга аракеттенген. Ушул ырдын катарына «Ак-Дилвар», «Карай көз» деген ырларын да кошууга болот. Ал эми, «Гөзал кыз» деген ырда жогоркуларга караганда бир аз өзгөчөлүк бар. Ал да болсо, ыр башынан аягына карай бир сюжеттик багытка салынгандыктан, окуучунун көз алдына Гөзал кыздын да, лирикалык каармандын да образдары тартылып турат. Кала берсе, ыр түзүлүшү, көркөмдүгү, салыштыруусу, конкреттүүлүгү жагынан да кишинин көңүлүн бурбай койбойт. Ашыктыктын гүл дестесин колуна кармаган лирикалык каарман Гөзал кызды булактан учуратып, ага жүрөк сырын баяндайт:

...Жоолугуң кызыл башайы,
Жол жүрүп келдим атайы.
Жалынга салсаң, өзүң сал,
Жароокер Гөзал сыпайы.

. . . . . . . . . . . . .

Көзүм сүйсө — миң сулуу,
Көңүл сүйдү — бир сулуу!
Көңүл сүйгөн — сен болдуң,
Көрүнөө ашык мен болдум.

. . . . . . . . . . . . .

Тартуум — кызыл гүлүм бар.
Таанырыш үчүн болдум зар.
Зыяда болсоң, кулак сал,
Зарымды угуп, гүлүмдү ал.

Ошентип «жүрөгүнөн» ашыктыктын «торуна илинген» акын бүт «тагдырын кыздын колуна» берип жатпайбы! Бул ырда кызды айга да, күнгө да, перигe да салыштырбайт. Анын табийгы гана сапаттары жүрөктөн назик күүгө салынып, турмуш чындыгы менен көркүнө чыгып турбайбы!

Барпынын ырлары, кайсы гана мезгилге таандык болбосун, өзүнүн конкреттүүлүгү, жөнөкөйлүгү, турмуш чындыгы менен аркак-эриш болуп тургандыгы



менен баалуу. Анын үстүнө «сөздү-сөзгө маш зергердей кынап» коёт.

Акындын алгачкы ырлары, тематикалык жагынан анчалык кеңири болбосо да, реалисттик багыты, көркөмдүгү, логикалык ой тыянагы жагынан жетиле элек деп айта албайбыз. Ар бир ырында өзүнчө мааны, өзүнчө тыянак бар.

Убакыт дөңгөлөгү айланган сайын «бала ырчы» да жетилип толо баштайт. Той-тамашалардан калбай барат, барбасына да коюшпайт. Анткени, улгая түшкөн ырчыларга караганда, бир артыкчылыгы бар эле. Ал — жаш болучу. Демек жаштарга да, карттарга да ылайык. Мына ушул мезгилдерде Барпы сүйүү ырларын көбүрөөк ырдайт.

Базар-Коргон тарапта бир чоң той болуп, ага көп эл келет. Ошол тойдо Барпы Сыдык менен айтышат. Сыдык Чарбак, Ачы тараптык болот. Ал адегенде эле жети атасынан бери карай мактап кирет. Акырында «байгамбардай болгон биздин Бука бийди таанып ал, биз ошонун балдарыбыз. Сага окшош жүгүндүчү эмеспиз» — дейт. Тойго келгендердин бир курдайы күлүп калат. Кезек Барпыга келет. Өзү жөнүндө бир аз баяндайт. Кедейлик кемтик эместигин айтып келип, Сыдыкты бийи менен кошуп сөзгө жыгат. Ал: «атаңар Бука болсо, энеңер кайсы кунажын?» — дейт. Эл дуу күлөт. Мака-Торпоктук Семетей найынка бул жага бербей калат. Мансап талашып жүргөн анын душманынын шермендеси чыкпадыбы.

Тойдун эртеси Семетей өз үйүнө Барпыны чакырып алып аябай коноктойт: үстүнө тон берет, астына ат берет. Өмүрүндө мындай олжо көрбөгөн шордуунун төбөсү көккө жеткенсийт. Семетей жиптин учун узун таштап, Барпынын таякелерин да колго ала баштайт. Жаш ырчыны өзүнө тартып алуу үчүн айылындагы бирөөнүн кара далы болгон кызын эптепсептеп алып берет. Ошентип, Барпынын туш тарабына торун жаят, желесин тартат. Бир жагынан жаштык кылып, экинчи жагынан эки ырчыны жеңип койгонуна көөдөнү көтөрүлүп калган Барпы Семетей найынтын көмүскөдө жаткан арам оюна акылы жетпестен, байдын көрүнөө кылган «жакшылыгына» дарлая түшөт. Ал эми, Семетей болсо, бир жолу болуштукту талашып максатка жетпей калат. Болуштукка жетпесе да, ага кандидат болгондуктан, Семетейди найып деп коюшат. Келерки шайлоодо өз оюн ишке

Жалал-Абадская областная библиотека

ашыруу үчүн мартабасын көтөртүү, өзүнчө көбүрөөк киши тартуу зарылчылыгы турган эле. Ошондуктан, буга толуп жаткан аракеттен башка да, күчтүү эшик ырчысы керек эле. Боз көз Барпыны көргөндө кудай тилегин кош колдоп бергендей сүйүнбөдүбү. Эптеп айласын таап аны колго алгысы келди да.

Барпы эки жылдай ошол жерде жүрөт. Семетей найыптын беш уулу болот. Алардын мамилеси да ырчы балага оң. Назарбайдын, Мадалинин балдарындай какпайт, силкпейт. Буларга арнап «Беш бала мактоо» деп ыр чыгарат.

Күн өткөн сайын Семетей найып да, балдары да сыр көрсөтө баштады. «Башка ырларыңды кой, бизди гана макта. Туз уруп кетет» — дешти. Той-тамашага да кишенделген жанга окшоп бара албай калды. Негедир көпчүлүк эл жактырбагансыйт. Өзү куррактуу мурдагы топураган курбу-курдаштар да жат болду. Аялдын да ылайыктуусу жолукпаптыр. Күндө чыр-чатак. Барпы сар-санаага түштү. Теңир төбөсүнөн төрт колдоп урганына эми түшүндү. Эмне кылуу керек? Бир гана жол калыптыр. Качуу керек. Бир түнү үйүн да, атын да, аялын да таштап качты да кетти.

Акын өзү туулуп өскөн Ачыга барбастан, Чангент оозунда калды. Ысакбай деген сүткорго чейрекер түштү. Анын алты танап (бир гектардай) жерин алып пахта экти. Эккен, өстүргөн, сугарган, чапкан, терген — Барпы, пайдасын көргөн — Ысакбай. Антке ни чейрекердин акысы — түшүмдүн төрттөн бири. Бир жылдык эмгегинен тапкан пайдасы Барпынын жеген-ичкенине да жетпей калды. «Сенин сырың, соодагер» деген ырында Ысакбайдын «катуулугун», «жетимдердин жети айлык акын төлөбөй жер каратып ыйлатканын», бир жыл иштеткени аз келгенсип, кайра Барпыны карыздар кылып «эл ичинде жылоолоп» шерменде кылгандыгын, деги сүткордой «зулум» жоктугун айтып келет да:

Мурдатан билбей курудум
Соодагер сенин сырыңды,—

деп буркурап ыйлап арман кылат.

Барпы кедейликтин айынан молдонун да, ажынын да, байдын да, сүткордун да эшигинде жүрдү, кызматын кылды. Алардын ички дүйнөсү, жорук-жосуну акын үчүн айкын-ачык болду. Жек көргөнү да, душманы да ошолор эле. «Эмчилер» деген ырында бакшы, молдо, эшен, калпа сыяктуу эмчи-домчулардын элди алдоодон башка эч кандай ою жоктугун, алкын агыткан суктугун ашкерелейт:

«Суф» дегени бүтпөстөн
Алаканың тиктейт.
Алаканың кур болсо,
«Үйүмдөн чыгып кет»

дейт. Мына, «эмчилердин» бүт касиети! Канчалык таамай, канчалык күчтүү айтылгандыгы жөнүндө, биз түшүнүк бербесек деле, окуучулар үчүн айкын болуп турбайбы.

«Сук молдо» деген ырында молдолордун кылык-жоругун, «өлүмтүк... сактаган» көркоолугун, бузуктугун ташка тамга баскандай кылып көрсөтөт да:

Көпчүлүктүн ичине
Жетпей өлөр бекенсиң.
Алкымыңдан алганың
Өтпөй өлөр бекенсиң,—

деп бүтүрөт. Ал эми «Сопу» деген ырында болсо, дин өкүлдөрүнүн — эки жүздүүлүгүн, алдамчылыгын эл алдында ашкерелейт:

Сопусунуп элди алдап
«Калаами шариф» окуйсуң.
Селдеңе сүзүп бозо ичип,
Эл жок жерде кокуйсуң.

Мындан артык да маскаралоо болобу? Тим эле ичеги кардын аңтарып таштабадыбы. Ырдын аягын мындайча бүтүрөт:

Сопудан короз авла экен
Короодон терип куртту жейт.
Кузгундай болуп куркулдап
Сопусу курсун журтту жейт.

Мына кызык! «Сопу курт жеген корозго» да жетпей калды. Элди эзип-жегендин өкүлдөрүнөн көрө айбан мал пайдалуу, алардын элге зыяны жок деп тыянак чыгарып отурат.

Барпы үч жылдай Мадали ажынын эшигинде ма-

Жалал-Абадская областная библиотека

лын багып, жумушун иштеп азап тартып жүргөндүгүн биз мурдараак айтып кеткенбиз. Ажынын малайы болуу, кызматын кылуу менен гана кала бербестен, анын элди кантип алдап жүргөндүгүн байкаган эле. Барпы муну унуткан жок. Дайым анын эсинде жүрдү. Молдолордун, кожолордун, соодагерлердин, эшендердин, найыптардын ички кытмыр, былык дүйнөсүнө түшүнгөндөн соң, ажынын да арамза иштерин эл алдына ырдап чыкты. «Мекеге барып... кудайдын үйүн көрдүм»,— деп айтып келген ажынын калпын камгактай учурат. «Меке эмес, Ташкенден кайтып келгенин, Шор дарыя эмес, Нарынды көрбөгөнүн, саткан суулары замзамдын суусу эмес, кудуктуку экендигин, көз мончокторду аттерчиден сатып алгандыгын, тумар деп бергендери парсыча ырлардын көчүрмөсү» экендигин эл алдында далилдейт. «Кудайды» көргөн киши үч жыл иштетип бир торпок бергендигин айтуу менен анын залымдыгын көргөзсө, экинчи жактан «ажыга барам деп элди алдап алтымыш жылдык дүнүйө жыйып алган» ач көз, сук, алдамчылыгын көргөзөт.

Бул сыяктуу залимдер
Бир жагынан алдаса,
Бир жагынан кыйнаса,
Элдин ичи бүлүнөт,—

деп эл башына түшкөн кыйынчылыкка кабыргасы кайышат, каңырыгы түтөйт.

Байларды, дин өкүлдөрүн эл алдында шерменде кылып ырдоодо Барпыны эзүүчүлөрдүн таягы да, ушагы да, кедейлик да коркута албады. Ал ого бетер өжөрлөнүп ырдай берди. Күндөрдүн биринде Чангентке эшен келет. Колунда барлардын коногу болот. Айылдын байлары, бийлери, молдолору, сопулары чогулуп алышып: «Ээ таксыр, биздин айылда Барпы деген кайырдин ырчы чыкты. Баарыбызды шерменде кылып бүттү. Сөксө — тил, урса — келтек өтпөйт. Ушул ыймансызга бир сыр көрсөтүп койбосоңуз болбойт» — дешет. Эшен да тегирмен ташты кылга байлап көрсөтүп ар түрдүү диний маселелерди, о дүйнөнү, дозокуу айтып Барпынын жүрөгүн үшүн алмакчы болот. Барпы үнчүкпайт. Эл менен кошо эшендин конгон жеринде айланышып жүрөт. Бала, бак-таалай тилеп келген аялдарды көзүн сүзүп окумуш болуп калат. Жашыраактарын көрсө,



көзүнүн кыйыгы менен карап, «кечирээк келип дагы дем салдырып алыңыз» деп колу-башын, көкүрөк-мөкүрөгүн кармалап «жалган жерден зикирин күчөтөт». Анын арам оюн, кылык-жоругун, «араандай ачылган напсисин» байкап калган Барпы:

Алдап-соолап пайданы
Байдан көрдүң, эшеним.
Өзүң өлбөй дозокту
Кайдан көрдүң, эшеним?

. . . . . . . . .

Олуя болсоң көзүмдү
Жарык кылчы, эшеним?
Кереметиң көрсөтүп
Анык кылчы, эшеним.

. . . . . . . . .

Олуя болсоң, шал кылчы,
Кулагымды кар кылчы?
Мен билейин, эшеним.
Кереметиң чын болсо,
Ажырашпай сен менен
Тең жүрөйүн, эшеним.

. . . . . . . . .

Атымды берсем назирге
«Акыным» деп мактайсың.
Келе турган ажалдан
Кантип мени сактайсың?,—

деп эшенге кайрылганда, эшен эмес, ошол жерде тургандар да аңтаң болуп эмне айтышарын билбей калышат. «Капырды жоготкула» — дейт ызасына чыдабай жинденген эшен. Кошоматчылар Барпыны түрткүлөп, койгулап үйдөн кууп чыгышат. Бул иш эшенди пир тутуп жүргөн Дыйкан болушка да маалим болот. Ал Барпыны айдатып келип «беш жүз сом» айып салат. Сом эмес, кара тыйыны жок шордуу Барпы эмнесин бермек эле. Болуштун муну менен иши канча. Анын үстүнө Дыйкандын көздөгөнү акча эмес, акындын оозун жап кылуу же өзүнө багынтуу. Төрт тарапка кердирип байлатып коюп камчы

Жалал-Абадская областная библиотека

менен шыбалап урдура берди. Бир жагынан «Орок бий октолсо», экинчи жагынан «Кутчубай камчысын бүктөй» кармап ызырынат. Барпынын агасы Болот элине, туугандарына барып: «Барпыны өлтүрө турган болушту. Жаман да болсо тууганыңар»,— деп жатып элден акча да жыйнап келди. Кутурган залим акчага карайбы?

Барбайсың жакын мага, деп,
Көрсөтөм күчүм сага, деп...
Атыккан Дыйкан даңкым бар,
Тон ордуна камчым бар,—

деп «камчыга тута» берди. Бирок, келтектен Барпы өлгөн жок, болуштун зордугуна көнгөн жок.

Чачылтты жыйган ырымды,
Билебиз Дыйкан зулумду.
Бербегиле, кедейлер,
Колуңдагы пулуңду,—

деп үнүн бийик чыгарып кайышып турган элге кайрылат.

Жокчулуктун айынан төрт аягынан тең аксаган Барпы эл аралап ырдай албай калды. Минейин десе аты, киейин десе тону жок. Өзүнө окшогондорго кошулуп алып байлардын пахтасын экти, чөбүн чапты, эгинин орду. Беш-алты киши бир байдын чөбүн чаап жүрүштү. Дал ошол мезгилде орозо келип калса болобу. Ысыгы мээ кайнаткан жай айында орозо кармап алып жумуш иштөөдөн артык азап да, дозок да болбос! Орозо тутпай эле иштесек кантет? — деп жолдошторуна кайрылса, алар ооз ачырбай коюшту. Дин менен ууланып калган караңгы букараларга түшүнтүү да өтө кыйын иш. Кудайдын каарынан коркушат да. Орозого түз каршы чыкпай туруп, анын баркын жолдошторунун алдында түшүрмөкчү болду. Өтө кылдаттык менен бир жагынан тамашага салып, Барпы сөз баштады:

Жаныбарым, орозо,
Эсиң болсо жолобо.
Алты кадак даным бар
«Ай башы» деп тонобо.
Аштык таппай отурсак,
Кайдан кирдиң короого?



Олтургандар карап калышты. Барпы орозону байларга, ажыларга, молдолорго, эшендерге, датkaларга, кожолорго жумшай берет. «Аштык таппай турган бул жерде эмнең бар?»,— деп орозонун алдына суроо коёт да, өзү жооп кайтарат. Сенин баркыңа колунда барлар жетпесе, «бизге окшогон жатакчылардын» колунан эч нерсе келбейт. Сени сыйлай албай капа кылып койбойлу дейт. Акындыктын күчү менен отургандарды өзүнө тартып алган ырчы:

Кана эмесе, курбулар,
Чаначтагы жарманы
Чалк көтөрүп салалы.
Чердейген соң курсактар
Чалгыны колго алалы.
Орозо чочуп жоголор
Чөптү шылып калалы,—

деп жармадан жутуп-жутуп алат. Орозосуз да ачка отурган жатакчылар карап турсунбу — алар да «ме...ден келген конокту «сыйлоого» киришти.

Бул ыр элдик жөнөкөй ык менен жомоктолуп айтылат. Бирок анда ушунчалык терең мазмун, терең ... жатат. Ошол кездеги коомдук түзүлүштү, эзүүчү ...ейрөнүн былык жактарын, диндин жана анын өкүлдөрүнүн элди ажыдаардай ууландырып соруп жаткандыгын төкпөй-чачпай эл алдында ашкерелейт, бетин ачат.

Күн өткөн сайын Барпынын дүйнөгө көз карашы өзгөйүп, эл арасындагы терс көрүнүштөрдү даана... көрө баштады. Ошолорду айтып, билбегенге-...ндирип, туйбаганга-туйдуруп коюу — бирден бир ...йнумдагы карызым деп билди. Терс көрүнүштүн ...үлдөрү күн куру эмес жолугуп турат, бүтөр ишиң... бузуп «элди гөйкапка түртүп» жеке башынын «ка... жейт». «Ач көз» деген ырында:

Көзү тойбойт малына,
Көз артат элдин баарына.
Ыраа көрбөй чыт көйнөк
Ырастан алган жарына,—

...ага мүнөздөмө берет да:

Угар болсоң, калайык,
Айткым келди бир сөздү:

Жалал-Абадская областная библиотека

Карымбайды жуткан жер
Качан жутат Ач көздү?,—

деп көпчүлүктүн алдында анын «алкы тыйылбаган» сугалактыгын дүнүйө үчүн элге өлүм тилегендигин көрсөтөт да, Ач көздөрдөн кутулуунун жолун табууга элди чакырат.

Акындын «Бузуку», «Ушакчы», «Питина» деген ырлары эл арасына чуу салып жүргөн «чуукуйруктардын» жорук-жосунун, бейбечараларга «салган акыр замандарын», аларды «миң бир ушак ээрчип жүргөндүгүн көрсөтүү менен сатиранын өткүр найзасына сайып алып элдин каарына кактайт. Бул сыяктуу бөйөн-чаяндарды колдоочулар ким? — деген суроого Барпы мындай жооп берет.

Бузуку жамандаса,
Сөзүн коштойт.
Улук да калыс эмес,
Бузук окшойт.

Акыйкат сөз. «Улуктар бузук» болбосо, майдалары кайда бармак эле? Жөлөнөр «тоосу» бар үчүн эл ичине бүлүк салып жүрүшөт да.

Барпы жалганчылардын да, желөпкөлөрдүн да, келесоолордун да өздөрүнө ылайык мүнөздөрдү таап сүрөттөп, мыйыгынан күлүп коёт.

Ар түрдүү мүнөздөрдү өздөштүрүү — Барпынын турмуш чындыгынын сүрөтчүсү кылат. Акындын жигиттердин жакшысы же жаманы, кыздардын жакшысы же жаманы, аялдардын жакшысы же жаманы жөнүндөгү психологиялык портреттери турмуш деталдары менен толукталып, өздөрүнө тиешелүү боёктор сүртүлгөндүктөнбү, айтоор, биринен экинчиси айырмаланып турат. Окуучулардын көз алдынан мүнөздөрү, кылык-жоруктары бир бирине окшобогон оң жана терс каармандар чубашып өтө берет.

Ошентип, көрүнгөн байларга чейрекер болуп эл ичинде жүрүү, ар түрдүү мүнөздөгү, даражадагы кишилерге жолугуу, азаптуу күндөрдү башынан өткөрүү Барпыны чындыкты тайманбай ырдоого, эзүүчү-бийлөөчү таптын келишпес душманы болууга үйрөттү, анын ошол кездеги түзүлүшкө карата болгон көз карашын түздү, бекемдеди. Айыл-апага келе калган бирин-экин гана ырчыларды көрүп сүйлөшпөсө бул мезгилде ырчылардын чөйрөсүнөн четте калат.



Бирок, ырдан четтей албайт. Кычыраган чилдеде ылай жасатып малкана салдырган Ысмайыл бий да, «тон ордуна камчы» менен жонунан кайыш тилип алган Дыйкан болуш да, «дозоку» деп күнөөлөгөн эшен да, кала берсе, күнү-түнү тыным албай көргөн шор азап да Барпынын ырын жоготуп, үнүн баса алган жок. Барпынын ыры да, үнү да эл аралай берди.

1900-жылдын башталышынан тартып Арсланбаб, Аркыт, Кетмен-Төбө тарабына, негедир, ырчылар көбүрөөк топтоло баштайт. Айрым аш, тойдо кырк-элүүгө жетип ырчы жыйылат. Албетте алар жөнүндө Барпы угат. Ошолорго кошулуп ырдасам деп ойлогондон ойлонот. Эптештирип отуруп бир ат сатып алат да, ырчыларга кошулуу үчүн издеп жөнөйт. Чекенерээк тойдон Нышан, Молдо Ташмат, Ганыбай деген ырчыларды жолуктурат. Нышан ырчы менен айтышамын деп, Барпы тепки астында кала жаздайт. Барпы Нышан гана эмес, ага кошуп болуштарды да, байларды да эл алдында «акарат» кылып, мартабаларына сөз тийгизип коёт.

Молдо Ташмат түрк, парсы тилдериндеги бир топ ыр-казалдар менен таанyштыгы бар киши экен. «Көрстук кылып жакшылардын назарынан калбасаң, менден бир нерсе чыгат»,— деп Барпынын жөндөмдүүлүгүнө баа берет да, акыл-насыят айтат.

Ошол кездеги Барпы жолуктурган ырчылардын көпчүлүгү санат ырдайт. Кээ бирлери диний жактарына көбүрөөк көңүл бурса, кээ бирлери жаратылыштагы көрүнүштөрдү, болмуштарды баяндап өтөт. Барпы да санат ырдоого киришет. Бир ашта молдо Бекназар ырчы «Айт, айт десе»... деген ырды ырдайт. Анда:

Айт, айт десе — кудайды айт,
Арпаны эмес, буудайды айт.
Корошон барган кожону айт,
Кол баштаган ажыны айт... —

деп динге байланыштуу көп нерселерди туюнтуп кетет. Динден жакшылык көрбөгөн Барпыга бул ыр кайдан жаксын. Ал өзүнчө «Айт, айт десенин» жаңы вариантын ырдап чыгат:

Айт, айт десе — ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.

Жалал-Абадская областная библиотека

Бири — күлсө, миңи — ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга — бакыт, кедейге —
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу
Жакынын, байды калкалайт.

Кедей барса арыз айтып
Көргүсү келбей чалкалайт.
Теңсиздикти ушундай
Адам качан талкалайт?!

. . . . . . . . . .

Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Күлгөнүнөн ыйлоо көп.
Алуу эмес, берүү көп,
Ар азапты көрүү көп,
Калктын ичин бөлүү көп,
Көпчүлүктү сөгүү көп,
Көздүн жашын төгүү көп,
Тирүүлөйдөн өлүү көп,
Көңүлү өспөй чөгүү көп,
Айта берсе далай кеп
Көздүн жашын курутпайт,
Адам муну унутпайт!

Мына Барпынын үнү! Тим эле адамдын жүрөгүнө барып жабыша түшүп жатпайбы. Элдин көргөн күнүн, боздогон үнүн күүгө салып ырдап, элдин өзүнө жарыялап отурушу — эмне деген керемет! Барпы кыйынчылыктарды, кубулуштарды санап айтуу менен гана токтолуп калбастан, элге кошулуп алып келечектен үмүткер. Алсак:

Айтам десең чындыкты
Башка кайгы салганды айт.
Өмүр бою эзилип
Уу тырмакта калганды айт.
Уу тырмакта мыкчылып
Эси оол калганды айт.
Башыңа түшкөн азаптан
Куткаруучу балбанды айт,—

деп ушунчалык «уу тырмактар» баткан азаптан эртеби-кечпи, айтоор, бир «балбан куткарарын» айтып, элди келечектен үмүт үзбөөгө үндөп жатпайбы.

Кыргыз акындарынын арасында кеңири таркалып, көп айтылып жүргөн ырлардын бири — «Аккан суу». Биздин билишибизче бул темада Жеңижок, Токтогул, Ботобай сыяктуу бир топ акындар ырдаган. Алган темасы бирдей болгону менен ар кимиси өзүнчө чечкен. Жеңижок динге байланыштырса, Токтогул жаратылыштын бир көрүнүшү катары баяндайт. Ал эми, бул темага Барпы да кайрылат. Барпынын «Аккан суусу» биз атап кеткен акындардыкынан өзгөчөлөнүп турат. Анын бардык касиеттерин кудайдын «кудуретисиз» бөлүп, турмуш чындыгы менен байланыштырат. «Аккан сууну» жер эненин бир баласы катарында ырдайт.

Барпынын Күнгө арнаган философиялык ыры жогорку поэтикалык деңгээлде жазылган. Ал ырында жердин да, адамдын да, айбандын да, өсүмдүктөрдүн да өмүрү — Күн дейт. Күндүн касиеттерин айтып келип:

Миң-миңдеген кылымга,
Айта келсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың,
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң?,—

деп Күндү өлбөстүктүн символу катарында көрсөтөт да, өзүнүн ырларына Күндүн өлбөс нурларынан канат тилейт.

Акындын «Шамал», «Ажал» деген ырлары да жогору жакта биз атап кеткен философиялык темага жатат. Көркөмдүк жагынан болбосун, мааниси жагынан болбосун бул ырлар кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү орундардын бирин ээлейт.

Ырчылык — Барпынын негизги кесиби болуп калды. Анын даңкы эл арасына тарай баштайт. Бул мезгилдин ичинде отуз-кырктай акындар менен учурашат. Айрымдары менен айтышат, кээ бирлери менен бирге жүрөт. Ошол жылдары элге башы көрүнүп калган ырчылардын: Жеңижокту, Ботобайды, Чоп ырчыны, Нур молдону, Накенди, Сабырды көрөт жана алар менен таанышат. Барпынын ырчылыгын Жеңижок өтө жогору баалайт. Токтогулга барып, бир жолугуп көрө турган экенсиң дейт. Ошол

Жалал-Абадская областная библиотека

кезде Барпы Токтогулдун атын укса да, өзүн көрө элек болучу. Айрым шартка, айрыкча кедейликке байланыштуу, Барпы Кетмен-Төбөгө бир топко чейин бара албай жүрдү.

1915-жылы Барпы Кетмен-Төбөнү көздөй жол тартты. Аны жол билген Далбай деген киши ээрчитип барат. Адеп барган күнү конорго жер таппай, ал эми аш берген үйү болсо, «ырчыдан көп неме жок, кайда барсаң, анда бар»,— деп кондурбай койгон соң Үч-Теректик Бекназар таз деген жетимдикине мейман болушат. Эртеси күнү Токтогулду издеп жүрүп, кечке жуук араң табат. Жүрөгү даап кире албай бир топ убакыт короодо жүрүп Токтогулдун ырын угат. Акырында кайратташып туруп Далбайды ээрчип салам айтып кирип барат. Токтогул чоочун жигитти баштан аяк бир карап алат да, бир өнөрүң бар баласың го?,— деп сурайт. Дал ошол жерден эки ырчынын таанышуусу, учурашуусу башталат. Токтогул Барпыны ар түрдүү ырларга, ыкмаларга салып сынап көрдү. Барпы жоргосунан жазган жок. Улуу акындын көңүлүнө толду. Туура багыт берип, келечекти жаш ырчыга туюнтту:

Оңолор заман биздики
Оодарылып кылымдан.
Кутуларбыз жарк этип
Куруттай эзген зулумдан.
Жаркырап бизге таң атар,
Жамандар бизден адашар.
Кабарын уккам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар.
Айтайын десем ашкере
Чыгарбайт азыр турмуш тар.

. . . . . . . . .

Акылың болсо билип ал,
Абаңдын айткан ырларын
Алтындай сактап, түйүп ал.

Мында акын жүрөктө жаткан сырды Барпыга ачып таштабадыбы. Барпы — ини, Токтогул — ага болуп калды. Ошондуктан, биринен бири сыр жашырбай бардыгын ортого салып отурушпайбы. Жакшылык күндүн кабарын уккан Барпынын төбөсү көккө жете түшкөнсүдү.



Эртеси Токтогул берген атты минип алып жыйынга барды. Отуздай ырчы ырдап туруптур. «Беш камандар» чаркылдап жыйынды башкарып турган кези экен. Барпы да барып ырчылардын катарына кошулду. Ошол жерде Жолой, Эшмамбет, Коргоол сыяктуу ырчылар менен таанышты. Токтогул менен жолугушуп, анын мактоосуна арзып көңүлү көтөрүлүп калган Барпы «Беш камандын» эшик ырчыларын аш бышымга койбой жеңип койду. Айрым ырчылар беттешүүгө даабады. Муну көргөн Керимбай: «Барпы ырчы, сага айтар бир сөзүм бар. Биздин элде кал. Үстүңө — тон, астыңа — ат, кумар жазар — кыз берели» — дейт. Анда Барпы: «Мен ат, тон, кыз үчүн келген эмесмин, ырдаганы келгемин. Ырдашар акынынды алып чык»,— деп жооп берет.

Барпы Кетмен-Төбөдөн көңүлдүү кайтты. Антке-ни — көптөн бери ойлоп жүргөн максатына эми гана жетип, ырдын казынасына батып келе жатпайбы. Ал кубанбаганда, ким кубанмак!

Токтогулга жолуккандан кийин Барпы көбүрөөк санат ырларын ырдай баштады. Алардан Токтогулдун тийгизген таасири апачык көрүнүп турат. Бирок Барпы санаттарды улуу акынды сокур туурап ырдаган жок, ага өзүнчө боёк, көркөмдүк, маани берип ырдады, өзү билген турмуш чындыктары менен толуктады. Токтогулдун «Дүнүйө» деген ыры баарыбызга белгилүү. Ал эми Барпы да ушул эле ат менен ыр чыгарды. Сырткы түзүлүшү, ыкмасы жагынан окшоштук барга окшойт. Бирок Барпы ага таптык маани берди, салыштырууларын, ыкмаларын өзүнчө курду. Эгерде Токтогул дүнүйөнүн келишин жана кетишин эки башка көрүнүш аркылуу берсе, ал эми Барпы болсо бир эле көрүнүш аркылуу дүнүйөнүн келишин да, кетишин да көрсөткөн. Мисалы:

Т о к т о г у л д а:

Келеринде, дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетеринде, дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес
Айланып учкан шумкарсың.

Б а р п ы д а:

Келеринде, дүнүйө,
Арыкка сууну бургандай,
Төрүңдө жолборс тургандай.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кетеринде, дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай,
Төрүцөн жолборс качкандай.

Келтирилген ушул эки мисалды талдап көрөлү. Биринчисинде: дүнүйөнүн эки көрүнүшү эки башка нерсе менен салыштырылып жеткирбес айланып учкан шумкарга салыштырылып жатат. Демек дүнүйөнүн эки көрүнүшү эки башка нерсе менен салыштырылып көрсөтүлдү. Экинчисинде болсо: дүнүйөнүн келишине да, кетишине да бирдей гана нерселер алынып, алардын оң жана терс жактары сүрөттөлөт. Кыскартып айтканда, Барпы Токтогулдун ырларын сокур туурап ырдабастан, аларга өзүнчө чыгармачылык өң берип, маани берип ырдаган.

Бул жылдары Барпынын ашыктыкка карата болгон көз карашы да өзгөрөт, кеңеет. Натыйжада бир далай сүйүү ырлары асмандап жүргөн салыштыруулардан, ашыктыктын көз жашын көлдөтүп муңга батуудан оолак. Аларда оптимисттик багыт, таптык тыянак бар. Кайсы гана сүйүү лирикасын окубайлы, андан жүрөгүңдү ойготкон назик күү угулуп турат.

Акын кичинекей гана ыр менен чоң махабатты көрсөтүүгө аракеттенет. Ушул жыйнакка кирген «Ичтеги дартты айдасак» деген алты сап ыр бар. Бирок алты гана саптан түзүлгөндүгүнө карабастан, пейзаж, да, ички сезим да, үмүт да, мөлтүр таза сүйүү да өз ордун тапкан.

Барпынын сүйүү ырлары түзүлүшү жагынан болсун, мааниси жагынан болсун, биринен экинчиси айрымаланып турат. Биринде айтылган ой башкаларында кайталанбайт. Мына, «Гүл кыздар» деген ырын алып көрөлү. «Эжелүү-синди — эки кыздын» сүрөтү көз алдыңа даана тартылат. Эки гүлдүн ашыгы болгон лирикалык каарман үчүн экөө тең — сулуу, экөө тең — бирдей. Ошондуктан экөөн тең күүгө салып ырдап олтурат:

Бириң — кыздын нурлуусу,
Бириң — кыздын сулуусу.
Бириң — алма бактагы,
Бириң — жүзүм шактагы.
Бириң — чынар, бириң — бак,
Бириң — булбул, бириң — шак.
Бириң — комуз, бириң — үн,
Бириң — аалам, бириң — күн.



«Алтын», «Коноюн», «Ак-Жылдыз», «Мөлмөлүм», «Арзыкан», «Дилварим», «Мырзайым», «Буракжан», «Лөлүкан» деген ырлары өзүнүн оригиналдуулугу, жогорку көркөмдүүлүгү, таптык тыянактуулугу менен окуучуларга сүйкүмдүү. Айрыкча «Мөлмөлүм» деген ырындагы поэтикалык күч, табылга, тыянак ар бир кишинин көңүлүн өзүнө тартып алып, аны саптан сапка ээрчитип отурат.

Кыргыз элине кеңири таркаган эпостук чыгармалардан башка да, бир топ поэмалар, ырлар бар. Ошондойлордун бири — «Ак-Саткын менен Кулмурза» (кээде «Мырза уул» делип да айтылат). Түштүк кыргыздардын ичинде бул ырдан кабары болбогондору жокко эсе болуу керек. Кээде «дем алып алалы» дештин ордуна «Мырза уул» же «Ак-Саткын»... айтып алалы» дешет. Эл ичинде кеңири белгилүү болгон ушул сюжетке көп акындар кайрылышты. Алардын ар кимиси негизги сюжетке, таланттарына жараша, өзүнчө кошумчалар киргизди. Биринники жакшы чыкса, экинчисиники начар болуп калды. Бирок мунун баары бул ырдын эл ичине кеңири таркалышына алып келди. Бул сюжеттен Барпы да четтеп өткөн жок. Азырынча кыргыз акындары тарабынан азыраак колдонулуп жүргөн он муун өлчөмү менен аны ырга салды.

Бул поэманы сүйүү жөнүндөгү гимн десек аша чапкандык болбос. Барпы бүт поэтикалык күчүн, жөндөмдүүлүгүн ушул поэма аркылуу көрсөтө алган.

Маркум акындын Октябрь революциясына чейинки ырлары, колдо бар материалдарга караганда, «Ала-Тоо көрккө келбейт, эл болбосо» деген ыр менен аяктайт. Бул ырда бир топ философиялык ой жүгүртүүлөр бар. Ыр негизинен «жер болбосо» адамга тиричилик болбойт, ал эми «эл болбос» жерде «көрк болбойт» — деген тыянакты билдирет жана башынан өткөн азап-тозок турмуш сабактары акынды да, элди да «көздөгөн максатка жетүү» үчүн «бүт жаракты колго» алууга алып келгендигин баяндайт.

Акын Барпынын Октябрь революциясына чейинки ырларын окуганда, анын азаптуу оор күндөрүн, майтарылбас кайратын, назик лирикасын, куйкумдуу сатирасын, келечектен үмүтүн саякат кылып чыгасың. Көргөн азабына кайгырсаң, ийгилигине кубанасың.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын таңы аткан жылы Барпы отуз үч жашта болот. Жаңы

Жалал-Абадская областная библиотека

таң Барпынын күчүнө-күч, ырына-ыр, үнүнө-үн кошту. Өткөн оор күндөр менен жыргалдуу жаңы заманды салыштырып ырдоо менен, жанынын жеңиштеринин сонун жактарын көрсөтүп бүткүл элди жаш Совет өкмөтүнүн, Коммунисттик партиянын айланасына топтолууга чакырды. Алсак, ал «Партияга» деген ырында:

Көзүмдүн жашы жуулду,
Жыргалдык турмуш туулду.
Жарыды айдай бетибиз,
Толук бир болду эсибиз,—

деп ырдайт. Мында жаңы замандын куруучусу — Коммунисттик партиянын ушул күнгө, ушул жыргалга жеткиргендигин бүткүл үнү менен элге жарыялап жатпайбы!

Барпы жаңы замандын даңкын ыры менен гана даңазалап кала бербестен анын активдүү куруучуларынын, күрөшчүлөрүнүн бири болгон. Агасы Алыкулов Болот 1919-жылы Коммунисттик партиянын катарына өтөт. Өмүрүнүн аягына чейин (1930-жылы Молдо Жусуп деген басмачы мыкачылык менен өлтүрүп кетет) партиянын, жаш Совет өкмөтүнүн иши үчүн жан-дили менен күрөшкөн. Барпы дайыма агасы Болот менен бирге болот. Ал Чангент айыл Советиндеги кедейлердин башын кошуп «Союз кошчу» түзөт жана анын биринчи председатели болот. Айылдан айылга барып элди жыйнап, аларга Совет бийлигин, партияны, Ленинди даңазалап ырдап берүү менен байларга, манаптарга каршы күрөшүүгө, бирдиктүү бир уюмга баш кошууга чакырат.

Ошол жылдары «Ленин ата» деген ыр чыгарат. Бул саясий мааниси жагынан да, көркөмдүгү жагынан да жогорку пафостогу ыр.

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы —
Калк атасы Ленинди
Ырдабай Барпы турабы!

Чарчаган кезде дем болдуң,
Чейрекер менен эл болдуң.
Жарды менен жалчыга
Азаттык берген сен болдуң,—



деп Ленин жөнүндө баяндайт да, андан кийин өз башынан өткөн оор күндөрдү, азап-тозокторду элестетип айтып өтөт. Жаңы заманга кубанганын айтат:

Эчен жаңы иш көрдүм
Элдин ичин аралай.
Кедейлерди чогултуп
Эркелеттиң баладай
Соо кишидей иштеймин
Сокур көзгө карабай.

Жаңы доордун ишине бүт берилген Барпы көздөрүнүн начар көрүп калгандыгына карабай күрөшүүчүлөрдүн катарынан кетпейт. Кийинчерээк Барпы Чангент айыл Советинин председателинин орун басарлыгына шайланат. Жер реформасын жүргүзүүдө, басмачыларга каршы күрөшүүдө, кулактарды тап катарында жоюуда Барпы сыяктуу белдүү күрөшчүл кишилердин айылдык Советте болушу өтө зарыл эле.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында илгертен бери өкүм сүрүп келген эзүүчүлөр табынын өкүлдөрү оңой-олтоң эле баш ийип бербеди. Алар колунан келген бардык кыянатчылыктарын кыла баштады. Анын үстүнө жаңылыкка түшүнө албай, терс элементтерге буйласынан жетелетип жүргөн кедей-кембагалдар да жок эмес эле. Бул сыяктуу оор кырдаалда жан-дилин партиянын иши үчүн багыштап койгон агитаторлор керек болучу. Барпы дал ушундай агитатор болду. Ал ыры менен да, сөзү менен да, талыкпас кайраты менен элди уюштура алды. «Алдаяр, балдар алдаяр» деген 1918—1919-жылдарга таандык ырында Совет бийлигинин башталганына карабастан, тизгинди колунан чыгарбоого тырышкан Дыйкан казыны сүрөттөйт. Эми казы Барпы үчүн анчалык коркунучтуу эмес. Мурда эшенге каршы ырдайсың деп кердирип коюп урдурса, азыр камчы менен чала-була бир чаап шарыят акысын араң эптеп кетет. Барпы элге кайрылып мындай кызылдардан эми коркпогула дейт:

Партияда кубат бар
Эркинен казы ажырар.
Эсеби бүтүп бир күнү
Тьюрмада көзү жалдырар.

Жалал-Абадская областная библиотека

Тап душманы Дыйканды Барпы эсинен чыгарган жок. Үч жылдан соң ага дагы жолукту. Бул жолу жеңиши колуна тийди.

Партияда кубат бар
Тапты сенин эбиңди.
Бириндетти өкүмөт,
Сен ишенген бегиңди.
«Жоготом» деп кекенип
Оолукkансың өзүмө.
Өкүмүң кетип колуңан
Кан куюлду көзүңө,—

деп «калк ичинен кулак» болуп айдалгандыгын, бир гана өзү эмес, казы «ишенген бектери» да баш калкалар жер таппай калгандыгын айтат.

1927-жылы Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасы жүргүзүлдү. Саясий мааниси чоң бул реформаны жүргүзүүдө Барпы өзүнүн ким экендигин көрсөттү.

Эртелеп келдим Ачыдан,
Уккула ырды Барпыдан,—

деп чогулуп турган элге кайрылат:

Өңкөй турган, кембагал,
Өгүздүү болуп каласың.
Жетинбеген, кембагал,
Жердүү болуп каласың.
Алы кеткен, кембагал,
Аттуу болуп каласың,—

деп партиябыз менен өкмөтүбүздүн жүргүзүп жаткан бул саясатынын маанисин түшүндүрүү менен бирге кедейлер үчүн реформанын кандай пайдасы бар экендигин калайыкка жарыялайт. Малдуу, жердүү болгон бойдон калбастан «оң жолго жыйылып... эмгекке карай бет алгыла» — дейт. Барпы байлардын ар түрдүү амалдарынан сактанууга элди чакырат. «Али көңүлү бузуктар көп»,— деп эскертет. Колунда аздыр-көптүр оокаты бар орто чарбалар жөнүндө Барпы:

Орто дыйкан оолугат,
Ал дагы бир күн соолугат,—



деп туура тыянакка келет. Ошентип, акын активист-агитатор Барпы элдин аң-сезимдүү алдыңкы өкүлдөрү менен бирге жер-суу реформасына колунан келген салымын кошот.

«Биздин туу», «Мактайм шаңдуу үн менен», «Теңдик күн» деген ырларында да жаңы доордун туусун жогору көтөрүп ырдайт.

Кордукту, кыйноону Барпы аябай көрдү. Ошолордун ичинде ажыдан, молдодон, эшенден көргөндөрү да аз эмес. Аларды эсинен кантип чыгарсын. Дайыма ойлоп, кекенип жүрдү. Бир күнү баягы «олуя» эшенди жолуктурду. Кадимкидей түрү жок. «Муруттарынан (мурид) айрылып, гүлдөгөн гүлү соолуп, «Үч-Малайда бекинип» жүргөн экен. Барпы карап турсунбу:

Эшендик кылган убараң,
Сенин эки жүз болгон дубанаң.
Түбүңдү түптөн кууратkан
Жаштарыма кубанам! —

деп эшендин жети өмүрүн жерге киргизип ырдайт.

Барпы Октябрдын талантуу агитатор-жарчысы болуу менен бирге, тап душмандарына эл ичиндеги эскинин калдыктарына, эски таптын саркындыларына каршы аябай күрөш жүргүздү. Ден соолугунун начарланышына карабай жаңы турмуш үчүн, жаңы өмүр үчүн алдыңкы катарда жүргөн күрөшчүлөрдөн болууга арзыды. Анын күрөшү да, ыры да, өмүрү да элге таандык.

Жаш Совет бийлигинин каардуу душмандарынын бири — басмачылар болду. Булар революциянын чет өлкөлүк душмандарынан курал-жабдыктар алып турушту. Басмачыларды кимдер уюштурду, кимдер башкарды? Аларды Совет бийлигинин душмандары — эзүүчү таптын өкүлдөрү уюштурду, башкарды. Алар, албетте, четки душмандар менен байланышта болушту.

Ошол жылдары, партиянын, жаш Совет өкмөтүнүн алдына коюлган оор милдеттер бар эле: ички жана тышкы душмандарга каршы күрөшүп, жакырланган эл чарбасын көтөрүү, элдердин достугун чыңоо жана саясий бирдиктүүлүктү түзүү. Ушулардын бардыгын бир мезгилде барабар аткаруу зарылдыгы турган. Өмүр менен өлүмдүн ортосундагы жүрүп жаткан ушул күрөштөн партиянын ишине берилген

Жалал-Абадская областная библиотека

ар бир ак ниет киши четте калган жок. Ошолордун бири болуп Барпы да күрөшкө чыкты. Жаңы замандын жарчысынын үнүн чыгарбай коюуну алдыларына максат кылып койгон басмачылар Барпынын «артынан түштү». Эмне кылуу керек? Албетте, Барпы «партия менен кеңешти». Партия туура кеңеш берди: жеке баатырдык менен жеңишке ээ болуу кыйын. «Азырынча шашылбай», акырындык менен элди уюштуруп, басмачылардын бүт сырын билүү керек. Андан кийин бирдиктүү сокку урабыз — деди. Басмачылардын «артынан түшүп» куугунтуктап, пайлап жүргөндүгүнө карабастан, Барпы элге алардын шермендечилик кылык-жоруктарын, кан ичкич желдеттигин түшүнтүп ырдап көпчүлүктү ыктыярдуу отрядга кошулууга, гөркоолорго каршы күрөшүүгө чакырат. Ал өзүнүн алдына:

Ажалым чындап жетпесе,
Тамырыңды кесермин.
Шул кегиме жетпесем,
Сөз түйүнүн чечпесем,
Барпылыгым бекермин,—

деп ант, милдет коёт. Ушул антты аткаруу үчүн бардык күчүн жумшайт. «Басмачы» деген ырында алардын шермендесин чыгарып бетин ачат. Бир топ корбашылардын кайдан, кантип чыккандыгын, элге көрсөткөн кордук-зордугун, канчалык «корооюшса» да алардын алсыздыгын, советтик чоң күчкө тең келе албастыгын айтат:

Деги, басмачынын ары жок,
Жанын сактаар алы жок,
Салып койгон зоот жок,
Согуп койгон соот жок,
Кантип бизге эгешти?
Ким деп ойлойт Кеңешти?

Барпы адашып жүргөн айрым кедейлердин тагдыры жөнүндө ырдады. Мисалга «Маккамбайдын каргышы» деген ырды алып көрөлү. Маккамбай эл алдында азыраак ырдап коюп жүргөн момун жигит болот. Аялы Аккыз өңдүү-түстүү келиндердин бири эле. Бото деген корбашы: «Сени ырчы кылып алам, алдыңа ат, үстүңдө үй болот»,— деп Маккамбайды өз айлына көчүрүп барат да, анын аялын «зордук



кылып тартып алат». Боздоп ыйлап журтта калган Маккамбай эми жардамды большевиктерден тилейт. Адегенде советтик түзүлүшкө түшүнбөй адашып жүргөн Маккамбай сыяктуулар үчүн жөлөк да, өбөк да большевиктер партиясы болот деген тыянакты чыгарат Барпы.

Аңдып жүргөн басмачылар бир күнү Барпыны колго түшүрөт. «Ким мыкачы, ким адил» деген ырында бул жөнүндө айкын-ачык баяндаган. Барпы басмачыдан коркпойт, тилин тартпай эл алдында шермендесин чыгарат. Колу, бутун кишендеп алышып жетелеп жөнөшөт. Сай боюна алып барышып өлтүргөнү жатканда, кызыл отряд келип Барпыны ажалдан сактап калат.

Байлар да, казылар да, молдо-эшендер да, басмачылар да, оору да Барпынын мизин кайтара алган жок. Барган сайын курчуй берди. Аны мокобос кылып курчуткан кандай күч болду? Ал күч — большевиктер партиясы!

Басмачыларды жоюу менен тап күрөшү бүткөн жок. Тап душмандары эми ачык күрөшүүнү таштап, күрөштүн башка түрүнө өтө баштады. Жаңы курулушка, жаңы турмушка бүлүк салуу үчүн жашыруун кыянатчылыктарды жүргүзүштү. Алардын айрым элементтери бийлик жагына өтүүнүн жолдорун издешти, кээ бир жерлерде амалдарын ишке да ашырышты. Мындай абал Чангентте да болду. Жалал-Абад кантондук аткаруу комитетинин айрым кызматчылары бузуктардын тилине кирип Алыкулов Болотту айыл Советинин председателдигинен бошотушуп, ордуна Сулайман уулу Султанды коюшат. Бул, албетте, көпчүлүктүн талабына каршы иш эле. Ошондуктан, Барпы кантонго ачык кат жазат. Бул кат «Эрк кедейлерде» деген ат менен жыйнакка киргизилди. Бул ырда бузуктардын кантип уюшкандыгын, алардын кара санатайлык менен жүргүзгөн иштерин, ушактарын айтат да, Султандын ким экендигин түшүндүрөт: чоң атасы Ысмайыл бир нече жыл бий, өз атасы — Сулайман болуш болгон. Ал эми, Султан өзү болсо, агасы Шады Ысмайыл уулу менен бирге басмачыларга кошулуп, Совет бийлигине каршы күрөшкөн тап душмандарынын бири эле. Бирок, бул кантип бийликке келип калды? Биринчиден, бузуктардын колдоосу менен, экинчиден кантондо иштеген айрым саясий сезими жоктордун аңкоолугунан бийликке келип калды. Ошондуктан, Султандын бетин-

Жалал-Абадская областная библиотека

деги парданы эл алдында тытып туруп, кедейлерди күрөшкө чакыруу зарылдыгы келип чыкты. Барпы кедейлерге кайрылып:

Кара таман, кедейлер,
Сындыргын байдын билегин,
Кабынан сууру жүрөгүн!
Улуу Ленин бак берип
Кабыл болду тилегиң.

. . . . . . . . . . .

Маңдайдан кетти шорубуз,
Ачылды таалай жолубуз —

дейт. Андан кийин кедейлердин падышанын убагында байлардан көргөн кордугун, оор күндөрүн эске салып өтөт. Ал кезде колундагы «дүйнөсүнө кызыгып бийликке нааданды койгондугун» айтып келип, азыр ал заман жок, эрк өзүбүздө, бийлик бизде дейт:

Ойлобогун коркууну
Бай, манаптын алдында.
Заманың келди, кедейлер,
Жайкы күндөй жаркылда.
Тартып алгын, кедейлер,
Бийликти бербей Султанга!
Бузуктарга жай кайда
Силердей чоң күч турганда!
Байлар өчүп тарыхтан
Жазылсын кедей дастанга.
Партия баштайт жолуңду
Уча бер, кедей, асманга!

Барпынын ыры оздон оозго өтүп, элге кеңири таркап кетет. Айрым кат тааныгандары жазып да алышат. Чындыгында эле «Эрк кедейлерде» деген ырды Барпынын оозунан эмес, 1928-жылы жазып алып, азырга чейин жатка ырдап жүргөндөрдүн бири Молдали Темирбай уулу деген колхозчудан жазылып алынды.

1930-жылдын аяк ченинен баштап Барпынын көз оорусу күчөп, өзүнчө эл аралап жүрүүгө мүмкүнчүлүк болбой калат. Бирок, анын көкүрөгү ачык эле. Жаңы-жаңы ырларды чыгара берет. Бул кездеги ырлар негизинен эки заманды салыштырууга арналат.



Эски замандын чирик жактарын ачып көрсөтүү менен жаңы замандын берген жемиштерин даңазалайт. «Зарладым өткөн заманда», «Мен көргөн күндөр», «Биз», «Өткөн күнүм», «Күнүм», «Эки заман тууралуу ыр» деген ырларында эски менен жаңынын ортосундагы тарыхый чындыкты эле баян кылат.

Колхоз курулушунун жылдарында Барпы соо кезиндегиден да кайраттуураак аракеттенди. Элди колхозго кирүүгө чакыруу менен өз айлында колхозго биринчи мүчө болуп кирди. Өзгөн тарабында колхоздоштуруу иши иретсизирээк жүрүп жатканын эске алып, партия Барпыны ошол жакка жиберет. Күрөштөрдө тасыгып калган Барпы уюштуруу иштерине, ички душмандарга каршы иш алып барууга, үгүт-насыят жүргүзүүгө белсенип киришет. Өзгөн тарабындагы колхоз курулушу бир жаңсыл жолго коюлгандан кийин айылына кайра келет.

Колхоз курулушунда жүрүп «Биздин заман», «Жаз», «Жайлоо», «Колхоздо», «Колхозчулар», «Кош чыкты», «Айжаркын» деген ырларды чыгарат. Бул ырларында колхоз түзүлүшүнүн жеңиштерин, коллективдүү, ак ниеттүү эмгектин күчү, колхоздук чарбанын өсүшүн мактап ырдайт. Кыргыз жеринин көркүн, табийгатын күүгө салат. «Өзгөчөм» деген лирикалык ырында элдик ырлардын нускасы менен бүгүнкү күндөгү аялдын мүнөзүн берет, көркүн көкөлөтө ырдайт.

Колхоздордун турмушунда кандай жаңылык болсо, андан Барпы четте калган жок. Пахтачылардын арасына барып, алардын эмгегин ырга салды. Канал казылса, ал бүткөнгө чейин ошол жерде жүрдү. Жол казган колхозчуларга кошулуп алып Көк-Арт ашуусуна чейин барды. Кайда барбасын кужурмөн эмгекти мактап, жалкоолорду куйкум сөздөр менен кактап ырдады. Ошентип, көздөн айрылса да, сөздөн айрылбаган Барпы ырчы колхоз курулушунун жаңылыктарынын, жеңиштеринин жарчысы болуп кала берди.

Отузунчу жылдардын экинчи жарымында Барпы жаштарга, балдарга арнап далай ырларды чыгарды. Өзүнүн окубай калганына, карыганда да окуюн десе эки көздөн ажыраганына бир жагынан өтө кайгырса, ушул күнгө жеткенине бардык жерде кадыр-баркка алыгганына экинчи жактан ыраазы эле. Эгерде өткөн заманда эки көздөн айрылса Барпынын күнү эмне болмок эле? Анда кош түндүн ортосунда кал-

Жалал-Абадская областная библиотека

мак. Ошондуктан, эркиндикке жеткирген Коммунистик партияга чын жүрөгүнөн алкыш айтып, дайыма анын таламын талашып, жеңиштерин үнгө салып ырдап жүрдү. Ырларынын көпчүлүгүн партияга, улуу Ленинге, Октябрь революциясына арнады.

Барпы «Тилектеш комсомолдор», «Өскөн элдин балдары» деген ырларында жаштардын кайратын, эмгегин, демилгесин көрсөтөт.

Акын өзү жана сөзү жөнүндө мындай дейт:

Илимден кемчил болуп
Өстүм өзүм.
Жазылсын кемчил болбой
Айткан сөзүм.

Мына акындын тилеги, максаты! Улгайып калса да илимден, жаңылыктан четтеп калгысы келбейт. Ал мектептерге барып балдарга, кыздарга жолугуп, аларга өз башынан өткөн күндөрүн айтып берет, азыркы жаштардын жыргал күнүн куттуктап ырдайт.

«Мектеп жөнүндө ырда» илгерки мечиттеги окуу менен азыркы заңгыраган мектептеги окуунун салыштырып, экөөнүн ортосунда асман менен жердей айырмачылыкты көрсөтөт. Мектепке кандайча баргандыгы жөнүндө:

Мектепке адеп сактап басып кирдим,
Эң сонун дарбазасын ачып кирдим.
Ичинде парталар бар катар турган,
Ошого Барпы акын көңүл бурган.
Эриди оттой кызып менин боюм,
«Окусам жашарып» деп кетти оюм.
Көрбөгөм көп жыл жашап мындай сонун
Түшүндүм партиянын айкын жолун,—

деп партиянын берген жемиштерине ыраазы болгондугун, «партиянын жолу менен (мындан ары да) гүлдөй» тургандыгын, «адамдын кымбат баа» экендигин бардык үнү менен ырдайт.

Жаштардын жүрүш-турушу, максаты, тилеги жөнүндө да бир топ ырларды кошот. Кандай гана кыйынчылык болбосун, аны жеңүү үчүн умтулууга, тартиптүү болууга, жакшы окууга жаштарды чакырат.

Барпы — балдардын сүйгөн ырчысы, жакын досу.



Анын балдар үчүн жазылган ырларын жаш жеткинчектер дайыма эске тутат, ырдап жүрүшөт.

1941-жылы 22-июнда немецтик-фашисттик желдеттер Совет элинин тынчтык эмгегин, бейпил турмушун бузуп кокусунан кол салды... Бардык эл душманга каршы көтөрүлдү. Барпы да жоого каршы ыры менен аттанды. Ал «Биз душманды жеңип алабыз» деген ыр чыгарды. Анда:

Биз душманга жеңдирбейбиз, жеңебиз,
Ат салышып аңтарабыз, эңебиз.
Өзүн билбей бизге асылган душмандын
Канын төгүп, катуу сокку беребиз!,—

деп душман жырткычтын жырткычы болсо да, аны жеңе турганыбызга көзү жеткендигин билдирди. «Жүр майданга! Баатыр балдар, киребиз!»,— деп элди жоого каршы майданга чакырды.

Эл коргоого, душманга сокку берүүгө бардык жактан советтик адамдар жөнөп жатты. Барпы да токтолуп тура албастан... Жалал-Абад станциясына барып, «аскерге жөнөп жаткандарга» кайрылып: «душманды жеңип келгиле!»,— деп үнүн бийик чыгарып ырдайт.

Фронттогу абал менен Барпы дайыма кабардар болуп, аскерге кеткендерден кат алып, аларга кат жиберип турду. Анын «Жаныбекке кат» деген ырында тылдын абалы, Жаныбектин үй-бүлөсү жөнүндө кабарлап тим болбостон, Панфилов, Шопоков сыяктуу анын жердештеринин согуштагы эрдиктерин көрсөтүп сен да ошолордой баатыр бол дейт.

Согуш жылдары «Эр Жолон», «Төрайым менен Шекербек» деген поэмаларды жаратты. Бул поэмаларында аскерге кеткен жаштардын көрсөткөн эрдиктерин, алардын Родинага болгон сүйүүсүн баяндоо менен «жүрөк күүлөрүнө» да токтолот. «Төрайым менен Шекербектин» ортосунда болгон тунук сүйүү, айрым терс каармандардын кыянатчылыгы, кыздын убада-шертке бектиги акын тарабынан жипке тизген шурудай болуп ырга салынат.

Аскерге кеткендердин ордун абышкалар, кемпирлер, аялдар толуктоо менен колхоздун жумушун аксатышкан жок. Ак сакалын жайкалткан карыялар, ак бермет чачтарын жоолукка калкалаган энелер колдоруна кетмен, орок алышып колхоз талаасына

Жалал-Абадская областная библиотека

чыгышты. Ошолордун жанында, албетте, Барпы да болду. Алардын үлгүлүү эмгектерин шаңданта ырдады. Акын өзүнүн «Ак ниеттүү эмгекке» деген ырында «курчутуп орок кайрап, өмүрүн ишке арнаган, (ак сакалдуу) Үркүнбай уулун», аялдардын ичинен чыккан Жусуева Бүсараны» мактайт, алардын эмгегине ыраазы болуп, элдин атынан «ыракмат айтат».

Карыя акын өз колхозунда гана жүрө бербестен башка колхоздорго да барат. Дал пахта терим убагында бир колхозго барып, андан бригадир келин Аптапты көрүп, анын жана бригададагы элдин эмгегин мактап ырдайт. Пахта кабыл алуучу пунктка барып алып Сузак районунун пахтакер дыйкандарынын күжүрмөн эмгегин күүгө салып:

Мынакей Сузактагы дыйкандарым,
Көңүлгө бекем кармайт уккандарын.
Жалпысы жакшы иштеп, мөөрөй алып
Жарышта алга сүрөп чыккандарым,—

деп кубангандыгын билдирет.

Жеңиш! Бул кабар заматта бүт дүйнөгө дүң дей түштү. Кубанычка эл да, жер да бөлөндү. Ошол жерден үнүнүн жетишинче жеңишти ырдап калааны көздөй жөнөдү:

Кол салган душман туралбай,
Артын көздөй качкан күн.
Жеңиш туусу Советтин
Желбиреп нурун чачкан күн!

. . . . . . . .

Душмандарга — арман күн,
Советтерге дарман күн!

Барпы ырдап отуруп элге жетти. Майрам үстүнө майрам кошулду. Бардык жактан шат күлкүлөр угулат.

Кандуу согуш бүттү. Тынчтык эмгек башталды. Барпы да эмгектенген элдин бири болуп биздин жеңиштерди күүгө салып ырдай берди. Анын «Кыргыз эли» деген ыры элибиздин, жерибиздин байлыгын, эмгегин, жеңиштерин, татынакай салтын, эл достугун көрсөтүүгө арналган. Ал эми, «Жигиттик» деген санат ырында Токтогулдун традициясын улап-



тып жигиттерди түрдүү жактан маш болууга, баатыр болууга, сыйчыл болууга чакырат. Акындын «Черин жазылат» деген ыры да жогоркудай эле формада жазылган.

«Бизде» деген ырында Совет элинин күчүн, бирдиктүүлүгүн сыймыктануу менен ырдайт. Анын ар бир сабынан Коммунисттик партиянын жеңишчил туусу желбиреп, урааны угулуп тургансыйт.

Көз жөнүндө айрым ырларды сөз кыстырып кеткени гана болбосо, 64 жашка чыкканча атайын ыр чыгарган эмес. 1948-жылы «Көз» деген ат менен ыр түздү. Анда:

Өзүмө бирге бүткөн ынак көзүм,
Түнкүсүн жарык кылган чырак — көзүм.

. . . . . . . . .

Көз экен дүнүйөнүн жыргалы да,
Өмүрдүн гүлдөп өсүп турганы да!

. . . . . . . . .

Алтын көз — чын табият берген белек,
Жаралдың барчабызга бирдей керек!

. . . . . . . . .

Дүйнөдө көздөн кымбат эч нерсе жок,
Көзсүздүк, оо калайык, билсең тозок.

. . . . . . . . .

Көрбөсө эки көзүм кейишим жок,
Партия жолундамын көздүүгө окшоп!,—

деп көз жөнүндө баян кылат. Көздүн баркын, кымбат баалуулугун канчалык көркүнө чыгарып сүрөттөйт! Барпы көзү жоктугуна кайышпайт, көкүрөгүм тунук, партиянын сызган жолунда көздүүдөй жүрөмүн, андан эч убакта адашпайм — дейт.

Кийинки жылдарда Барпы оорулуу болуп калды. Оорук аналарда жатты. Бирок, ырдан ажыраган жок. Өзү ооруса да, ырына ден соолук, өмүр тиледи. Өлөрдөн бир айча мурда ооруканага тамак алып барган кызына төмөндөгү ырды жаздырып коёт:

Кызым, сен — белде кубат, дарманым,
Калган жок эл ичинде арманым.
Жан кызым, сенсиң — көзүм, көрөрүм,
Жаз, кызым! Калбас жерде өнөрүм!

Жалал-Абадская областная библиотека

Акын адашпаптыр. Анын «өнөрү жерде калган жок», күндөн күнгө жашарууда, жаңы-жаңы гүлдөрүн ачууда.

1949-жылы 9-ноябрда Барпы ырчы биздин арабыздан кетти. Бизге, советтик окуучуларга, «күн нурларын канат кылган» өлбөс-өчпөс ырларын мураска калтырды. Ошол мурастарын, мүмкүн болушунча, ушул жыйнакка толуктап киргизүүгө аракеттендик.

Барпы — кыргыз адабиятындагы ыр түзүлүшүнө да зор салым киргизген акындардын бири. Анын ырлары көп учурларда эл ырчыларынын чыгармаларынан айырмаланып, жазма акындардыкына үндөшүп турат. Эмнеге мындайча? — деген суроо туулат. Буга жооп берүү үчүн Кыргыз ССР эл акыны Аалы Токомбаевдин айткан пикирин кайталап коюуну туура таптык: «Барпыны жазгыч акын деп эсептөө керек. Анын сезими күчтүү эле, бут жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болучу. Көзсүз кишинин дили сабаттуу болот. Бул өзгөчөлүктү да эстен чыгарууга акыбыз жок. Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле». Чындыгында эле Барпы жарык көргөн ыр китептердин баарын окутуп уккан. Алардагы ыр түзүлүштөрүнө да көңүл бурган.

Өз өмүрүндө алтымыштан ашыгыраак акындар менен жолугушкан, ырдашкан Барпы үчүн биринчи кезекте чыгармачылык чеберчилик негиз болуу керек. Жолугушкандардын ичинде Токтогулга окшогон революционер, Өтө, Бекназар, Ташмат, Нур Молдо сыяктуу өзбек, тажик поэзиясы менен тааныштыгы бар сабаттуу ырчылар, табийгаттын жарчысы — Чөп ырчы, жомокчулар, жамакчылар бар эле. Албетте, алар да Барпынын чеберчилигинин өсүүсүнө таасирин тийгизбей койгон жок. Анын үстүнө, Барпы өзү айткандай «машыгуулар» да болуптур. Бир топ көңүлү жакын ырчылар чогулуп алып, ээн жерге барышып, бири менен бири айтышып машыгуу жүргүзүшчү экен. Ар кимисинин өнөрү талкууланып, алдарына жараша баа алышчу экен. Ошентип, бул да бекерге кетпегендир.

Сегиз жашынан тартып кыйынчылыктарды, азаптарды башынан өткөргөн Барпы үчүн турмуштун бардык тетиктери тааныш эле. Ушулардын баары анын ырларынын негизин түзүп, Барпынын ырларын темага да, формага да, мазмунга да бай кылды.

Барпы акындын ырларынан 3—4, 7—8, 10—11 муундуу, же муун өлчөмү сакталбаган ырларды да учуратабыз. Кайсы гана чыгармасын окубайлы, андагы салыштыруулар, уйкаштыктар, көркөмдүк жагы кишини таң калтырбай койбойт. Булар жөнүндө бул жерде терип-тепчип айтпастан, үстүртөн гана кеп салып кетүүнү макул таптык, анткени — алар өзүнчө изилдөөнү, өздөштүрүүнү талап кылат.



1959-жылы ноябрь айында кыргыз адабиятынын классик акыны Барпы Алыкул уулунун туулган күнүнө 75 жыл, өлгөн күнүнө 10 жыл толду. Бул жыйнакты Барпы ырчыны эскерүүнүн бир белгиси катары окуучуларыбызга тартуу кылып чыгарып отурабыз.

*Бакен Ашымбаев*

## УЛУУ АКЫНДЫН ЖЫЙНАГЫ

(Барпынын чыгармаларынын бир томдугуна карата)

Кыргыз элинин ырчы перзенти, акын-классиги Барпы Алыкулов чыгармаларынын биринде өзүнүн граждандык ыйык милдети, акындын коомдук орду жөнүндө чоң ой-пикир айткан. Ал замандын жарчысы, жалпы элдин булбулу гана акын экендигин мындайча курагтырган:

Бууданы болбой замандын,
Булбулу болбой адамдын,
Ырчымын деп мактанба.

Акындын көз карашы боюнча акындыктын улуу касиети ушундай өкүм менен мүнөздөлөт.

Барпынын төрөлүшү жана жаштык кези кыргыз элинин өмүрүндөгү оор тагдыр менен тушма-туш келди. Ал тагдыр адамды тумчуктурган кубанычсыз да, жарык нурсуз да, эрксиз өксөгөн доордун окуучтүү тагдыры болучу. Акындын көзү карапайым эл орус падышачылыгынын катуу кысымынан запкы тартканын көрдү. Акын жергиликтүү бай-манаптардын залимдигине, эсепсиз ач көздүгүнө күбө болду. Андан соң жокчулук менен эркисздиктин, муң-зар менен кайгынын оор жүгүн өз мойнуна көтөрдү. Ошентип, Барпы жалпы журтчулукка түшкөн оор

Жалал-Абадская областная библиотека

күндөрдө турмуштун көзүн таанып, элдин муң-зарын кошуп, залимдик менен талоончулукту ашкерелеп, жаркыраган нур келер бекен деп ырдап чыкты.

Барпы өзүнүн турмуш жолун эне сүтү оозунан кете элек бала кезинде баштады. Ал байда малай жүрүп, отунун алып, суусун куйду, казанын асып, күлүн чыгарды, малын багып, эгинин орду. Бул анын жаш өмүрүнө кеткис дат калтырды. Анын көз алдынан бүтүндөй бей-бечаралар менен букаралардын оор тагдыры, кайгылуу турмушу өттү. Оор күндөрдү башынан кечирип Барпы бир жуткуч байдын эшигин таштап, экинчисиникин аттаган, аны андан ары дагы башкасы күтүп турган. Бирок ал рахат көрбөгөн, бакыт таппаган...

Канткен менен да Барпынын бир рахаты бар эле. Ал өзүнө окшоп жапа чеккен элдин арасы, элдик оозеки чыгармачылыктын селдей аккан дарыясы. Эл арасынан түпсүз кайгыны уккан, ошол эл жараткан ооздон-оозго өткөн учкул мурастар менен таанышкан. Эл мурасы ага канат берген, көңүлүнө терең из калтырган. Ошентип, ал өзүнүн өмүрүн ырга арноого бүтүм кылган, замандын бууданы, адамдын булбулу болууга бет койгон. Ырдын канатына минип, теңдиксиз замандан бакыт издемек болду. Бирок теңдик да, бакыт да таппады. Ал замандын карасын кара, жарасын жара деп ырдады.

Акындыкка бет койгон Барпынын алгачкы ырларында эле чоң сезим, залкар ойлор ырдалган. Анда жөнөкөй жамак, сөз куракгары эмес, ошол доордун элестүү сүрөтү, кедейлердин түйшүктүү турмушунун көрүнүшү, бай-манаптардын ач көздүгүнүн, абийирсиздигинин, бүлдүрүүчү иштеринин бет пардасы сыйрылган жана таптык аң сезимдүүлүк жатат. «Жыйындагы биринчи ыр» деген чыгармадан үзүлүп алынган саптарды окуганда мындай ойлор айтылат.

Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү.
Бай, бийлердин дартынан,
Канча адамзат бүлүндү.

Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу не дейди?
Залимге сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди.



Барпы айыл арасындагы эшик ырчыларынын «үлгүсүн» бузду, бай-манапты мактап ырдоодон баш тартты.

Ушинтип, акындын алгачкы чыгармалары ошол кездеги доордон, эл турмушунан кабар берет. Акындын алгачкы ырлары эле курч чыккан. Элге жакса да, байга, манапка жаккан эмес. Ошондуктан, бай-манаптар эл мунун-муңдап, ырын-ырдап чыккан акынды балтыр кезде майып кылууга аракеттенишет. Жалданма акындар жаш Барпыга чабуул коюшат. Аракет текке кетет. Барпы өз башынан өткөн түйшүктүү күндөрдү төкпөй-чачпай айтып, менменсинген байлардын бетин ачат.

Барпынын өз башынан өткөн күндөрдү калың бей-бечара, букаралардын тагдыры деп кароо керек. Демек ал калайык-калктын муң-зарынын жарчысы болду. Барпынын ырларында элдин жүрөгүнүн деми да, ой-пикири да көрүнүп турду.

Кыйналып жүрүп өлбөсөм,
Кегимди сенден аламын.

Же:

Тобурчак атка жал бүтөр,
Томаяк элге мал бүтөр.
Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик бир күн жарк этер.

Мына бул ыр жолдорунда акындын да, калайык элдин да келечек деген жакшы санаасы, ой-пикири жатат. Акын жаңы заманды, теңдик нурун сепкен күндү көксөгөн. Кыргыз элинин ошол мезгилдеги тарыхый өнүгүшүнүн өзү Барпынын алдына коомдук түзүлүштү өзгөртүү жөнүндөгү талаптарды коюшу да мүмкүн эмес болучу, ошондуктан Барпы өз доорундагы прогрессчил ой-пикирди, жаңыны көксөөнү гана ырга салды.

Бара-бара акындын чыгармачылык арымы кеңиди, көзү көрөгөч, акылы тетик болду. Ал элди алдап, канын соргон жалгыз гана бай-манаптар эместигин билди. Алардын жан-жөкөрлөрү табылды. Акын көп чыгармаларында кожо-молдолордун, эшенкалпалардын алдамчылыгын ашкереледи. Барпы мыскыл ырларынын биринде бакшы, калпа, молдо, эшенди шылдың кылган түрдө: «элди алдаган «жакшылар» деп атаган. Анын «Сук молдо», «Сопу», Мадалы ажыга», «Алдамчы эшен», «Залим хандар аза-

Жалал-Абадская областная библиотека

бы» деген ырлары караңгы замандын сокур жолдошу болгон алдамчыларга каршы ырдалган. Бул чыгармалардын мааниси элге келечек жарык турмуштун дандарын берүүдө турат. Жогорку ырлардын маанисин Барпынын Дыйкан казыдан келтек жегендеги ыры жыйынтыктап көрсөтөт:

Көрдүм залим кордугун,
Көрүнөө кылды зордугун.
Чыдай албай зарданат.
Акын Барпы шордууң.

Чачылтты жайган ырымды.
Билебиз Дыйкан зулумду.
Бербегиле, кедейлер,
Колуңдагы пулуңду.

Бул ырдын акыркы эки жолу катуу каршылык көрсөтүүнүн каары сыяктанып көрүнөт.

Мына ушул ырлардан кийин Барпынын санат, насыят, терме ырларын окуган кезде турмуш, калайык калктын өмүр азабы акынга канчалык ой-пикир, шык бергендиги даана эле чыга келет. Эми Барпы айрым көрүнүштүн жеке азап-тозогун ырдоодон, кең-кесири турмуштук жыйынтыктоого, коомго тереңирээк кароого өттү. Анын ырларында жупуну сүрөттөө эмес, талдап корутунду чыгаруу пайда болот. Бул «Ынтымак» деген ырдан өзгөчө көрүнөт. Ошондон бир үзүндүнү келтирели:

Ынтымагы бар элдин,
Таалайы, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин,
Тапканы бекер чачылат.
Ынтымагы бар элдин,
Эли чогуу жайылат.
Ынтымагы жок элдин,
Эли качан суюлат.

Же:

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот.
Ынтымактуу биригет,
Ынтымаксыз бүлүнөт.



Ынтымак элдин бакты бар,
Бир-бирине баркы бар.

Барпынын революциянын жеңишине чейинки ири чыгармасы «Кулмурза менен Аксаткын» поэмасы. Бул поэманын башаты элдик оозеки чыгармачылыктан башталат. Эл арасында ооздон-оозго көчүп айтылган эң кеңири белгилүү чыгармага көп акындар кайрылган. Ар ким өз күчүнө, шыгына жараша ырга салган. Барпынын поэмасы ошол көп чыгармалардын ирдүүсү да, көрктүүсү да болгон. Ошондуктан акындын чыгармачылык өмүр баянында бул поэма олуттуу көрүнүш, ири табылга катары бааланат.

«Тозоктуу оор күн кетер, теңдик бир күн жарк этер»,— деп зарлай-зарлай күткөн Барпы Октябрдын жеңишине туш келди. Анын тилек ыры эми салтанаттуу ырга айланды. Ал эми жарык күн, жаңы турмуш берген партияны, эркиндик алып, өркөнү өскөн элди, бактыга башы жеткен бечаранын кубанычын ырдап, ай-ааламга маалимдеди. Эл бактысын ырдоо, замандын улуулугун жар салуу Барпы сыяктуу дулдулдардын гана үлүшүнө тийди. Ал жүрөгүнөн оргуп чыккан зор кубаныч сезимин «Партияга», «Ленин ата», «Жер өзгөрүшү», «Ленин тууралу ыр», «Теңдик күн» жана башка ондогон ырларында калкына айтып берди. Бул ырларда калктын кубанычы, партияга, анын улуу кеменгери Ленинге, жаңы турмушка болгон таза сүйүүсү ырдалат. Акын элестүү теңештирүү, салыштырууларды тапкан. Ырларынын биринде ал Ленинди мындайча сыпаттаган:

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы.

Барпынын ыры да, өзү да Совет бийлиги, эмгекчилердин иши үчүн кызмат кылуунун үлгүсү болду. Барпы Совет бийлигине каршы чыккан басмачылар менен күрөшкөн. «Союз кошчуну» түзүшкөн, анын биринчи председателдеринен болгон. Тап күрөшүнүн мезгилинде да күчүн аяган эмес. Ар бир жаңылык, ар бир ийгилик акынга жаңы тема, жаңы ыр берген. Эл арасында Барпынын жер-суу реформасына карата чыгарган төмөнкү ырлары кеңири белгилүү.

Өңкөй турган, кембагал,
Өгүздүү болуп каласың.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жетинбеген, кембагал,
Жердүү болуп каласың.
Алы кеткен, кембагал,
Алдуу болуп каласың.

Мындай үгүт-насыят багытындагы тарбиялык, дүйнө тааныткыч мааниси бар ырлар Барпынын ырларынын кыйласына мүнөздүү келет. Ал Совет бийлигинин түбөлүк бекемдеп калышы үчүн күрөшүү менен ыр ырдап, жаңы доорду кубаттап агитатордук милдетти аткарды.

Тарых өз ишин кылды. Колхоздук түзүлүш жемишин бере баштады. Албан-албан каналдар казылды, чаңкаган жер сууну кана жутту, «ак алтын» деп аталган пахта өнө келди. Жол курулуп, катнаш жакшырды. Ушулардын бардыгын акын жаңылык деп сезди, жаңылыкты жараткан жалындуу адамдарды даңазалап ырдады. «Жаңы канал», «Тилектеш комсомолдор», «Өскөн элдин балдары», «Жаштар» жана башка бир катар чыгармаларды жаңы адам, жаңы турмуш жөнүндөгү ода деп атаса да болот. Барпы эл акыны Токтогул жөнүндөгү көлөмдүү ырын да жогорку ырлары менен бир мезгилде жараткан болучу.

Барпынын чыгармаларын окуган кезде ал тили жатык, сезими тунук акын гана эмес, өз өлкөсүнө ысык сүйүүсүн арнаган жалындуу уул катары көрүнөт. Айрыкча Ата мекендик согуш мезгилинде жаралган ырлар акындын «Мекен»,— деп каккан жүрөгүнүн күчүн, ысык демин көз алдыга алып келет. Барпы согуштун алгачкы күндөрүндө эле мындай чакырык менен кайрылган:

Жүр майданга! Баатыр балдар
киребиз!
Жат душмандын боорун жарып
тилебиз!
Биздин кайрат — тешип өткөн
октойбуз,
Чет душмандан сестенбейбиз,
коркпойбуз.
Биз душманга жеңдирбейбиз,
жеңебиз,
Ат салышып аңтарабыз,
эңебиз.



Өзүн билбей, бизге асылган
душмандын,
Канын төгүп, катуу сокку
беребиз.

Акындын согуш мезгилиндеги чыгармаларынын көркөмдүк жактан мыктысы «Төрайым менен Шекербек» поэмасы. Поэмада бирин-бири сүйгөн жаштардын сезимдери аркылуу алардын мекенге болгон ышкысы, патриоттук ой-пикири көркөмдөлүп берилет. Майданга аттанып бара жаткан Шекербекке кайрылып Төрайым:

Жеңдирбей душмандарга
Жеңип келгин.
Аңтарып ат үстүнөн
Эңип келгин,—

деп жакшы тилегин айтып узатат. Шекербек өз кезегинде: «Барамын Ата мекен жерим үчүн, баратам кан майданга калкым үчүн» деп жооп берип шайдоот аттанат.

Автор андан ары каармандардын бири-бирине жазышкан каттарын келтирет. Ал каттар ыр түзүлүштөрү боюнча бири-биринен айырмаланып, жеке өзгөчөлүккө ээ. Ал каттарда мекен деп кызмат кылган жаштардын назик сүйүү сезимдери бар. Поэмада Шекербектин согуштагы эрдиктери айтылбаса да, ал каармандын: «Окопто жатсам мылтык колумда, тайманбас көзүм душман жолунда» деген сөздөрү менен баяндалат.

Алардын тою болду
Жеңиш күндө.
Келечек таалай жолу
Болду бирге —

деген ыр жолдору поэманын корутундусу болуп эсептелет.

Жыйнакты түзгөн жолдош Т. Байзаков мүмкүн болушунча акындын колдо бар чыгармаларын толук киргизүүгө аракет кылган. Бирок акындын чыгармалары ушул эле деш чекилик болор. Аны жыйноо, толуктоо керек. Бул жыйнак Барпынын чыгармалары менен окуучуларды кеңири тааныштырууга мүмкүндүк берет.

Жалал-Абадская областная библиотека

Бир томду чыгаруу менен Кыргызмамбас жакшы иш кылды. Бул улуу акынга жакшы эстелик.

*Кубанычбек Маликов*

## КЫРГЫЗ ЖЕРИНИН АТАКТУУ ЫРЧЫСЫ

Элдин атактуу ырчысы Барпы 1884-жылы, Кыргызстандын түштүгүндөгү Ачы деген жерде басмырт турмуш өткөргөн кедей Алыкулдун үй-бүлөсүндө төрөлөт.

Ырчынын атасы өтө эле кедей адам болгон, ошол себептен 8 жашка чыкканда эле уулун бир байга жалчылыкка карматкан. Ошентип жаш балтыркан Барпы жокчулуктун айынан чейрек кылымдан көбүрөөк өмүрүн байлардын, казы-молдолордун эшик алдында отуну менен кирип, күлү менен чыгып күн өткөргөн.

Болочок ырчы эртелеп каарын тиккен оорунун кесепетинен 11 жашында эле бир көзүнөн ажырап калган. 1936-жылы болсо таптакыр көрбөй калат. (Атактуу ырчы 1949-жылы 65 жашында дүйнөдөн кайтты).

Акын-ырчынын агасы Болот 1919-жылы коммунисттер партиясына мүчө болуп өтүп, көп жылдар бою өз айлындагы кедейлерге башчылык көрсөтөт жана айыл советинин төрагасы болуп иштейт. Барпы болсо агасы Болот менен бирдикте айылды советтештирүү ишин жүргүзүшөт, мына ошон үчүн тап душмандары эрегишип, булардын аркасынан түшүп аңдып калышат. (Агасы Болотту 1928-жылы басмачылар өлтүрүп кетишет. Барпынын өзүн болсо Кызыл Армиянын отряды билип калып, басмачылардын туткунунан куткарып алат).

Барпынын өмүр жолу бала күнүнөн бери тарта, жокчулуктан, зордук-зомбулуктан башы кутулбаган кедейдин өмүр баяны, азап-тозок көрүү менен дайыма айыгышкан күрөштө жүргөн, акыры совет доорунда душмандарын жеңип чыккан адамдын өмүр баяны.

Барпы кыргыз айылдарында карапайым кетменчи, малчылардын арасында өнүп-өскөн, элдик ырчы болгон. Анын ыр, казалдары ар качан терең маанилүү келип, келишкен көркөмдүгү менен угуучулардын жанын жыргатып, көңүлүн күүгө келтирип турган. Акындын бүткүл ыр чыгармалары ар качан өзүнүн жеке башы менен байланыштуу болгон. Ал эми Барпынын революцияга чейинки жана революциядан кийинки жеке башынан өткөн бүткүл эмгекчилердин тагдырына тиешелүү турмуш эле. Мына ошондуктан Барпынын далай-далай чыгармаларынын анын керт башынан өткөн окуялар менен оролушуп, чырмалышып, эл турмушуна байланыштуулугу жагынан өзгөчө орунду, өзгөчө ишенимдүү сезилет.

Бай-манаптардын, казы-молдо, бектердин адамга болгон айбанча мамилеси, ашынган зордук-зомбулугу бала күнүнөн ач-арыктыкты башынан өткөргөн болочок ырчынын турмушка көз карашын, акыл-эсин эртерээк ойготту. Анын тап сезими да алда канча эрте ойгонду. Өзү бирөөлөрдүн эшигинде жалчылык өмүр өткөрүп жүргөн соң, өзүнүн көргөн азап тозогун ырдабай коё алган жок, айланасында болуп жаткан жийиркеничтүү окуяларды көрбөй, сезбей жүрө албады.

Акындын бир мүчөсү кем болуп (көздөн ажырап калышы), карыптык тартышы, анын каршысындагы зулумдарга жага бербей калды. Ансыз эле көп убакыттарда аяк алдында жүрүп жаткан адамды бул абал кыйла дагы муңкуратты. Ошого карабастан бул арстан кайраттуу адам бир чыгармасында:

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм,
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы болалбайм...—

деген эле. Бул ыр саптары акын-ырчынын бардык ырларына таандык мисал боло алат.

Ырчынын адегенки ырлары ким эшик алдында малайлыкта жүрсө ошолор жөнүндө болду. Барпынын эң алгачкы бет келишкен мырзалары да ошолор эле. Малайлыктын, укуксуздуктун бүткүл азап-тозогун Барпы өз башынан өткөрдү...

Анын биринчи кожоюну өзү да ырчы сөрөй боло турган. Ал өзүнүн малайы менен сөз жамактап сүйлөшө турган болуп калды. Ошол бай Назарбай өз үй кызматчысы менен айтышка чыгып, мына мындай деген эле:

Акмаксың кедей оолукпа,
Бир балаага жолукпа!
Таманың тилип кан алсам
Анан ачылып көзүң соолукпа?..

Жалал-Абадская областная библиотека

Бала Барпы болсо өзүнүн мындай «акындыгы» бар кожоюнуна ал кезде айтканы төмөндөгүдөй гана наалуу болгон:

Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу не дейди?
Залимге сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди...

Байлар менен казылардын, бектердин зулумчулугу жөнүндө Барпынын өзүнө теңтуш дагы бир жаш батрак өтө таамай айткан. Анын сөзү:

Жаш толду кара көзүмө
Жабыр түштү өзүмө;
Азабы мага болду көп,
Ырацымды кан кылбай
Саргарып өңүм болду чөп.

Мына ушундай бир эле батрактын муң-зары өңдөнгөн өмүр баяндар миңдеген ошондой батрактардын өмүр баяны боло алат эле. Ушундай оор авалдар жөнүндө чыгарылган арман-муң ырлар кыргыз кедей-кембагалдарынын арасында дуу тарап кетер эле. Анткени көпчүлүк элдин көргөн күнү, тарткан кайгы зары окшош да, бирдей да болчу.

Эл ичинде таралып жүргөн акыл насааттарды кулагына жакшы куюп алган Барпы, ошол ооздон оозго көчүп жүргөн акыл ойлордун чордонунан алып туруп өзүнүн эчен түркүн акындык чыгармаларын жаратты. Анын адамкерчилик нарк, жакшы салт жөнүндөгү ырлары элге жагып, көпчүлүктүн рухи байлыгына айланып кетти. Барпынын ырлары айрыкча Кыргызстандын түштүгүндө жомоктогудай атак-даңктуу болду. Өзгөчө, «Жакшы аял», «Сонун кыял», «Жакшы жигит», «Жаман жигит» жана башка ушул мааниде чыгарган ырлары көпчүлүк эл үчүн жан азыгындай сезилди. Жакшы аял жөнүндө айтканда:

Сарамжалы шаанилүү
Үйүнүн ичин гүл кылат.
Сүйүп алган жар менен
Бүт тилегин бир кылат —

дегендер эч качан өз маанисин да, көркөмдүгүн да жоготпой турган акыл-насыят сөздөр!



Барпынын достук, ынтымак, марттык, баатырдык жөнүндө чыгарган ырлары канаттуу ойлорго, көркөм сүрөттөөлөргө бөтөнчө жакшы оролушкан. Философиялык (ой жүгүртүү) маанида чыгарылган «Күн», «Шамал», «Өлүм» деген ырлары айрыкча кызыктуу. «Күн» деген ырында:

...Күндүн нуру жеткенден
Өсүмдүктөр жан алган,
Буудай өсүп майсалап
Азык болчу дан алган.
Гүл ачылып көк жайнап,
Булбул куштар сайраган
Өсүмдүктүн баары өсүп,
Эл кубанып жайнаган...

деп акын Күн тирүүлүктүн негизи экенин баяндап, адамды турмушта чоң ишеним менен жашоого, чыгармачыл болууга чакырат.

Акындын далай ырларынын тарыхый мааниси бар. Барпы өз элинин өткөн доорун да жакшы билген, ошол билгендерин өз кезегинде ырга айландырган. Ошондой тарыхый ырларынын бирөө: «Кандардын каары».

Бул ырда Кокон феодалдары хандык күтүп турган убактыларында бүткүл кыргыз элине алардын өтө мыкаачылык, наадандык менен өкүмзордук жүргүзгөндүгү элестетилет. Ошол кара түндөй болгон жылдарды улуу ырчы мына мындайча сыпаттаган:

Кудаяр хан адаты,
Чынжырга итти байлаткан,
Уруштуруп итти ойноп,
Какшыган сайга айдаткан
Карыптарды күйгүзүп,
Кара көзүн жайнаткан.

Мына ошондуктан кыргыздар дал ушул күнгө чейин өтө зулум, өтө жапан, өтө абийирсиздик менен элди тебелеп-тепсеген Кокон хандыгын каардуу наалат, чексиз жийиркеnүү менен эскеришет.

Кыргыз ичинде бул төкмө ырчынын күлкү-какшык ырлары, күйдүргү сөздөрү абдан белгилүү. Бөтөнчө кожо, молдо, казы, эшендердин көз боёмочулук алдамчылыктарына найзасын тике сундурар эле. Аларды бура тарттырбай кармап, жүзү каралыктарын эл

Жалал-Абадская областная библиотека

алдына алып чыгуучу. Мына ошондой чыгармалары-на акын-ырчынын «Алдамчы эшен», «Мадалы ажы», «Эмчилерге» дегендерин кошууга болот. Ал молдо, эшен табыптарды жеткире шылдыңдап, «Өзүңөр өлүп барып көрүп келбегенден кийин тиги дүйнөнү кайдан көрдүңөр? Бейишти кантип көрдүңөр? деп маскаралачу. «Сопу» деген ырында акын мындай дейт:

Сопудан короз авла экеп,
Короодон терип куртту жейт.
Кузгундай болуп куркулдап
Сопусу курсун журтту жейт...

Орозо кармоо жөнүндө чыгарган ырлары динчилердин элдин акчасын, короодон малын кандайча алдап алгандыгын ашкерелейт:

Жаныбарым орозо,
Эсиң болсо жолобо.
Алты кадак даным бар,
Айбашы деп тонобо!
Сени урматтап алгыдай
Жайларга бар орозо,
Төрт түлүккө эсеп жок
Байларга бар орозо!..

Динчилердин бетбактыгын, казы, бектердин зулумдуктарын ташка тамга баскандай таамай айткан ырлары толуп жатат. Маселен «Ач көз», «Жалганчы», «Питина» (битир), «Жел өпкө», «Ушакчы», «Мактанчаак» жана башка чыгармалары биздин айткандарыбызга тикеден тике далил боло алат.

Анын акындык дүйнөсүнүн гүл жайнаган төрү — анын келиштире, жерине жете ырдалган махабат ырлары. Барпынын басмага жарыяланган чыгармаларынын ичиндеги сүйүү ырлары жонунан алып караганда анын революцияга чейин чыгарган ырлары экен. Бул кыргыз турмушундагы, бир кезде кедей уулдары, өзүлөрү чындап сүйүшүп, көңүлдөрү биротоло берилип калгандыгына карабастан калың мал төлөбөсө сүйгөнүнө эч качан колу жетпей турган учур эмес беле. Ал кезде дүнүйөнүн баасы адамдын асыл мамилесинен жогору эле го. Ошондой сүйгөнүнө жетпегендин бирөө Барпынын өзү боло турган.

Барпы бала күнүнөн колунда малы жогунан сүйгөнүнө колу жетпей, кыз макул болсо да калың төлөй албагандыктан ажырап армандуу, өкүнүчтүү болуп күйүткө башы баткандардын арасында кошо жүргөн, демек, ошол, күйүттүү, өкүнүчтүү турмушту жеткире билген. Ошол көргөн, билген, сезгендеринин натыйжасында сүйгөнүнө жетпей калган жигиттин атынан «Буракжан» же болбосо сүйгөнү Лөлүканга арнаган ырында ал үчүн ырынан башка берер байлыгы жок экендигин айтканы өзгөчө маанилүү. Ошондой эле турмуштун эчен түркүн кырын көрсөткөн «Мөлмөлүм», «Гөзөл кыз», «Мырзайым» деген ырлары бар. Барпы Токтогулду өзүнүн туңгуч устатым деп билген. Ошондуктан Токтогул поэзиясынын аты таасирлентиши табийгы нерсе...

Барпынын революцияга чейинки чыгарган чыгармаларынын ичинен эл турмушун терең чагылткандыгы жана көркөмдүгү жагынан «Кулмырза менен Ак Саткын» деген казалы айрыкча бир өзгөчө орунда турат. Бул атактуу ырдын ар башка айтылган варианттары бар. Кай бир убактыларда «Мырза уул» деп аталып да ырдалат. Ошол эле белгилүү окуя Барпынын «Кулмырза менен Ак Саткын» деп казал чыгарышына өзөк болгон.

Бул казалда келишимдүү Ак Саткынга сүйгөн жигити Кулмырза кездешкенде аны кудалап, малдын күчү менен алганы жүргөн бай кармап алып, ырайымсыздык менен өлтүргөнү сүрөттөлөт. Картаң бай Ак Саткынды аялдыкка алуу үчүн аябай чоң калың бергендигине карабастан Ак Саткын менен Кулмырза эски салтты бузуп, ашыктык жолуна түшүп, адегенде Кулмырза бай колунан өлсө, андан айрылгандан кийинки турмуш өмүрдү өмүр деп эсептебей Ак Саткын өз жанын өзү кыйып ашыгы Кулмырзанын аркасынан кетет.

Ак Саткын Кулмырза менен биринчи эле эзилише сырдашканда өзүнүн шору кайнаган турмушун мына мындай сыпаттаган:

Короосу менен мал алып, досум,
Куржунга шыкап зар алып, досум,
Кудалап койгон жерим бар, досум,
Кууураган куу баш теңим бар, досум...

Бул — сүйгөнү Кулмырзанын алаканына биротоло түшүп берген Ак Саткындын жүрөк сыры, көңүлүнүн дарты.

Акындын көркөмдүк табылгалары мол. Ал ашык болгон жигитти алтын чынарга, ашык болгон кызды

Жалал-Абадская областная библиотека

алманын гүлүнө теңейт. Кыскасы, бул казал асыл сүйүү, анын касиеттүү күчү жөнүндө. Кыргыз элинин ыр чыгармаларында батыштын «Ромео менен Жульеттасын» эске салган бир канча окуялар учурай берет. «Кулмырза менен Ак Саткын» же «Олжобай менен Кишимжан» так эле ошолордун өзү.

Бул казалдын ыр өлчөмдөрү да башкача, жаңы. Кыргыз ыр курулушунда сейрек учурай турган он муундуу ырлардан курулат да, окулганда саптары кулакка өтө үндүү, обондуу угулуп, окуучуну мээримдүү илебине дембе-дем тартып олтурат.

Бул казалдын ар бир сабында жаңы ой жатат, ар бир сабында эки ашыктын жүрөк кылдары чертилип турат. Казалдын көркөмдүк кудурети аябай эле жогору. Окурмандын жүрөгүн эң терең жеринен аткыйт. Адамдын кулагына казалдын ар бир сабы баштан аяк обон менен окулуп жаткандай сезилет, үндөнөт. Өзүнүн мазмунунун салмагы ал кездеги жапан башкаруучулардын чексиз зулумдуктарын көрсөтүү жагынан караганда бу казал кыргыздын элдик казалдарынын өтө бийик текчесинде тургандардын бирөө деп айта алабыз. Казал биздин элдин турмушунун караргап, түрү суук мезгилдерине каршы кыжырлануу туудуруп, каарыбызды келтирет. Мен бул казалды эч бир тартынбастан эле «ашыктык жана өлүм жөнүндөгү улуу ыр» деп айтаар элем.

Айтыла кетчү дагы бир сөз: Барпынын чыгармаларынын баары эле орус тилинде бирдей жакшы которулган эмес. Ал эмес, көпчүлүк чыгармалары орус тилинде таптакыр которула элек. Ошондуктан, адегенде эле орусчага «Кулмырза менен Ак Саткынды» которуудан баштоо зарыл. Бул казалды өтө бир мыкты акын котормочу орус тилине которсо казал жалпы союздук окуучунун колдон талашып окуй турган чыгармасы болоруна ишенип коюуга болот.

Барпынын чыгармачылыгында Совет доору чоң орун ээлейт. Саламаттыгынан ажырай баштаганына карабастан акын-ырчы жаңы заманга арнап толгон ырлар ырдаган, толгон ырларды өзү айтып берип кагаз жүзүнө түшүрткөн.

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы.
Калк атасы Ленинди
Ырдабай Барпы турабы!..



Кыргыз тоолоруна Совет бийлиги жаңыдан эле орношо баштаганда ушинтип ырдаган экен бул атактуу ырчы.

Кыргызстандын түштүгүндө 1927—28-жылдарда жүргүзүлгөн жер-суу төңкөрүшүнүн өтүшү чоң тарыхый окуя болгон. Тарыхта биринчи жолу көп кылымдап моюнга минип келаткан жокчулуктан кутула баштаган эл эми өз өмүрүндө жердин, суунун ээси болуп, Барпы сыяктуу батырак кедейлерге өкмөт байлардын, казы-бектердин жерин алып берди. Түштүктө ошол чоң саясы маанилүү өзгөрүш болуп жаткан күндөрдө Барпы:

Өңкөй тууган кембагал
Өгүздүү болуп каласың.
Жетинбеген кембагал
Жердүү болуп каласың.
Алы кеткен кембагал
Аттуу болуп каласың!

Октябрь революциясынан кийин Кыргызстандын түштүгүндө эл аралык империализмге жалданган басмачылар кыйла жылдарга элдин кең-кесири жашашына жолтоо болушуп, кан төгүп турушту.

Барпы булар менен өзүнүн ырчылык таланты аркылуу майданга чыкты. Ал ырчыларда басмачылар бузуку эл душманы, жийиркеничтүү эки аяктуу айбандар экенин көрсөттү. Акын алар жөнүндө:

Жетим менен жесирдин,
Ыйлатып көзүн жаш кылган,
Каяша кылган кишини
Кылыч менен башка урган!,—

деп ырдады.

Барпы жөн сөздү да ырга айлантып, маселдетип сүйлөгөн ак таңдай төкмөлөрдүн бири эле.

Өзүнүн чечен тили, жалындуу ырлары менен Барпы кыргыз жеринде Совет бийлиги үчүн, Ленин партиясынын жолу үчүн үгүт-насиятчы болду, ошондуктан ал тоо өлкөсүнүн кайсы айлына барбасын урматсыйга ээ эле.

Ата Мекендик улуу согуштун жылдарында Барпы патриоттук ураан ырларды, өлкөнү жоодон коргоого чакырган ар-намыс ырларын биринин артынан экинчисин чыгарып, ырдап эмгекчил элдин чаалыкпас жарчысы болгон. Эл, жерине жаны, каны менен бе-

Жалал-Абадская областная библиотека

рилген ырчынын «Кыргыз эли», «Жигиттерге» деген ырлары мына ушул биз айткан маанидеги чыгармаларына мисал боло алат.

Согуш бүткөндөн кийин акын женген элдин эмгектеги ийгиликтери тууралуу көп-көп жагымдуу, уккулуктуу ырларды чыгарды.

Алексей Максимович Горький 1934-жыл СССР жазуучуларынын I съездинде, чыгыштын биринчи эле таланттуу ырчысы Сулейман Стальский менен адеп таанышканда, аны «XX кылымдын **Гомери»** деп атаган эле. М. Горькийдин Казакстандын, Кыргызстандын, Түркмөнстандын, Кара-Калпакстандын эл ырчыларын көрүүгө өмүрү жетпей кеткендиги өтө өкүнүчтүү.

Кыргыздын Токтогул, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул сыяктуу төкмө ырчылары, манасчы, семетейчилер: Сагымбай, Саякбай, Молдобасан, Акмат жана башкалары пролетариаттын улуу жазуучусунун көз алдынан өтүп калышса ошондой эле жогорку баага ээ болору күмөнсүз эле.

Чынында да жогоруда аты аталган кыргыз эл ырчылары **«XX кылымдын Гомери»** менен бир катарга тура алышат. Ал катарда биздин даңктуу ырчы Алыкул уулу Барпынын орду бар экендиги шексиз.

*Сапарбек Закиров*

## БИЗДИН БАРПЫ

Акындык поэзияда бир жалпылык бар. Ал баарыдан мурда төкмөчүлүк өнөрүнүн жүздөгөн жылдар ичинде калыптанып алган традициясынан ачык байкалат. Экинчи жагынан акындардын башынан өткөн турмуш жалпылыгынан келип чыккан окшоштуктар.

Ошондуктан, акындын чыгармалары мазмун, түр жагынан бирине бири окшошконсуп, бирин бири улап жаткансып көрүнөт. Мында элдик поэзияда терең сиңип калган мактоо, кордоо, айтыш, сүйүү ырларынан башка элдик эпикалык дастандардын оздон-оозго өтүшү чоң роль ойногон. Ага карабастан ар бир акындын башка акындардан айырмалап турган «ички сырлары» бар.

Миндеген гүлдөр сырткы формасы, ички маңызы тарабынан бирине-бири окшобогон сыяктуу эле, адамдар дүйнөсүндөгү окшош көрүнгөн жалпылыктар да



өзгөчөлүктөрдү ичине камтып жатат. Муну биз Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул, Жеңижок, Эшмамбет сыяктуу залкар акындардын чыгармачылыгына, ой-дүйнөсүнө терең таанышсак ачык байкайбыз. Бул аты аталган акындардын бардыгы (Жеңижоктон башкасы — С. З.) Токтогулдан таалим-тарбия алган шакирттери катары элге маалым. Ошондуктан ырларындагы идея жалпылыгы, чеберчилик өнөрүнүн окшоштугу толук закондуу нерсе.

Булардын айрымдары Токтогулдан ырчылык өнөрдүн «жашырын сырларын» үйрөнүү үчүн айлап-жылдап, өмүр бою ээрчип, пир тутуп жүргөн.

Дал ушундай Токтогулду пир тутуп, анын ырларын ыйык көргөн акындардын бири Барпы Алыкулов болгон. Барпынын көзү өткөнүнө (1949-ж.) көп жылдар болсо да, анын атын улам жаңыртып, дүңгүрөтүп жаткан заманга — Совет өкмөтүнө миң мертебе ыракмат айтууга болот. Анткени, не бир залкар таланттар — кара жаак, кайчы тил ырчылар, тандайынан чаң чыккан чечендер өткөн каргашалуу заманда туулуп, өзү өткөндөн кийин сөзү да өлүп, ташта тамгасы, кумда изи калган жок.

Азыркы учурда бизге жетимишке жакын акындардын, манасчылардын аты белгилүү. Бирок алтымышка жакын акындын жиги, даңкы атында гана сакталып калган. Бул санакка түшкөн акындар XVIII кылымдын акырында XIX кылымда жашап өткөндөрү. Андан мурда не деген таланттар өтпөдү.

Барпы нукура талант. Эстетикалык сезиминин назиктиги, тубаса акылынын тереңдиги, көркөм дүйнөсүнүн кооздугу менен айырмаланып турган акындардын бири. Негедир анын чыгармалары менен терең таанышкан ар бир адам анын Калык, Осмонкул, Алымкулдан башка бир өзгөчөлүгүн байкайт да ойго түшөт. Эмне үчүн бир эле тарыхый шартта, бир эле мезгилде жашаган акындардын чыгармачылыгы ар түрдүү, ар кыл?

Көрсө, талант жана таланттын деңгээли жөнүндөгү маселе, ошондой эле акын чоңойгон чөйрө бардыгын чечет көрүнбөйбү.

Атагы таш жарган бул төрт акындын жашоо тагдыры, тарыхый мезгили бирдей болгон менен талант деңгээли ар башка, чөйрөсү ар башка болгонун ким билбейт.

Бирок мында биз жалпы элдик поэзиянын эки

Жалал-Абадская областная библиотека

башка өнүгүп келген кооздугун — түндүк менен түштүк кыргыздардын элдик поэзиясындагы көркөм формалардын ар түрдүүлүгүн жана жалпылыгын эске ала отуруп, акындын поэзиясындагы өзгөчөлүктөрүн да түшүндүрүүгө аракет кылышыбызды эске салып жатабыз.

Барпы эл адабиятынан өнүп чыккан жана аны байыткан акын. Анын алгачкы чыгармасы «Жыйындагы биринчи ыр» деп аталган менен өзү байкабай, маанисин ажыратпай уккан «Бешик ырынан» баштап, эчен бир айлуу түндөрдү, кышкы күндөрдү кулачына алган эл жомокторү, тамсил, табышмактар, сезим козгогон секетпайлар болгонун сезип турабыз. Эл чыгармасынын океанында жашап аны укпай, көрбөй калганына ким ишенет. Апап өзү да сезимтал туулган, турмуштагы ар нерсени терецине чейин көрө туя билгенин чыгармасынан да байкап турабыз.

Адамдын турмушту билиши, тилди өздөштүрүшү, маанисин түшүнүшү өспүрүм курагына чейин эле сексен процент болуп кала турганын илим далилдеген. Дал ошол жаштык кезиндеги уккан-көргөндөрү кийинки турмуш таануу илимине көрөңгө болуп, талант өзгөчөлүгүнө карата өркүндөп отурат. Ошондуктан түштүктүн элдик адабиятын терең билбей туруп, Барпынын ырларынын мацызын ачуу кыйын.

Барпынын башынан өткөргөн азап-тозогу көкүрөгүнө чий болуп, өмүрү өткүчө эсинен чыкпай, эчен бир сонун чыгармаларынын жаралышына, пайда болушуна түрткү болсо да, ага белгилүү бир ыраңды, көркөм форманы элдик поэзия берген. Бул айрыкча анын сүйүү лирикаларында, ашыктык ырларында ачык формага өткөн. Түштүктүн элдик ырларында «Ноодайым», «Ак ыргал», «Зардалым», «Мырзайым», «Мөлмөл кыз», «Бекдатка», «Лайликан», «Нускайым», «Өзгөчөм», «Дардисар» сыяктуу адамдын жан сезимин козгогон ашыктык ырлары өтө кеңири ырдалат.

Барыдан мурда бул ашыктык ырынын ар бириңде терең философиялык мааниге сугарылган көркөм сүрөттөр, кусалыкка толгон аянычтуу жалбаруу бар. Ашык болгон адам өтө эле назик сүйгөн жарынын кыймылын, көрүнүшүн сүрөттөп кол тийгизүүдөн коркот.

Абада чолпон жылдыздай,
Арка чачың кундуздай,
Ак ургуздуң сиз бизди, ай.
Көктө чолпон жылдыздай,



Кошулган чачың кундуздай,
Көп күйгүздүң сиз бизди, ай.
Ала десем куладай,
Арка чачың пуладай,
Пуладай сиздин чачыңды,
Кандай пенде сылады, ай?..,—

деп таң калат. Мындай ырлар турмуштун азап-тозогун башынан өткөрбөгөн жаш уландын таза махабатындай наристелиги менен адамды ойго батырат.

Жаш Барпы бада багып, бутуна чоңор кирип, курсагы тойбой курушуп жүргөн кезинде да, жүрөгүнө кубат берген мындай ырлардын ичинде чоңойгон.

Королу болуп койнуңа,
Корголоюн, ыргалым.
Тамчы болуп мойнуңдан
Шорголоюн, ыргалым.
Кол булгайсың, коргондун,
Кем жеринен, ыргалым.
Атаң мени коркутат,
Мал жөнүнөн, ыргалым.
Кыйырдын кызыл түлкүдөй,
Чубаласың, ыргалым.
Эшигиң алды катта арык,
Суу аласың, ыргалым..,—

деп боздоп ырдап жаткан бозойлорду көргөн. Бул ырлардагы жан сезимин козгогон ойлор бойго жетип жар сүйө баштаган ар бир жигиттин мүдөөсүндөгү ыр экени өзүнөн-өзү түшүнүктүү эмеспи. Мындай ырларды уккан ар бир жаш эрксизден терең ойго батып, көздөрүнөн жалын чыгарып, демеп, тунжуроого өтөт. Ал учурда бул ырдын кооздугунан башка нерсе оюна түшпөй, дүйнө жыргалы дал ушул минуттук жыргал сезими менен курчалып, убакыт токтоп калгандай болот.

Барпыга мындай ырлар катуу таасир берген. Анын бүткүл ички сезимине дүрбөлөң салып сөздүн күчүнө багынууга аргасыз. Бирок тубаса талантуу жигиттин кумары жакшы ырларды угуу менен гана канып калбайт эле. Ар ким сүйүү күйүтүн өзү башынан өткөргөндөн кийин толук элестетүүгө күчү жеткен сыяктуу Барпы дагы «Мырзайымдарды» көргөндөн кийин сук-танып ырдоого өттү.

Сүйүү ар кандай талантты ойготкон сыяктуу эле

Жалал-Абадская областная библиотека

Барпынын талантын ойготту. «Бада баккандагы ыр», «Кара башыл эчки» баланын башынан өткөн күйүтүнүн бир учкуну болсо, «Мырзайым», «Гүл кыздар», «Карай көз», «Бурак жан», «Арзыкан» махабат аралындагы күр-шар эткен дайранын салкын илебинен жаралган.

Токтогул «Алымканга» чейин эл арасында ооздон-оозго өтүп көп варианттуулукка дуушар болгон «Насылкан», «Күлүйпа, Күлжар ашык кыз» деген ырлардын сонун вариантын түзүүчү болгонун ким түшүнбөйт. Ошол элдик лирикалар Токтогулга кандай таасир берсе, Барпы акынга түштүктүн элдик ырлары дагы ошондой эле роль ойногон. Алгачкы мезгилде Барпы элдик ырлардын көркөм дүйнөсүнөн чыга алган жок. Чыгып кетүүгө да мүмкүн эмес эле.

Адамды таң калтырып үй курган архитектор биринчи жолу кирпич койгонду үйрөнгөн сыяктуу ар бир акын элдик ырлардын «жашырын сырын» билиши керек эле. Бирок элдик поэзия канчалык сонун болгон менен, Барпынын чыгармачылыгынын деңгээли аны менен чектелип калса, Барпы «Барпы акын» деп аталып калбайт эле.

Ошондуктан Барпынын сүйүү лирикалары бир жагынан элдик лириканын көркөм дүйнөсүн ойго салса, экинчи жагынан акындын өзүнө гана таандык касиетгерге ээ болуп кулпунуп чыга келди.

Акындын «Мырзайым» деген ырын окуганда мурдагы элдик ырлардагы «Лайлыкан», «Ак ыргал», «Өзгөчөм» ойго түшөт. Ал түгүл «Ак ыргал» ырындагы айрым көркөм сүрөттөөлөр жолугат.

Мисалы:

Алты алыштын боюнан,  
Суу аласың, Мырзайым,  
Алты кар баскан түлкүдөй,  
Чубаласың, Мырзайым.  
Ашыктыктан ырдасам,  
Уяласың, Мырзайым.  
Жети алыштын боюнан,  
Суу аласың, Мырзайым.  
Жети кар баскан түлкүдөй,  
Чубаласың, Мырзайым —

деген татынакай куплеттердеги Мырзайымды Ыргалымга алмаштырсак ырдын ыргагы дагы бузулбайт, мааниси да өзгөрбөйт.



Ошондуктан Барпынын Калык, Осмонкул, Алымкулдан бир өзгөчөлүгү — түштүктүн элдик поэзиясынын маңызында. Бирок бул Барпынын сүйүү лирикалары элдик поэзиядан айырмаланбайт дегендик эмес.

Барпы элдик лириканын көркөм дүйнөсүн андан ары тереңдетип, жаңы бийиктикке алып чыкты. Анын «Гүл кыздар» деген ыры «Мырзайымдагы», «Алты кар баскан түлкү», «Көлдө ойногон өрдөк», «Суу боюндагы суусарга» такыр окшобойт. Мындагы салыштыруулар, параллелизм таптакыр башка формада. Акын жүрөгүн ээлеген жалгыз Мырзайым эмес, «Эжелүү, сиңди — гүл кыздар». Мында таң кала турган бир нерсе Токтогулдун «Күлүйпа, Күлжар ашык кыздарына» сырткы окшоштукту түзгөндүктө.

Кыргыздын элдик ашыктык ырларында, акындык поэзияда ушул эки ыр гана жападан жалгыз бир мезгилдеги эки кызга арналат.

Башка учурларда сүйгөн жигиттин бир гана аты, же күнү боло турганы, аны эч нерсеге теңебей мажнун болуп жүргөнү суктануу менен айтылат.

Токтогулдун «Күлүйпа, Күлжар ашык кыздарында» элдик татынакай юмор күйгөн ырларындагы арман менен айтылып, кыз оюндагы шаап-шөкөттө ырдалган сыяктуу сезилсе, Барпынын «Гүл кыздары» элдик мактоо ырлардын таасиринде айтылгансыйт. Бирок бул мактоо ырлары чын жүрөктөн чыгып, акынды азапка салган сүйүү ырларынан да ашып кетиптир. Акын өзү да байкабай жаңы форманы, жаңы көркөмдүктү ачып алды.

Акын күүгө келген мезгилинде анын жүрөгүндө катылып жаткан көркөм ойлор атылып чыгып, ээ-жаа бербей төгүлүп кеткени көрүнүп турат. Ал турмуштун поэзиялык сонун бир көрүнүшүн, нукура сулуулукту жүрөгү менен сезип толкундап ырдады.

Бириң — тоонун кайыбы,  
Бириң — кыздар айымы.  
Бириң — кыздын нурлуусу,  
Бириң — кыздын сулуусу.  
Бириң — кыздын улугу,  
Бириң — кыздын тунугу.  
Бириң — дутар, бириң — кыл,  
Бириң — айтсам, бириң — бил.  
Бириң — жакут, бириң — бер,  
Бириң — чынар, бириң — бак,

Жалал-Абадская областная библиотека

Бириң — булбул, бириң — шаң,
Бириң — набат, бириң — кант...

Эмне деген керемет! Жазып жатканда ойлонуп таппай турган салыштырууну акын бир дем менен ырдап салды. Импровизатор акындардын сыры да дал ушул төкмөлүктө.

Көз ирмемде кыналган уйкаштыкты таап, элестүү салыштыруулар менен ырдаган залкар акындардын талантын эмне менен түшүндүрүүгө болот. Илим-билимден кол жууган заманда адамдардын ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн ылдамдыгынын сыры жашырын касиетке ээ болуп кала берген. Ал түгүл «акындын айтып берүүчүсү бар» деген сөздөр да тараган. Ал эми жалаң уйкаштыкты кууп, ырдын маанисин бузган ырчыларды «жаман жамакчы» атка кондурушкан. Ошондуктан ырчынын талантынын деңгээли жөнүндөгү маселеде анын сыры да, чыры да жаткан.

Уккан сөзгө, алган маалыматтарга таянсак, Барпы акын 8 жашынан тартып ырдай баштаган. Ушундай эле фактыны Токтогул, Калык жөнүндө да айтышат.

Дал ушул сөздүн өзүндө эч кандай апыртуу жок. Жаш кезинен кордукту көп көрүп, суудан калган буудайдай эрте бышкан, эрте жетилген адамдардын таланты жөнүндө сөз болуп жатат. Барпы 7 жашынан сузактык Калмат байдын бадасын багат, отун жагат, суусун алат.

Бул жалчылык иш жаш баланын көкөйүнө тийген, жүрөгүн жаралаган. Оор турмуш адамдын жаралыш натурасына карай эки түрдүү таасир берет: бири мөгдүрөтүп, чөгөрүп жиберет, экинчисин бышырып жетилтет — көзүн ачат.

Муну акындардын тагдырынан ачык байкайбыз. Өткөн турмушта, таптык коомдо көп эле таланттуу акындар башына түшкөн оор турмушка чыдай албай, айрым манаптардын, байлардын жалданма ырчыларына айланып кетишкен. Уруучулук түшүнүктөн көтөрүлө албай уруу ырчылары болушкан. Экинчи түрлөрү да ал замандын ыпластыгын, жеке адамдардын эзүүсүн ачык түшүнүп, ага наалат айтып, күрөш ачып чыккан. Буга Токтогулдун, Калыктын, Барпынын өмүрү мисалга келтирүүгө болот.

Эгерде Барпынын чыгармачылыгы жалаң гана «Мырзайым», «Карай көз», «Өзгөчөм», «Гүл кыздар» менен чектелип калган болсо, азыркыдай бийиктикке жетиши мүмкүн эмес эле.



Сүйүү ырлары канчалык сонун, канчалык адам суктанарлык болбосун, адамдардын турмушундагы тиричилик, коом, заман, жашоо жөнүндөгү маселелерден кийин тура турганы маалим. Маркстик-лениндик илим, методология өткөн мураска, адам баласы иштеп чыккан маданиятка, адабиятка баа берүүдө эң оболу таптык позициядан туруп баа берүүнү негизги критерий катары карайт. Ал эми бул маселе жалаң сүйүү ырлары менен чечилбейт. Башка акындардан айырмаланып, Барпы сүйүү ырларынын чебери. Ал ашыктык ырларын аябагандай кооздукка көтөрүп кетти. Түштүктүн элдик поэзиясындагы реалисттик ырларды адам суктанарлык абалга жеткирди. Ага карабастан, Барпынын чыгармачылык күчүн, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү коомдогу жашоо-тиричиликке, заманга, өмүргө берген баасынан байкайбыз.

Барпынын эзүүчүлөрдү ашкерелеген ырлары кокустан ырдалып калбастан, системага айланган. Анын «Жыйындагы биринчи ыр», «Пада баккандагы ыр», «Барпынын Назарбай менен айтышканы», «Барпы менен Назар», «Теңдик бир күн жарк этер», «Жетим кыз», «Сук молдо» деген ырларында эзүүчүлөрдүн жүзү колго сала койгондой тартылган. Ал түгүл акындын балалык кезинде эле турмуштун казанында кайнап, эзүүчү менен эзилүүчүнү ажыратып алганына таң калууга болот.

Чынында турмуштун өзүнөн күчтүү илим жок. Карапайым адамдар таптык жиктелүүлөрдүн теориясын билбегени менен, элди кимдер эзип жатканын көрүп-билип турушкан. Алар өз баштарындагы турмуштан стихиялык түрдө ишенимдүү корутундуларды жасай алган. Бала Барпы баданын артында жүрүп чарчап, үйгө келсе, байдын аялы да, өзү да жумшап кирет:

Үйгө кирсем «от жак» — дейт,
Эшикке чыксам «мал бак» — дейт.
«Кеч каласың отундан,
Эртелеп туруп тез бас» — дейт.
«Алгамын пулга сени» — дейт,
Сырымды тартып алгансып,
«Уктай бербе эми» — дейт.
Өңү суук залимдин,
Сөгүш менен кеби жейт.

Жалал-Абадская областная библиотека

Барпы залимдерди эрте ажыратып, эрте көрдү. Ал балалык наристеликке, аңкоолукка салып көргөнүн, башынан өткөнүн гана ырдабастан, аны аң-сезимдүү түшүнүп, каршылык көрсөтүп чыкканы байкалып турат. Ал «Жыйындагы биринчи ырда»:

Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү.
Бай, бийлердин дартынан,
Канча адамзат бүлүндү.
Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөн шордуу не дейди?
Залимге сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди,—

деп эл алдында ырдап чыккан.

Бул негедир акындын эң биринчи ырдаган ыры катары жыйнактын башында берилиптир. Ал эми ырдын маанисине караганда турмуштан көп запкы көрүп, өзүнчө корутунду жасап, ишенимдүү баа берип калгандагы ыр экендиги сезилип турат. Барпы элге кайрылып, кедейлерди биригүүгө чакырат. Бай, бийлерден өч алууну эңсейт. Мындай ойдогу адамдар XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында көбөйө баштаган эле. Анткени Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кошулушу менен Коконхандыгынын деспоттук бийлиги талкаланган, кыргыз феодалдарынын чексиз бийлиги нормага салынган. Сураксыз эле өлтүрүп коюуга жол берилген эмес. Экинчиден, орус элинин прогрессивдүү көз караштагы эмгекчи элинин таасири да болгон. Ошол учурда кыргыз элинин демократтык көз караштагы ойчулдары караңгы элди ойготууга киришкен. Кетмен-Төбөдө Токтогулдун Рыскулбек датканын залимдик менен күн көргөн балдарына каршы күрөшү жана анын «Беш каман» деген ыры түндүк, түштүк кыргыздарына ошол эле замат тараган. Токтогулдун:

Карап жатып өлгүчө
Кармашып өтөт эр киши.
Жатып бекер өлгүчө,
Жармашып өтөт эр киши.
Кол куушуруп кордукка
Кимдин келет өлгүсү?
Жатып өлбөй душманын
Атып өлөт эр киши.



Басташкандын канына
Батып өлөт эр киши —

деген жалындуу чакырыгы Барпы сыяктуу шакирттеринин жүрөгүнөн түнөк тапкан. Токтогулдун манаптардан тартынбай ырдаганы көп кордук көргөн акындардын жүрөгүндөгү кегин ойготкон.

Барпы акын Токтогулга биринчи жолу 1915-жылы жолукканы менен, XIX кылымдын аягында эле анын ырларынан тааныш болгон. Анткени, Токтогул Аксы, Жаңы-Жол тарапка көп барып, Алай, Гүлчөдөгү аштойлордо да, Майлы-Сай, Базар-Коргондун тегерегиндеги ырчы, комузчуларга да жолугуп жүргөн. Токтогулдун отурган жери оюн-күлкүгө толуп, уккан элдин кумарын кандырган. Анын ырчылыгы, комузчулугу ооздон-оозго айтылган, ошондуктан Токтогул сыяктуу акын болууну көксөгөндөр көп эле. Барпы Токтогулдун даңкы менен сыймыктанып, анын жолун жолдогон таасын шакирттеринин бири.

Барпы акындын көргөн күнүнүн, же көз карашынын жалпылыгыбы, чыгармаларындагы идеялар көп жеринен Токтогулдун чыгармаларына үндөшүп турат. Ал жалаң бай-манаптарга каршы чыкпастан, Токтогул сыяктуу эле дин ээлерин шылдыңга алган. Анын «Сук молдо», «Алдамчы эшен», «Мадалы ажыга», «Качкан эшен», «Эмне бар бул жерде» деген сатира, юморго толгон чыгармалары дин ээлеринин ички маңызын көрсөтүүгө арналган. Дал ушул дин ээлерине каршы ырдоодо акындын эрдиги көрүнөт. Анткени «дин — элдин апийими» болуп, сабатсыз элди бүт кучагына алып турган заманда динди, дин ээлерин шылдыңга алыш оңойлукка турган эмес. Диндик фанатизмдин жалынына ууланган адамдар акынды өлтүрүп коюшу толук ыктымал эле.

XIX кылымдын аягында кыргыз коомчулугуна негизги идеология ислам дини болуп турган. Нечен кылымдар элдин канына сиңирилген бул түшүнүктөн алып чыгуучу жападан жалгыз чындык элдин башынан өтүп жаткан күнүмдүк турмушунан жыйынтыкталган корутундулар эле. Аны элдик акындар ырга салып, эл арасына таратып турушкан. Ал эми карапайым эл «молдо мышыктын» образы менен шылдыңдуу күлкүгө болгон жомокторду айтышкан.

Чындыгында акындын чыгармачылыгынын гүлдөп өнүгүшүнө турмуштун оркойгон карама-каршылыгы, коомдогу жан чыдагыс оор абалдар, адамдарды уруу-

Жалал-Абадская областная библиотека

чулук жикке бөлүп турган айырмачылыктар чоң себеп болгон. Эгерде дин ээлеринин алдамчылыгын көрбөгөн болсо, диндин кандай максат менен колдонулуп жатканын билбеген болсо, Барпы акын ушунчалык күч менен — жек көрүү менен ырдай албайт эле. Эгерде акындарды бөлүп-жарып, уруучулук идея менен уулаңдырып, бирин-бирине кордоо үчүн шарт түзүп айтыштырып турбаса, кордоо айтыштары мынчалык өнүкпөгөн болор эле. Дин сыяктуу эле кордоо айтыштары да эзүүчүлөрдүн саясатын улапткан.

Акындык поэзия эл башынан өткөн турмуш менен жеке адамдын башынан өткөн окуялардын бирдигинен турат. Акын көргөн-билгенин, башынан өткөнүн ырдоо менен эл башындагы мүшкүлдү, кубанычты, кыял-дүйнөсүн кошо ала жүрөт. Барпынын өмүр жолу ошол замандагы бүткүл кедей-кембагалдын көргөн күнү болгон.

Ошол учурда молдо, ажылар, эшен-калпалар ыйык адам катары каралып, урмат-сыйга ээ болуп турган. Сабатсыздыктын айынан эл ишенимине да жетишкен. Барпы ошол эле «ыйык» туткан Мадалы сыяктуу көп эшен-калпа, молдо, ажыларда жалчы жүрүп, малай болуп, алардын кимдигин толук билип чыккан. «Кудайды көргөн кишинин, үйүндө үч жыл иштедим» алардын баары алдамчы, калп деген жыйынтыкка келет:

> Азирети Эшеним,
> Сүйлөйсүң сөздүн бекерин.
> «Эшен болдум» деп жүрүп,
> Алдайсың элдин неченин.
>
> («Алдамчы эшен»)

Жашоо, өмүр, замана темасы Барпынын чыгармачылыгында негизги орунду ээлейт. Чын-чынына келгенде Барпынын акындык жөндөмүнүн маңызын ачкан, башка акындардан өзгөчөлүгүн белгилеген жагы да дал ушул нускоочулукта, кеменгерчиликте го деп ойлойбуз. Акындык поэзияны изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда акындардын репертуарлары бири-биринен айырмаланып турушат. Анткени, алардын нукура жөндөмү да дал ошол өзү сүйгөн жанрда көрүнөт. Кыргыз акындарын ич-ара болжол менен мындайча бөлүүгө болот:

Эпиктер (эпосту аткарган акындар); Лириктер (лирикалык ырларды аткаргандар, ырдагандар); Лирик-эпиктер (экөөнү тең аткаргандар); Нускоочулар



(санат-насият, терме ырларды аткаргандар, чыгаргандар, ырдагандар), жазгыч акындар (өз чыгармаларын кагазга түшүрүп ырдагандар.)

Эгерде биз ушул классификацияны эске алсак Барпыны нускоочу-лирик акын деп аныктама берсек туура болот. Анын «Айт, айт десе», «Аккан суу», «Жакшы экен», «Болсочу», «Турбайбы», «Мекен», «Деген», «Дүнүйө», «Терме-санат», «Ынтымак», «Эр жигитке сын», «Ала-Тоо көркке келбейт эл болбосо», «Күн» жана башка санат, термелер ээлегенин окуучу сезет.

Нускоочу акын болуу көп акындардын колунан келе бербейт. Мында ыр уйкаштыгы — жамак негизги ролду ойнобостон, айтып жаткан ойдун ачык-айрымдуулугу, тактыгы, философиялык маңызы, турмуш чындыгынын көркөм корутундусу, ишенимдүүлүгү ырдын көркүн чыгарат.

Элдик поэзияда миң жылдап иштелип калган салттуу санат-термелерден көтөрүлө алганда гана нускоочу акын деген атакка жетүүгө болот. Мындай атакка Токтогул, Тоголок Молдо, Сарыбай, Чоңду акындар жетише алган. Нускоочу акындар да дүйнөнү таануу жагынан идеалисттик жана материалисттик багытта болушкан. Диний, насыят, термелер байыркы араб адабиятында гүлдөп-өнүгүп, орто кылымдагы философтордун, дербиштердин чыгармаларында карапайым адамдарга түшүнүктүү ыр формасына өткөн.

Айылдан-айыл кыдырган дербиштер, дуваналар:

> Үйүм-үйүм дебеңер,
> Үйүң талаа чырпыгы.
> Малым-малым дебеңер,
> Малың талаа чымчыгы.
> Ала булут барында,
> Малың менен мактанба.
> Ажал өлүм барында,
> Жаның менен мактанба,—

деп жашоо, өмүрдүн убактылуулугун айтып, тиги дүйнө жөнүндө — чыныгы жашоо ошол жакта деп аскетизмге үндөшкөн. Материалисттик түшүнүктөгү нускоочу акындар турмуштун, өмүрдүн диалектикасын тикеден-тике түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Барпы акындын түшүнүгү боюнча түбөлүктүү өмүрдүн булагы күн, жер, аккан суу:

> Замандар өттү, сен калдың,
> Акындар өттү, сен калдың.

Жалал-Абадская областная библиотека

Өлбөстүккө ашкере,
Түркүксүңбү бир өзүң?
Бүт кубатын нур чалып,
Жерге берген чыккан күн.
Мээримин эң сонун,
Элге берген чыккан күн.

Өмүрдүн, жашоонун сонундугу даңкталып, шаркырап, аккан суулар, гүлдөгөн бак-дарактар, өзөндөр, абаддар (шаарлар) терменин темасына айланып, адамдардын жүрүм-туруму, өзгөчөлүгү таамай салыштыруулар менен берилет. Акындын терме, санаттары элдин бүткүл турмушун кучагына алып бирде жашоо-тиричиликтен, өмүрдүн пайда болушу жөнүндөгү маселеге терендеп кирип барса, бирде адамдардын мамилелериндеги, кыялындагы, ишиндеги терс, оң жактарды салыштырып, адамкерчиликтин улуу сапаттарын даңктайт. «Замана», «Аккан суу», «Дүнүйө» жөнүндөгү ырлар өткөн кылымдагы акындардын көңүлүгүнүн көңүлүн бурган негизги темалардан болгон. Ар ким алына жараша, талант-мүмкүнчүлүгүнө жараша ырдаган. «Дүнүйө», «Замана» жөнүндөгү ырларды жаңы нукка салган акын Токтогул болгон. Ал мурдагы диний көз караште баалаган акындык традицияны бузуп, накта чындыгына — таптык коомдогу материалдык теңсиздиктин негизин ачууга аракет кылат. Дал эле ушул ойлор Барпынын «Дүнүйө», «Замана» жөнүндөгү чыгармаларында улантылат.

Калтыратып кедейди,
Карып кылдың, дүнүйө
Бутундагы кийгенин,
Чарык кылдың, дүнүйө.

. . . . . . . .

Акын «дүнүйөнү» бирде коомдук түзүлүш, замана маанисинде, бирде мүлк, байлык катары ырдайт. Бирок акын бир гана жыйынтыкка келет: заман да, байлык да эзүүчү таптардыкы.

Барпынын кайсы гана мораль, этика, замана жөнүндөгү чыгармаларын албагын социалдык маселелер эзилген элдин көз карашында чечилет. Акын жаңы заманды кучагын жайып тосуп алды. Ал көргөн азаптар эмнелерди гана ойлонтподу?! Качан теңдик болот, «өткөн өчүмдү, кеткен кегимди качан алам?», «Теңдик бир күн жарк этээр» деп жүргөн кезде Улуу Октябрь революциясынын таңы атты. Акын бактылуу болду.



Көзүмдүн жашы жуулду,
Жыргалдык турмуш туулду.
Жарыды айдай бетибиз,
Толук бир болду эсибиз.
Жаштар бир өсүп жайнады,
Эзип келген байларды,
Эл ичинен айдады.
Кубанып эми Барпы акын,
Булбулдай болуп сайрады.

Акындын өмүрүнүн тең байлардын заманында өттү. Андагы көргөн күнүн, өмүр баянын «Мен көргөн күндөр» деген чыгармасында чыпчыргасын коротпой баяндап берди. Ушул отуз үч жылдагы балалыгы, жигиттиги малайлык менен өттү. Аны акын бир сөз менен «кордук» деп жыйынтыктады.

Барпынын «жыргал турмуш ырлары» элге теңдик алып берген «Партияга» арналып ачылды. «Жердин өзгөрүшү», «Теңдик күн» ырдалып, 20—30-жылдардагы өкмөт менен партиянын жүргүзгөн саясаты акындын чыгармачылыгынын негизги темасы болуп калды. Эзүүчү таптарды тап катары жоюуга, басмачыларга каршы күрөшкө акын тикеден-тике катышты. Алдамчы, мыкаачылардын бетин ачты. «Ким мыкаачы, ким адил» деген чыгармасында акындын башынан өткөн окуялар баяндалат. Басмачылар акынды өлтүрөбүз деп сайга сүйрөп барган, кызыл отрядчылардын жардамы менен гана аман калган. Дал ушунун өзүнөн эле Барпы Совет өкмөтүнүн активдүү куруучусу экени байкалат. Акын-Гражданин, болгондо да эң активдүү күрөшүүчү болгон. «Барпылыгым бекермин», «Басмачы», «Маккамбайдын каргышы» сыяктуу чыгармалары басмачылардын кандуу колун элге көрсөткөн агитациялык мүнөздөгү баян.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдары Барпы бүткүл эл менен кошо душманды жеңүү үчүн күчүн үрөдү. Согушка жөнөп жаткан жоокерлерге барып кайрат айтты. Жоону жеңип кел деп тилек кылат. «Кайраты бар жигиттер, аскерге жөнөйт ок болуп» деп дем берди. Акын жеңиш күнүн да көрдү. «Жер үстүндө күйгөн от» чыгармасында:

Жер үстүндө күйгөн от,
Отту өчүргөн биздин ок.

Жалал-Абадская областная библиотека

От тутанткан душмандан,
Коркуп койбойт биздин топ,—

деп дүйнөнү жалын болуп каптаган фашизмден совет өкмөтү сактап калганын кубануу менен жар салды.

Акындын совет мезгилиндеги чыгармачылыгы негизинен коомдо көтөрүлүп жаткан маселелерге байланыштуу агитациялык мааниде ырдалып ийкемдүү жанрда көбүрөөк көрүндү. Мезгилдин өзү да акындардан ошону талап кылды. Акындар элдик турмуштун, коомдун негизги маселелеринен четте кала алган жок. Барпы совет өкмөтүнүн куралганын биринчи күндөн баштап колунан эмне келсе, ошонун баарын иштөөгө аракет кылды. Ал заманды өзү сыяктуу жардыларга келгенин дароо сезди.

Токтогул, Тоголок Молдо сыяктуу эле кубанычын жашырбай тосуп, кедейлерди биригүүгө чакырды.

Мамлекеттин ар бир ишине — кулактарды тап катарында жоюуга, басмачыларды жоготууга, социалисттик коомду курууга иши менен да, ыры менен да катышты. Совет мезгили элге эркиндик менен кошо илим-билимди да алып келди. Барпынын көз карашында да көп өзгөрүү болду. Ал мектепте окуп жаткан жаштарды көрүп маңдайы жарыла сүйүндү. Жаңы замандын маңызын жаштар туура түшүнсүн деп «Эки заман тууралу ыр» ырдады.

Токтогулдун, өзүнүн башынан өткөн кордуктарын баяндап ырдады. Жаштыгынын өтүп кеткенине кейибей «Өзгөчөмдүн» «алты кыр баскан түлкүдөй» сүй салганын, буралганын, каш какканын ырдады. Жазгы күндүн тукабадай кулпунганын, дарактын мөмөлүү багынын гүлдөгөнүн, дыйкандын кетменин алып жумушка баратканын, окуучунун мектептен келатканын ырдады.

Барпы элдик нукура поэзиянын көркөм дүйнөсүн өзүнө сиңирүү менен күчтүү талант катары жаңы бийиктикке көтөрө алды. Барпынын чыгармасында жолуккан «Мырзайым», «Өзгөчөм», «Карай көз», толгон санат, насыят ырлар элдик нугунан жаңы көркөмдүккө өттү. Айрыкча нускоочу акын катары элдик насыяттардын негизин коомдук-социалдык көз карашта чечүүгө аракет кылды. Буга барыдан мурда акындын башынан өткөн кордуктары түрткү болду. Эл башынан өткөн оор турмуштун эң каардуусу Барпынын башынан өткөн. Ал эзүүчүлөрдүн бири бирине окшош экенин көрдү. Назарбай, Калмат бай, Мадалы



[illegible], эшен-калпалар, казылар бирин-бири колдой тургаанын билди. Алар Барпынын жаштайынан жүрөгүн өлтүрүп таштоону ойлошту. Барпынын жыңайлак бутун суук алды, иттин жаткан жеринде түнөдү. Чу[illegible] чыңыртып сабады. Ушунун баарын Барпы көтөрдү, жүрөгү мокомок түгүл, кекке толуп, курчуп чыкты. Буга акындын турмушту туура түшүнгөн сергектиги, акылынын тереңдиги, кажыбас кайраттуулугу себеп болду. Токтогул сыяктуу «алышып жатып өлөт эр киши» — деп күрөшүн токтоткон жок. Жаш туруп жыйын алдында зулумдардын бетин ачты. Алардын кылык-жоругун эл алдында ашкереледи. Эзүүчүлөргө каршы элди көтөрүүнү ойлоду. Ал Токтогулдун ишин улантты.

Барпы чоң таланттуу акын болгон. Анын көркөм дүйнөсү бизге жеткен ырлары менен чектелиши мүмкүн эмес. Өз убагында толук жазылбай калган ырларын эл арасынан дагы чогултуу учурдун иши. Барпыны көргөн, билген, ырын уккан кишилер жашап турат. Барпы жөнүндөгү эскерүүлөрдүн бирин калтырбай чогултуу зарыл. Барпы акын катары да, адам катары да, элдик урмат-сыйга татыктуу.

*Али-Аскар Байбосунов*

## БАРПЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КОСМОЛОГИЯЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР

Окуучулардын калың катмарына кыргыз элинин революцияга чейинки табият жөнүндөгү түшүнүктөрү анча маалым эмес. Бул макалада биз ушул багытта сөз кылууну ылайык таптык. Мында, асыресе, элдик акын Барпынын космологиялык кээ бир ой жүгүртүүлөрү гана эске алынат.

Акын элдин калың катмарынан чыккан. Андыктан анын айрыкча поэтикалык ой жүгүртүүлөрү элдик түшүнүктөрдү, айлана-чөйрөгө болгон көз караштарды чагылдырган.

Белгилүү акындын салымы табигый билимдерди сын көз менен карап, аларды элге диний жана мистикалык бурмалоолордон тазалап тартуулагандыгы

* Аалам жөнүндөгү түшүнүк (окуу) жалпысынан космология деп аталат.

Жалал-Абадская областная библиотека

менен көрүнөт. Барпынын чыгармаларына токтолуудан мурда илим ачылыштарына чейинки элдик билимдер жагдайындагы жалпы теориялык жоболорго, Аалам жөнүндөгү айрым түшүнүктөргө кыскача токтоло кетели.

Элдик түшүнүктөрдү изилдөө тарыхый-философиялык гана эмес, жалпы эле теоретикалык жактан да чоң мааниге ээ экени белгилүү. Мында практикалык билимдерди топтоого, жаратылыш кубулуштарын түшүндүрүүгө, ошондой эле турмуштун конкреттүү шарттарына байланыштуу билимдерди чогултууга болгон алгачкы аракеттер жатат.

Кыргыз элинин айлана чөйрөгө болгон кызыгуулары, билим, туюмдары, негизинен, тарыхый шарт, коомдук өнүгүштүн деңгээли менен байланышкан. Мында көчмөн турмуш мүнөзү айрыкча таасир көрсөткөн. Изилдөөлөрдө белгилүү болгондой, жаратылыш жөнүндөгү алгачкы түшүнүк адамдарга эл али таптык коомго бөлүнө электе эле пайда болгон. Ал кезде ой жүгүртүү менен адамдын практикалык ишмердиги тыгыз байланышта эле. К. Маркс жана Ф. Энгельс «Немецтик идеология» деген чыгармасында: «Идеялардын, түшүнүктөрдүн, аң-сезимдин чыгарылышы эң мурун адамдардын материалдык аракеттерине жана материалдык катташууларына, реалдуу турмуштун тилине түздөн-түз байланышкан» — деп көрсөтүшкөн. Мунун өзү илгертен баштап эле адамдар өздөрүнүн талабын канааттандыруу үчүн сырткы дүйнөгө активдүү аракет жасап келгендигин күбөлөйт. Дал ушул процесстердин көп кайталанышынын натыйжасында аң-сезимде алардын талаптарын канааттандырган предметтердин пайдалуулугун аныкташып, жаратылышка болгон мамилелерин баамдай башташкан. Бул элестетүүлөрдүн көпчүлүк элементтери, сөзсүз түрдө, элдик кийинки билим-туюмдарынын структурасынан орун албай койгон эмес.

Кыргыз элинин революцияга чейинки турмушунун тарыхый мүнөзү көпчүлүккө маалым: ал, негизинен, малчылык, дыйканчылык жана мергенчилик болгон. Ошондуктан, бул тиричилик түрлөрү эл катнашы үчүн турмушту таанып билүүнүн негизги булагы катары кызмат кылат.

Элдик космологиялык түшүнүктөрүнө да айрыкча ушул жагдай мүнөздүү.

Илимдин пайда болушу жана өнүгүшү адамдын практикалык муктаждыгы менен шартталгандыгын



жана илимдин ар кыл тармагынын ырааттуу түрдө жаралгандыгын белгилеп келип, Ф. Энгельс минтип жазат: «Эң мурда астрономия келип чыккан, ал жыл мезгилдерин билип туруш үчүн мал чарба жана дыйканчылык менен кесип кылган элдерге өтө зарыл эле» (К. Маркс жана Ф. Энгельс. Чыг., 20 т., 500-б.).

Асман кубулуштары жөнүндөгү алгачкы маалыматтар көгүлтүр асманды системалуу түрдө байкоонун натыйжасында гана алынышы мүмкүн эле. Көп кылымдык тажрыйбанын негизинде улам топтолуп, муундан-муунга өтүп келген элдин бул байкоолору турмуштук муктаждыктарды гана канааттандырып тим болбостон, кыргыздардын космология жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн калыптанып, өнүгүшүнө да шарт түзгөн.

Ф. Энгельс «...Жаратылышты эч кандай тышкары кошумчасыз, кандай болсо дал ошондой түшүнүү — бул материалисттик көз караш болуп эсептелет...»,— деп көрсөткөндөй, ойчул акын Барпы элде топтолгон рационалдуу билимдерди туура талкуулап, өз чыгармасында аны материалисттик ой жүгүртүү менен кабыл алган. Мисалга акындын төмөнкү космологиялык көз караштарын алып көрөлү:

Күндүн нуру белгилүү
Күчтүү оттон жаралган.

(Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. «Кыргызстан» басмасы. Фрунзе, 1970-ж. 66-бет).

Революцияга чейинки элде физикалык терминдер белгисиз болгондуктан өтө эле зор энергия пайда болуп турууччу Күндү «күчтүү от» менен салыштырган, б. а. күчтүү оттун жалынынан артык ысыктык болууга мүмкүн эмес эле. Акындын бул түшүнүктөрүнүн, ой жүгүртүүлөрүнүн тууралыгы кийинки астро-физикалык ачылыштар менен да далилденип отурат. (Күндүн өзүндө тынымсыз термоядролук реакция жүрүп турат, б. а. секундасына 564 000 000 водороддун ордуна 560 000 000 тонна гелий пайда болот, ал эми жетишилбеген 40 000 000 тоннага жакын масса күндүн энергиясына айланып, бүт Ааламга тарайт.)

Күндүн нуру жеткенден
Өсүмдүктөр жан алган
Буудай өсүп майсалап
Азык болчу дан алган.
Гүл ачылып, көк жайнап

Жалал-Абадская областная библиотека

Өсүмдүктүн баары өсүп
Күндүн нуру болбосо,
Ар бир түрдүү мөмөлөр
Өзү бышып бак болбойт
Дарак өсүп бүрдөбөйт.
Тоо жашарып түрдөнбөйт.
Чынар өсүп шактанбайт,
Дыйкандар буудай каптабайт.

Бул келтирилген саптарда акын Күндүн тийген нуру Ааламда өсүп жаткан өсүмдүктөрдү жандандырып, гүлдөтүп тургандыгын эң эле туура берген. «Адамдар, «проза» деген сөз пайда боло электе эле проза менен сүйлөшкөндөй, диалектика деген эмне экенин түшүнө электен мурда эле диалектикалуу жол менен ойлошкон» деп айткан Ф. Энгельстин белгилүү оюн Барпынын келтирген саптарынан баамдап турабыз. Чынында эле Күндүн нуру тийбеген жерде эч качан турмуш жок. Муну төмөнкү белгилүү фактылардан эле ачык элестетүүгө болот.

Өсүмдүктөрдө Күндүн нурларынын энергиясы химиялык энергияга айланып турат. Өсүмдүктүн жашыл жалбырагында абада дайым боло турган көмүр кычкыл газынын молекулалары сиңет. Көмүр кычкыл газы менен жалбыракта болуучу суу катышкан химиялык реакциянын натыйжасында кычкылтек менен көмүртектин (углерод) молекулалары түзүлөт. Кычкылтек курчап турган абага бөлүнүп чыгат, ал эми көмүртек болсо өсүмдүктүн жалбырагында калат.

Адамдар пайдаланып жаткан энергиялардын дээрлик бардыгынын булагы Күн болуп саналат. Күндүн энергиясынын эсебинен Жердеги жылдык орточо температура он беш градуска чейин барат.

Же, бул ыр саптарына көңүл буруп көрөлү:

Жарык күндүн нурунан
Жан-жаныбар нав алган
Күндүн нуру болбосо
Жан-жаныбар чак болбойт.
Кыбыраган жандарга
Ал киргизген — чыккан Күн
Арык малды семиртип
Кан киргизген — чыккан Күн.
Адам менен айбанга,
Жан киргизген — чыккан Күн.
Куштан, малдан, адамдан,



Үн чыгарган — чыккан Күн.
Өмүрү жок жайларга,
Жан киргизген — чыккан Күн.

Жердеги бардык тиричилик — өсүмдүктөрдүн жана жан-жаныбарлардын тиричилиги — Күнгө көз каранды.

Өсүмдүктөр менен азыктанган жаныбарлардын энергиясы жана адамдын энергиясы — булардын бардыгы Күндүн нурларынын өзгөргөн энергиясы болуп эсептелет. Мына ушул жогоруда айтылган фактыларды, тажрыйба жүзүндө илимдеги ачылыштарды ойчул акын туура баамдай алган. Тагыраак айтканда, материалисттик диалектиканын жолдорун стихиялык түрдө туюу менен илим дүйнөсүндө ачылган фактыларды алдын ала көрө алган дээгө болот. Барпынын айрым ойлору жаратылыштын көптөгөн физикалык кубулуштарын бир топ даана чечмелейт.

Жамгырды, сууну жараткан,
Чыккан күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат
Өсүмдүктүн тамыры.
Күндүн нуру болбосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.

Мында акын жердин бети Күндүн нурлары менен бир калыпта ысыбагандыктын натыйжасында шамалдар, бороон-чапкындар пайда болорун түшүнгөн. Шамалдардын жана алар менен бирге барган нымдын таасири менен өтө зор тоо массивдери бузуларын эске салат.

Суукту айдап, ысытып,
Суунган боюн кызытып,
Күйүп турган — чыккан Күн.

Бул саптарда акындын Күн нурунун таасири аркасында жаратылыштагы нерселер бир абалдан экинчи абалга өтүп турушун ишенимдүү белгилейт.

Акын өз ырларында кубулуштардын фактылык жагына, пайдалуулугуна гана көңүл бөлбөстөн, алардын ички маңызына, карама-каршы жактарына сүңгүп кирүүгө аракет кылган. Бул сапат Барпынын ой жүгүртүүлөрүнүн диалектикалык мүнөзүн ачык айгинелейт.

Кыш чилдеде бушман Күн,
Жай чилдеде душман Күн.

Жалал-Абадская областная библиотека

Мында акын ар нерсенин оңу, тескери жактары, зыяны жана пайдасы ж. б. бар экенин сезе алган.

Бизге эң жакын жайлашкан жылдыз болуп саналган Күн убакыт аралыгы боюнча эсептегенде деле түбөлүк экенин ачык-айкын айтып келип, автор мындай дейт:

Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Миң-миңдеген кылымга
Айта кетсек чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү, сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың.
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң?

Барпынын бул ойлору ислам дининде кеңири орун алган теологиялык көз караштарга, түшүнүктөргө түп тамырынан бери карама-каршы турат. Дин өкүлдөрү: кожолор, молдолор, дубаналар, бакшылар жана башкалар исламды кеңири пропагандалоо менен карапайым элди дайыма кудайга ишендирип келишкен. Маселен, алар «Ааламдагы окуялар, өзгөрүүлөр кудай тааланын буйругу менен болот, эгерде бул буйруктарды аткарбай, курмандык чалбай жана күнүгө беш маал намаз окуп, өзүңөрдү кудуреттин кулумун дебесеңер, бизди (кудайдын жердеги сүйгөн кишилери) укпай, сыйлабай койсоңор жер жүзү астын-үстүн болот, топон суу жүрүп жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр жок кылынат» дешип үгүттөшкөн. (Кыргызстан илимдер академиясынын кол жазма фондусу, инвентарь № 327, 14-бет).

Материалист акын андан ары өз оюн дагы тагыраак, тереңирээк айтат.

Күн кызарып батканда
Жарык жерди түн басат.
Караңгыны жаркыткан,
Айдын нуру эмеспи,
Айдын бетин жаркыткан,
Күндүн нуру эмеспи.

Күндүн арты түп болору, башкача айтканда, ар нерсенин карама-каршы жактары бар экендигин, ошону менен бирге Ааламда болуп жаткан ар түр-



күн кубулуштар мурунку нерселердин себебинин натыйжасы катары боло тургандыгын бир топ таамай көрсөткөн. Мындан акындын баамчыл экенин, ал стихиялык түрдө гелиоцентрикалык (Борборунда күн турган дүйнөнүн системасы) принципти түшүнө билгендигин ачык байкоого болот. Мында айлана-чөйрөдө дайыма эле өзгөрүүлөр тынымсыз болуп турат, жалаң гана Күн түбөлүк, жашап келген жана жашай берет, демек Күн — бүт Ааламдын борбору, ошолордун ичинде биз жашаган жер да Күндүн нурунан пайдаланып, өмүр-тиричилиги болуп турат деген ойлор камтылган. Ушул фактылар Барпынын материалисттик көз карашын накта мүнөздөп турат.

Эми акындын Күндөн бөлөк космостук телолорго карата айтылган айрым бир ойлоруна да токтоло өтөлү. Алар көгөргөн асманда сапат жеткис жылдыздар бар экенин түшүндүргөн ойлор. Акын стихиялык түрдө, Аалам убакыт жагынан да, аралык жагынан да чексиз экенин, сан жеткис жылдыздар караңгыда гана нуру аркылуу көрүнүп, ал эми күн чыкканда күчтүү жарыктын натыйжасында алар адамдарга суюлуп көрүнбөй каларын айтат. Акын жер жүзүнө жарыкты, негизинен, Күн берерин салыштырып караган: жылдыздар канчалык көп болсо да жерди жаркырата албасын жана жан-жаныбарларга өмүр, турмуш бере албасын ачык түшүнгөн.

Асман менен бир турган
Жылдыз болот турбайбы,
Түн сүрүлүп таң атса,
Күндүз болот турбайбы.
Жер жарыгы күн менен
Суюлат жылдыз таң менен
Асманда жылдыз сан деген.

Чексиз асмандагы жылдыздардын тобунун бири болуп эсептелген Үркөр жылдыздарына Барпы чоң маани берген. Кыргыздар Үркөр жылдыздарынын жылышын, орун алмашып турушун байкашып, ага карата жыл мезгилдеринин кайсы учуру келгенин салыштырып билише турган белги катарында карагандыгы белгилүү. Мисалы, Үркөр жылдыз батыш жактан жерге жакындаганда кыргыздар жаз келди деп эсептешкен, себеби,— Үркөр жерге түшпөй жер кызыбайт деп билишкен. Ал эми «Аяк оонада Үркөр таң менен бирге чыгат» деген элдин түшүнүгү бул

Жалал-Абадская областная библиотека

ысыктын абдан күчөшүн, башкача айтканда, жай чилдесинин белгисин билдирген. Жай бүтөр кезде элибиз «Үркөр таң алдында чыгып, шүүдүрүм түшүп, жер салкындайт», күзүндө Үркөр жылдыздары горизонттон бийиктеп кеткен учуру болот, мына ошондо көчмөн элибиз «Үркөр төбөгө келип калыптыр», бул мезгилде түн бир кыйла узарат, кыш ортолоп барган кезде «Үркөр төбөгө келип, кыштын орто чени келди» дешкен. Мына ушул элдин байкоолорун Барпы акын жакшы билген, ошондуктан Үркөрдү баамдап, өзүнүн эң жакшы көргөн кишилерин ошол жылдыздардын тобу менен салыштырган:

Асмандагы жылдыздын
Үркөрүсүң, Ак-Жылдыз.

Чолпон жылдызын акын өзүнүн чыгармаларында жогору баалап, минтип сүрөттөгөн:

Жарыктыгы айга окшойт
Таңкы Чолпон жылдыздын.

Көчмөн калк айлуу түндү өтө урматташкан, себеби — ал кезде чырак болбогондуктан түндүн кириши малчыларды көп кыйноого салган: жырткычтар малга тийген, мал уурдамай күчөгөн жана жаштардын оюн-тамашалары токтолгон. Кыскасы, айдын нуру түндү жарык кылып, адамдардын турмушунда чоң роль ойногон.

Ошентип, акын Барпынын космологиялык ой жүгүртүүлөрү революцияга чейинки кыргыз элинин прогрессивдүү, рационалдуу билимдерин чагылдырган. Акындын бул туура түшүнүктөрү элдерди туура материалисттик көз караште тарбиялаган, ошону менен катар диний идеалисттик ойлорго сокку урган.

**Кадыркул ДАУТОВ**

## МАХАБАТТЫН УЛУУ ЫРЧЫСЫ

Барпынын чыгармачылыгында махабат лирикасы сан жагынан да, сапат жагынан да өзгөчө орундардын бирин ээлейт. Сүйүү — Барпынын жалындаган ышкы кумары менен тереңден тереңге шуңгуп, бийиктен бийикке эргип, асмандагы куштай эркин ча-



быттап, көңүл черин каалаганча жазып, бар акындык дараматын шаркыратып төгүп ырдаган ыры. Ырдаган деш аздык кылат, аны менен жашаган, сүйүү акындын тагдыры болгон. Бул улуу күчтүн кереметин мен сөз менен жазып жеткире албайм, акын өзү түшүнтүп, өзү айтып берсинчи:

**Сүйүүнү сүйүп ырдадым,**
Сүйүүнү күйүп ырдадым.
Сазавар дилге түнөттүм,
Сүйүүнүн бийик ыргагын.
**Сезбегенге сездирдим,**
**Сезимдин назик сырларын.**
Сүйүүнү ыйык көрөмүн,
Сүйүүдөн курчуйт өнөрүм.
Сайрашып булбул куш менен,
Сүйүүнүн нурун төгөмүн.
Сутактай таңды атырып
**Сүйүү деп жүрүп өлөмүн.**
Сүйүү деп өттү өмүрүм,
Сүйүүдөн калбайт көңүлүм.
**Сүйүүгө кылсам кыянат,**
Сөгүлүп кетсин өңүрүм.
Союлуп азыр кетсем да,
**Сүйлөбөйм сөздүн төгүнүн.**

Сүйүү жөнүндө, же сүйүү тууралуу ырдабай, дал ушинтип **«сүйүүнү сүйүп ырдап»**, аны ыйык күтүп, кылчалык кыянат кылбай, сутактай таңды атырып, сүйүү деп өткөн адам гана махабат менен чындап таза сезимден сырдашып төгүлүшө алат. Ошондой жүрөгү бар адамга гана махабат ийилип купуя дүйнөсүн ачып, акыбетин кайтарат. Ошондой асыл сапатка эгедер, өмүрдүн бул акыйкатын өз башынан өткөрүп көргөн акын гана махабаттын аруу табиятын, жарашыгын келтирип миң түркүн асемдеп ырга салып, курч драмасы менен ачуу трагедиясынын сөз жеткис санатын албан толкун таштаган ажайып күч менен айтып чыга алат. Нагыз сүйүүнүн өлбөстүгү тууралуу өлбөй турган улуу гимн жарата алат. Ушундай тирүүлүктө бир келчү сейрек бакыт Барпынын шыбагасына туш болгон. Ырчы махабатты канчалык эргүү менен көкөлөтүп айткан сайын, махабат да аны башка акындардан ошончолук бөлүнтүп бийиктете берген. Ал махабат кызыкчылыгын канчалык ичкертен ачкан сайын, махабат да анын талантын ошон-

Жалал-Абадская областная библиотека

чолук кулпуртуп ачып отурган. Бекеринен «Сүйүүдө курчуйт өнөрүм» деп сайрап жатыптырбы...

Барпынын лирикалык каарманы сүйүүнү жаркыраган идеал тутуп, аны таза ниетиндей кастарлап, улуу максат, улуу сезимдер менен бөпөлөп алып жүргөн адам. Ал сүйүүнүн жандуу үлгүсү. Чын жүрөгү, бар кумар ышкы, бүткүл көңүлүндө алдейлеген асыл туюму, ыклас оту, жакшы тилеги менен сүйөт. Акындын өзүнө сүйүүнү ырдаган деп айтыш аздык кылгандай эле, лирикалык каарманына да сүйөт деген сөз жупуну элес калтырат. Ырчынын өзү махабат менен жашаган сыяктуу эле ал да махабат менен жашайт. Махабат ырчынын тагдыры болгон сыяктуу эле, анын да өмүр-тагдыры, сүйүүсүз күнү жок. Бирок ал эмне деген тагдырга кириптер болгон сүйүү, интимдик жана социалдык эркиндиги кандай эле?

Махабат табияты боюнча эч ким, эч качан кийлигише албас, зордоп жаратууга да, келип калганын күчкө салып кайтарууга да болбой турган, жеке индивиддин жекече өткүр каалоосу, өзгөчө терең сезими, ким кимди сүйөт, кантип сүйөт, ар кимдин өз иши, эки тарап тең бирөөнүн чечими аркылуу эмес, бирин-бири өзүнүн жүрөгүнүн гана буйругу боюнча тандоо эркиндиги болгону менен, анын чыныгы эркиндиги тикеден тике коомдук мамилелердин шарттарына багыныштуу болот. Ф. Энгельстин аныктамасы боюнча ага таптык мамилелер сөзсүз түрдө өз мөөрүн түшүрүп, издерин калтырып жүрүп отурат деле. Мунун айныбас акыйкат экендигин Барпынын махабат лирикасы да баштан аяк ырастап чыгат.

Акындын бул топко кирген чыгармаларынын басымдуу бөлүгүндө өз азаттыгын ала элек армандуу сүйүү ырдалат. Эки жаштын көңүл каалоосу, мөлтүр арзуусу бир башка да, «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңетке» салган абал бир башка. Сүйгөн жигит жарды, жалчы жаатынан. Анда таза адамгерчилик сапат менен алоолонгон махабат ышкынан башка эч кандай байлык да, бийлик да жок. Ошол себептүү ар кандай асыл максат, күткөн мүдөөсүнүн сону бүтпөс өкүнүч, таркабас муң менен гана аяктайт. Ушундай улуу махабат, убаймалуу мүшкүлдүн бир жолу да чындап акыбети кайтпайт. Мына ушул бактылуу бактысыз сүйүүдөн жаралган ишке ашпаган тилектей болгон карама-каршылыктуу ой-максаттар менен ышкы сезимдер Барпынын «Мөлмөлүм», «Ак Жылдыз», «Буракжан», «Лөлүкан», «Ак Дилбар», «Ашык жар», «Карай көз», «Арзыкан» ж. б. ашыглык ырларынын негизги пафосун түзөт.



Бул чыгармалар бир акындын жүрөк, сезиминен чыгып, бир адамдын кубаныч-кайгысын баяндап, тематика жана жанр боюнча жалпылыкка эгедер болгону менен, эч качан бирин-бири кайталабайт, ар кайсысынын өз тарых-таржымалы, керемет сыры бар, жер шарынын бир сызыгында катар жайгашып калган майда аралдарга окшоп, өз-өзүнчө толук башаяктуу бүткөн чакан дүйнөлөр. Ар бир адам үчүн, анын жеке тагдырына кез келген махабат кандай жаңы ачылыш болсо, аталган ырлар да куду ошондой өздүк мамилелерди туюнткан жаңы сезимдерге, оригиналдуу боёкторго, күтүүсүз салыштырууларга, табылгалуу формаларга эгедер. Алардын эстетикалык жугуму өтө таасирдүү, жаш сүйүүнүн өзүндөй нары кызыктуу, нары таттуу, жасалмасыз табигый, көз жоосун алып кулпуруп көрктүү, мукамына жан эритип угумдуу:

Эки илабиң — кызыл гүл
Ачылгандай, Мөлмөлүм.
Бир карасаң — жүрөккө от
Чачылгандай, мөлмөлүм.
Гүлзар кылчы жүрөктүн
Какшып жаткан чөлдөрүн.
Секин баскан бутуңдан,
Сейдана мончок жытыңдан.
Кадам койгон бутуңдан,
Калемпир мончок жытыңдан.
Чыныга куйган бал болсоң,
Чымыңдай ага малынсам;
Чыгалбай жатып ошондо,
Чын өзүңө багынсам.
Чыгарып койсоң боор ооруп,
Чырагың болуп жагылсам.
Алты оролуп мойнуңа
Ак маржан болуп тагылсам.
Жаңыдан түптөп бездеген
Жаш улан колун кезгеген
Жанаша бүткөн алмандын
Бирөөн бер деп жалынсам.

Кылдат сарасап сала билген адам бул саптардан деле көп нерсени аңдап, көптү табат: мында жазгыч акындарга тиешелүү индивидуалдуу белгилер күчтүү.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ырчынын ойлоо манерасы бөлөкчө. Урунган көркөм каражаттарында салттуу поэтикалык фигуралар, даяр штамптар жок. Тоолук кыргыздардан чыккан башка акындар айтпай, колдонбой турган образдык курулмалар, метафоралык туюнтмалар, чоочун ыкмалар бар. Тээ тереңден жетип Барпынын рухий дүйнөсү менен нурга нур улангандай жымылдап жиксиз жуурулушуп, биротоло табийгый көрүнүшкө айланып кеткен Чыгыш поэзиясынын жагымдуу таасирлери жатат. Андан биринин асемин бири арттырып бараткан эки түр жибектен бүткөн эриш-аркактай ажырагыс кош бirимдик көрүнүп, жанаша эккен эгиз гүл тең чачкан биринен бирин бөлүп beралгыс ажайып сонун аралаш жыт келет. Көчмөн турмуштан оолак, кенен тамыр жайып отурукташкан чарбага ылайык маданият күткөн элдин дүйнөнү көрө билүү жышаанасы, психологиялык айырмачылыктары турат. Сейдана мончок, калемпир мончок өңдүү сейрек кооз гүлдүү бакма дары чөптөрдү короосуна аспиеттеп өстүрүп, адамдын жан дүйнөсүн асылдандырган рахат илебин өмүрүндө искеп көрбөгөн, же алар жөнүндө ачык түшүнүгү жок окурман: «Секин баскан бутуңдан, сейдана мончок жытыңдан, кадам койгон бутуңдан, калемпир мончок жытыңдан» деген таттуу сезимдер менен үлбүрөгөн назик ассоциациялар жаратkan ыр жолдорундагы аруу сулуулукту чындап элестетип, ажайып көркkө чындап моокумун кандыра албайт. Ага сүйүүгө болгон ушунчалык тереқ урматсый, таза мамилелердин баа-баркы да жакшы жетпейт. Кыскасы, далайдан кур жалак калат.

Барпы сүйүүнүн гана теңдешсиз ырчысы эмес, ченде жок художник экендигин ушул эле чыгармадан дагы бир жолу көрүп өтсөк болот. Айтса-айтпаса төгүнбү, Мөлмөлдүн «кадам коюп, секин баскан бутунап» (бут поэзия үчүн эмне деген «төмөн сорттогу» материал) асмандаган искусство жаратkan ырчыны Барпыга чейин кыргыз чөйрөсүнөн ким учуратыптыр. Буга окшогон акак саптар Чыгыштын улуу классиктеринен гана табылышы мүмкүн. «Көңүлүнөн кетире албай, көк наары болгуча» сүйгөндүктүн күчү ушунча: кыздын кыял-жоругу, баскан-турганы, «майдам тал кырчынындай мунайым ийилиши», «Маргалаңдын жибегиндей таза силкилдеген маңдай чачы», «кызыл гүл ачылгандай эки илеби», «бир караса — жүрөккө от чачылгандай» жайнаган көзү, «жаңыдан түптөп бездеген, жаш улан колун кезгеген, жанаша



бүткөн алмасы», «Боз балдарды какшаткан, болорболбос баш баккан бөдөнө тумшук мамагы», «алкымына жарашкан алтын иймек сагагы» менен «ай тийгенсип көрүнгөн ак бермет таккан тамагын» быякка кой, жада калса анын чөнтөгү да башкача — **«көйнөгүндөн көнчөгүң, куп жарашат чөнтөгүң»** болуп сүйкүмдөп ырга салынып, Мөлмөлдүн портретине көркөм деталь катары гармониялашып, келишкен сулуу бой-келбеттин жалпы ансамблин түзүшүп каларын кайсы жан капарына алды экен?! Бул чөнтөктүн керемети эмес, аны ошондой артыкча көрсөтүп, баарыбызды апыглык ышкындагы адамдын көзү менен каратып койгон акындын керемети, сөз өнөрүнүн сыйкыры.

«Мөлмөлүмдү» канчалык майдалап, муунап, узунтуурасын аралап сөз улаган менен, анын чыныгы эстетикалык-көркөм күчүнүн ашкере жана көмүскө сырларын тереңден келип кеңири түшүнтүп да, аягына чейин жеткире ачып да чыгыш кыйын. Бир акын сүйгөнү жөнүндө: «Оң бетиң өпсөм, сол бетиң калат, сол көзүң өпсөм, оң көзүң калат»,— деп жазгандай, ал ырдагы бир өзгөчөлүктү көрсөтсөң, бөлөк сапаты башбагат, бир боёгун кармасаң, экинчи түсү азгырат, жалаң эле ушул ырдын көрк-табиятын иликтеп айтып берем менен кете берсең, башкаларынан алыстайсың. Жалгыз чыгарманын мисалында аларды жалпылап таштоо да өзүнчө опуртал. Анын тематикасынан тартып, мазмун, поэтикасына чейин бүт камтып, баарын таш күзгүгө салгандай дапдаана элестетип бериш үчүн, бир чулу эмгек жазыш керек. Ага дейре «Мөлмөлүм» кандай бийиктикте жаралган жана ага дээрлик акындар поэзиясында кайсы орун таандык экендиги туралуу дүңүнөн гана баалап, башкы оюмду Байдылда Сарпогоевдин:

> Кыргыздан чыккан Барпы ырчы,
> Кыйланы жеңген алп ырчы.
> Көр болгон менен, ыр жактан
> Көздүүнү артка калтырчу.
> **«Мөлмөлдү» андай айталбайт,**
> **Жыйылып келсе жалпы ырчы! —**

деген ак сөзү менен жыйынтыктап, калган чыгармаларына өтүп турайын. Анын үстүнө канчалык алды-артынан келип, баш-аягын имерип карап, жети өлчөп, бир кесип отуруп акыйкат сөздү айтууга

Жалал-Абадская областная библиотека

тырышпайлы, баары бир «Мөлмөлдүн» күчү менен Барпынын орошон талантына мындан таамай, мындан калыс баа бере албайбыз.

Барпынын укмуштай сезимталдыгы менен аша жаралган сүрөткерлиги жалгыз эле «Мөлмөлүмдөн» эмес, жогоруда ага катарлаш тизмеленген ырлардын баарынан кашкайып көзгө түшөт. Алар бүт бир баш, бир жүрөктөн чыгып жатышса, мындан бөлөкчө да болмок беле. Анда аял затына болгон өзгөчө **бир бийгий кумар** бар (бул да өзүнчө талант). Жөн-жай туруп, кайдыгер карап ырдай албайт. «А» деп оозун ачканда эле ошол чоң кумар ээ-жаа бербей төгүлүп акынды алып кетет. Ыр баштан-аяк чың толгогон комуздун кылындай чыырап ички драматизмин жандырбай бир калыпта кармалып өтөт. Жазыла түшүп, шалкы калган жери болбойт. Кумарлана билүү — художник үчүн эң жогорку сапат. Ал — ар кандай чыгарманын жаны. Ансыз жаралган ыр жылуулук чачпайт.

Мөлмөлдүн асылзаадалыгы, бой-келбети менен өң-түсүнүн белгилери өзүнчө көркөм, жандуу берилген сыяктуу эле, **Лөлүкан, Тартип, Ак Жылдыз, Бүракжан, Арзыкан, Ак Дилбар,** аты көмүскө ашык жарлардын да аркимисинин бири-бирине окшобогон, бирин-бири алмаштыра алгыс жекече кереметтери бар. Ошол сапаттары менен жашап, ошол сапаттары менен ырга түшөт:

Өзүң таза асыл зат,
Ырдадым сизди, кылдым жат.
**Чубалган чачың эшилген,**
Ырдасам көөнүм жетилген

(«Арзыкан»).

* * *

Ак бетиңден өппөсөм,
Аш ичкен менен тойбодум.
Ар качан сизге жетсем деп,
**Уйкуда жатсам ойгоомун**

(«Буракжан»).

Башынан образдуу ойлоосу табийгий түрдө күчтүү өнүккөн, предметти деталдаштырып сүрөттөөгө (бул жазма поэзияга мүнөздүү) ашкере маш, көркөм таамайлыкты жаңылбай туя билген ырчы:



**Сымаптай жүзүң мелтилдеп,**
**Саамай чачың селкилдеп.**
Чырайың түнкү жарыктай,
**Чийилген кашың алиптай —**

(«Ак Жылдыз»).

* * *

Башында жаздык макмалдан
Козголуп койсоң былкылдап.
**Колум тийсе ыргыйсың:**
— Коюнуз,— деп зырпылдап

(«Лөлүкан»)

дегендей кыймыл — элестерди келиштирип тартканда тим эле көзүңө көрсөтө коёт, аларды кармалап жибергиң келип кетет. Анан дагы психологиялык учурларга чейин жеткирип, көңүл ышкын козгоп өтүп, Тартип сулуу менен Ашык жарларды сезимге алдыртып, саамга дал кылып таштаган жерлеринчи:

Кызыл жибек чаласың,
Кыргый көз Тартип, баласың.
**Кызыгылыктан ырдасам,**
**Кылгырып тиктеп каласың...** («Тартип»).

* * *

**Жылдыздай көзүң пылдырап,**
**Жыпардай жытың гүл бурап.**
Жыл он эки ай зарлабай,
Жаныңда жүрсөм сыр сурап («Ашык жар»).

Барпынын заманга эркиндигин тонотуп, акыбети кайтпай калган асреттүү махабат жөнүндөгү ырлар цикли негизинен ушундай идеялык-көркөм күч менен жаралып, ушундайча тегеректелип бүтөт. Алардын ичинде курч социалдык-психологиялык коллизиялуу баяндалып, трагедия менен аяктаган айтылуу «Кулмурза менен Ак Саткын» дастанын төмөндө өзүнчө бөлүп айтам. Лөлүкан, Тартип, Мөлмөлдөр тагдырдын тамашасына айланып, өмүрдө ак сүйүүсүнө жетпей арманда кетишкени менен, алар Барпыдай улуу акынга сүйүлүп, анын оозуна түшүп калганы үчүн чексиз бактылуу болушкан экен. Анткени, ырчы ошол бактылуу-бактысыз махабаттын урматына жүрөк оту, көңүл мээри менен кынаштырылган кырмызы сөз граниттеринен суукка тоңбос, аптапка оңбос, мезгилге тозбос, өлбөс эстеликтер тургузуп, «ашык жар-

Жалал-Абадская областная библиотека

лардын» аёолу ысымдарын кылымдарга айтылып жүргүдөй кылып калтырыптыр.

Барпынын махабат лирикасында «Гөзал кыз», «Самаргүл», «Мырзайым», «Дилбарым», «Өзгөчөм», «Гүл кыздар», «Карай көз», «Сизди көрдүм», «Алтын», «Кош алма», «Балдызжан», «Коноюн», «Ичтеги дартты айдасак», «Сүйүүнү сүйүп ырдадым» сыяктуу чыгармалары өзүнчө бир топту түзөт. Ырлары хронологиялык тартип боюнча эмес, идеялык жакындыгына карай шарттуу түрдө экиге бөлүштүрүлүп жатат. Шарттуу дегеним жогоруда кепке алып өткөн чыгармалар менен азыр атап турган ырлардын айрымдары мезгилдеш жаралган. Өзгөчөлүгү —эгерде биринчи циклге кирген ырлардын негизги пафосу **«бактысыз бактылуу сүйүүнүн арманын»** айтуу болсо, бул ырлардын ички пафосу — «сүйгөндөр үчүн ыр кылып, **сүйүүнүн сүйүү кумарын»** көрсөттү.

Жалпысынан эки цикл бир кишинин кош карегиндей жакын, негизи туташ. Бирин таштап, бирин окусаң, акын ынак сүйүүдөн жараткан аруу дүйнө бир көзүн алып, бир канатын тоноп туруп коё берген кушту элестетип калат. Жубунан катар караганда гана ар кимиси өзүнчө мүнөз күтүп, өзүнчө сыр каткан, жекече тагдыры бар, **сулуулугу бири-биринен ашкан асылзаадалар образдарынын галереясы топтолук болот.** Ырчынын ашыглык лирикасынын көп түрдүүлүк сапаты; жаңы ыкмалар менен жаңы түстөр көрүнөт, жаңы интонация, ыргактар угулат. Өмүрдүн өзүндөй болгон кары да, түбөлүк жаш да, чечилип бүтпөс миң купуялуу махабаттын жаңы кырлары ачылат. Башка маанайлар, санаркоо сезимдер, таттуу эңсөөлөр, бактылуу жолугушуулар, көңүлдө өчпөй калган ажайып сүйкүм элестер, жаркын идеалдар менен руханыбызды байытып, өзгөчө эстетикалык таалим-таасир алабыз. Акын өзүнүн лирикалык каарманына махабат чындыгы эмне деген албан күч экендигин аябай ырастап сездирип, улам бир шарттан экинчи шартка туш кылып, бир кырдаалдан экинчи кырдаалга коюп, ачуу-таттуусун башынан өткөртүп жүрүп абдан терендеп таанытат. Анын өмүр жолу менен рухий дүйнөсүнө аял затынын тийгизген улуу шарапаты жаркырап нурун чачып турат. Ал шарапат жашоо-турмуштун өксүгүн толтуруп, ажарын ашырчу зарыл сулуулук, адамды адеп-актык жактан асылдандырып, чыгармачылык духун көтөрүп, жак-



шы максаттарга нускап, одоно белгилер, пас сезимдерден тазартып турчу теңдешсиз чоң жаратуучу күч катары ырдалат.

Ушул жерде акындын бир сүйүү менен жалындап жашап бүтүп, кайра бир сүйүү менен жаңыдан жаралып, мурдагысынан өткөн дем-күч, кумар ышкында атылып чыга билүү талант-өнөрүн баса белгилегим келет. Ошондой артыкча сапатка эгедер үчүн, анын ар бир ыры өзүнчө ачылыш, өзүнчө табылган жаңы дүйнө болуп кабыл алынат. Мөлмөлдүн мүнөзүн ачып, сын-сыпатын түшүргөн көркөм асемдер «Гүл кыздарда» кайталанбайт, «Мырзайымда» колдонгон көркөм ыкмаларды «Самаргүлдө» пайдаланбайт, Лөлүкандын моңчогун Гөзал кызга такпайт, Ашык жарга багыштаган ыйык сөзүн Карай көздүн алдында кайталап турбайт. Ар бир ырда өзүнчө табылга, өзүнчө боёк, өзүнчө чеберчилик, өзүнчө акындык мамиле бар:

Алоолонуп өрт болуп,
Күйүп жүрөм, Самаргүл.
Азиз көзүм төрт болуп,
Сүйүп жүрөм, Самаргүл —
(«Самаргүл»).

* * *

Бириң — дутар, бириң — кыл,
Бириң — дастан, бириң — ыр.
Бириң — таңдай, бириң — тил
Бириңди айтсам, бириң — бил.
Бириң — чынар, бириң — бак,
Бириң — булбул, бириң — шак.
Бириң — гунча, бириң — гүл,
Бириң — дүйнө, бириң — бүр.
Бириң — комуз, бириң — үн,
Бириң — аалам, бириң — күн.
Бириң — өрдөк, бириң — каз,
Бириң — өлөң, бириң — саз —
(«Гүл кыздар»).

* * *

Кууну көрдүм асмандан,
Кууну көрдүм дастандан.
Куудай мойнун койкойтуп,
Сизди көрдүм баскандан —
(«Сизди көрдүм»).

Жалал-Абадская областная библиотека

* * *

Көзүм сүйсө — миң сулуу,
Көңүл сүйдү — бир сулуу!
Көңүл сүйгөн — сен болдуң,
Көрүнөө ашык мен болдум.
Белегим — кызыл гүлүм бар,
Бериш үчүн болдум зар,
Тартуум — кызыл гүлүм бар,
Тапшырыш үчүн болдум зар —
(«Гөзал кыз»)

Кандай гана ырчылык темперамент, ташыган мөлтүр эмоция менен айтылган нары оригиналдуу, нары кайталангыс колориттүү поэтикалык саптар! Ал эми мындай таза акыл менен эргиген бийик сезимдердин кайноорунан жаралган канаттуу ырларга Барпынын махабат лирикасы өтө бай. Дегинкиси аял затынын асылзаадалыгын, ички жана сырткы сулуулугун, адеп-актык жактан өзгөчө бийик турган тазалыгын, жакшы адамгерчилик сапаттарын, улуу шарапатын көкөлөтүп ырдоо жагынан Барпынын алдына чыга турган кыргыз акынын табуу кыйын. Бул жерде ал Хафиздин катарында турат. Мында эч кандай апыртуу жок, эртедир-кечтир тарых өзү далилдеп, өзү ордуна коюп, өзү көтөрүп чыкчу жылаңач чындык гана айтылып жатат.

Экинчи жагынан, жогоруда «Мөлмөлдөн» келтиргенде, анда Чыгыш классикалык поэзиясынын жагымдуу таасири бар деп дүңүнөн салып өткөн сөз кокустан чыкпагандыгын жана ал аныктала элек акыйкат экендигин ушул ыр жолдору кыйла ачыкка чыгарып, конкрет белгилер менен бекемдеп кетет. Мисалы, ошол эле «Мөлмөлдөн» биринчи саптарга баам салалы: **«Эки илабиң — кызыл гүл ачылгандай, Мөлмөлүм.** Бир карасаң — жүрөккө от чачылгандай, Мөлмөлүм. **...Гүлзар кылчы жүрөктүн какшып жаткан чөлдөрүн».** Көркөм туюнтуу ыгынын табияты башкачараак. Кыргыз фольклору менен эл ырчыларында кызды гүлгө салыштыруу бөлөкчөрөөк, ж а л п ы мүнөзгө ээ болот: «Алымкан атка салган дилдейсиң, ачылган кызыл гүлдөйсүң» (Токтогул), «Сен жаңы гүл жаңы ачкан, жамалың нурга жарашкан» (Калык). Ал эми эки илабти (эриндн) кызыл гүлдүн ачылышына салыштыруудагы элестүүлүк өзүнчө, **мында конкреттүүлүк** алдыңкы планга чыгып калды.



«Гүлзар кылчы жүрөктүн какшып жаткан чөлдөрүн» — метафоралуу туюнтуу, жазма поэзиянын таалим-таасири.

Акыркы мисалдан окуйлу: **«Көзүм сүйсө — миң сулуу, Көңүл сүйдү — бир сулуу!** Көңүл сүйгөн — сен болдуң, көрүнөө ашык мен болдум. **Белегим — кызыл гүлүм бар, бериш үчүн болдум зар. Тартуум — кызыл гүлүм бар, тапшырыш үчүн болдум зар».**

Мунун менен жогорку түрмөктөрдөн аз-аздап баамдалып келаткан өтмө — катыштык белгилер дагы даапалана түшөт. Асты сызылган саптар 7—8 муун жолдор менен оозеки ырдалып жатса да, кыргыз эл акындарынын поэзиясына караганда Чыгыш класситеринин көркөм салттарын көбүрөөк эске салып, ошолордун ойлоо манерасын өздөштүрүүдөн тапкан өзгөчөлүктөр көзгө урунат. Сүйгөнүнө гүлдөн белек, тартуу камдап алып, аны тапшырууга шарт таппай зарлоо элеттик ырчылардын жосунунда болбойт, андай фактылар фольклордо да жок. Бул — ошол Шарк акындары башынан кечирген турмуш-тиричиликке окшоштугу бар шарттарда күн өткөрүп, ошолордун психологиясы менен дүйнөнү көркөм кабыл алуусуна жетиштүү жакындыгы бар адамдын сөзү. Турган жеринин географиялык чөйрөсүнөн тартып (ал Фергана өрөөнүндө, ошол улуу акындардын урпактарына — тажик, өзбек, түрк, уйгур ж. б. аралаш жашап өтпөдүбү), турмуш жагдай, салт-санаада андай бөтөнчөлүктөр болбосо, Барпы Чыгыш поэзиясынын жөрөлгөлөрүн мынчалык эркин кабылдап, рухуна сиңирип кете да алмак эмес.

Башкасын айтпаганда деле бир эле «Гүл кыздардан» келтирген кичинекей мисалда жолуккан сөздөр менен терминдер андай алака-катыш канчалык терең болгонун күбөлөп жатпайбы: «өлөң» — ырдын жанрдык формасы, казак, кара калпак элдери менен ичкилик кыргыздарда катуу өнүккөн. «Саз» — азербайжан, түркмөндөрдүн музыкалык аспабы. «Дутар», «най» — парсы, афган, тажик, өзбек ж. б. калктардын музыкалык аспаптары. «Дастан» — ошолордун негизи элдик, бирок адабий иштелип чыккан эпикалык чыгармасы. «Гунча» — гүлдүн ачылганга чейинки түрү. Ырчынын оозунан кокустан чыгып жатыптырбы? Бул атамалар менен түшүнүктөр Барпынын аң-сезиминде уялап турбаса, лексикасына кайдан кирмек эле. Чыгыш поэзиясы ага китеп аркылуу га

Жалал-Абадская областная библиотека

на эмес, коңшулаш элдердин өнөрпоздору аркылуу оозеки түрдө да таасир тийгизген дешке болот. Эгерде ушундай күчтүү рухий — көркөм кош катнаш жаралбаса, Барпынын жеке поэтикалык синтези да чыкмак эмес. Ал айрым ырларында Чыгыш классиктери менчиктеген жазма поэзиянын деңгээлине чейин көтөрүлүп, кадимки профессионал акындарча ойлоого жетишкен; манера гана эмес, абдан жатыгып кынапталган стилге ээ болгон. Айтылгандарга мүнөздүү мисал, конкрет далилдин бири катары анын «Алтын» деген чакан ырын толук бойдон окуп берейин:

Аты эмес, өзү — алтын,
Асемдеп айткан сөзү — алтын.
Ачылган гүлдөй кези — алтын.
Алчадай кара көзү — алтын.
Оромол салган башы — алтын,
Олондой кара чачы — алтын.
Осмо койгон кашы — алтын,
Он сегизде жашы — алтын.
Кулактары — куйма алтын,
Куюлуп түшкөн мурду — алтын.
Кирпиктери — тизме алтын,
Керек болду бизге — алтын.
Анардай кызыл бети — алтын,
Агарган кардай эти — алтын.
Илабинда — гүл алтын,
Ыраңында — күн алтын.
Отуз эки тиши — алтын,
Ойдон кеткис иши — алтын.
Кашка тиштин мүлкү — алтын,
Как мамактын үрпү — алтын.
Алкымында — жайма алтын,
Ар жоругу — сайма алтын.
Жүрөгүндө — жуп алтын,
Жүрөк сырын ук, алтын.
Бармагынын баары — алтын
Баалаганга шаани алтын.
Ак үйүнүн куту — алтын,
Аккари кийген буту — алтын.
«Сизи» менен «бизи» — алтын,
Секин басса, изи — алтын.
Сарамжалы — сары алтын,
Саргайтканы дагы — алтын.
Айта берсем, бүт — алтын,
Аманат жанга күч — алтын.



Ыр эмес бекен, акын болбосоң коё кал! Мында эмне деген чеберчилик жатат. Кайталоо, ашыкча сап турсун, ордун таппай калган бир сөз да жок. Логиканын ырааттуулугун айт, эмнеден башталып эмне менен бүткөнүн көрүп турбайбызбы. Поэтикалык ой конкреттүү, көркөм образ жеткилең, автордун сезим таразачылдыгы өз жайында, баары шайма-шай келишип турат. Ырчыда ушундай суктанарлык усталык, артыкчылык сапаттар болбосо, кыргыз адабиятынын атасы Аалы Токомбаев: «Барпыны жазгыч акын деп эсептөө керек. Анын сезими күчтүү эле, бүт жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болчу. Көзсүз кишинин дили сабаттуу болот. Бул өзгөчөлүктү да эстен чыгарууга акыбыз жок. Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле»[1],— деп жазат беле, ким билет?

Бул ырды толук келтиргендин экинчи себеби бар эле. Анын мисалында акындын дагы бир өзгөчөлүгүн айта кетмекчи болгом. Максат — акындын жалпыдан жекеликке келип, жекеликтен кайра жалпылоо жажекеликке келип, жекеликтен кайра жалпылоо жасай билүү жөндөмүн көрсөтүү, өзүнчө поэтикалык форма табууда жаңычыл болгонун белгилөө.

«Алтында» колдонулган ыкма анын поэзиясында кокустан кездеше калган чокон факты эмес, а туруктуу эстетикалык принцип, мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири катары жашайт. Мунун талашсыз чындык экендигин Барпынын ушул эле формага салып чыгарган экинчи бир «Коноюн» аттуу ыры кимди болсо да аргасыздан мойнуна алдыра алат. Акындын «Кош алма» деген ырынын көркөм ыкмасы да башкалардын поэтикалык тажрыйбасынан жолуктургус оригиналдуулугу менен айырмаланат. Мазмунуна формасы куп гана бап келип, куюлушуп калышкан. Ал өтө кызыктуу окулат, ошонусуна жараша эстетикалык таасири да адаттан тыш: ырчы белгилүүдөн белгисизди ачып, эскиден жаңыны тапкычтыгы менен эркибизди жеңип алат.

Кышында ызгаар жетпеген,
Кырмызы жыты кетпеген.
Жайында ысык өтпөгөн,
Желаргы гүлүн төкпөгөн.
Жайын-кышын көктөгөн,

[1] Т. Байзаковдун «Барпы ырчы» деген адабий очеркинен алынды. Барпы. Чыгармалардын бир томдук жыйнагы.— Фрунзе: — 1970, XXXII бет.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жай алган жерден көчпөгөн
Кыздардын кызыл алмасын
Кызыгып жүргөн Барпы акын!
Кантип ырга салбасын!
Баксыз өсүп жетилген,
Бейадеп көздөн бекинген:
Дараксыз өсүп жетилген,
Дайди көздөн бекинген
Сулуулардын алмасын
Суктанып жүргөн Барпы экен!
**Кантип ырга салбасын!**

«Кош алма» чаң жугузбай ыйык сактай турган аруулуктун, адамга сүйүү, кумар ышкы, эргүү жаратчу асылдыктын символу катары гана ырдалган эмес. Анда ошол кымбат дүйнөнү баркына жетип, кастарлай билген руханы бийик үлгүдөгү адамдын образы да берилген. Экинчиден, ал «Мөлмөлдө» сүрөттөлгөн «боз уланды какшаткан, болор-болбос баш баккан, бөдөнө тумшук мамакка» да, «көп уланды күйгүзгөн, көйнөккө өзүн сүйгүзгөн, көгүчкөн тумшук эмчекке» да түк окшобойт. Бул белги, эгерде акын түгөйлөш, же бир предмет жөнүндө эки жолу ырдаса, биринчисинде жасаган ачылыштарын кийинкисинде кайталабай, түбүнөн түрө бөлөкчө айтып, бөлөкчө сүрөттөп чыгарын ырастайт.

Барпы чыныгы махабаттын улуу даңазачысы болгонун сезип, туюш үчүн анын бир эле ырын: же «Гөзал кызды», же «Мөлмөлдү», же «Кош алманы», же «Алтынды», же «Гүл кыздарды» жакшылап окуп коюу гана жетишмек. Ошентсе да биз акындын арзуу лирикасына жалпы жонунан кыскача экскурс жасап өтпөдүкпү. Себеби, анын ашыглык ырларынын көп кырдуулугу, түрдүү формаларга бай жаңылык-табылгалары аздыр-көптүр өзүнүн реалдуу белгилери менен көрүнсүн дедик.

Бирок, Барпынын бул темага **толук** жумшалган күчүн, жараткан махабат дүйнөсүнүн **толук** картинасын, өзүнө чейин жана катарлаш жашап темалаш ырдаган акындардын көркөм салттарына жасаган мамилесин айкыныраак элестетип көрүш үчүн, сөзсүз түрдө анын «Кулмурза менен Ак Саткын» наамдуу дастан-поэмасын кошо окуш керек. Ал махабат тууралуу улуу чыгарма гана болбостон, негизи элдик поэтикалык үлгүнү мурда жолуктуруп көрбөгөндөй идеялык-көркөмдүк бийиктикке чейин көтөрүп, ага



жаңы өмүр берүүнүн бирден бир талашкыс мисалы.

Акыйкатта да ырчынын көркөм шыгынын кайнар булактай оргуп, кайталангыс күч менен ташып турган чагы ушул чыгармага жумшалган десе болот. Барпынын улуулугуна дагы бир жолу мыктылап ишенгиси келген окурман ал жараткан «Кулмурза менен Ак Саткынды» башкалардын варианттарына (элдик — 204 жол ыр, Тоголок Молдонуку — 288 сап, А. Осмоновдуку — 168, Барпыда 432 жол) салыштырып окуп баксын. Буга мен кийин өзүнчө конкрет токтолом. Барпынын «Кулмурза менен Аксаткыны» калган үч варианттан көлөм жагынан канчалык ашып турса, төрт тарабы төп келип бүткөн орошон чыгарма катары да ошондой эле айырмачылык менен бөлүнүп алдыга чыгат. Беркилер классикага карата алганда жакшы, жоон орто, орто делчү көркөм түзүмдөрдүн деңгээлинде калышат.

Бул дастан-поэманын сюжети абдан чакан, көп эле болсо кыска-кыска кайрылган төрт-беш сүйлөмгө араң толот, окуянын ичинен окуя жаралып отурган катмарланган татаалдык, кыйма-чийме кеткен көп сызыктуулук жок. Ошого жараша жөп-жөнөкөй жана түшүнүктүү. А бирок ага шыкалган сырдуу дүйнө карекке баткан чоң ааламдай: кенен да, терең да, бийик да; айтып ада кылгыс мазмунга бай; чылкый асылдык менен кооздукка тунган; кайталангыс бөтөнчөлүккө эгедер. Ырасында да бул дастан-поэма түпкүрдөн жерди көтөрүп атылган вулкандай ээ-жаа бербей ташкындаган зор руханий күч, оболгон эргүү менен өмүрдө бир ырдалып калган керемет чыгарма. Кыргыз фольклору, акындар поэзиясында гана эмес, жалпы эле түрк тилинде сүйлөгөн калктардын көркөм тажрыйбасында өтө сейрек жолукчу табылгалардан. Аны эч кандай ойлонбой да, тайманбай да туруп эле Чыгыштын улуу классиктери калтырган «Жусуп менен Зулайка», «Лайли менен Мажнун» өңдүү нукура шедеврлердин катарына койсо болот.

«Кулмурза менен Ак Саткынды» ошончолук бийик даражага чыгарып турган зор жалпылоочу кудурет кайсыда, чыгарманын жанжүрөгүн түзгөн башкы ой кайда катылган? Чыныгы ашыглык күчү деген эмне экенин таанытуу; өмүрдө бир гана жолу сүйүү, бир гана жолу сүйүлүү болорун көрсөтүү жана ошондой бир келген улуу махабатты улуу урмат менен тосуп өлгөнчө ардактай билүүнүн үлгүсүн

Жалал-Абадская областная библиотека

берген жаштардын бийик адамгерчилик сапатын, адеп-актык жактан тазалыгын даңазалоо; андай ыйык сүйүүдөн ажыроо — бардык өмүр күнүн аяктоо дегенди айтуу; мына ушундай эки тараптан тең жанган махабаттын түбөлүк кошулушуна каргаша чыккан кара күчтөрдү наалаттоо — дастан жарык көргөндөн бери карай ушинтип айтып келе жатабыз. Туура, бирок, бул чыгарманын баарыга дайын болуп турган үстүңкү катмары. Айсбергдин түбү нары ички пафосто жатат.

«Кулмурза менен Ак Саткындагы» сурсолордун суроосу, конфликттердин конфликтиси, турмуш философиясы берген ойлордун квинтэссенциясы — жеке адамдын каалоо-идеалы менен таптык коом күткөн кызыкчылыктын ортосундагы жарык менен караңгыдай эч качан жанашпаган карама-каршылык маселеси. Баарына, адамды малга алмаштыруудан баштап, трагедиялык финалга чейин дал ушул ичкертен келишпеген кайчылык себепчи. Чыгарманы чыгарма кылып, коомдук маанисин бийиктетип турган чоң жалпылоочу идеялык күч да ушуга катылган. Мына ушул жеке адамдын тагдыры аркылуу көрүнгөн доордун конфликтисин азыраак жымсалдап, же алып таштаса, ашык жарлардын аруу мамилелери тек гана эки адамдын алкагынан чыкпаган сүйүү үчүн болуп калат, башкалардын көңүлүнөн жалпы жаңырык таппайт, масштабы тарыйт, идеядан тартып, образдар системасына чейин төмөндөп, мазмундун салмагы түшөт. Бүткүл сыр түйүн «Кулмурза менен Ак Саткындын» терең социалдуулугунда.

Ошентсе да дастанды дастан дедиртип жаткан жалгыз гана бийик маани-мазмун эмес, ага ушунчалык бир сонун ийкем менен кынапталып, классикалык гармонияга келип турган көркөм формасы да бар эмеспи. Окуя кыргыз фольклору менен акындар поэзиясынын тажрыйбасында өтө сейрек кездешчү ыкма, биринчи жактан, таттуу махабат, ачуу трагедиянын себепчиси Ак Саткын пери тарабынан баяндалат. Сюжеттик-композициялык жактан абдан кыл чеберчилик менен иштелген, динамикалуу кетет. Чыгарма зор кумардануу, бир дем менен айтылган, машыккан устат комузчу бир чоң күүнү бир тыным менен чертип таштагандай, бир жерде кичинекей басыгын бошондотуп, азыраак кылт-култ этип койбой кандай башталса, ошондой темпте аягына чыгат. Окурман да бир дем менен окуп коёт. Анан калса ыр түзүлүш



формасынан (он муун, бейт уйкаш) тартып, калган көркөм туюнтуу каражаттарына чейин өзүнчө, жаңы, лексикасынын байлыгын айт. «Бармак менен баскандай, сөөмөй менен сайгандай» предметтүү, сүрөттүү, таамай, тим эле жандуу кинолента.

Жүктөшүп жатып жүгүмдү, досум,
Жүзүмө көзүң тигилди, досум.
Төөлөрдү тартып мен кеттим, досум,
Дөбөдөн ашып сен кеттиң, досум.
Ак өргө тиктик Белеске, досум,
**Алагды болдум элеске, досум.**

Камчыңды алып сен турдуң, досум,
Калпагың алып мен турдум, досум.
Аркамда чачым тизилип, досум,
Алдыңда турдум сүзүлүп, досум.
Карызың барбы Саткында, досум,
**Карайсың мынча үзүлүп, досум!**

Каламы көйнөк жол-жолум, досум,
Кашаттын башы — болжолум, досум.
Бурама көйнөк жол-жолум, досум,
**Булактын башы болжолум, досум.**
Суу ылдый басып кеңештик, досум,
Султан бир бойду теңештик, досум.
Өзөндү бойлоп кеңештик, досум,
**Өктөм бир бойду теңештик, досум.**
Тартпадың билек мойнумдан, досум,
Турбадың менин койнумдан, досум.
Энкейе карап тешиктен, досум,
**Эки адам кирди эшиктен, досум.**
Алтындан терек сен элең, досум,
Алманын гүлү мен элем, досум.
Күмүштөн терек сен элең, досум,
Күнөстүн гүлү мен элем, досум.
Алтындан терек ыргалбай калды,
Ачылган гүлдөр ырдалбай калды.
Күмүштөн терек ыргалбай калды,
Гүлдөгөн кыздар ырдалбай калды.

Мындай кынапталган кооз стилге сабатсыз төкмө ырчыларды кой, кадимки профессионал акындар да кемде-кем жетишет го. Бир бош тартылган сап, бир суу сөз жок, өтө көркөм, өтө таасирдүү.

Жыйынтыктап айтканда, Барпынын көркөм салт-

Жалал-Абадская областная библиотека

тардын жаңы синтезин берген, кайталангыс индивидуалдуу белгилерге бай, аша колориттүү жаралган махабат лирикасы ырчылар поэзиясында өзүнчө бир жаңы доорду түзөт. Адамдык жогорку сапат, асыл идеалдарды алып жүргөн ашык жарлардын улуу сүйүүсүн улуу күч менен көкөлөтүп айтып чыккан гуманист акындын көп кырдуу учкул канат ырлары жалпыга маалым жана жалпы эл тарабынан кабыл алынган классика болуп эсептелет. Алар махабаттын өзүндөй узун өмүр сүрүү тагдырына эгедер...

*Кеңеш Бекназаров*

## БАРПЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Барпынын чыгармалары акындын сөзгө кылдат мамиле кылгандыгына күбө. Ал айрыкча элдик бай тилдин казынасынан өтө чеберчилик менен пайдаланат. Акындын тили — Жалал-Абад говорунун өзгөчөлүктөрүн сактаган элдик тил. Мындай болгондон кийин анын стилдик бөтөнчөлүктөрүнүн бири чыгармаларында диалектизмдердин арбын болушу. Ошондуктан республикабыздын мектептеринде акындын чыгармаларына талдоо жүргүзүүдө бул маселени четтеп өтүүгө мүмкүн эмес. Анткени, ырдын идеясын толук түшүнүүдө, образдарды кабыл алууда окуучуга ар бир сөздүн мааниси жеткиликтүү болуу керек. Айрыкча түштүк диалектинин өзгөчөлүктөрү менен тааныш болбогон түндүк Кыргызстандын окуучулары, акында арбын кездешкен диалектизмдерге түшүнбөй калышы мүмкүн. Дагы бир эске ала турган нерсе акындын сөзгө кайдыгер мамиле кылбай тургандыгын же сөздү ыр уйкаштыгын кууп гана өз билгениндей бузуп колдоно бербей тургандыгын түшүнүү үчүн да диалектизмдерге талдоо жүргүзүү зарыл. Анткени, диалектизмдер жөнүндө түшүнүгү жок окуучуга диалект сөздөрдүн көпчүлүгү жат учурап, ылайыксыз, орунсуз колдонулгандай сезилет.

Мисалы:

Далортомду кабартып,
Көтөрдүм отун адырдан.
Барпы, Назар экөөбүз
Сырдашып болдук **кадырдан.**



Кош дарбаза коргонуң,
Канакей көңул койгонуң,
Көңул үзбөй бир жүрчү,
**Кадырданым** болбодуң».

Хан боломун» деп жүрүп,
Какшаткан элдин **чанданын.**
«Ат байла» деп сабаткан
Карыптын кыйнап балдарын

Бул куплеттердин биринчисинде **адырдан — кадырдан** болуп уйкаштык үчүн, экинчисинде **кадырлашым** болбодуң дегенди атайы бузуп, үчүнчүсүндө **чанданын чанда бириң, азын, айрымдарын** дегенди орунсуз колдонгондой сезилиши мүмкүн. Чындыгында Барпы түштүк говорлордо көп учураган эле сөздөрдү элде кандай айтылса ошол калыбы менен колдонгон. Буга төмөнкү мисалдар далил боло алат. М. Абдукаримовдун «Үзүлбөгөн үмүт» аттуу повесть жана аңгемелер жыйнагында «Алар кантип эле... өздөрүнүн кадырдан досторун айыптап чыгышсын» деп жазат. Кыргыз диалектологдору түштүк кыргыз говорлорунун өзбек, тажик тилдери менен байланышкатышын белгилеп, айрым сөздөрдүн ушул тилдер аркылуу кабыл алынгандыгын далилдеп жүрүшөт. Демек, бул сөздүн Барпы сүйлөгөн говорго өзбек, тажик тилдери аркылуу да кириши ыктымал экен жана түндүк говордо **кадырлаш, кадырлуу** формасында, түштүктө өзбек тилиндегидей **кадырдан** болуп айтылып башка формада колдонулушу да ушуну менен түшүндүрүлүүгө тийиш.

Ал эми **чандан** деген сөз 1960-жылы чыгарылган акындын бир томдугунда түшүндүрүлгөндөй **аргасын, айласын** деген маанини бербестен, **көпчүлүк** маанисинде экендигин билүүгө болот. «Өзбекче-орусча сөздүктө» «Чондон юр дедим, бормада» деген сүйлөм берилет. Мунун мааниси канчалык айтпадым же канчалык жүр дебедим, барбады дегенге туура келет, демек, бул сөз көп жолу кайталануу белгисин көрсөттү. Ушундан улам бул кыргыз тилине өздөштүрүлгөндө көптүктү билгизип калгандыгын болжолдоого болот жана контекстте берген мааниси да ушуга туура келет. Барпы бийлик талашкан хандардын чанда бир адамдарды эзбей, жалпы эле элди, көпчүлүктү эзгендиктери жөнүндө айтып жаткандыгы түшүнүктүү.

Жалал-Абадская областная библиотека

Барпынын бүткүл өмүрү түштүк Кыргызстандын территориясында өтүп, чыгармаларын ушул жергиликтүү элдин арасында гана аткарган. Ошондуктан анын ырларында түштүк кыргыз говорлорунун өзгөчөлүгү сакталууга да тийиш болучу. Мындай болбогон учурда акындын аудиториясына айрым образдар өзүнүн бүткүл ажары, элестүүлүгү менен жетмек эмес. Эгер:

Жаандуу күнү шуулдайт,
**Дарчаны** бузуп куюндайт.

Тилегин Атантайдын,
Сизге — марттык.
**Газанда,** дилазардан
Бизге — марттык —

деген саптардагы алды сызылган сөздөрдүн биринчисин акын **терезе,** экинчисин **зыяндуу курт** же **чаян** деп колдонсо бул сөздөр берген образ, элес таасирдүүлүгү, күчү, салмагы, бүткүл көркү менен угуучуга жетпейт жана предметтин өзүн да туура элестете албайт эле. Барпы түштүк кыргыздардын эски типтеги үйлөрүнө жыгачтан ставень сыяктуу жасалып, терезе ордуна колдонулган нерсени (ал убакта айнектелген терезе болгон эмес) дарча деп атайт. Муну терезе деп атоо таптакыр башка предмет жөнүндө кеп кылуу менен барабар. Барпы ошол эски үйлөрдүн дарчасын гана атагысы келген.

Экинчи мисалдагы газанда деген сөз жыйнакта түшүндүрүлгөндөй зыяндуу курт же чаянды билгизбейт. Бул жерде сөз түз маанисинде (адамды чагуучу бөйөн-чаян жөнүндө) эмес, өтмө мааниге ээ, башкача айтканда, арамза, бирөөгө ар дайым жамандык ойлоп, кастык кылган адам жөнүндө.

Барпынын чыгармаларындагы диалектилик сөздөрдү говордун кандай спецификалык белгилерин бергендигине ылайык фонетикалык, грамматикалык, лексикалык диалектизмдер деп үч топко бөлөбүз. Фонетикалык диалектизмдерден айрыкча ичке үндүү **«а»** тыбышына көңүлдү буруу керек. Анткени, бул тыбыштын адабий тилде транскрипциялык белгиси болбогондуктан жыйнактарда жоон үндүү «а» түрүндө берилип жүрөт. Муну менен таанышпыгы жок окуучу ичке үндүү **«а»** тыбышын жоон үндүү **«а»** деп



окушат да, сөздүн маанисин түшүнбөй калышат. Мисалы:

«Аккан суу сенде шарапат;
Алма менен **нак** бүткөн,
Көгөрүп өсүп бак бүткөн».

**Же**

«Узун жүнү түксүйгөн
Башы **катта** үксүйгөн»,

деген ыр жолдорундагы **нак, катта** сөздөрүнүн маанисин түшүнүү кыйын. Эгер буларды ичке үндүү **«а»** тыбышы менен окусак маанилерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк болот. Демек, окуучуларга тааныш эмес тыбышка мугалим алардын көңүлүн буруп, кандай айтылуу керектигин көрсөтүп, маанисин түшүндүргөндө гана окуучу сөздү туура кабыл алмак.

Түштүк говорлордогу айрым сөздөр адабий тилге салыштырганда өзгөчө тыбыштык составга ээ болуп, адабий тилдеги кээ бир тыбыштардын ордуна говордо башка тыбыш туура келген учурлар бар. Мисалы, адабий тилдеги «ы» тыбышынын орду говордо «у» тыбышына туура келет:

«**Акундар** шаңшып ырдаса,
Уккан сопун турбайбы»,

же «а» тыбышына туура келет:

«**Нам** жеткен жерге гия өсүп,
Дүркүрөгөн аккан суу».

«Ө» тыбышы «О»го туура келет:

«Бул дүйнөдө түгөнбөйт
Бир **омуруң** аккан суу».

Ошентип, биз бул макалада айрым диалектилик белгилерди көрсөтүп, окуучуларга диалектизмдерди түшүндүрүү зарылдыгы жөнүндө пикир козгодук.

Ал эми Барпынын чыгармаларын өтүүдө диалектизмдерге көңүл буруу алардын маанисин окуучуларга түшүндүрүү ырдын идея, образ системасын, акындын чыгармачылык бөтөнчөлүгүн туура кабыл алууга көмөк берери шексиз.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Сулайман Кайыпов*

## БАРПЫНЫН БАСЫЛА ЭЛЕК МУРАСТАРЫ

Барпы Алыкуловдун көркөм мурастарын жыйноо, басма жүзүнө жарыялоо жана изилдөө тууралуу сөз болгондо бир чындыктын башы ачык: акындын чыгармаларын калк арасынан кастарлап жыйнап алуу жагынанбы, же колдо бар материалдарын жогорку илимий деңгээлдеги түшүндүрмөлөр жана изилдөөлөр менен талаптагыдай жабдып жарыкка чыгаруу жагынанбы, же ырчынын акындык келбетин ачып, көркөм дөөлөттөрдү жаратуу сырларын чечмелөөдөбү, айтор, улуу классиктин эмгектерине өз баасын берүүдө кыргыз фольклористтеринин жана адабиятчыларынын поэтикалык өзгөчөлүктөрү, тили, көркөм каражаттары, философиялык көз караштары, эстетикалык идеалы толук, өз деңгээлинде изилдене элек. Барпынын чыгармачылыгын жалпы эле кыргыз акындар поэзиясынын, кеңирээк алганда элдик эстетикалык аң-сезимдин өнүгүү фонунда карап, филология илимдеринин азыркы күндөгү жетишкендиктерин эсепке алуу менен ишке ашырылган изилдөөлөрдү жаратуу далалаты, же анын улам кийинки чыгарылып жаткан жыйнактарына мурдагы басылышына кирбей калган мурастарын киргизип, толуктап, анын сүрөткерлик, ойчулдук жүзүнүн улам даанараак ачылышына кепил болорлук китептерин түзүп чыгаруу жумушу да кашандабыраак жүрүп жаткансыйт. Улуу акындын чыгармаларын жыйноо, жарыялоо, изилдөө иштеринин алгачкы бир этабын болсо да жыйынтыктап, керек болсо, анын чыгармачылыгы боюнча жазылган эмгектерди мезгил талабына жараша дагы жаңы изилдөө табылгалары менен байытып, жарыяланган чыгармаларын кайрадан текстологиялык терең текшерүүдөн өткөрүп алууга мезгил жетти. Бул өзүнчө козголуп, атайын сөз боло турган ири маселе. Биз бул сапар Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусунун фактыларына таянып, Барпынын азырынча басма жүзүн көрбөй келе жаткан чыгармалары жөнүндө учкай гана сөз козгомокчубуз.

Барпынын бирден-бир акындык жүзүн ачкан, коомдук-саясий жана философиялык көз караштарын даана чагылдырган, терең мазмундуу чыгармалары-нын белгилүү бир тобун кыргыз оозеки чыгармачылыгында ашкере өнүккөн көркөм каражаттары, композициялык ыкмалары, традициялык формулаларга айланган санат, насыят формасына кирүүчү ырлар түзөт. Мындай узак убакыттар бою калыптанып, туруктуу мүнөзгө ээ болуп калган поэтикалык бул форма аркылуу коомдук көрүнүштөрдү, жаратылыш кубулуштарын, аалам, мезгил, жашоо маселелерин турмуштук тажрыйбага серен, эстетикалык табити кылдат талантка эгедер Барпы сыяктуу ырчылар гана ийине жеткире ырдай алышкан. Акындын ошондой чыгармаларынын тобуна кошула турган «Тескейден шамал терменбей», «Төмөн төмөн, төмөн бар» ж. б. көлөмдүү ырлары азырынча окурмандарга сунуш кылына элек.

Тескейди шамал терменбей,
Кыбладан шамал кырланбай.
Добул болбой чаң кайда,
Эгиз болбой түз кайда.
Чөп куурабай күз кайда.
Эсепке жетпей жүз кайда,—

деп башталып, жаратылыштагы, коомдогу карама-каршы кубулуштардын, көрүнүштөрдүн диалектикасын, себеп-натыйжалык байланыштарын көркөм чагылдырган ырдын келечекте акындын китебинен орун табышы зарыл. Же болбосо:

Төмөн, төмөн, төмөн бар,
Төмөн жакта нелер бар?
Төрөлүү көргөн шаар бар,
Гүлү ачылган баар бар.
Гүлдөп турган шаар бар.
Түрлүү ширин даам бар...
Өткөнгө такта жолу бар
Маңдай-тескей отуруп
Карайкы малы болбосо,
Кембагалдын шору бар! —

деген социалдык мааниге эгедер, акындын шаар турмушу, цивилизация жөнүндөгү ассоциативдүү ой толгоосу орун алган ыры да жарыялана элек. Аталган ырлардын таанып-билдирүүчүлүк мааниси зор. Алар акындын «Күн», «Шамал», «От», «Аккан суу» деген философиялык ыр цикли менен үндөшүп, аны менен идеялык-көркөмдүк биримдикти түзүп турган чыгармалардан.

Жалал-Абадская областная библиотека

Барпынын ашыктык ырларынын ашынган чебери экендиги азыр жалпыга маалым. Анын сүйүү ырларынын мазмуну акындын социалдык позициясын, адамга, коомго болгон көз карашын ачык баамдатса, көркөм каражаттары (мисалы, көркөм салыштыруулар) Барпынын сулуулук, тазалык, асылдык, аруулук жөнүндөгү көз караштарын айкын-ачык көрсөтөт. Барпынын китептерине жарыяланып келе жаткан ашыглык ырларынын тобуна институттун кол жазмалар фондусунда сакталып турган бир нече ырын кошууга болот. Башкасын айтпаганда да, «Гүлярым» деген сюжеттүү чыгармасы эле 428 саптан турат. Алардын баарын басмага тыкандык менен даярдап, окурманга жеткирүү милдети алдыда турат.

Барпынын чыгармачылыгынын элдик эпикалык поэзия менен болгон байланыштарына келгенде жалгыз «Кулмурза менен Ак Саткын» поэмасы аталат. Ал эми институттун фондусундагы материалдар маселенин андай эмес экендигин, акын андан башка да эпосторго, элдик сюжеттерге кайрылып, аларды ыр түрүндө кайра иштеп чыккандыгын белгилүү кылды. Бул жерде «Өткөндүн эстелигине» аттуу 720 саптан турган, өзгөчө сюжеттик-композициялык структурага ээ чыгармасын айтпай кетүүгө болбойт. Ал кыргыздын эпикалык чыгармачылыгындагы Эр Табылды, Манас, Семетей, Жаныш, Байыш, Төштүк ж. б. баатырларды эскерүүдөн турат. Акын аталган баатырлардын өмүр жолуна байланыштуу белгилүү эпизоддорду эскерүү менен алардын эрдигине өзүнүн ырчылык баасын берет, даңкын даңазалайт.

Мисалы:

Баатырлыгы ашынган Төштүк
Кармашканды качырган Төштүк.
Кара жерге жапшырган Төштүк,
Алптарды кууп, аңтарган Төштүк.
Дөөлөрдү кууп, чаң салган Төштүк.
Жер түбүнө жол салган Төштүк.
Желмогузга кол салган Төштүк.
Ажыдаарды өлтүргөн Төштүк
Бардык күчүн келтирген Төштүк
Жер тагидан кыз алган Төштүк
Анардай бети кызарган Төштүк —

деген Төштүк жөнүндөгү саптарда кыргыз ырынын байыркы формасын сактоо менен бирге, баатырдын



эпикалык биографиясына тиешелүү болгон урунттуу окуялардын баарын атап, кыска, көркөм ыр жараткан.

Барпы Алыкуловдун эпикалык мүнөздөгү чыгармаларына «Козуке менен Баян», «Муңдук менен Зарлык» аттуу көлөмдүү поэмаларын да кошууга болот. Эки поэманын тең сюжеттик өзөгүн кыргыз калкынын кыйырына белгилүү болгон жомоктун материалдары түзгөн. Акындын өзү күбө болгон реалдуу турмуштун фактыларына таянып жараткан поэмалары да жок эмес. Алардын көрүнүктүүлөрүнүн бири басмачылардын калк арасына калайман түшүргөн жоруктарын баяндоого арналган «Бото ууру» поэмасы болуп эсептелет. Көлөмү 350 сап ыр.

Барпынын жарыкка чыга элек чыгармаларынын маанилүү бир тобун, анын өз башынан өткөргөн окуяларга байланыштуу чыгарган ырлары түзөт. Алсак, акындын Фрунзеге келгендиги, А. Токомбаев, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Т. Үмөталиев, Т. Шамшиев, У. Абдукаимов сыяктуу акындар, жазуучулар, адабиятчылар менен болгон маектерин, алардын көрсөткөн көмөктөрүнө болгон ыраазычылыгын чагылдырган ырлары бир жагынан анын жеке пенделик касиеттерин таанытууга көмөкчү болсо, экинчи жагынан кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн бир учурунан жандуу кабар берет.

Атактуу Токомбаев иним Аалы,
Колума колуң тийди, келдим көрүп.
Кетейин арманымды эми бөлүп.
Мен элем илимим жок, өзүм жөнүн.
Көңүлүм оттой кызып турду көрүп.

Же болбосо:

Маликов Кубанычбек эми көрдүм,
Сүйлөшүп арманымды эми бөлдүм—

деген сыяктуу Барпынын акындык турмушунун бир илебин жакындан сездирген саптар келечекте анын чыгармаларын толук чагылдырууну көздөгөн жыйнактарда сөзсүз орун табууга тийиш.

Барпынын акындык чеберчилигин, шыгын алейне көрсөтүп турган жанрлардын бири — айтыш жанры. Ал кыргыз оозеки поэзиясындагы салтка айланган бул жанрдын эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн, жанр-

Жалал-Абадская областная библиотека

дык чектерин, туруктуу, канондук сапаттарын жаңы деңгээлге көтөрүп, формалык (албетте, мазмундук да) жагына жаңылык киргизген новатор акын. Барпынын фондуда сакталып турган Калмурза, Карамурза, Нишан, Сыдык, Бала ырчы Сыдык, Нурмолдо ж. б. ырчылар менен айтыштарынын тексттери жарыялана электиги өкүнүчтүү. Айрыкча Калмурза менен айтышы Жеңижок, Токтогул менен болгон айтыштарындай эле кыргыз акындар айтышынын классикалык үлгүсү деп айтарлык чыгарма. Аны жарыялоодо текст атайын иштелген илимий түшүндүрмөлөр менен коштолуп берилиши зарыл.

Акындын Бекназар менен айтышуусу да көлөм жагынан болсун, мазмун жагынан болсун чоң айтыштардын бири. Бекназардын:

Топтолуп ырчы толуптур,
Топондон арзан болуптур.
Аламан ырчы толуптур
Арпадан арзан болуптур.
Келгин ырчы толуптур
Кебектен арзан болуптур.

Ителги тийген таандай
Илбитемин баарыңды.
Аламын бүгүн шайыңды.
Акынсынган Барпы көр
Кесемин сенин пайыңды
Ким билет түпкү жайыңды?,—

деп дасыгып, аш-тойлордо көп ырдап, жаагы ачылган кексе ырчынын опузасына ал кездеги бала ырчы Барпы:

Сыйласам аке билбейсиң,
Сыйырмакка сүйлөйсүң.
Ызатыңды билбейсиң.
Имересиң, сүйлөйсүң.
Ишенбе Жолборс казыңа
Келбейби бирөө алдыңа
Кебектен арзан дебегин
Келишимдүү акынды.
Көрбөдүм сендей бакылды...—

деп ылайыктуу жообун табат. Айтыш уланып, Барпынын жеңиши менен бүтөт.

Барпынын ырчылык өнөрүнүн калыптаныш эволюциясын иликтегендерге омоктуу мисал болуп берүүчү бул айтыш да окурмандарга али белгисиз.

Биз бул жерде акындын азыркы жарыяланып, жалпы коомчулукка маалым болгон чыгармаларынан башка да мурастары бар экендигин белгилөө максатында анын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турган материалдардын айрымдарын гана белгилеп өттүк. Эгерде Барпынын жазуучулардын, акындардын колунда жүргөн мурастарын жана фондудагы материалдарды бириктирип, чыгармаларынын толук жыйнагын түзсө акындын акындык жүзү азыркыдан да алейне көрүнмөк.

*Нургазы Кангелдиев*

## АДАБИЯТЫБЫЗДЫН КЛАССИГИ

Белгилүү акын-демократ Барпы Алыкулов эки доордо жашаган. Ал элдин мүдөөсүн ырдап, эмгекти, эмгек адамын кадырлоону, адамдардагы адептик жакшы сапаттарды даңазалаган. Анын санат, насыят, үлгү ырлары ушул кезге чейин эл арасында нуска катары айтылып келе жатат.

Тең укуктуулук, аялдар эркиндиги жөнүндөгү чыгармалары да жаштарды тарбиялоого чоң салым кошот. Барпы Алыкуловду тарбиялоочу, пускоочу катары баалоодо биз барыдан мурда анын керт башынын нравалык сапатына көңүл бөлүшүбүз керек. Ал айланада болуп жаткан чындыкты өздөштүрүүгө аракет кылат.

«Бууданы болбой замандын,
Булбулу болбой адамдын,
Ырчымын деп мактанба».

Бул саптардын ары жагында акындык чеберчиликтин ырчыларга зарыл экендигин айтуу менен бирге, акындар өз заманынын алдыңкы катардагы жол көрсөткүчү болууга тийиш деген ой баяндалып жатат. Албетте, Барпы революциядан мурда караңгы кыргыз элин акты-караны ажыратып билүүгө үндөп, агартуучу катары өз милдетин ийгиликтүү аткара алган. Назарбай байдын зулумдугун бетине айтышы, Мадалы ажыга, Чангентке келген эшенге каршы ырдаганы, ал турмак өзүн өлүмгө алып бара жаткан

Жалал-Абадская областная библиотека

басмачылардын зулумдугун да бетке айтуусу Барпыда патриоттук сезимдин күчтүүлүгүнө күбө.

Дүйнөкорлук жаман сапаттардын бири. Адамдык нарк-назилин, абийирин акчага алмаштыруучулар али деле жоюлуп кеткен жок, бар. Ал эми Барпы болсо:

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм,—

деп абийиринен алыстабаган. Дал ушул сыяктуу эле мамилени ал ар бир акындан талап кылат.

Алтынды көрүп алданбай,
Алкымынан кармалбай,
Ырдай билгин жакканга.

Барпынын чыгармаларында патриоттук идея кеңири орун алган. Ал Ата Мекенин сүйгөн акын. Мекен деген сөздөн Барпы жалпы эмгекчи букараны, туулуп-өскөн, байлыгы мол жерин түшүнгөн, анын байлыгын «айрым» кишилер гана пайдаланбастан, жалпы элдин пайдаланышын каалаган. Аны коргоо үчүн жаштардын дайыма даяр турушун, ал турмак керек болсо, өз жанын курман кылуудан да кайра тартпоого үндөйт:

Жаш экенде бир атка,
Конгон жигит жакшы экен.
Калың элдин калкасы
Болгон жигит жакшы экен...

Акын кыргыз элин ар-намыстуу, эркиндикти каалаган эл деп эсептейт. Ар-намыс сактоо Ата-Мекендин талабы экенин көрсөтөт. «Эр жигитке сын» деген ырында акын жигиттердин эң жакшы сапаты элдин камын ойлоо болот деген корутундуга келет:

Эр жигит иши эл менен,
Кеңештүү сөзүн билгизет.
Кенебей келген душманга,
Керилип найза тийгизет.

Акындын чыгармаларында эл намысын талашып, душманга сокку уруу үчүн балдарды кичинесинен тарбиялоого тийиштиз деген ой да баяндалган.



Совет бийлигинин алгачкы жылдарында кыргыз жергесинде акын жашаган түштүк районлорунда совет бийлигине каршы чыккан басмачылардын топтору эмгекчи элге чоң зыян келтиргендиги белгилүү. Басмачылар совет өкмөтүнө каршы ар түрдүү ушактарды жүргүзүп, анчалык туругу жок адамдардын айрымдарын катарына үндөп да алышкан. Басмачылардын бетин ачууда, элге ким дос, ким душман экендигин туура түшүндүрүүдө Барпыга окшогон чыныгы патриот акындардын чыгармалары чоң мааниге ээ болду. Элге чындыкты түшүндүрүү өтө чоң талантты, ал турмак чыныгы баатырдыкты талап кылган. Эл ырчысы Барпы аларга чындыкты айтып, калың кара букараны басмачыларга каршы чыгууга үндөйт. Бул үчүн басмачылар ага кандай «сый көрсөткөнү» окуучуларга мектеп программасынан маалим.

Барпынын революцияга чейинки чыгармаларында баарыдан мурда эзилген эмгекчилердин турмушу чагылдырылган. «Айт, айт десе» деген ырында эзилген эмгекчилердин көп сандуу экендигин, алардын эмгеги аркылуу түзүлгөн байлыкты аз гана сандагы эзүүчүлөр пайдаланып жатканын өтмө маанide баяндайт. Аны төмөндөгү саптардан көрөбүз:

Азга жылуу, көпкө ызгаар,
Кычыраган кышты айт...
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт...

Андан ары акын эмгекчилерди эзүүчүлөр табына каршы келишпес күрөш жүргүзүүгө үндөйт. Алардын анча-мынча бере койгон дүнүйөсүнө кызыгып, алданып кетүүдөн сактанууга чакырат.

Жагамын деп ойлобо,
Тааныш болуп бек менен...

Акындын чыгармаларында ошондой эле жер айдаган дыйкан, эл коргогон баатырлар өз эли менен бирдикте болгондо гана ийгиликке жетише ала турганы даңазаланат:

Ылайдын иши бел[1] менен,
Дыйкандын иши жер менен
Таамай баатыр эл менен.

[1] Бел — ылайды алып берчү кетмен тибиндеги курал.

Жалал-Абадская областная библиотека

Революциядан мурдагы адам-адамга карышкыр болуп турган таш боор заманда жетим-жесир, кембагалдарды жардамсыз калтырбоого, аларга өз ара жардам көрсөтүүгө үндөйт:

Аргымак атты арык деп,
Жолго таштап кетпецер,
Азамат эрди карып деп,
Торго таштап кетпецер...

«Баатырдык», «Марттык», «Жакшы экен» жана башка ырларында адамга жардам берүү, жакшылык кылуу жөнүндөгү ойду айтканы көрүнүп турат:

Аздыр-көптүр тапканын,
Бөлө билген баатырдык.
Телегейин бипбирдей,
Көрө билген баатырдык...

Ошондой эле анын чыгармаларында адамдын терс сапаттары, кемчиликтери да көрсөтүлөт. «Питина», «Жалганчы», «Ушакчы», «Болбос жигит» жана башка чыгармаларында кишилердин мүнөзүндө кездеше турган тескери сапаттар мыскылдап сүрөттөлөт.

Барпы акындын чыгармалары аркылуу толуп жаткан жаштар таалим-тарбия алышты. Жаштарды, айрыкча, мектеп балдарына мындан ары да эстетикалык, адептүүлүк тарбия берүүдө кыргыздын төкмө ырчыларынын классиги Барпы Алыкуловдун чыгармалары түбөлүккө зор маанини ойной берет. Биз, анын миңдеген окурмандары «— Сиз өлбөйсүз, кылымдардын кыйырын кезип жашай бересиз. Сизге түбөлүк таазим»,— дейбиз 100 жылдык алааша тою (юбилейи) белгиленип жаткан улуу ырчыга.

*Кыяс Молдокасымов*

## БАРПЫНЫН БАРКЫНА ЖЕТЕЛИ

Өткөн кылымдардын тогошу кыргыз маданиятына залкар таланттарды тартуулаптыр. Бул залкар таланттар көчмөн калкыбыздын кылымдар бою топтогон тажрыйбаларына таянышып, көркөм өнөрдү ушунчалык бир бийиктикке көкөлөттү дейсиз, ал бийиктик бүгүн кыргыз маданиятынын өзүнчө бир ренессансы катары таанылып отурат. Кыргыз маданиятынын бул өркүндөөсү Байыркы Рим, Грек, орто кылымдагы Орто Азия ренессанстарынан айырмаланып, оозеки түрүндө жаралды. Бул ар бир эле элдин маңдайына жазылып, бактысына бүтө берчү нерсе эмес.



Маданиятыбыздын, адабиятыбыздын туу чокусу катары карманып келген «Манасыбыз» ушул доордо Сагымбай менен Саякбай тарабынан жаңы бийиктикке көтөрүлсө, Ниязалы, Женижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул, Карамолдо, Ыбрай тарабынан элибизди эргиткен эчен-эчен ыр-күүлөр, дастандар жаралды, Куйручук менен Шаршендей куудулдар келди. Эми мындан ары турмуш илгерилеген сайын жогоруда аты аталган манасчылардай, ак тандай акындардай, обончу, дастанчы, санатчы, куудулдардай залкар таланттардын үйүрү бир мезгилде жаралар бекен? Мүмкүн таптакыр жаралбас! Маселени ушул жагынан карап, аларга тизе бүгүп таазим этe, алардын өнөрүн кастарлап, муундан-муунга мурастап, алардын арбагын сыйлап өткөнүбүз жөн. Бирок турмушта андай болбой жатканы өкүнүчтүү. Мундузбек Тентимишевдин «Улуу манасчыга урматыбыз кандай?» деген макаласында («ЛЖ» 24-октябрь, 1989-ж.) олуттуу ойлор айтылып өттү. Бул «XX кылымдын Гомерине» жасаган мамилебиз экен. Ал эми кыргыз ренессансынын өкүлдөрүнөн болгон залкар акындарды элибиз кандай баркта п жатат?

Чынын айтсак мактанарлык эмес. Тоо булбулу Токтогулубуздун туулган күнүнүн 125 жылдык салтанатын өткөрүү гана акынга карата мамилени алда канча оцоп кетти көрүнөт. Ал эми калган таланттардын абалын качан ойлойбуз? Же көнгөн адатыбызча алардын тоголок юбилейлерин үмүттүү күтө беребизби? Андай күтүү биз үчүн чоң жоготууларды алып келиши мүмкүн...

Мына ушул айдын тогузунда кыргыз ренессансынын түптүү өкүлү Барпы Алыкул уулунун о дүйнөгө сапар тартканына туп-туура 40 жыл толду. Тирүүсүндө сый көрбөй, көр оокаттын айынан өмүрүнүн аягында тилемчилик кылууга чейин барган, таланты жагынан Токтогул менен Жеңижоктон калышпаган азиз акын Барпынын арбагы али күнгө ыраазы боло электей. Акындын акындык талантын айтпаганда да, Со-

Жалал-Абадская областная библиотека

вет билигин орнотууга, жаңы турмушту курууга кошкон салымы үчүн эле өзүнчө сый-урматка татыктуу адам эле.

Коомчулукка акындын кайталангыс ырлары, санаттары, дастандары өтө кеч үгүттөлө баштаган. Көзү тирүүсүндө жок дегенде жупкадай жука китеби жарык көрбөптүр. Анын таланты, акындык кабары адабиятчыларды 1946-жылы, же болбосо көзү өтөрүнө үч жыл калганда гана кызыктырган. Кыргыз элинин Барпыны, анын талантын ачып берген окумуштуу М. И. Богдановага карызыбыз көп. Мединэ эженин эмгеги тууралуу анын шакирти, кыргыз аялдарынан чыккан алгачкы окумуштуулардын бири Гүлжамал Бакинова мындайча эскерет:

«Ал мезгил согуштан кийинки каат жылдар эле. Ар бир үйдөн күйүттүн кара түтүнү булап, ачкачылык өкүм сүрүп турган. Ушундай мезгилде эл аралап, алардын оозунан оозеки чыгармаларды чогултуунун өзү өтө оор иш болчу. Ошого карабастан Мединэ Искендеровна баштаган фольклор жыйноочу топ (бешөөбүз) айылдан-айыл аралап, жөө-жалаңдап, бузула элек «дыңдарды» бузуп жүрдүк. Түштүк жергесинде ошондой дыңдардын арасынан алтын казына таап алдык. Арсланбап айылдарын кыдырып бүткөн соң, «Эми Токтогул менен жолуккан ак таңдай акын бар, ошого жолуга кетпесек болбойт» деп, Мединэ Искендеровна Ачыны көздөй жол баштады. Барпы жашаган Ташлак айылындагы каралбай жаткан короосунан, жепирейген жер тамынан Барпыны таба албадык. Коңшу-колоңдорунан сураштырсак: «Барпы-көр көптөн бери үйүндө жашабай калган. Аны Жалал-Абаддын базарынан табасыңар. Ошол жерде ырын ырдап, тилемчилик менен күнүн өткөрүп жүрөт»,— дешти. Биз Жалал-Абаддын базарына келип сураштырсак, ал жердегилер Барпынын отурган жерин айтып беришти. Ал жерге барсак, башына тору, үстүнө чапан кийген, беттери тасырайган, маңдайы жарык, көөдөнү кенен, көздөрү азиз чокчо сакал адам ырдап олтурган экен. Барпы ошондо 62 жашта.

Бир маалда бизге шыпылдаган бир жигит келип кошулуп, ал өзүн Барпынын жердешимин деп тааныштыра кетти. Барпы да ал жигитти таанып көрүнбөйбү, ага имерчиктей калды. Ал Жалал-Абаддарунбөйбү, ага имерчиктей калды. Ал Жалал-Абаддагы педтехникумдун угуучусу Түмөнбай Байзаков болуп чыкты. Барпыны кызы менен ээрчитип, баарыбыз



Түмөнбайдын жатаканасына бардык. Ал жерден Барпынын курсагын тойгузуп, көңүлүн ачып, ырдатып, ырларын жазып ала баштадык. Менин сөздөрү куюлушкан, айткандары агын суудай шар кеткен адамды биринчи көрүшүм, жолуктурушум ушул. Көрсө ал өзүнчө чалкыган деңиз турбайбы. Барпынын дагы бир өзгөчөлүгү — өзүнүн көпчүлүк ырларын кызына жаздырып жүрчү экен. Биз кызы көтөрүп жүргөн бир дептерин өзүбүз менен ала кетүүгө макулдаштык. Көпчүлүк ыр жазылган дептерлери үйүндө болгондуктан аларды алып бизге жөнөтүүсүн, акындын ырларын мындан ары топтоп жүрүүсүн Мединэ Искендеровна Түмөнбайдан көптөн-көп өтүнүп, жолго чыктык».

Ооба, Гүлжамал эже эскерген ошол 1946-жылы Барпы жөнүндө М. И. Богданова Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Президиумунда (ал кезде СССРдин ИАсынын филиалы эле) Барпыны илимий коомчулукка тааныштырып, акындын ырларын жаздырып калуу тууралуу маселе көтөрүп чыккан. Ушундан соң гана Барпы деген акын арабызда бар экени, анын өзүнчө толкуп жаткан талант экендиги илимий чөйрөгө маалым болду. Мединэ Искендеровна Барпыны гана ачпастан, Токтогул баш болгон көп залкарларды элге пропагандалоо жана кыргыз адабиятчыларын даярдоо багытында көп эмгек кылды. Ал кыргыз жаштарынын арасынан эле 12 адамдын кандидаттык диссертациясына жетекчилик кылган. Алардын арасында Жаки Таштемиров, Гүлжамал Бакинова өңдүү окумуштуулар бар. М. И. Богданова өзүнүн жалгыз кызын да кыргыз элинин маданиятын сүйүүгө, урматтоого тарбиялады. А. С. Мирбадалова бизге «Манасты» орусча сүйлөткөн окумуштуу катары белгилүү. Кыргыздын маданиятына сүңгүп кирген бул эне-бала тууралуу айтылуучу алкоо сөздөр али алдыда деп ойлойбуз.

Ошентип, Мединэ Искендеровнанын көтөргөн демилгеси боюнча Барпы Пишпекке чакырылып, ырлары топтолуп, оозунан жазылып алына баштайт. Бирок борбор калаабызда деле Барпынын телегейи тегиз, жашоо-шарттарына камкордук ойдогудай болгон эместей. Элинен, киндик каны тамган жеринен алыста куса болуп, оорусу күчөгөн улуу акын 1949-жылы 9-ноябрда Пишпек калаасында дүйнөдөн кайтты. Акындын кайтыш болгону тууралуу 1949-жылы 11-ноябрда «Кызыл Кыргызстан» гезити:

Жалал-Абадская областная библиотека

«... Кыргыз эли жана адабияты чоң жоготууга учурады. Үстүбүздөгү жылдын 9-ноябрь күнү, узакка созулган катуу оорудан кийин, кыргыз элинин атактуу ырчысы, улуу Токтогулдун замандашы Барпы Алыкулов дүйнөдөн кайтты...» — деп жазган.

Акындын сөөгү жерге коюлган күнү М. И. Богданова тарабынан 1946-жылы башталган аракеттин берекети көрүнүп, акындын алгачкы жыйнагы басмадан чыкты. Ошондон бери көнүмүш адатыбыз боюнча өзүбүздү-өзүбүз алдап, акынды юбилейинде гана эскерип, тоголок жылына карата жылт эттирип, чыгармаларын шашыла басмадан чыгара коюп келе жатабыз. Ал шашыла чыгарылган жыйнактар окурмандардын чаңкоосун кандыра алабы, аны менен эсептешкен киши жок. Акындын айкелин тургузуу, үй-музейин түзүү колго алынбай келүүдө. Ала-Арча көрүстөнүндөгү сүрөтү сындырылып, кароосуз калган бейитин көргөндө кайдыгерликти даана сезебиз. Мүмкүн убагында «чыгып», акындын сөөгүн киндик каны тамган Сузак жерине койгондо, аны тирүүсүндө аздектеп күтө албай, тилемчилик кылууга чейин жеткирген эли уялгандан болсо да урматташаар беле деген ой кетет. Убагында Токтогул талантына таң берип, ат мингизип:

Ырдашында айып жок
Калыпка салып койгондой.
Ырга канган кишинин
Көңүлү артык толгондой,—

деп узаткан Барпы ырчынын арбагын Токомчо сыйлай албаганыбызга арданабыз. Улуттук маданиятыбызга, элибиздин тарыхына, жетишкендиктерибиз менен кемчиликтерибизге кызыгуубуз арткан бүгүнкү күндө келечектин камын ойлонуштурсак. Мындан ары кыргыз ренессансынын бардык өкүлдөрүнө бирдей, ар тараптуу, жетик мамиле жасасак. Аларды юбилей жылдарында гана отчёт үчүн эскерип тим болбой, ар дайым урматтап, таалим-тарбия алып, талантына тамшанып туруута жетишсек. Илимдер академиясында атайын сектор ачылып, жаңы түзүлгөн адабият музейи кыргыз ренессансын кеңири чагылтса. Калаабыздын борбордук бир жерине төкмө акын, ырчы, өнөрпоздордун аллеясы ачылып, залкар таланттардын айкелдери орнотулса, айланасы гүлзарга бөлөнсө. Бул элибиздин улуттук аң-сезиминин



өнүгүшүнө гана шарт түзбөстөн, туризмдин өнүгүшүн да шарттар эле. Андан тышкары бул иш кыргыздын манасчы, дастанчы, акын, обончуларын республикадан сырткары да кеңири тааныштыруунун бир усулу болуп калат эле.

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

## ЧОҢ КАСИЕТ — ДҮРМӨТТӨ!

«Көтөрүлүп келаткан Ай жарыгы күңгөйдү ала көлөкөлөп калганда коонун тескейинде капталдай бастырган Түлкү баатыр үрүң-барандап ууру келатты» — деген сүрөттөмөнү, не: — «Шырп дабыш чыгарбай келгенимде, кермеде үргүлөгөн Айкашка селт этти»,— деген диалогду, маселен, калеми такшалган чебер жазуучу жазган романдын беттеринен окулчу бул сүрөттөмө-сүйлөмдөрдү биз көп жыл мурда сабатсыз сөзмөр Шааке акеден эшиткенбиз.

Сабаттуу жазуучулар бир деңгээлде болбогондой эле, сабатсыз маекчилер да бир деңгээлде болушпады. Эмесе, кеп сабаттуулукта же сабатсыздыкта эле эмес, биз бүгүн Барпынын укмуш поэзиясын кайра-кайра окуганыбызда андагы чеберчилик өзгөчөлүктөрдү көзү азиз, өзү сабатсыз Барпы Алыкул уулуна жаратылыш берген акындык касиеттен экендигин көрөбүз.

Албетте, «акыл оошот, ырыс жугушат». Акын, жазуучулар, акыл терметкен кеменгерлер, албан көркөм өнөрмандар таалимдеш. Чарбактагы ар кыл дарак бирине бири атаандаш өңгөнү да жаратылыш мийзамы, чебер бөлүштүргөн касиети дейбиз.

Ошентсе да ар бир дарак өз тамырынан кубаттанып, өз жемишин төгөт эмеспи. Эмесе: «Өзү сабатсыз төкмө акын Барпы ырларынын формасы, сабаттуулугу жагынан жазгыч-профессионалдардын деңгээлине чейин көтөрүлдү» деген айрым бир аныктамалар, ушул маанидеги суроолор жайсыз коюлуп отургандай. Неге дегенде, биз чукулунан кепке алган эсил акындын өзүнө кайрылсак: «Менден мурдакы жана мага замандаш эчен мыкты төкмөлөрдө Чыгыш акындарын өздөрү окугандары, не оздон эшиткендери аз эмес. Ошентсе да алардын тай чабарларын айтпайлы. Көйкашка күлүктөрүнөн да чыгыш поэзиясына таалимдештери даана байкалбады го...

Жалал-Абадская областная библиотека

Эгерде иш нйгилиги жеке эле таасирден болсо, анда эмнеликтен алардын ар бири өз: «Айт! Айтын...» өздөрүнчө айтышты. Өзүмдүн: «Айт! Айтымды...» мен өзүмчө айттым» — деген жүйөнү биз Барпы акындын чыгармаларынан эшиткенбиз.

Баса, эмнеликтен Барпы төкмөнүн «чеберчилиги жазгыч-профессионалдардын деңгээлине чейин көтөрүлүп кеткени...» ал тургай бай, жандуу жана угумдуу, күчтүү сөздөрү төкмөлүктүн күчүндө укмуштай көркөм сүрөттөлгөнүндө дал ошол жазма поэзиядан карыш-сөөм аша түшкөнүн моюнга алсак, Барпы акынга акындык кудуретти жаратылыш үч эсе энчилегенин көрөбүз. «Өзүңдү жакыр эттим. Көзүңдү азиз эттим. Анын өктөсүнө көркөм сөз каухарын этегиңе толтура төктүм. Аларды кандай кынаптап, кандай көрктөсөң өз эркиң, азиз булбул!» — дегени байкалат жаратылыштын.

Менин жеке баамымда, ошол «көр» Барпынын зор талантына өткүр сезгичтиги, терең зиректиги эриш-аркак келип, жөн көз көрбөстү көрүп, жөн кулак эшитпести эшиткендиги кишини, кишидеги мөлдүр махабатты, өмүр, өлүм, болмушту, жан-жаныбарды, дүнүйөнү, тагдырларды, Жер-сууну, шамалды, отту, Күндү, Ааламды таамай көрүп, так сүрөттөп ырдоого дүрмөт берди!

Сага жаратылыш өзү энчилеген ушундай касиеттүү дүрмөтүң болбосо, мага десең китепкана толгон сонун ырларды жаттап ал. Сен жараткан ырлардан ошол саргайган китептердин жыты келер келсе. Бирок китеп жыттанып төрөлгөн андай «поэзия» тек өлүк жаралган кадимки көп, жансыз нерселердин жолун жолдоп кунсуз калар...

Өкүнүчтүү жагдай — көсөл төкмөнүн чыгармалары өз оозунан толук жазылбады. Жадаса «Мөлмөлүм» сыяктуу ырлары башкалардан жазылды. Канчалык так айтылса да, жаттап алган киши акындын өзү айткандай айталдыбы? Ким билсин.

Азыр жаш акын, жазуучулар сан жагынан өсүп жаткандай. Маал-маал китептери жарык көрүүдө. Өкүнүчтүү жагы — жеке эле жаштарыбыз эмес, кыйла тажрыйба алып, кырктан ашып, элүүнүн белесинен эңкейген таанымал жазуучуларыбыз тайкы көрүп, келегей сүрөттөй баштаты. Айрым сөздөрү тургай, бүт сүйлөмдөрү угумсуз, жагымсыз, эч түшүнүксүз калькага айланууда. Көлөмдүү романдарды тургай,



чакан повесттерди окуп чыгыштын өзү туз көтөрүп Чоң-Ашууну ашкандай кыйноого салат.

Муну эскерген себебим: Улуу Барпынын дал ушул жүз жылдыгын белгилеген күнү акын, жазуучунун эң башкы куралы тил болорун эскерип, өз кесибин ардактап, өз тилин байытайын дегендерине дал ушул: Барпыны, Токтогулду, Тоголок Молдону, Жеңижокту, Калык менен Осмонкул төкмөлөрдү, анан дагы сөз казынасына кызыгамын десе, «Манастан» тартып Касымалы Жантөшевге, «Кожожаштан» тартып Мукай Элебаевге чейин изилдеп окуу, сөзмөр кишилердин маегине кулак коюп, тил үйрөнүү, тектеш сөздөрдүн тегин ажырата билүү — жазмадагы чеберчиликке жетиштин эң башкы өбөлгөсү экендигин айткыбыз келди.

Барпы поэзиясындагы көркөмдүк касиеттер, чеберчилик өзгөчөлүктөр, албетте, акындын зор талантына, анын акылмандыгына шайкеш. Бул баарыдан мурда акын этек толо сөз каухарына каныл, сөз теңизинде эркин чабак ургандыгында!

Жандуу сөз байлыгы Барпы төкмөнүн шыгын курчутту. Сонун кынаптап, сөз мунарасын курууга кенен курал болуп берди. Жылдар өткөн сайын Барпы мунарасынын ажары ачылат. Калайыкка таанылат. Урпактан урпактарга Барпы чыгармалары рухий азык!

*Кадырбек Матиев*

## КУТТУУ МУЗАНЫН РУХ КУДУРЕТИ

Элдин илгери үмүт мүдөөлөрүнүн улуу ырчысы, ойчул акын, агартуучу жана кыргыз поэзиясынын классиги Барпы Алыкуловдун жүзгө толушун тойлоп жатып, XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башында өлкөбүздүн коомдук турмушунда өткөн тарыхый, социалдык кырдаал туурасында, чоң окуялар жөнүндө эки ооз кеп айтпай коюу калыстыкка жатпас.

Орус пролетариатынын, башка элдердин эмгекчи калкынын революциячыл козголуулары, дүбүртү күч күрөшү, дүрбөлөңдүү доошу, өзгөчө 1905—1907-жылдардагы кандуу окуялардын каңшаары, элестүү эпкини ошо кездеги Россия империясынын эң алыскы чет-жакаларына дейре жаңырыктай жаңырганы та-

Жалал-Абадская областная библиотека

рыхта белгилүү. Ошол зор империяны жазгы селдей, топон суудай каптаган элдик боштондук кыймылдын толкундуу бороон-чапкыны кыргыздын патриархалдык-феодалдык коомун да пайдубал негиздерине чейин солкулдатып силкинткен, титиреткен. Чындыгында да кыргыз коомунун түпкүрлөрүндө жашоо-тиричиликтин көнүмүш порумун, ыңгайларын, ыкмаларын, өзгөртүп курууга жарамдуу күчтөр тымызын ичтен жаралып, жетилип келаткан талашсыз эле. Элдин саргайып күткөн жаркын үмүттөрү, эзелтеден эңсеген асыл идеялары, идеалдары, максаттары, ой-тилектери кыргыз элинин коомдук, оозеки-поэтикалык көркөм ойлоо аң-сезиминде, идеологиясында даана чагылдырган.

Дал ушул доор, ушул заман нукура элдик, чыныгы демократтык маданияттын бүтүндөй бир таланттуу топ жылдызын, бирипин артынан бири келип, чолпондой жаркырап жанган улуу инсандарды бергени кокусунан эмес. Алардын ар бири өзгөчөлүү поэтикалык ойломун, октой өткүр сөз куралын карапайым элди жырткычтай жанчып эзген, каракчыдай талап-тонол каратаган зулумдарга каршы жумшашты да, элдин прогрессивдүү идеалдарын ырдоочулар, коргоочулар катары көрүнө алышкан жана эзилген эл үчүн жабыр тартып, азап чегишкен. Барпы акын дал ошол ашкере таланттуу топ жылдыздардын авангардында жашап, күрөшүп, өзүнүн куттуу музасын жараткан. Барпынын муза мурасынын кеңири эстетикалык программасы катары «Айт, айт десе, Ааламды айт» деген лиро-эпикалык полотносун атасак болот. Акындын «Күн», «Шамал», «От», «Жер» аттуу чоң цикл ырлары ушундан бөлүнүп чыгат.

«Айт, айт десе, Ааламды айт» музасы алысты мелжеген мына мындай саптардан башталат:

Айт, айт десе, Ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган
Ааламдагы адамды айт.

Акындык көрүмдүн адам көөдөнүн көзөп өткөн өзгөчө бир оригиналдуу ракурсу, кыйбаган кыйымы, музасынын жанрлык, тематикалык жактан укмуштуудай ар түрдүүлүгү, байлыгы, зергер эптегендей тилинин учкулдугу, көп үндүү мукамы, аваздуулугу — мына ушунун баары эч кимди кайдигер калтырбайт.



Анткени менен Барпынын эстетикалык көркөм системасын акындар поэзиясынын мыкты гуманистик, реалисттик салттарын, замандаштарынын рухалиий тажрыйбасын эң бийик тепкичтерге көтөргөн жана жемиштүү чекке жеткирген өзүнчө бир поэтикалык бүтүндүк катары караш керек. Акындын кайсыл гана чыгармасын албайлы, андан көзү өткөн тактуу ырчылардын, замандаштарынын, биринчи кезекте Токтогул, Жеңижок, Тоголок Молдо өңдүү чоң таланттардын, ошондой эле чыгыштын классикалык поэзиясынын, бүтүндөй доордун коомдук-саясий ой-пикиринин таасири, жандуу жаңырыгы, даана басылган мөөрү сезилип турат.

Кудай даарыган креативдик талант жер шарынын кайсыл гана бурчунда күн кечирбесин, коомдук коммуникациянын, заман цивилизациясынын жылуу илебинен, жандуу таасиринен тышкары кала албайт деген эзелтен белгилүү бир чындыкты Барпынын көркөм практикасы дагы бир ирет ырастап отурат.

Барпы өзүнүн граждандык, социалдык, философиялык лирикасында жана ашкерелөөчү сатирасында нукура талант, нукура акын-диалектик катары адамдарга ушунчалык тереңден, ушунчалык күйүп-бышкан чакырык менен кайрылып, тиричиликтин жашап турган тартибин өзгөртүп курууга үндөйт, бирок учурдагы кыйын абалдан чыгуунун жолдорун айкын көрсөтө албайт. Адам тирилигинин глобалдык проблемаларын, чиеленишкен түйүндөрүн түрмөктүү козгоп, жан дүйнөнү туткундап алууга тете күчтүү таасир эткен туундуларында пендезат өмүрүнүн маанисин, тарыхтын бат-бат эле кайталана берчү сандаган драмалык, трагедиялык катаклизмдерин, акындын парзын көркөм чечмелөөнүн терең психологизми, философиялык толгонуулардын, ой жорууларлын жете негиздүүлүгү окурманды эч качан кош көңүл, кайдигер абалда калтырбайт («Адам», «Ажал», «Өмүр», «Айт, айт десе, Ааламды айт» ж. б.). Эң башкысы — ар бир конкреттүү учурда сыпатталып жаткан предмет, идея, поэтикалык образ өзүнүн табигый карама-каршы жактары, кырлары, оң же терс, тескери белгилери, касиеттери менен орошон көрүнөт. Барпы акын үчүн жакшылык, чындык жана сулуулук ажыралгыс бир бүтүндүктү түзүп турат. Башкача айтканда, анын көптөгөн чыгармаларында социалдык, этикалык, эстетикалык жана антиклери-

Жалал-Абадская областная библиотека

калдык-атеисттик көз караштары бири-бири менен жуурулуша ашташтырылган.

Болочок акын-демократтын шык-жөндөмүнүн ойгонушунда, бой тартып жетилишинде, дүркүрөп жанып жаңырышында малай-мандикерликтин ачуу даамын эрте таттырган дүйнө таанымы, жарды-жалчылардын «өлбө, жаным өлбөлөгөн» көр тирилигинен сузуп алынган байкоолору, таасирттери чоң роль ойногон окшобойбу. Андан калса, ал туулуп өскөн жерге жакын жайгашкан Жалал-Абад шаары ал кезде ар түркүн элдердин өз ара экономикалык, маданий-соода алакаларынын ири борбору деп эсептелген.

Барпы үчүн Жеңижок, Токтогул өңдүү улуу төкмөлөр менен болгон жолугушуулар, беттешүүлөр да күчтүү факторлордон болгон. Акын-демократтын дүйнө таанымы эволюциясында, дөөлөттөрдү тыкан өздөштүрүүсүндө аталган мезгил эң маанилүү баскыч болуп саналат. Дал ошол XX кылымдын алгачкы он жылдыктары аралыгында анын өз алдынча оригиналдуу жана кайталангыс чоң таланты биротоло калыптапып, ал көптөгөн ириден ири ырчылар, төкмөлөр менен поэтикалык жарышка-айтышка түшөт.

Барпы Алыкуловдун куттуу Музасы төкмөчүлүк өнөрдүн жанрлык, идеялык-эстетикалык алкагын алда канча кеңейтип, мезгилдин, замандын ээн кейитип, жүрөк өйүгөн проблемаларын көркөм иликтөөгө, келиштире шөкөттөөгө баарын камтыгыч мүнөз, сапат берди, диапозонун ирилентти, ирдентти. Мындай бийиктикке көтөрүлүүсүнө, талант кудуретинин ыкчам жетилишине, албетте, бала чагында, жаштык жылдарында түрк тилиндеги жана араб-фарсы тилиндеги поэзия менен таанышып калганы да өз үлүшүн кошкону талашсыз. Кийинчерээк акындын поэзиясында көркөм ойлоо аң-сезиминин салттык оозеки жана адабий жазма типтерин жакындаштырууга алып барчу жаңы чыгармачылык принциптер пайда болот. Муну Барпынын эки шиңгилдеринен, анын поэзиясынын кыргыз ыр түзүлүшүнө мүнөздүү эмес формаларынан баамдашка болот.

Ошондуктан Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгы кандайдыр бир деңгээлде мурдагы салттык элдик поэзия менен акындар поэзиясынын совет доорунда жаралган профессионалдык адабиятка диалектикалык түрдө өтүшү учурунда өткөөл звено сыңары кызмат өтөгөнсүйт.



Улуу Октябрь төңкөрүшүн Барпы кандай кубаныч менен кабыл алганы белгилүү. Акындын Октөбүрдөн кийинки чыгармачылыгында эртеңки күнгө эригең ишеним, социалдык оптимизм нотасы барган сайын күч алып, жаңы совет турмушун ырга салуу, тема жаңыртуу үстөмдүк кылат. Андай ырлардын катарына «Ырымдын аты — октөбүр», «Ленин тууралуу ыр», «Партияга», «Эрк кедейлерде» ж. б. кирет. Бул чыгармаларында акын өз тегерегинде өтүп жаткан күндөлүк турмуштун, кайра куруулардын, таптык күрөштүн философиялык маанисине сүңгүп кирүүгө умтулган, анын көркөм ойлоо аң-сезиминин тереңдиги, кенендиги укмуштуудай күч-кубаты менен көрүнгөн. Мындай чыгармаларында өткөндү, эски турмушту жаңы менен салыштырып, төңкөрүш доордун жаркын идеалдарын жогору баалаган, эскиче жашоо ыгайын, феодалдык-уруулук үрп-адаттардын үрөйүн учура ашкерелеген, жаңы турмушту жакшылап курууга жан-алы калбай элди үндөгөн. Ал эми коллективдештирүү убагында акын алгачкылардан болуп колхозго кирген, сөзү менен да, иши менен да мурда эзилип келгендерди артынан ээрчиткен. Колхоз кыймылына Барпы мадимий катышкандыгы үчүн эң негизгиси — өлтүрө сындаган сатиралык куйкалагыч ырлары үчүн тап душмандары, басмачылар далай жолу анын көзүн тазалап, күм-жам кылууга аракеттенишкен.

Барпы Алыкуловдун талантынын дагы бир кыры, тактап айтканда агартуучулук, үгүтчүлдүк ышкысы, анын куттуу Музасынын публицистикалык кубаты Улуу Ата Мекендик согуш жылдары аябагандай күч менен көрүндү. Жалал-Абад шаарынын темир жол вокзалынан көзү азиз, карт акын жаш жоокерлерди Мекенди коргоого ак жүрөктөн, ак пейилден чыккан жакшынакай ырлары менен коштоп, жакшы тилек, жакшы ырыс айтып, ак батасын берип жөнөтүп турганын кыялында айкын элестетип, айкын көрүүгө болот. Ошол кезде элге чагылгандай тез таралган анын «Жер жалындап күйгөн от», «Отту өчүргөн биздин ок», «Биз душманды жеңип алабыз», «Көр деп айтат ким мени», «Садагалар, баргыла», «Биздин күч» аттуу ырлары окурмандардын жүрөгүнөн жылуу түнөк таап, майданда немец баскынчыларына сокку уруп жаткан кыргыз жоокерлерине кайрат берип, дем берип, жеңишке шыктандырган.

Барпы Алыкулов эр жүрөк художник-сүрөткер,

Жалал-Абадская областная библиотека

чоң лирик, махабаттын, жашоонун улуу ырчысы катары эл үчүн жашап, эл үчүн Музасын сайраткан. Элдин оозеки-поэтикалык мөлтүр башатынан башталып, совет доорунда өзүнүн гүлдөгөн даражасына жеткен анын эбегейсиз зор жана бай эстетикалык мурасы азыр да заманыбызга рухий кызмат өтөөсүн улантууда. Ал мурас мектептерде, окуу жайларында, чоң жыйындарда акындык закондуу мурасчылары тарабынан окулуп, үйрөнүлүп, акын тууралуу, анын доору, поэзиясы тууралуу илимий-популярдык макалалар, атайын монографиялык изилдөөлөр жазылууда. Бирок да биздин оюбузча, анын чыгармачылыгы тууралуу, жалпы эле акындар поэзиясы жөнүндө сыяктуу эле, жаңы сөз али да алдыда окшойт.

Калар бекен элимде
Азбы, көппү ырларым,
Канат кылып өзүнө
Карыбас Күндүн нурларын,—

деп кыялданып, тилек кылган экен акын. Анын тилеги ордунан чыкты, орундалды. Бүгүн Барпы Алыкуловдун бир кылымдык юбилейин майрамдоо мына муну күбөлөндүрүп отурат: акындын элдин тереңине сиңип кеткен жүрөк жалыны, жан дүйнө жарыгы эч качан көөнөрбөйт да эскирбейт, ың-жыңсыз житип кетпейт. Акындын жаркын элесин кыргыз эли өзүнүн тарыхый эсинде түбөлүккө сактайт, ардактайт.



# ЭСКЕРҮҮЛӨР

Жалал-Абадская областная библиотека

*Төлөн Шамшиев*

## БАРПЫ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ

Жаз күнү жаркыраган, көк шибери көтөрүлө баштаган мезгил эле. Ал убакта 7—8 жашар баламын. Куршап өрөөнүндө Бозала-Бостон деген уруу бар. Мына ошол уруудан Эраалы деген той кылып, Өзгөн жакка кызын узатты. Бардык жактан меймандар келип аттан түшөт.

Қатар-катар ак өргөөлөр, боз үйлөр тигилди. Эраалы миңбашынын кызыл тунуке менен үстүн жаптырган чоң имараты бар. Ар бир бөлмөсүнө кирсең, карап туруп, көзүң тойбойт. Кештелеп келтирип түрдүү сырлар менен үйдүн ичин эң көркөм жасаган. Бай элден башкача жашаган адам эле. Анын төрт аялы төрт бөлмөнү өзүнчө ээлей турган.

Тойго келген азиз меймандар үйдүн бөлмөлөрүнө өтүштү. «Даражасы» төмөнүрөөк томаяктар боз үйлөргө тарап, көпчүлүгү жөн эле короонун астында мандаш урунуп, чөк түшүп отуруп калган.

Табак-табак эт, палоону меймандарга ташыган кызматчылар. Қатар-катар самоордо суу кайнайт. Ала топучан, үстүндө бейкасам гүлдүү чапан, белине шайы жоолук байлаган киши тору кашка аттан түшпөй, ырдап келди. Чогулган эл ырчыга бурулду.

Мындан бир саат мурда келип, боз үйдө олтурган Коргонбай ырчы чыга калды да, ырдап кирди:

Кыбыла кайсы, кут кайсы?
Үзөңгү тебер бут кайсы?
Кызыталак Барпы көр,
Чогулуп турган эл кайсы?

Коргонбайга Барпынын кайтарган жообу мындай болду:

Кыбыла мына, кут мына,
Үзөңгү тебер бут мына,
Кең Куршапка орношкон,
Бозала-Бостон журт мына.
Кыздарыңды алып кел,
Башыңа
Ак жоолугун салып кел,
Кыз-келинге кызыккан
Башынан көнгөн Барпы мен.

Кагазга жазылбай турган дагы бир нече, ачуу, күлкү сөздөрдү таштады. Барпыга ыраазы болбогон адам жок. Коргонбай жооп таба албай, кызарып-тагарып, боз үйгө кире качты.

Той ээси мейман ырчыга бейкасам чапан жапты, бир атты жетелетип берди. Барпыга биринчи жолугушум ушундай болгон. Бул окуяны дайыма эсимен чыгарбай, айтып жүрөм.

...Өзгөндөгү балдар үйүнөн Жалал-Абаддагы педтехникумга окууга жиберишти. Ойлосом, ошол жылдары Барпынын улуу акын экендигин байкаган киши аз экен. Эгерде Барпы кат тааныса, же катчысы болгондо, көп ырлары жазылып калат эле. Канча көп ыры жазылбай кала берди.

Көпчүлүк арасында Барпы күлүк аттын башын коё берген сымал ырды төгүп жибере турган. Өзүнүн сүйгөн, сыйлаган кишисине ыр менен учурашар эле. Биз, окуучу балдар, пахта терип жатканыбызда атчан өтүп бара жатып, ырдап бербестен өтүүчү эмес. Ошол ырлар кана эми?

...1941-жылы март айында тапшырма алып, Барпы менен Токтогулдун учурашкандагы ырын жазып келүүгө жөнөдүм. Жалал-Абад шаарына Барпы келди. Мен анын өз оозунан Токтогул менен учурашкан ырын жазып алдым. Ал ырды «Кызыл Кыргызстан» газетасына бастырдым. Согуш башталып кетип, Барпынын ырларына көңүл коюуга чамасы болгон киши чыкпады.

Академиянын Кыргыз тили жана адабияты институту 1947-жылдын январь айынан баштап Барпынын ырларын жаздырууга киришти. Ошол жылы жазылып калган Барпы акындын ырлары азыр элибиздин адабий казнасында түбөлүк сакталып калды. Ошол 1947-жылы Барпыны үйүмө чакырдым. Үйдө олтуруп, канаттуу ырларын ырдап берди.

— Барпы аке! Мына бул Сиздин келиниңиз болот, быйыл мединститутту бүтүрөт. Ушул келиниңди кошуп ырдап коюңуз — дедим тамашага чалып.

Барпы акын эч токтолбой төгүп берди:

Тамырын казгын билимдин,
Табыбы болгун элимдин.

Жалал-Абадская областная библиотека

Көзүмдү ачып, дарыла,
Пайдасы ошол келиндин.
Келиним десем керилбе,
Окугандан эринбе.
Айыктырат адамды,
Айланса болот билимге.
Жаш кезимден көрбөймүн,
Жалгыз басып жүрбөймүн,
Жарык дүйнө көп ширин,
Көрбөсөм да, өлбөймүн.

1952-жылы Барпынын биринчи китебин «Тилек» деген ат коюп, «Кыргызстан» басмасынан чыгардык. Барпынын көп ырлары жазылбай, өзү менен кошо кеткенине көп өкүнөм.

*Темиркул Үмөталиев*

## БУЛБУЛ ТАҢШЫК ЫРЧЫ

Кыргыз поэзиясы жөнүндө сөз болгон учурда, кандайдыр турмуштун өзүнүн закону сыяктуу, бир катар мурда өтүшкөн ырчылардын аттары эске түшүп, сөзгө аралашат. Ансыз айтылган сөз толук болбочудай, ырыбыз күчсүз чыгып калчудай, үнүбүз анчалык бийик чыкпачудай сезилет.

Бул бекеринен пайда болгон сезим эмес. Эгер азыркы кыргыз поэзиясы Нарын дарыясы сыяктуу болсо, анын эң эле башы, адеп чыккан жери, ага жан киргизип, кыймылга келтирген, деңизди көздөй агууга кубат берген булактары Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Алымкул, Калык, Коргол жана башка сүйүктүү эл ырчыларынын жап эс алткан сонун ырлары болуп саналышканын кантип айтпай коюуга болот. Алар биз күткөн сыймык, биздин адабиятыбыздын биринчи барактары, атак-даңкы.

Мына ушул укмуштай сонун топко кирген, кыргыз адабиятынын классиги, булбул таңшык ырчы Барпы Алыкуловдун туулганына сексен жыл толуп олтурат.

Барпы эң эле жаш чагынан ырдай баштаган. Нечен тойдо нечен ырчылар менен беттешкен. Анжиян, Алайга белгилүү Карамырза менен да, Сары өзөн Чүйдөн чыккан кара жаак Калмырза менен да ай-



тышкан. Ошонун баарына карабай, ал өзүнүн ырды кечип кыла баштаган күнүн улуу Токтогулга жолуккандан тартып эсептейт:

Токомдон алдым үлгү,
болдум ырчы,
Баландын жүргөн жери
оюн-күлкү.

Ал эми Токтогулга 1915-жылы жолуккан: Коңур-Өгүздөгү бир чоң тойго барып, ошол жерден Токтогулдун кабарын угат, турган жерин сураштырып билет. Той таркагандан кийин, атайлап Кочкор-Атага барып, даңкы таш жарган, тирүү туруп, жомоктун баатырындай ооздон-озго өтүп даңаза болгон улуу акын менен саламдашкан. Ошол учурашкандагы сөздөрүнүн өзү эле укмуштай сонун ыр, сулуу, татынакай поэма сыяктанат. Ырдап отурган кезинде үстүнө кирип келген Барпыны көрө коюп, Токтогул:

Пикири жок аттанган,
Бий баласы болбогун,
Пардашы жок батпаган,
Бай баласы болбогун?
«Ырым менен эритем»,
Деп келгенден болбогун,
Түбү сурап — эл бийлеп,
Жеп келгенден болбогун? —

дейт.

Ага дароо жооп берип, Барпы мындайча ырдаган:

Аңдадым ава, кебиңди,
Сурадың ата-тегимди.
Кожо келсе кой союп,
Алданы алып нан коюп,
Сыйлагандан эмесмин.
Кедейлерди «кой тап» деп,
Жалгыз малын алып жеп,
Кыйнагандан эмесмин...

Көпкө чейин суроо, жооп иретинде алым сабак айтышып ырдашат. Токтогул өзүнө учурашканы келген акын иинсин үйүнө кондуруп, сыйлап, акыл-насаатын айтып, үстүнө тон жаап, астына ат мингизип узатат. Мына ошондон кийин Барпы ойлонуп, акындын ыры кимге кызмат кылууга тийиштигин ачыгы-

Жалал-Абадская областная библиотека

раак түшүнөт. Мына ошон үчүн ал өзүн Токтогулдун шакирти катарында эсептейт. «Мен көргөн күндөр» деген өз ырында Барпы «Баргамын Кочкор-Атага» дейт. Бир айтпай, бир нече жолу кайталайт. Башкача ыйык жер катарында тамшанып даңаза кылып «Кочкор-Ата» дейт. Чын эле ыйык жер — Токтогулдун туулуп-өскөн, бүт өмүрү өткөн жери болсо, анан ал оңойбу. Мусулмандардын атайы барып сыйынган жери Мекка шаары болгон сыяктуу, Токтогулдун көзү тирүү кезинде кыргыз ырчыларынын бир бааруну эңсешкен, атайы издеп барышкан жери Кочкор-Ата болгон. Эшмамбет менен Жеңижок да, Жолой менен Бекназар да, Калык менен Алымкул да, Атай менен Коргол да, Айдаралы менен Курман ырчы да, Эркесары менен Жуман да Токтогулду издеп Кочкор-Атага барышкан, кээде жайлап, кээде кыштаткан. Кээси көп жылдар бою турушса (Эшмамбет, Калык), кээси барган бойдон кайра кетпей ошол жерде кала беришкен (Коргол). Алыскы Жалал-Абаддан Барпы да келген, келгенде да эңсеп жүрүп, Жеңижок менен Эшмамбеттен кандай баруунун тартибин сурап жүрүп келген. Келгени жаман болгон эмес экен, улуу акындын өз оозунан:

Кетмен чапкан кедейди,
Келиштирип ырдагын,
Кеңешин угуп жыргагын!
Малайды кошуп ырдагын,
Башынан бузук байларга,
Балам, көңүл бурбагын —

деген акыл-насаатын укту.

Ошентип, Кочкор-Атадан кайтып барганда Барпынын үнү өзүнө окшогон малайлар менен чайрыкерлерге мурункусунан да жагымдуу угула баштаганын сезбей койгон жок. Мурункусундай эле «Гүл кыздарды», «Мырзайымды», «Арзыканды» ырдап, сүйүү ырларынын шурусун тизүү менен бирге:

Канат болчу калкыңды,
Калкалаган жакшы экен,
Кара көңүл душманды,
Талкалаган жакшы экен,—

деп өзүнүн ырларын угуучуларды эрдикке жана күрөшкө чакыра баштаганын көрөбүз.



Токтогул сыяктуу эле Барпы да тап жигин бөлүп, кедей-кембагал элге жан тартып, бай-манаптарды жек көрүп, алардын зулумдуктарын, ач көздүктөрүн, молдолордун алдамчылыктарын ашкерелеп, пардасын сыйрып ырдаган. Күрөшкө чакырган:

Аргымак атка жал бүтөр,
Азамат элге мал бүтөр.
Азаптуу кыйын күн кетер,
Азаттык бир күн жарк этер!,—

деп жакшы замандан үмүт кылып ырдаган, өз ырын угуучуларды да жакшылыктын болорунан түңүлбөй, үмүт менен жашоого, чыдамдуулук менен күрөшүүгө чакырган, канчалык кыйын абалда турса да, башын жерге салбай, көңүлү көтөрүңкү, куупак, жайдары жашап үнүн бийик чыгарган шандуу ырчы болгон.

Барпы улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишин кубанып тосту, көптөн бери өзү эңсеген, бүткүл кедей-кембагал, эл эңсеген теңдик заманы келгенин, жакшылыктын таңы жаркырап атканын дароо эле түшүндү:

Эзип келген байларды,
Эл ичинен айдады.
Кубанып эми Барпы акын,
Булбулдай таңшып сайрады.

Бай-манаптар менен эшен-калпалар пейлин бузуп, басмачы болушканда, кедейлердин сүйүктүү ырчысы Барпы эл тарабында бекем туруп, Совет бийлигинин душмандарына каршы ырларын ок кылып атуу менен гана алымсынган эмес. Ыктыярдуулардын отрядына кошулуп, колуна курал алып салгылашууга да катышкан. Кедей тобунун башчысы, Сельсоветтин председателинин орунбасары болуп тынымсыз иштеди. Сузак районунда биринчи колхоздорду уюштурууга кол кабыш кылды. Кыштактан-кыштакка кыдырып, колхоздун пайдалуулугун айтып ырдады.

Көзү көрбөй, сокур болуп калганына карабай, согуш жылдарында ар күнү Жалал-Абаддын вокзалына чыгып, майданга жөнөп жатышкан уландарга ыры менен дем берип, акыл-насаат айтып ырдап турганы эскерүүнүн өзү эле кандай сонун! Барпынын чыныгы элдик акын болгонун, патриот ырчылыгын ошол көрүнүш далилдеп турбайбы. Эрдикти, баатырлыкты,

Жалал-Абадская областная библиотека

ар-намыстуулукту даңазалаганда, Советтик Ата Мекенди, социализм өлкөсүн жана Совет бийлигин коргоо максатын биринчи катарга коюп, эрдиктин мына ушуга керектигин ачык айтып ырдаган.

Барпы 1949-жылы 9-ноябрь күнү дүйнөдөн кайтты. Ал СССР жазуучулар Союзуна мүчө болучу. Өз оозунан жазылган ырлары бир том болуп басылып чыккан. Тандалган ырлары орус тилине которулуп, өзүнчө китеп болду. Ал китеп 1958-жылы Кыргыз искусствосунун Москвада өткөрүлгөн декадасында талкууга коюлуп, советтик борбордо жашаган адабиятчылардын сынынан өткөн. Эң жогорку бааланган кыргыз тилинде чыккан ырлары андан бетер элдин сүйүп окуусуна жетишти.

Барпынын ырлары мурунку эл ырчыларынын ырларына кандай жакын болсо, азыркы жазгыч акындардын ырларына да ошондой эле жакын сезилет. Уйкашы, ыр өлчөмү, боёгу жана акындык каражаттары көп кырдуу келип, окуучуну жадатканы мындай турсун, кызыктырып өзүнө тартат. Поэзияны кесип кылууну эңсешкен жаш азамат талапкерлер Барпы акындан көп нерсени үйрөнүшөрү бышык. Барпы түбөлүк жашоочу булбул таңшык акындардын катарына кирет.

*Түмөнбай Байзаков*

## АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

1944-жылы жарадар болуп согуштан келдим. Сузак райОНОсу тоо арасындагы алыскы мектепке директорлукка дайындады. Бардым. Биринчи эле жолуккан таанышым — Барпы болду. Аны көп көргөмүн. Согуш башталардан мурдараак атактуу Калык ырчыны алып барып, Барпы менен учураштыргамын, анын үйүндө конок болуп түнөп келгенбиз. Ачы кыштоосунун бир коктусунун капшытындагы эски тамда туруучу.

Мына эми болсо эски досторчо кучакташып көрүштүк. «Досум, аскерден аман-эсен келипсиң. Чолоктон басканыңа капа болбо. Мен деле эки көзсүз жашап жүрөм го» — деди. Ошентип, үч жыл бою күн сайын болбосо да, күн алыс жолугушуп турдук. Бир нече ирет ар түркүн ырларды ырдады, анын ичинде санаты да, арманы да, сүйгөнү да, күйгөнү да бар эле. Кала берсе кагазга түшүрүүгө мүмкүн эместери да айтылып кетчү.

Убакыт өтө берди. 1945-жыл да кирип келди. Бир күнү: «Досум, мен болсо карып баратам. Өбөк болор бала жок. Менден калары ыр. Бирок ырларымды аягы жок, башы жок шамалга, арбайган бадалга ырдап жүрөм. Бири учуруп туңгуюкка алып кетсе, экинчиси жалбырагына кошуп күздө силкип таштайт. Эми сен ырларымды жаз, мугалимдериңе жаздыр, окуучуларың да кол кабыш кылсын» — деди. Адегенде анчалык этибарга албасам да, бара-бара анын сөзүн макул көрө баштадым. Жаза баштадым. Жаздыра баштадым. Бат эле ыргактуу ырдалган ырды жазуу өтө кыйын экен. Бирин жазсаң, экинчисин үлгүрө албайсың. Акырында сүйүү ырларын жаза баштадым. Бир нече жолу ырдатам. Мага жатталып калат. Анан кагазга түшүрөм. Өзү да: «Куйма кулаксың, досум»,— деп ыраазы болуп калаар эле. «Эми чоң ырларды жазалы» — дечү. Андай ырларды жаттап алуу оор эле. Анын да жолун таптык. Бат жаза турган мугалимди жаныма отургузуп алып, бир сабын мен жазып, экинчисин ага жаздырчумун. Анан өзүнө окуп берип, калып кеткен жерлерин кайра жазып, көчүрүп койчубуз.

Барпы ырдаганда акырын салмактуу баштап, анан үнүн бийиктетип обдулуп алчу, кызыганда белин таянып ордунан тура калганын өзү да билбей калчу. Өмүрүндө колуна комуз кармаган жан эмес. Анык төкмө эле. Көл-шал болуп тердеп, улам жоолугу менен бетин сүртүп коюп, шаңшый берчү. Угуп олтургандар бирде мемиреп, бирде толкуп, ырдын мазмунуна жараша өздөрүнчө кабыл алышар эле. Санат ырларын, дүйнөнүн кубулуштарын ырдаганда угуучуларды бирде алтынчы асманга алып чыкса, бирде жетинчи жердин алдындагы окуяларга дуушар кылчу, кызыган тегирмен ташты кылга байлап, олтургандардын төбөсүнүн үстүнөн чимирилтчү. Эл жакасын кармап, алдакандай башка бир ааламда жүргөнсүп, реалдуу турмушту кээде байкабай да калар эле. Барпы кимдерге эмне деп ырдоону беш колдун салаасындай билчү, ошондуктан угуучулардын оюна, максатына, абалына жараша ыр дүйнөсүнүн эшигин ачып, алардын көңүлүн баарлантчу.

Кээде Барпы менен айтышууга ниеттенип, ага капысынан кол салчу элем. Мен айта турган сөздөрүмдү кагазга жазып алып, кадыресе сөз баштап, анан

Жалал-Абадская областная библиотека

куйкум кошулган саптар менен анын жинине тийип койгон убактар болчу. Анда Барпы буркан-шаркан түшүп, мага тезгиден чабуул коёт. Мен жалаң аяк таныш алып акырын качып жөнөйм. Ал мени эми бутуп, «кана эми ырдачы» деп сөз кезегин берет. Бирок мени таппайт. Кийинчерээк менин этегимден бекем кармап алып ырдаша турган болду. Мендеги кайсы ыр? Жазып алганым бүтүп калып, оозумду ачып отура берем. «Кана ырда!» — дейт. Анда мен «Ырларды жазып жатам»,— деп сөз тизгинин бурам. Ошентип, Барпынын калемпир чылаган ырларын да аябай көп уктум. Барпы айтышуунун күлүгү эле. Ал өмүрүндө алтымышка жакын акын менен айтышыптыр. Бир жолу да жеңилбептир, башын жерге салып кетпептир.

Күндөрдүн биринде эртең менен эрте келиптир. Мен ыксырап уктап жаткам. Заңкылдап ырдаган үнүнөн улам ойгонуп кеттим. Жакшы түш көрүп жаткан экемин, ал да бузулуп кетти. Кыртышым сүйбөй «Каргадан мурда какылдап, кара төөдөй лапылдап, кайдан келдиң, досум?» — дедим. «Сүйлөшөйүн деп келдим...» — деди. Бир окуучу бала жетелеп жүрөт. Отуруп чай ичтик. «Согуш деген согушуңдун бүткөнүнө мына эки жылдан ашты. Экөөбүз дос болгонубузга жыйырма беш жыл болуптур. Энди, досум, эмне болот, эмне жок дегендей, жаш өтүп баратат:

Базары өттү өмүрдүн,
Баары өчтү көңүлдүн...

Сени үйгө чакырып келдим. Сый дагы, ыр дагы, ый дагы болду. Ошондо Барпы: «Көптү көрдүм. Сыйдан ыйды көп көрдүм, азап күндөрдү өткөрдүм. Октобүргө чейин үч жолу таяк жедим: төрт казыкка буту-колумду кердирип байлап коюшуп, кара талдын ноодаларын сууга салып сабашты. Үч өлүп, үч тирилдим. Сүйдүм. Күйдүм. Кедейликтин кесепетинен аларды бага албай же кадырына жете албай тептиреп басып кеттим. Өлбөстүн оокатын кылып, көрүнгөн жерде күн кечирип жүрдүм. Он тогуз баланы ээсине бердим. Эми менде ырдан башка эч нерсем калган жок. Ыр — менин канымдан пайда болгон перзентим. Көзүм көрбөйт, бирок көкүрөгүм соо. Күнү-түнү өзүм менен өзүм сүйлөштүм. Ырларымды токсон тогуз жолу тизгиден өткөрөм. Кудай салган караңгы түндүн ичинен Күндү издейм. Ырларымды



күнөстүн нуруна, жүрөктүн канына, жакшылыктын тагына ширетем. Менимче, ырларым бышып жетти. Ошонун жемишин кагаз дасторконго салып элге жеткирүүгө эмгегиңди аяба».

Ооба, Барпы чындыгын айткан экен. Анын ырлары убакыт өткөн сайын бийиктеп, көркөмдүк дүйнөсүнүн каалгасын кенен ачып, сулуулуктун нурун төгүп, Барпыны биз менен, келечек урпактар менен доордош кылып жатат.

*Түмөнбай Байзаков*

## ЗАЛКАР ЫРЧЫ

Жол бөгөгөн жолборс деп,
Жолукпай өтсөм болбос деп;
Сай бөгөгөн жолборс деп,
Саламсыз өтсөм болбос деп;
Келип калдым үйүңө,
Келе бербейм күнүгө...,—

деп шаңкылдап ырдап бир киши биздин үйдү көздөй бурулду. Атам экөө кучакташып көрүштү. Эл «апыз келди» деп дүрбөп калды. Ошол кезде мен биринчи класста окуп жүргөм. Ал Барпы ырчы экен. Биздикинде түнөп калды, аябай көпкө ырдады...

Убакыт өтө берди. Он тогуз жыл Барпынын ырларын, дастандарын, айткандарын уктум. Акырында топурак да менден буюрган экен...

Барпы ырчылык кадамын коомдук түзүлүштүн карама-каршылыгы аябай курчуп, теңсиздик доору өкүм сүрүп турган заманда баштаган. Басар жолунда эчен-эчен тоскоолдор, кыйынчылыктар бөгөт болуп жаткандыгына карабастан, эркиндикке умтулган, келечекке үмүттүү караган:

Аргымак атты арык деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азамат эрди карып деп,
Шорго таштап кетпеңер.

Аргымак атка жал бүтөр,
Азамат эрге мал бүтөр.
Азаптуу оор түн кетер,
Азаттык бир күн жарк этер!

Жалал-Абадская областная библиотека

Барпы жаңылган эмес экен! Азаптуу күндөр кетип, азаттык күнү 1917-жылы жарк этти! Барпы эки замандын күбөсү болду, эки өмүрдү жашады. Эски замандын ыйын, жаңы замандын сыйын көрдү. Эски замандын каарын, жаңы замандын жарыгын ырдады. Жаңы заманда үнү эркин да, бийик да чыкты:

Ырымдын аты — Октябрь!
Кылымдын аты — Октябрь.

Жарыктын аты — Октябрь,
Тарыхтын аты — Октябрь.

Адамдын аты — Октябрь
Замандын аты — Октябрь.

Күрөштүн иши — Октябрь.
Күчтөрдүн күчү — Октябрь.

Совет бийлигинин биринчи эле күндөрүнөн баштап Барпы ыры менен да, иши менен да жаңы таңдын жарчысы, жаңы курулуштун активдүү ишмери болду. Жер-суу реформасын жүргүзүүдө, чарбаны коллективдештирүүдө элдин биринчи катарында болуу менен, тап душмандарына, басмачыларга каршы күрөштү. Отузунчу жылдардын башында эки көзүнүн көрбөй калгандыгына карабастан, Барпы кайратынан жанбады:

Соо кишидей иштеймин
Сокур көзгө карабай!

Же:

Көрбөсө эки көзүм кейишим жок
Партия жолундамын көздүүгө окшоп!

Барпы толуп жаткан философиялык санаттардын, курч сатиралык ырлардын, жүрөктөрдү толкуткан сүйүү ыргактарынын автору. Өз өмүрүндө алтымыштан ашык ырчылар менен беттешкен, кыргыз, өзбек, тажик жергелерин аралап ырдаган, эчен түркүн окуяларды башынан өткөргөн. Булардын көпчүлүгүнүн изи анын мураска калтырган ырларында турат, далайлары азыр да эл оозунда айтылып жүрөт.

Барпынын чыгармаларынын ыргактары, ыр түзүлүштөрү, өзгөчөлүктөрү, көркөмдүк каражаттары окуучуларды таң калтырбай койбойт. Анын чыгармасы жөнүндө адабиятыбыздын аксакалы Аалы Токомбаевдин айтканы эсимде: «Барпыны жазгыч акын деп эсептөө керек. Анын сезими күчтүү эле, бүт жаңылыкты бат өздөштүрүп ала турган киши болучу. Көзсүз кишинин дили сабаттуу болот. Бул өзгөчөлүктү да эстен чыгарууга акыбыз жок. Мен Барпынын ырын бир нече жолу уктум. Ал суу кошпой ырдаган төкмө эле».



Бүгүн залкар ырчы Барпынын токсон жылдыгын белгилеп жаткан күндө, жалпы эле кыргыз окурмандарына кайрылып мындай демекчибиз: Кымбаттуу окурмандар! Эл оозунда жүргөн Барпынын ырларын жыйнап, жазып алып бизге жөнөткүлө. Ырчынын мурасын толуктоого кол кабыш кылгыла. Силердин демилгелүү ишиңерге ишенебиз.

*Ысмайыл Борончиев*

## БИРИНЧИ ОЛИМПИАДА

1936-жылы октябрь айынын ичинде, Кыргызстандын борбору Фрунзеде биринчи олимпиада болду. Кыргызстандын түндүк, түштүгүнүн бардык жерлеринен өнөрпоздор чогулуп келди.

Москвадан Затаевич келип катышты. Бул олимпиадага Шубин башчылык кылып турду. Акын Алымкул үч күнү кечигип келди. Аны эл качан келет деп чыдамсыздык менен күтүп турган. Ал сахнага чыгып, элге саламдашып, мындай деп ырдады:

Ала-Тоолук акындар,
Албан-албан акын бар.
Комузчу бар, ырчы бар,
Кубулжуган үн менен,
Коңгуроодой күү менен,
Кубантып элди турчулар.
Күлкүлүү сөздөн салчулар,
Гүлдөп жаткан көп элдин,
Күлдүрүп көөнүн алчулар.
Тобуңа айтам саламды,
Залда турган калың эл,
Жонуңа айтам саламды.
Келипсиздер шайырлар,
Кең Фрунзе шаарына,
Кадыр менен келдиңер,
Кабар жетип баарына.

Жалал-Абадская областная библиотека

Сапар келип атайы,
Саламдашпай каламбы.
Бактылуу элдин шайыры,
Барыңа айтам саламды.
Калык менен Осмонкул,
Катарлашым замандаш.
Кучакташып тең өскөн,
Курбуну кишн табалбас.
Курбуларым аманбы,
Кубанып айтам саламды.

Калык:

Алымкул иним рахмат,
Айтып өттүң саламды.
Эсендешип алалы,
Эли-журтуң аманбы.
Келалбай неге буйдалдың,
Кеч алдыңбы кабарды.
Кылчаңдап үйдө жаттыңбы,
Кыялбай катын-балаңды.
Алыс деп угам абыдан,
Алай-Куу, Лейлек, Баткенди.
Алар деле кечикпей,
Алымкул сенден бат келди.
Тогуз-Торо, Чаткалдар,
Толук келди кечикпей.
Тоо башында жаткандар,
Келдиң бүгүн жаңыдан,
Кечигип калдың абыдан.
Келген өнөрпостордун,
Кечирим сура барынан.
Акынсың элди аралап,
Акты-көктү тааныган.
Кеп салып элге түшүндүр,
Кечигип калган жайыңан.
Карыш турган Таластан,
Кандай болуп кечиктиң,
Ушуну айткын Алымкул,
Олтурган эл эшитсин.

Алымкул:

Кыйытсам Каке билээрсиз,
Кырсык болду жолума.
Кызыл желек көтөрүп,
Жүрүүчү элем колума.
Жерге түштү желегим,
Жаркыраган желекти,
Жашырбай кантип келемин.



Чыгалбай үйдө жатканым,
Чымчыгым учту чынардан.
Артынан куусам карматпай,
Ашып кетти кырадан.
Кулунум качты желеден,
Андай кырсык болбосо,
Алдыда келчү мен элем.
Талпындым эле жетсем деп,
Табалбай калдым айламды.
Тагдырдын жолу тайгалак,
Талаша турган шай барбы.
Баламды берип ээсине,
Башыма туман айланды.
Ойлогон ойго жеталбай,
Ошентип колум байланды.

Осмонкул:

Жайыңды айттың Алымкул,
Жаңы келип Таластан.
Чынарынан бөлүнүп,
Чымчыгың экен адашкан.
Чырпык сынса сынсын деп,
Чынар аман турсун деп.
Чынында ушул кыйын кеп.
Өлгөндү туулган жеңет деп,
Башынан далай иш өтүп,
Байыркылар айткан кеп.
Ажырапсың Алымкул,
Артын берсин баланын,
Аяш уул төрөсө,
Беш алты кемпир чогулуп,
Бешикке салып бөлөсө.
Ай тийгендей жаркырап,
Ачылып калат кабагың.
Атын Замир коебуз,
Андагы тапкан баланын.
Амалы кетип өлүмдүн,
Атадан бала бөлүнгөн.
Чымчыгың экен Алымкул,
Чыгарып кой көңүлдөн.

Барпы:

Ой, Алымкул чырагым,
Аман болсун чынарың.
Убакты жетип күн бүтүп,
Учкан экен тынарың.
Өзүң деле баласың,
Өкүнүп тартпа убайым.

Жалал-Абадская областная библиотека

Көпүрөң ооп Алымкул,
Көлгө кеткен турбайбы.
Көк шумкарың айланып,
Чөлгө кеткен турбайбы.
Жетатаң барып тынч алган,
Жерге кеткен турбайбы.
Боору бүтүн, башы эсен,
Болбойт экен адамда.
Айтканың оор сөз болду,
Аралаштырып саламга.
Каза шумкар жем жесе,
Канатын канга тийгизбейт.
Кайраты бар азамат,
Кайгысын элге билгизбейт.
Эки ага-ини кишинин,
Бири — кедей, бири — бай.
Эки жилик эт жесек,
Бири — каргыш, бири — май.
Жанаша эки өзөндүн,
Бири — токой, бири — сай.
Жашыба жаман адамча,
Жаратылыш ушундай.
Осмонкул менен Калыкты,
Оозуңа алдың да,
Олтурган төрт, беш чал барбыз.
Бизди унутуп калдың да.
Ниязалы, Бекназар,
Шапак турат алдыңда.
Топ жыйында жолукса,
Токтогул берчү саламды.
Токтогулдан чоңсуңбу,
Тоотподуң аганды.
Кадырлап өзү кол берип,
Калмурза айтчу саламды.
Калмурзадан чоңсуңбу,
Карабадың аганды.
Көөлү көмүр өчүрүп,
Көөп жүргөн чагымда,
Көрүнгөндүн кыздарын,
Өөп жүргөн чагымда,
Перизаттардын тобуна,
Барып жүргөн чагымда.
Белегиме бет аарчы,
Алып жүргөн чагымда.
Саадагым чаян чок беле,
Санатым сенче жок беле.



Жоолугум чаян чок беле,
Жолуң болгон Алымкул
Жомогум сенче жок беле.
Барпы деген мен элем,
Балдар, мен кимден кем элем.
Түндүк, түштүк акындын,
Түзүктөрүнө тең элем.
Калык иним сен айтчы,
Кайсы акындан кем элем.
Арка, Анжиян ырчыңдын,
Алдыңкысыга тең элем.
Эртеби, кечпи ким билсин,
Эчкиникиндей жаш калды,
Кача турган күш дагы,
Карай берет асманды.
Качуучу куштай убагым.
Кааласаң балдар кезинде,
Кадырымды сурагын.
Карганда түшөт оюңа,
Кайгы, санаа узун жол.
Замандың келди тилеген,
Сайранда балдар аман бол.
Эстүү болсо балдарың,
Эркелетет карганын.
Эси жок болсо балдарың.
Эсептен чыгып калганың.

Алымкул:

Кечирип кой Бапыке,
Кетирген кемчил күнөөнү.
Аксакалдар кечиргин,
Алымкул бүгүн күнөөлү.
Алып кетпей ичиңе,
Айтканың жакшы мүдөөнү.
Сахнага чыкканда,
Санаам санга бөлүндү.
Салтанаттуу чоң жыйын,
Залдагы көп эл көрүндү.
Айталбадым сүрдөнүп.
Аркы-терки жөнүмдү.
Калык чымчып өткөндө,
Кара тер баштан төгүлдү.
Кечигип артта келгенге
Кетенчиктеп токтодум.
Айтпай элем баланы,
Амалсыздан козгодум.
Айтайын деген оюмдан,

Жалал-Абадская областная библиотека

Адашып калган окшодум.
Баарынан катуу урунду,
Бапыке сенин токмогуң.
Баласынан айрылып,
Балапанына кайгырып,
Баш ооруган мен капа.
Алымкул басып келбейт деп,
Ага деп салам бербейт деп.
Ал жөнүндө сен капа.
Өтүнөм ага кечиргин,
Экөөбүз бирдей тең капа.

Ошондо Калык, Осмонкул, Карамолдо аксакалдар Шаршенди чакырып алып, «Барпыга салам айт, көңүлүн жайка» дегендей болду! Шаршен сахнага чыгар алдында Осмонкул: «Эл күлсүн, баягы куудул сөздөрүңдөн аралаштырып, күлкү менен Барпынын таарынычын унуткар» — деди. Осмонкул менен Шаршен сахнага чыкканда эле эл күлө баштады. Атайылап жасатып алган экен, комузунун бир бети комуз, экинчи бети домбура. Эл аны көрүп андан бетер күлдү. Шаршен ырдай баштады.

Шаршен:

Айткандар айтып салабы,
Мендей аңкоолор карап калабы.
Аныктап таанып алайын,
Акын Барпы аганы.
Акын болсом деп жүрөм,
Бапыке, абайлап көргүн балаңы.
Чогулушта, жыйында,
Чоң жорголор салабы.
Мендей чобурлар карап калабы.
Жолугуп таанып алайын,
Жолоочу келген аганы.

Термечиктин баласы,
Шаршен деген акынмын.
Улуу кичи келди деп,
Учурашып жатырмын.
Бапыкеме айтам саламды,
Бала-чакаң аманбы,
Эли-журтуң аманбы,
Бапыке аманбы.
Амандашсам жаманбы.
Таламдашып ырдадым.



Бапыке өзүң байкачы,
Салмактуу бекен ырларым,
Кандай экен ырларым.
Көп эле жерде ырдадым,
Көбөйбөй жүрөт ырларым.
Ар кайсы жерде ырдадым,
Арбыбай жүрөт ырларым.
Ырчылыгым бар бекен,
Ырымды бүгүн сындагын.
Осмонкулга сынатсам,
Ырчы эмессиң сен деди.
Акын болбой жерге кир,
Айлыңа кете бер деди.
Уйкашпайт экен ырларың,
Уялбай кантип ырдадың.
Акын сендей болобу,
Сага окшогон жиндини,
Акын деген оңобу,
Деп тилдеди Осмонкул,
Көңүлүмдү калтырып,
Көп тилдеди Осмонкул.
Жаман экен Осмонкул,
Айтаарыма келгенде,
Айтып коё бергенде,
Ырдаарыма келгенде,
Ырдап коё бергенде,
Уйкашына карабайм,
Уккан элди кубантып,
Ушундай катуу сабалайм.
Угуп турган Бапыке,
Төгөйүнчү жамгырдай,
Кудайдын берген жел сөзүн,
Куюлтайын жамгырдай.
Катуу төгөм жамгырдай,
Бозокорлорго ырдагам.
Болжолсуз акын экен деп,
Бозо берип сыйлаган.
Калык акын жактырган,
Борумуң да мыкты деп,
Боору калбай каткырган.
Ошол кичи жактырган,
Чоң ырчысың деп жактырган.
Кошокко апам мыкты эле,
Атам маркум өлгөндө,
Кошокчу болуп чыкты эле.
Андан ооп мага келди,

Жалал-Абадская областная библиотека

Энесин тарткан булбул деп,
Көргөн-билген айылда.
Көп кемпирлер баа берди.
Бали, рахмат Шаршен деп,
Байбичелер баа берди.
Калк аралап көп жүрөм,
Калыктай болсом деп жүрөм.
Чогулушта көп жүрөм,
Чоң ырчы болсом деп жүрөм.
Калыктай акын боломбу,
Ойлонуп айтчы Бапыке
Осмонкулду согомбу,—
деп Шаршен токтоду.

Шаршендин күлкүсү менен эл көңүлдүү тарады.

*Зыяш Бектенов*

## «ЖҮРӨГҮ КӨРҮП ТУРЧУ ЭЛЕ»

Улуу Ата Мекендик согуштан 1946-жылдын башында келип, СССР илимдер академиясынын Кыргыз филиалында «Манас» жана фольклор секторунда иштеп калдым.

Ал кезде Кыргыз филиалынын фольклордук фондусу жана «Манас» эпосунан жазылган бардык варианттардын кол жазмалары биздин сектордун карамагында болучу. Ал фондуну Жусуп Турусбековдун аялы — Гүлсүн башкара турган.

Ошол жылы жай айында Кыргыз республикасынын мугалимдеринин съезди болду. Фрунзе областынын эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Жумаш Тилегенов экөөбүз коңшуна турчу элек. Бир күнү ал съездге келген областтык эл агартуу бөлүмдөрүнүн башчыларын конокко чакырып калды. Алардын арасында Жалал-Абад областтык эл агартуу бөлүмүнүн башчысы да бар эле.

Сүйлөшүп отурганыбызда ал мага кайрылып: «Сиздер эл чыгармасын жыйнайт эмессиздерби. Биздин Жалал-Абадда Барпы деген бир сокур абышка бар. Ал киши дайыма шаардын бир чоң көчөсүнүн бурчунда туруп алып, өткөн-кеткендерге Совет Армиясын мактап ырдайт. Ырдаган ырларын тыңшап турсам, сөзүндө эч кандай кемтиги жок, зор таланттуу акын экен»,— деп калды.



Барпы акындын атагын, анын бир кезде Токтогул менен да айтышкан кабарын биз көп эле угуп жүрчүбүз. Эртеси Т. Байжиев экөөбүз Кирфандын председателинин орун басары Жапар Шүкүровго бардык да фондуда Кыргызстандын түштүгүнөн фольклордук материалдын жокко эселигин айтып, Барпы акындын чыгармаларын жаздырып алуу жөнүндө маселе козгодук. Ал бизди колдоду.

Ошондон кийин арадан бир аз убакыт өтүп, 1947-жылдын февраль айында республиканын жетекчилеринин макулдугу менен Барпы акынды шашылыш чакырып калдык.

Барпы тез эле жетип келди. Жетелеген баласы бар. Аларды азык-түлүк менен камсыз кылып, Кирфандын маңдайындагы Турусбекова Гүлсүндүн үйүнө жайгаштырдык.

Барпы акенин ырларын жаздырууга киришүүдөн мурда аны секторго чакырып, эки күнү үч-төрт саатган ар түрдүү темада ырдатып көрсөк, кандай гана темада болбосун ырды жамгырдай төккөн, көркөм сөздүн жана эл чыгармасынын чалкыган көлү, нукура талант экен.

— Партия, комсомол, пионер, Совет Армиясы, тынчтык, мал чарба, дыйканчылык жөнүндө чыгарган ырларыңызды жана насаат, күйгөн, секетпай, айтыш, кошок, жомок, мактоо, кордоо, макал, лакап, табышмак сыяктуу ар түрдүү ырларды жаздыра бериңиз,— деп тапшырма бердик.

Барпынын ырларын адегенде кыргыз арасынан чыккан туңгуч стенографистка Курман Кыдырбаевага жаздырдык. Кийинчерээк балдар кол менен да жазды. Ар бир он, он беш күндө Барпынын оозунан эмнелер жазылып, эмнелери калганын билип, андан ары эмнелерди жаздыруу керек экенин айтып турдук. Ушул жолу Барпынын чыгармасын жаздыруу иши үч айга созулду.

Үч айдан кийин Барпы аке:

— Менде болгон ыр казынамды жаздырып бүттүм — деди.

Кийин чалдын көзү өтүп кетсе, эстелик үчүн керек болот го деген максат менен Барпы акени секторго чакыртып, маңдайынан, капталынан, желкесинен сүрөткө тарттырып, кол жазмасынын ичине салдырып койдук.

Өзүнө эки жуптан күрөң жана кара чий баркыттан костюм тиктирип, ак калпак, үстүнө чепкен

Жалал-Абадская областная библиотека

жаптык. Кыргыз өкмөтү бөлгөн кырк жети миң сом акчаны аккредитивге салып, колуна карматтык. «Барпы аке колхозуна барары менен жаңы үйгө киргизип, үй ичин жаңы жууркан-төшөк, эмеректер менен жасалгалагыла жана ар дайым жардам берип, көз салып тургула. Бул тапшырманын кандай орундалганы жөнүндө Кирфанга кабар бергиле!»,— деп Жалал-Абад областтык аткаруу комитетине кат жазып жибердик. «Барпы акеге колдон келген жардамыңызды мындан ары да берип туруңуз»,— деп облОНОго да салам дуба айттырдык.

Барпынын мүрзөсүнүн башында Осмонкул төкмө

Барпы аке жарыкты сүйгөн
ырчы эле,
Жан бүткөндүн курчу эле:
Жараткан көзүн алса да,
Жүрөгү көрүп турчу эле,—

деп коштошкон эле.

Бүгүн, Барпы акенин жүз жылдык юбилейинде бул ойдун ташка тамга баскандай чындыгына дагы бир жолу тең берип коюшту ылайык көрдүк.

*Хусейин Карасаев*

## «СӨЗ КЕРЕМЕТИНЕ КАНЫККАН...»

**— Хусейин Карасаевич, «Өнөр алды — кызыл тил» деп элибизде бекер жеринен айтылбайт эмеспи. Анын сыңарындай. Барпы сыяктуу улуу акындарыбыздын чыгармачылыгы жөнүндө кеп болгондо алардын тилдик керээтинин эбегейсиз күчтүүлүгү, сөздүк санжырасынын байлыгы, окуган сайын арбап, азгырып, улам бир кереметке тунуп турган поэтикалык кудурети эске түшпөй койбойт. Мындай касиеттер кыргыз ырларынын ичинен Барпынын тилдик составына өзгөчө мүнөздүү экендигин адабиятчылар да, филолог адистер да бир ооздон бекемдеп жүрүшөт. Бул маселе боюнча Сиздин жекече пикириңиз кандай?**

— Тил адамзат рухунун түпкү теги, суу ичкен башаты. Ал бүтүндөй элдин тарыхын, тажрыйбасын, дүйнөгө болгон көз карашынын кыбыр эткен кыймылын ушунчалык сарамжалдуулук менен сактап, улам



кийинки муундарга өткөрүп берип турат. Барпынын поэтикалык тили жөнүндө кеп кылуу, демек, тилдин ошол кылымдан кылымды карытып келе жаткан көөнөрбөс салты жөнүндө ой жүгүртүү дегендикке жатат. Адабиятчылардын, адистердин белгилеп жүргөндөрүнүн толук жүйөөсү бар: мезгилдин илеби, акындын кубаты сөздүн касиети менен ыргагына каныккан анын поэзиясынын лексикасы таң калыштуу бай жана өзгөчө.

Баарыбызга белгилүү, тил үч нерсе менен байыйт: өз маанилерин кеңейтүү жолу менен; элдик диалектердин стихиясынын эсебинен жана тыштан кирген сөздөр менен.

Барпынын поэтикалык тили дал ушул үч кубулуштун ширелип, кудум комуздун үч кылы сыяктуу бир күүгө келген учурунан кабар берет. Бул анын ырлары менен дастандарына өзгөчө түс, өзүнчө колорит кошуп, кулакка угумдуу, көзгө көрүмдүүлүгүн арттырат. Акындын тили метафоралуулугу, сырга бай, ойго тереңдиги менен гана эмес, эбегейсиз мукамдыгы, шириндиги менен да айырмаланып турат. Ал тилдин бүткүл мукамын, ыргагын кармап калууга, ар бир сапка нукура музыкага айлана турган гана сөздөрдү шурудай тизе билүүгө өтө устат. Албетте, сөз карандай акыл, атайын жол-жобо менен «зордукталып» поэтикалык сөзгө айланбайт. Поэтикалык сөз акындын көкүрөк сезими (интуициясы), психологиялык көрөңгөсү жана тажрыйбасы менен аныкталат. А булар элибиздин бардык чоң-чоң ырчылары сыяктуу эле Барпыда да эбегейсиз күчтүү өнүккөн.

**— Кийинки кездерде Чыгыш классиктеринин Барпынын чыгармачылыгына тийгизген таасири жөнүндө да көбүрөөк айтылчу болду. Сиз муну кандай кабылдайсыз?**

— Чынын айтыш керек, мен акындын керемет дүйнөсү менен кечирээк таанышып, кечирээк маани берип калгансыдым. Кыязы, 1947-жылы болсо керек, Барпы менен биринчи жолу Зыяш Бектенов тааныштырган. Анда Москвада иштөөчү элем, анын үстүнө бүткүл аракет «Орусча-кыргызча сөздүктү» түзүүгө бурулуп жаткан. Андыктанбы, айтор көңүлүмдүн сыртында калыптыр. Ошол себептүү кийинчерээк жарык көргөн «Накыл сөздөрүмдө» да Барпынын тил казнасынан көптөгөн сөздөр этимологиялык жактан чечмеленбей калгандыгын байкадым.

Эми көп жылдардан бери араб-иран-монгол-кы-

Жалал-Абадская областная библиотека

тай-орус-кыргыз сөздөрүнүн улугатын (түшүндүрмө сөздүгүн) түзүүнүн аракетинде жүрүп, жакында басмага тапшырдым. Ошондо Барпыны башка жаздап окуп чыгууга туура келди. Окуп алып, таң калганымды айтпа: кызылдай эле кен экен. Албетте, ал бардык чоң акындар сыяктуу эле терең изилдөөнү, кеңири чечмелеп берүүнү талап кылат. Мисалы, акын минтип ырдайт:

**Жаннаттын** гүлү жыттанган,
Жигиттер көзгө суктанган.
Жаным сүйгөн **дилбарды**
Жетелеп кетсем **куптандан.**

Көрүнүп тургандай, асты сызылган сөздөрдүн төркүнү араб, фарсы тилдеринен келген. Айталы, «куптандан» десе эле диний түшүнүктү элестетебиз, а чындыгында ал фарсы тилинде «караңгы» дегенди билдирет. «Андан ары сен барсаң, (Чоң-Алай деген **дары** бар» — дейт акын бир жерде, «Дары» — арабча «өрөөн» деген сөз. Же «Ажы саткан көк мончок), **Аттарчинин** мончогу». Аттарчини — жип-шуу, атырсамын саткан соодагерди билбөө — акын диний догманы көзгө сайып келекелеп жаткандыгын түшүнбөөгө алып келиши ыктымал. «Сөзгө алынган жигиттин, Сарайында **сынчы** бар»,— деп айтылат бир ырында. А сынчы дегенибиз үйдүн керегесин, тирөөчүн билдирет. Мындай мисалдар айта берсе, аябай көп.

Биздин адабият мезгилине жараша азыр көбүнесе символдор менен жазылат, андыктан тилдин түпкү тамырына, көп маанилүүлүгүнө айрым учурда суу жибералбай калабыз. А сөз деген сөз, анын ыргагы, айтылышы, мааниси өзгөрүп кетиши ыктымал, бирок ал алгачкы озуйпасынан эч качан ажырабайт. Барпынын поэтикалык тилине кайрылуу ошол интонацияны, контекстти жаңылап, тазартууга, тилдин алгачкы, нукура касиетин ачууга жакшы көмөк болуп бермек.

Чыгыш поэзиясынын Барпынын чыгармачылыгына тийгизген таасири, кыйыр же түздөн-түз байланыштары, менимче, акындын поэтикалык ой жүгүртүүсүнүн, образдык системасынын өзгөчөлүгүнөн даана байкалып турат. Ага мисал келтире берсек, көп сөз болуп кетээр эле.

Кыскасы, Барпынын миң түр, миң сырлуу поэтикалык дүйнөсүн окурмандарга ар тараптан ачып, талдап, тарыхый жана теориялык негизде изилдеп берүү милдети дагы эле болсо алдыда.

— **Маек куруп бергениңиз үчүн ырахмат!**

*Токтосун Тыныбеков*



## БАРПЫ

1948-жылы областтык олимпиадага Жумабай кыякчы, мен, Ормонбек келдик. Олимпиадада 11-октябрде жыйынтык концерт болмок. Кароодон өткөндөн кийин 12-октябрде «Саламдашуу» менен биринчи мен чыкмак болдум.

Ошондо кубанычтын толкуну кандайча болгонун өзүм да даана айта албайм. Бир областтын кароосуна келген жүздөгөн көп улуттун ичинен (Анда Жалал-Абад областы болчу) биринчи болуп саламдашуу мага өтө чоң кубаныч болду.

Комузумду көтөрүп жатаканага келе жатсам, ошондо эки жылдык мугалимдер курсунда окуп жүрүшкөн жолдоштор жолугуп, театрга келсек, фойэде сейрек чокчо буурул сакалы бар, башында өзбек топучан, толук киши таяк кармап отургучта отуруптур. Барпы ырчы ушул дешти. Ырдаш деп сурап калышты. Тобокел деп, ошондо көпкөндүкпү же жаштыктын жалыныбы ким билет, Барпыга тийишип ырдап кирдим. Мен комузду күүлөй баштаганда үн чыккан жакка кулагын сала баштады. Байбичеси жанында экен.

Көрүп турам биерден
Тетиги көкала сакал абамды.
Барпы акын ушу деп,
Балдардан уктум кабарды.
Сакадай бою сары алтын
Салабаттуу кишиге
Саламдашып алалы.
Карыянын кашында
Кайкы тилди чабалы.
Кыйлага жашы барыптыр,
Кыргыз элдин ичинде
Кыдырып тоо, талаапы.
Сырттан адам көрүнөт,
Сындасын мендей баланы.
Жардамга кошо барчудай,
Жаакташкан жан болсо,

Жалал-Абадская областная библиотека

Жаатташа калчудай
Жанында экен аялы.
Бүтпөгөндөй дүнүйө
Бүркөлүп турат кабагы.
Жеңемдин мындай турушу,
Жетпейби кийим, тамагы?..
Алтымыштан ашканча,
Алган менен тойбогон,
Сексенге кадам басса да,
Серпкендигин койбогон
Абам, аялды шундай багабы?
Кайдагы тентек дебестен,
**Аба, кабыл ал айткан саламды.**
Аксы деген жердемин,
Атайы эңсеп келгемин
Арзып жүргөн кезимде,
Абам сизсиз көргөнүм.
Алган киши экенсиз
Акын «Током» өнөгүн.
Көрбөй туруп сүйлөгөн
Көптөн сиздей көрбөдүм.

Азыр эле кеп уктум,
Ар кимдерден мен уктум.
Жаш кезинде Барпы акын,
Карамурза, Накенди,
Орозматын баш кылып,
Онтолоткон деп уктум.
Ошолорду жөн уктум.
Карып калган кезинде,
Кайрат күчү дагы эле,
Калдыбы деп сезимде,
Кайрылдым эле, аксакал,
Кажылдашып кетүүгө.

Комузум бар колумда,
Комуз күүлөр чертүүгө
Көөдөн согуп турган кез,
Көпкө кызмат этүүгө.
Элирет менин жүрөгүм
Эңсегенге жетүүгө
Улуусуз сизди сыйлабай —
Урунгансып ырдадым,
Учуратпай кесирге,
Акыл болсун айтканың,
Акын аба, баштагын,





Карыга катпай сөзүңдү,
Калп эле жумбай көзүңдү,
Калганын мага таштагын.
Атагыңды унутпай
Айтып жүрсө болгону,
Артында мендей жаштарың.
Коргол деген карыдан,
Үлгү алып быйыл жаңыдан.
Азыраак чыкты таскагым.
Элирсем бир аз чыдарсыз,
Эрмегимди угарсыз,
Эсирген кандай бала деп,
Эл, жеримди сурарсыз.

Элирсем тилим абыдан,
Илгертен Аксы деп коёт,
Элимден келдим жаңыдан
Жалпыга маалим таанылган.
Атыңды угуп көрбөстөн,
Алтын жүрөк сагынган,
Корголдон уккам даңкыңды,
«Ачууланып ырдаса,
Аярданып турбаса,
Айтканы тийген чагылган»
Менин да бактым бар экен,
Сиздей, Барпыга келип кабылган.
Күүң болсо үйрөткүн,
Күкүктөй тилди сүйлөткүн.
Үлгүңдү алып калайын,
Үңүлүп чыкпай жаныңдан
Мен туулуп өскөн жер,
Тегенеңин талаасы,
Жылга-жылга сайынан,
Жылжып агат кашка суу,
Жыпар жыттуу авасы.
Ниязалы комузчу
Балаңыздын бабасы.
Желпингенден жел жетпес,
Жеткилең ырчы болучу
Жеңижоктой абасы.
Акындардын мыктысы,
Ачуусуна тийгенди,
Алды менен жыкчусу,
Атагы чыккан Нурмолдо,
Ал балаңдын тагасы.
Эл жеринен күчү, ырчы,

Жалал-Абадская областная библиотека

Эчен өссө ырдамак,
Эзелтен кыргыз адаты.
Токтогул күү үйрөнгөн,
Торгойдой таңшып сүйлөгөн,
Ниязалы комузчу,
Күүлөрүнө ыр кошуп,
Күлдүргөн ошо болучу,
(Токтогул эле дейсиңби,
Толгон жаштар үйрөнүп,
Толгоп черткен комузду)
Кытыгылап жаткансып,
Кыт-кыт күлүп көргөн эл,
Кызыгына тоюучу.
Карыяны көргөндө,
Кандай ырдап берет деп,
Касиети керек деп,
Каргадай болгон уулуңдун,
Качырып турган жолу ушу,—

деп басылдым. А дегенде катуу тийишип алып, кайра качкандан намыстанып, эмине болсо да тобокелге салдым. Барпы болсо уюткан коргошундай болуп, эч нерсени оюна албай, менин ырымды тыңшады.

— Э... балам, бүттүңбү?

— Ооба.

Ошондогу Барпынын ыры (комуз чертпейт экен, таягын бекем таянып алып, кара төкмөгө салып ырдады.)

А...а
Учурашып ырдадың,
Урмат менен тыңдадым.
Амандашып ырдадың,
Айтканыңды тыңдадым.
Алабарман экенсиң,
Акындык жолун булгадың.
Азиз элем жетелеп,
Алыс жолду төтөлөп,
Алып жүрөт курбалым.
Аялын да жардамга
Ала келген экен деп,
Айтып бир аз ырдадың,
Ал эмине кылганың.
Балам сендей кезимде,
Баары турат эсимде,
Көзүм ачык чагында,
Көп баргам далай айылга.



Каяша кылган ырчылар,
Калуучу менин каарыма.
Көпкүлөң тартып ырдадың,
Көзү азиз мендей карыга.
Көзү азиз экеп деп,
Көтөрмөмө чалынба.
Көмөлөнүп жыгылып,
Көлгө барып малынба.
Катыгыңды берейин,
Капа болуп таарынба.
Билет элең баркымды,
Бир жүрсөң мурун жанымда.
Барпы, Барпы болгону
Барпы атка конгону.
Ышкыбозум элиме
Ырдан тарткан жоргону.
Барпысы жок өтчү эмес,
Бул айылдын тойлору.
Күкүктөй сайрап отуруп,
Гүлдөткөн печен ордону.
Барпы ашпаган жер бекен,
Бардык кыргыз тоолору.
Кокту, колот, коолору.
Биле албадым баланын,
Кандай экен ойлору.
Качырсам деп турат го,
Карап көрсөм болжолу.
Чыгарайын эсинди,
Балам чыдап турсаң болгону.
Атасынан жеме укса,
Арылар балким шорлору.

Мына тийиш деп отуруп балаага калтырмак болдуңар — дедим балдарга. Барпы төктү.

Мен да сендей жаш болгом,
Ар нерсеге маш болгом.
Кыз-келиндер көрүнсө,
Кымыз ичпей, бозо ичпей,
Сендей пиво, арагын кошо ичпей,
Жалаң кыялына мас болгом.
Кызыталак кары деп,
Кызыкканга ат койгом.
Алтымыш төрт жашымда
Ал кыял менден жат болгон.
Куруп калсын карылык,
Кудурет кетип, дарт конгон.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жакшы экен жашчылык,
Жазгы күндөй бак конгон.
Жашчылыгың болбосо,
Айылда сендей акмак жок,
Атасына тап койгон.
Болбосо биз улууга,
Урматтап салам берчү элек.
Ыңгыранып турса да,
Ызаат менен келчү элек.
Ырыс шерик экен деп,
Ырахатын көрчү элек.
Аштан-тойдон тапканды,
Арбыныраак алсын деп,
Аксакалга берчү элек.
Артканы болсо жечү элек.
Артпаса ачка келчү элек.
Жолу калса болгону,
Жокко ыраазы дечү элек.
Угуп турам сөзүңдү,
Көрбөй турам көзүңдү,
Сокур чалды Токтосун,
Сойлотом дейт шөкүлдү.
Атаңды мен өлтүрүп,
Алгың барбы өчүңдү.
Айтып өттүң жаш бала,
Абаңды сыйлап аз гана.
Бул кыялды таштагын,
Буруп айтпай башкага.
Абаңдан уккан акылды,
Ара жолго таштаба.
Азуум жок болсо да,
Ак сакал кылып койсо да,
Арабөк жүргөн балдарды,
Ала жатам жаздана.
Адам болуп кетерсиң,
Акылың болсо такшала.
Кыргыз жаман көрчү эмес,
Кызыктуу биздей эрмегин.
Той-ашта жүрүп үйрөнгөм,
Токтогулдун өрнөгүн.
Он тогуз жаш улуу эле,
Ойротто андай көрбөдүм.
Кармашамын дегенде,
Карамурза, Накендин,
Катыгын колго бергемин.
Калык, Коргол, Осмонкул,



Катары бир теңдерим.
Жакында эле борбордо,
Жаакташып келгемин.
Молдобасан, Саякбай,
Өздөрү да Манастай,
Күнү-түнү тынбастан,
Күпүлдөйт экен адашпай.
Күлүктү көрдүм адамдан,
Күн жүгүргөн таң ашпай.
Алар да каяша айткан жок,
Атымды угуп баткан жок.
Кызыталак жаш бала,
Кыялың турат жарашпай.
Кылыгыңды байкасам,
Кызыгансып сүйлөйсүң,
Башынан байге бербеген,
Барпы аваңды ким дейсиң?
Көрбөгөн чал экен деп,
Көмүскөлөп тилдейсиң.
Жөөлөбөстөн аваңды,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.

— Аба, кечирип коюңуз. Сизди ачуусуна тийбесе, а киши төгүп бербейт дегенинен, мен атайын тийишип ырдадым эле,— деп өз жолумду кылдым. Аялы да мага кошулуп, жаш баланы анча каарыбай эле жөн ырдасаңыз боло деди. Ошондо Барпынын ыры:

Катуу тийдиң башынан,
Карыяга кашынган
Калкымда сендей көрбөдүм,
Кайраттуу чыккан жашынан.
Карысына асылган,
Менин ырым Чангенттин,
Бозосундай ачыган.
Күздүн күнкү Акмандын,
Козосундай ачылган.
Арстанбаптын, Ачынын,
Агынындай ташыган.
Чын кары деп сыйласаң,
Чыкпай жүргүн каршымдан.

Мен-мен Барпы болгону,
Барпы атка конгону,
Толкушуп сайрап олтурган,
Тоопун болгом торгою.
Ай-ай балам, ай балам,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ардактаган тай балам.
Сендей нечен ырчыны
Серпкен кезде жайлагам.
Ширеткендей болотту,
Шилтегенден тайбагам.
Азыр өткүр баласың,
Ачууңа саларсың.
Ардактап сыйлап отурган
Абаңды кайдан табасың.
Кыялыңды байкасам,
Кыпкызыл күйгөн панарсың.
Кыялыма сен жаксаң,
Кызматыма жарарсың.
Ага да бар, ини бар,
Айткан жерге барасың,
Барбай койсоң кокустан,
Бир балээге каларсың.
Угуп кой, балам, сөзүмдү,
Урматтагын өзүңдү.
Курчтугу бар турбайбы,
Кутургандай шөөкүлдү.
Жорголугуң бар экен,
Жолго түшүп көөшүлчү.
Жаш улууга тийбестен,
Ачып жүргүн көзүңдү...

Анда мен:

Кытыгылап койбосо,
Кызыбайт деп уккамын.
Карыя ырдап бербесе,
Калат деп ичте бушманым.
Топон суу болуп кетсе да
Тосоюнчу беттешип —
Тобокел деп чыккамын.
Сергий түштү көңүлүм
Сөзүңдүн татып туз даамын.
Качырышың башкача
Канатыңдай шумкардын.
Жүгүрүшүң таптаза,
Жүда өзүңдөй тулпардын.
Таасын чыкса экен деп,
Тай кезимде таскагым
Сынчы абамдан оңолсо,
Сылтып баскан аксагым.
Элдик ырчы болсом деп,
Эркелеп сизге айткамын.
Кармайын аба колуңдан,



Каардуу сөздү таштагын.
Колуңа тийген мен бир куш,
Канатым тарап таптагын.
Үлгүңдү берип үйрөткүн,
Ителгидей күүлөнткүн.
Тантык болсо сөздөрүм,
Таасындатып сүйлөткүн.
Жазгы гүлдүн ичинде,
Жагымдуу уккан кишиге
Жаңшалган булбул үндөткүн.
Кошулуп топко барайын,
Кой жоргомду салайын.
Акыл-насаат сөзүңдү
Артыңдан ээрчип алайын.
Ар жыйында ырдайын,
Айтканы деп абамдын.
Алды менен угулду
Аздыр-көптүр саламым.
Абаке берчи колуңду,
Менин да аткарылсын талабым.
Мен эмес эчен ырчылар
Үлгү алышкан улуудан.
Күжүлдөгөн күлүктөй,
Күүлөнсө топтон суурулган.
Жакшы деп аяк ташташы,
Жакканы элге угулган.
Айтканын угуп калсак деп,
Артынан калбай чуурган.
Аяндап бир аз уктуңуз,
Ансыз да сынап чыктыңыз,
Алдыңда мендей уулуңдан.
Татына сөздөн үйрөнүп,
Таптагы куштай күүлөнттүң,
Аба, талпынтып учур туурундан —

дедим. Ошо күнү Барпы мени Болот деген инисиникине ээрчитип барды. Таңды тамаша менен аткардык. Барпы абам мага жооп ырын ырдады. Андан кийин Барпыны көргөн жокмун. 1951-жылы «Ала-Арча» мүрзөсүнөн анын эстелигин көрдүм.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Шабданбай Абдыраманов*

## ЭЛ СҮЙГӨН АКЫН

Ар бир элдин асмандагы чолпон жылдыздай жаркыраган акындары бар. Алардын айтылган ыр саптары карапайым, эл сөзүндөй жөнөкөй, бирок ичине не бир бийик акыл, ойлор камтылган болот. Ал ойлор ушунчалык көркөм айтылгандыктан, бир уккан адамдын эсинде түбөлүк кала берет. Турмушта ал ойлор өз угуучусун ойго чакырат, жашоо кадамдарында жол көрсөткүч стрелканын сыңары кызмат кылат, жүрөгүнө кубаныч берет, жашоого дилгирлентет. Андай ой байлыктары жеке акындар тарабынан жаралган менен тез эле элдик кенчке айланып кетет. Токсон жылдыгы белгиленип олтурган элге сүйкүмдүү Барпы ушундай акын болучу.

Барпы улуу демократ акын Токтогулдун өзүнө татыктуу шакирттеринин бири эле. Анткени ал да өз ырларын ушул кездеги кээ бир акындардай эптеп жан багуунун куралы катары карабай, Токтогул сыяктуу өз ырларын зор идеалдарга багыттаган, элдин келечек мүдөөсүнө кызмат кылуунун куралы катары караган. Дал ушул мааниден башталат анын ырларынын баасы жана бийиктиги... Акындын сөзү менен айтканда ал мына мындайча:

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм.

Ал:

Айт-айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.

Демек, Барпынын бул саптарынан көрүнүп тургандай, ал философиялык багыттагы терең ойчул, өз доорунун коомдук түзүлүшүнүн табийгатын туура көрө билген, таптык сезими өскөн акын экендигине күмөнсүнүүгө болбойт. Биз бул жерде Барпы акындын бүткүл чыгармачылыгынын негизги багыты тууралуу айтмакчыбыз. Эмне үчүн ал улуттук адабиятыбыздын классиги болуп калгандыгынын негизги өбөлгөлөрүнүн бири да мына ушундан... Анын ырларынын горизонту кең, ойлору масштабдуу, темасы социалдык зор маселелерге арналат.

Минтишине себеп анын табигый таланты менен бирге, өзү басып өткөн татаал турмуш жолу болуп эсептелет. Анткени Барпы кыргыз элинин революцияга чейинки коомдук турмушундагы теңсиздиктерди, зулумдуктарды, өз көзү менен көргөн, өз желкеси менен анын оор жүгүн көтөрүп өскөн адам.

Барпы Алыкул уулу 1884-жылы күзүндө азыркы Ош областынын[1] Сузак районундагы Ачы деген кыштакта туулган. Атасы Алыкул Шамурза уулу көрүнгөндүн малын багып күн көргөн томаяк болгон. Тогуз баласын багып өстүрүү ага оңой иш эмес эле. Ошон үчүн болочок акын Барпыны 8 жашында Назар деген байга малайлыкка берди. Наристе курагынан өтө элек бала байдын отунун алып, отун жагып, мал багып күн көрө баштады. Кийин ал бир байдан экинчисине өтүп, мал багып, эгин өстүрүп жүргөн шарттарында өз тагдырлаштары арасында бирин-экин ыр саптарын курап, алардын көңүлүн ача баштайт.

Көп өтпөй эл арасына чыгып ырдоо мезгилине да жетет. Алгачкы ыр саптары өз курсагы, көргөн азапкордугу тууралуу болду. Бала бара-бара ошол азаптозоктун социалдык себептерин да бүшүркөй баштайт. Ырларынын темасы акырындап өзгөрөт.

Тобурчак атка жал бүтөр,
Томаяк эрге мал бүтөр.
Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик күн бир күн жарк этер.

Октябрь революциясынын жеңишин Барпы ак жүрөк менен тосуп алды. Анын ырларынын темасы байып, мазмуну кеңиди. Алгачкы ырларынын бири Ленинге арналды:

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы.
Калк атасы Ленинди
Ырдабай Барпы турабы?

---
[1] Азыркы учурда Жалал-Абад областы.— Түз.

Жалал-Абадская областная библиотека

***Шабданбай Абдыраманов***

## ЭЛ СҮЙГӨН АКЫН

Ар бир элдин асмандагы чолпон жылдыздай жаркыраган акындары бар. Алардын айтылган ыр саптары карапайым, эл сөзүндөй жөнөкөй, бирок ичине не бир бийик акыл, ойлор камтылган болот. Ал ойлор ушунчалык көркөм айтылгандыктан, бир уккан адамдын эсинде түбөлүк кала берет. Турмушта ал ойлор өз угуучусун ойго чакырат, жашоо кадамдарында жол көрсөткүч стрелканын сыңары кызмат кылат, жүрөгүнө кубаныч берет, жашоого дилгирлентет. Андай ой байлыктары жеке акындар тарабынан жаралган менен тез эле элдик кенчке айланып кетет. Токсон жылдыгы белгиленип олтурган элге сүйкүмдүү Барпы ушундай акын болучу.

Барпы улуу демократ акын Токтогулдун өзүнө татыктуу шакирттеринин бири эле. Анткени ал да өз ырларын ушул кездеги кээ бир акындардай эптеп жан багуунун куралы катары карабай, Токтогул сыяктуу өз ырларын зор идеалдарга багыттаган, элдин келечек мүдөөсүнө кызмат кылуунун куралы катары караган. Дал ушул мааниден башталат анын ырларынын баасы жана бийиктиги... Акындын сөзү менен айтканда ал мына мындайча:

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм.

Ал:

Айт-айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.

Демек, Барпынын бул саптарынан көрүнүп тургандай, ал философиялык багыттагы терең ойчул, өз доорунун коомдук түзүлүшүнүн табийгатын туура көрө билген, таптык сезими өскөн акын экендигине күмөнсүнүүгө болбойт. Биз бул жерде Барпы акындын бүткүл чыгармачылыгынын негизги багыты тууралуу айтмакчыбыз. Эмне үчүн ал улуттук адабиятыбыздын классиги болуп калгандыгынын негизги өбөлгөлөрүнүн бири да мына ушундан... Анын ырларынын горизонту кең, ойлору масштабдуу, темасы социалдык зор маселелерге арналат.



Минтишине себеп анын табигый таланты менен бирге, өзү басып өткөн татаал турмуш жолу болуп эсептелет. Анткени Барпы кыргыз элинин революцияга чейинки коомдук турмушундагы теңсиздиктерди, зулумдуктарды, өз көзү менен көргөн, өз желкеси менен анын оор жүгүн көтөрүп өскөн адам.

Барпы Алыкул уулу 1884-жылы күзүндө азыркы Ош областынын[1] Сузак районундагы Ачы деген кыштакта туулган. Атасы Алыкул Шамурза уулу көрүнгөндүн малын багып күн көргөн томаяк болгон. Тогуз баласын багып өстүрүү ага оңой иш эмес эле. Ошон үчүн болочок акын Барпыны 8 жашында Назар деген байга малайлыкка берди. Наристе курагынан өтө элек бала байдын отунун алып, отун жагып, мал багып күн көрө баштады. Кийин ал бир байдан экинчисине өтүп, мал багып, эгин өстүрүп жүргөн шарттарында өз тагдырлаштары арасында бирин-экин ыр саптарын курап, алардын көңүлүн ача баштайт.

Көп өтпөй эл арасына чыгып ырдоо мезгилине да жетет. Алгачкы ыр саптары өз курсагы, көргөн азапкордугу тууралуу болду. Бала бара-бара ошол азаптозоктун социалдык себептерин да бүшүркөй баштайт. Ырларынын темасы акырындап өзгөрөт.

Тобурчак атка жал бүтөр,
Томаяк эрге мал бүтөр.
Тозоктуу оор күн кетер,
Теңдик күн бир күн жарк этер.

Октябрь революциясынын жеңишин Барпы ак жүрөк менен тосуп алды. Анын ырларынын темасы байып, мазмуну кеңиди. Алгачкы ырларынын бири Ленинге арналды:

Өмүрдүн жарык чырагы,
Акылдын тунук булагы.
Калк атасы Ленинди
Ырдабай Барпы турабы?

[1] Азыркы учурда Жалал-Абад областы.— Түз.

Жалал-Абадская областная библиотека

Элге жаңылыкты жар салуу менен бирге, өзү да айыл активисти болуп, совет бийлигинин чындалышына күч кошту. Керек болсо колуна курал алып, басмачыларга каршы да аттанды. Жер реформасына катышып, элге анын маанисин түшүндүрдү.

Барпынын ырларын окуп отурсаң, ал дайыма өз учурунун саясий жана коомдук турмушуна активдүү катышып жүргөндүгүн көрүү кыйын эмес. Муну биз басмачылардын бетин ачып ырдаган ырларынан да, жаңы билимге, кыздарды чыныгы эркиндигин колго алууга үндөгөн ырларынан да, дин жана эски салтсанааларды мыскылдаган ырларынан да көрөбүз.

Отузунчу жылдарда колхоз курулушун мактап жар салса, Ата Мекендик Улуу согуш мезгилинде пропагандист жана агитатор катары чыгып, аскерге жөнөп жаткан жоокерлерди вокзалдан ыр менен узатат, жеңиштерге шыктандырат.

Автомат мылтык асынып,
Жоодо ойносоң — жигиттик.
Адис мерген өңдөнүп,
Зоодо ойносоң — жигиттик.

Өмүрүнүн акыркы минуталарына чейин ал жаңы доордун кардыкпас жарчысы экендигинен жазган жок.

Барпынын чыгармачылыгындагы маанилүү учур катары улуу акын Токтогул менен учурашканын белгилебей кетүүгө болбойт. Токтогулдун саясий сезими жогору болуучу, ал Барпыга таасир этпей койгон эмес. Токтогул да Барпынын зор акын экендигин баалаган. Бул ою анын төмөнкү ыр саптарынан көрүнүп турат:

Эми жок менин арманым,
Бар экен сендей балдарым.
Аман келдиң, аман кет,
Боордошум, ардагым — дейт Токтогул.

Биз жогоруда айткандай, Барпынын ырларынын темасы көп кырдуу. Антсе да анын чыгармачылыгында сүйүү ырлары басымдуу орунду ээлери талашсыз. Ал адамдын бийик жана таза сезимин ырдаган. Бул түбөлүктүү тема абдан татаал жана зор чеберчиликти талап кылса да, Барпы зор ийгиликтерге жетишкен. Ушул теманы ырдоодогу анын көркөм чыгармачылыгы окуучуну бир жагынан таң калтырса, бир жагынан табылбас көркөмдүк моокум берет.



Анын сүйүү ырларындагы көркөмдүү куралдары: салыштыруулар, образдуу фразалар, ар кандай метафоралар, предметтүүлүгү менен да, эмоционалдуулугу менен да айырмаланып турат.

Калып калса артымда,
Аздыр-көптүр ырларым.
Канат кылып өзүнө,
Карыбас күндүн нурларын,—

деп Барпы акын тилер эле.

Эл жана партия акындын ак эмгегин эң жогору баалады. Эл ичине шамал менен кошо тарап кеткен анын ырларын бир чымчымдан топтоп, томдуктары окуучуларга тартууланды, айыл-кыштактарга, көчөлөргө анын ысмы коюлду.

Барпы адабиятыбыздын тарыхынан ардактуу орунду алуу менен бирге, союздук аренага чыгып, орус тили аркылуу көп улуттуу совет адабиятына өз салымын кошту.

Барпынын артында калган баалуу мурасы элибиздин рухий кенчине айланды. Мындан кийинки муундар үчүн ал мурас соолбос духовный байлык болуп, түбөлүккө кала берет.

***Жунай Мавлянов***

## АШЫГЛЫКТЫН АКЫНЫ

Улуу Барпы акындын ушундай керемет ыр саптарына кайра-кайра үңүлгөн сайын менин эсиме, эмнегедир, Чыгыштын ар кайсы доордо жашап өткөн, бирок нукура поэзиясы жапжаш бойдон кийинкилердин көркөм дөөлөтү катары кызмат өтөп жатышкан Омар Хайям, Хафиз, Жами сыяктуулар түшө берет. Барпы булардын бири менен да замандаш эмес экенине карабастан, демек алардын акындык мурастары менен деле (аттарын, балким, эшиткендир) бейкабар экенине карабастан, ошолордун адабий Олимпине чейин кантип көтөрүлгөнүнө таң кала берем.

Барпы — менимче, баарынан мурда, ашыглыктын

Жалал-Абадская областная библиотека

акыны. Анын бул жааттагы ырларын уккан, же окуган кичи МАХАББАТ айлын кайрадан дагы бир жолу аралап, анын СҮЙҮҮ аттуу гүлзарынан кайрадан жаңы гүл үзүп, аңкыган анын сонун жытынан кайрадан дагы бир марта ырахат алып, өмүрдүн ошол эстен кеткис кырчын курагына кайрадан кайтып баруу бактысын башынан кечирери шексиз. Мына ушундай касиети үчүн Барпыдай акындын артында калган эстетикалык мүлкүнө ачык да, тымызын да таазим этүү урпактардан-урпактарга улана берчү түгөнбөс жөрөлгөгө айланарына күмөн жок.

Тигиндей улуу лирик жана улуу философ акынды көзү тирүүсүндө бир жолу болсо да көрүп калганыма, түздөгү дайрадай жай агылган ырын өз оозунан угуп калганыма дайыма сыймыктанып жүрөм.

...1948-жылдын күзү эле. Мен ошол жылы жаңыдан ачылган Жалал-Абаддагы (областтын борборундагы) мугалимдер институтунун студенти болуп калгамын.

...Лекциялар бүтүп, институттун короосунан чыга берсек, шырыма чапан, көрпө тебетей кийген, бир колуна таяк кармап, экинчисин аялына сунган калыбында дөңүрөөк, нары жазы маңдайын күндүн кеч күздөн бир аз муздай түшкөн нуруна тоскондой ээгин көтөрө салмактуу жана сабырлуу бут коё орто бойлуу, толмочунан келген, майланышкан кара тору ирендүү Барпы аксакал өтүп баратыптыр. Мурда угуп жүргөнгө, сурашпастан тааныдык аны. Анан ал өзүнө окшоп жылуу кийинген, башына бул жактын зайыптарындай жоолугун чамбар кылып ороп байбичесинин жетегинде (катыны жетелеп жүрөт экен деп да укканбыз), нарыдагы эки чоң көчөнүн кесилишиндеги Маданият үйүнө кирип кеткиче тобубуз менен узатып карап турдук.

Кечетен бери биерге райондордон, шаарлардан областтык олимпиадага катышуучулар келе баштаганын укканбыз. Ал жыл сайын өткөрүлүп (согуш бүткөндөн бери), дайым ушу Барпы акындын ыры менен ачыларын да укканбыз. Демек, Барпы бу жолу шаарга ошол үчүн келген.

Барпы акын жанагинтип жубайы менен караан үзүп кеткенден кийин окуу корпусуна жакын эле жердеги жатаканага келип, китеп-дептерлерибизди таштап, түшкү тамакка барууга камданып жатсак биринчи кабаттагы эшиги ачык биздин бөлмөгө тыштан комуз үнү угулуп калды. Ага удаа эле: «Жунай Мавлянов деген студентти билесиңерби?» — деген добуш чыкты. Бирөө ага жооп берди: «Кире бериңиз. Оң жагыңызга кайрылсаңыз биринчи эшик сиз издеген студенттики»,— деп.



Бул мени издеген Токтосун Тыныбеков экен. Жанында жылдыздуу ак саргыл бала жүрөт. Токтосун мени менен учурашып, ал-авалды сурашкан соң тиги баланы тааныштыра кетти: «Жуке, бу бала да акын. Силерге коңшу айылдан — Ак-Суудан. Аты-жөнү — Ормонбек Асанов. Он бештен он алтыга жаңы карады. Башкача айтканда, али желедеги жабагы тай. Мени болсо билесиң — кунандан өтүп, быштыга карап калган курагым. Олимпиада дегенге мен эки-үч жылдан бери катышып келатам. Ормонбекти да болбосуна койбостон быйыл минтип ээрчитип алдым, ал алдына чыгып бети ачыла берсин деп. Кыздан бетер уялчаак»,— деги ал жөнүндө айта баштагандан ак саргыл бетин кызартып, эки ууртуна эки чуңкур пайда кыла жер карап, күлүмсүрөгөн ыймандуу баладан көзүн албай.

Ушул турушунда Ормонбек мага ого бетер жаш көрүнүп, согуштан келгенден кийин үч жыл окутуп калган мектептеги менин окуучуларымы элестетти.

Аңгыча биздин жана коңшу бөлмөлөргө гана эмес, аркы коридоргo да студенттер толуп кетишти. Колунан комуз түшүрбөй калган Токтосун жанагинтип анысын сырттан эле дыңгыратып келиши менен аларды биерге чакырганын ушундан түшүндүм. Ичкериге батпагандары терезе тушунда туруп калышыптыр калдайып.

Анан мен Токтосунду карап: «Токо, комузуң менен элдин баарын чакырып келсең керек. Көрдүңбү тигилерди. Эми ырдап бербесең, биерден чыкпайсың»,— деп тамашаладым. «Албетте, ырдап берем. Буларга ыр-күү керек экенин билем да. Ошондуктан комузумду ала келбедимби»,— деп ал керебет кырына отурганда жанына коюп койгон чертмегин кайрадан колуна алды...

Ал көпкө ырдады. Залкар күүлөрдөн чертти. Төш чөнтөгүнө кутусу менен салып алган экен темир комузун, анысын да кагып берди. Студенттер мындай бекер «концертке» ыраазы болушканын кайра-кайра шатырата кол чабышкандары менен билдиришкенсиди.

Токтосундун ырдагысы, черткиси эле келип тура-

Жалал-Абадская областная библиотека

рын мен мурунку жылы аны менен жаңы таанышканда эле байкаган болчумун. Бүгүн ошонусун дагы сездим.

Токтосун менен өткөн жылы таанышкан элем. Бозбу-Ата тоосунун аркы өңүрүндөгү Тегене деген айылдык ал Бозбунун берки өңүрүндөгү биздин айылдагы таякесиникине келет. Ошерден областтык, республикалык газеталарга ырларым чыгып жүргөндөн таанып калган (кийин өзү айтып берген бул тууралу) менин ошол жердеги мектепте иштээрими угат да, анан таанышуу үчүн мектепке жөнөйт. Ошондо да анын колунда комузу бар эле. Жаңыдан гана ырдай баштаганын, аны угуучуларды азырынча минтип өзү издеп таап жүргөнүн жашырбай айткан эле. Таанышып алгандан кийин мугалимдерге ырдап берген. Биздин үйдө да болгон эртесинде. Анткени, ал күндөрдө согуштан кайтып келип, мектепте иштеп калган Акмат Жоробеков деген жээнибиз Бүсадат Нурманбетова аттуу өзү менен бир мектепте иштеп жүргөн мугалим кызга үйлөнгөнү жаткан эле. Токтосунду ошолордун тоюна катыштырдык. Түн бою ырдап чыккан. Анын бүгүн минтип мени издеп келип отурганынын жай-жөнү ушундай.

Анын келиши менин эсиме жана эле көргөн Барпыны салды. Ошону менен бирге ага Токтосунду жолуктуруу оюу да пайда болду. Жаңыдан ырдап чыккан жаш акындардын улуу акындардан бата алуу салты бар эмеспи эзелден келаткан.

Токтосун менен Ормонбекти алар жайланышкан мейманканага узатып баратып бул оюму айтсам, Токтосун сүйүнүп кетти. Мындай нерсе өзүнүн оюнда жок экенин ушунусунан билдим.

— Анда даярданышым керек да?,— деп ал эмитен эле шашып калгансыды.

— Эмненин даярдыгы? Оозуңу ачсаң эле ырың кумдай куюлуп жатпайбы? — дедим аны кайрадан тамашага чалып.

— Өрдөк жокто, чулдук бий болуп жатпаймбы. Мен ким, Барпы деген ким! Башкаларын айтпайын, ал деген Жеңижок, айтышаарга теңи жок, деген менен Токтогулдай тоо булбулдары менен беттешип жүргөн залкар акын эмеспи — деди чындап эле эмитен сүрдөй баштаганын өзгөрө түшкөн буудай иреңинен байкатып.

— Сен аны менен беттешкенде айтышмак белең. Болгону саламдашасың. Өзүңү тааныштырасың. Анан





бата сурайсың. Шакирт кылып алыңыз дейсиң. Анан ал киши жооп айтат ыр менен. Угуп жүрбөйбүзбү — дедим бир жагынан анын көңүлүн көтөргүм келсе, экинчи жагынан андан улуураак, демек, бул жагынан да көбүрөөктү түшүнөрүмү билдиргендей. Чындыгында андайдын жол-жобосун өзүм деле билбеймин. Уккандарыма, окугандарыма таянып гана айтып жатпаймбы. Барпы акындын өзүн да биринчи көрүп жатпаймбы. Токтосун да аны мурда көрбөгөн экен. Даңазалуу акын экенин экөөбүз тең билет турбайбызбы. А бирок, ошондой акын биздин тигиндей оюбузду жокко чыгарып, өтүнүчүбүздү кабыл албай койсочу? Чын да, мен ким, Токтосун ким ал үчүн? Ошентсе да тобокелге салмай болдук. Аны менен жолугушууга бел байладык акыры. Эртеси олимпиада башталмак. Эрте менен эрте келип, Маданият үйүнүн жанынан а кишини күтмөй болдук үчөөбүз.

Ал күнү кечээ болжошкондой убакытта келсек, Маданият үйүнүн эшиги ачылып калган экен. Ичинде үч-төрт киши жүрүптүр. Учурашкандан кийин сураштыра келсек, алар олимпиаданы уюштуруучулардан — областтык маданият бөлүмүнүн кызматкерлеринен болуп чыкты. Ошондуктан, аларга кечетен берки аздектеген оюбузду айттык жардам беришер деген үмүт менен. «Эгер силердин тилек ишке ашып, ал адам бирар саат эрте келип калса, мейли, көмөктөшөлү. Сахнанын бир капталында жай бар кичинекей, анын көчө жагы дубал менен тосулган. Бери жагынан эшикти жаап коюп ырдаша бересиңер. Уккандар мелдештин алдында өз ара машыгып жатышса керек деп коюшар. Ошентип, олимпиада башталгыча жакшылап таанышып алсаңар болот» — дешти кудай жалгап.

Андан ары кудай өзү да жардамга келди беле, көп өтпөй Барпы акын кечегисиндей эле байбичесинин жетегинде кирип келип калды. Жанагы жигиттердин бири аны каруудан акырын алды да биринчи катарга алып барып отургузду. Эшиктен бери аны акмалап артынан келген биз да аерге жетип бардык.

Барпынын жанына отура калып, ага бир нерсе деп жаткан алиги жигит бизге карап: «Тиги сахнага чыга бергиле. Бул адамды өзүм алып барам» — деди.

Сахнанын артына келгенден кийин тиги Токтосун менен Ормонбекти ээрчитип кетип, сахнанын экинчи жагынан беш-алты орундук көтөрүп келишти да

Жалал-Абадская областная библиотека

алардын бирине тиги кишини отургузгандан кийин: «Барпы ата, дагы бир саатча убакыт бар башталышка — деди саатын тына карап алган соң. — Өзүм келип алып кетем жакындашканда. Азырынча үшерде отура туруңуз муногу балдарыңыз менен. Булар алыскы Жаңы-Жол, илгерки Аксы деген жерден келишиптир. Акындар экен. Сиз менен олимпиада башталгыча таанышып алсак дешип, жалдырашканынан биз жок дей албадык. Кечиресиз, сиздин сыртыңыздан биз макулдугубузду берип койдук эле. Быягын өздөрү айтышаар»,— деп анан аны эмне дээр экен деген кыязда тиктеп туруп калды.

Барпы аксакал жана орундукка отургандан кийин башындагы тебетейин алып тизесине кийгизип, допучан калган эле, ошонусун азыр кармалай берип: «Майли, майли, козум. Силер каерге отур десеңер ошерге отуруп, ниме кыл десеңер ошону кыла турган букараңарбыз биз»,— деп койду азилдешкендей түр менен ал отургучун кычырата бир аз кыймылдай берип. Анан тиги жигит: «Баштай берсеңер болот»;— дегендей бизге карап көзүн кысты да, менин кулагыма: «Жыйырма мүнөттөн ашпасын. Чарчап калат бу киши. Табы жакшы болбой жүрөт анчадан бери»,— деп коюп, чыгып кетти.

Ал чыгып кеткенден кийин мен Барпы аксакалдын жанына жылып отуруп, кайрадан анын барбайган эткел манжалуу колдорун кошо кармап, а дегенде өзүмү таанышгырып, анан Токтосунга жол бердим (Ормонбек тууралу анын өзүнүн өтүнүчү боюнча а кишиге айтпай эле коюну чечкенбиз). Токтосун да кош колдоп ал адамдардын колдорунан дагы бир жолу кармай берип аты-жөнүн кайталап айтып учурашты да, анан эле орундугун анын маңдай жагына жылдыра берип, комузун колго ала ырдап коё берди. Алдастап шашып жатканы ушунусунан да билинип турду. Токтосун өзүнүн жетим болуп чоңойгонун, согуш маалында ФЗО дегенден окуганын, анан казак жериндеги Караганды шахтасында көмүр казганын, урушган кийин айлына келип азыраак бала да окутканын, бир-эки жылдан бери жаңы баскан баладай бирде жыгылып, бирде тура калып ырдамыш болуп жүргөнүн, Тегене деген тараптан экенин, башкача айтканда, атактуу, комузчу Ниязалы, ак таңдай акындар Женижок, Нурмолдолор туулуп-өскөн жактан экенин айтып келип, өзүндөй улуу акындарды ээрчип жүрүп үлгү алсам дегенде эки көзү



төрт болуп жүргөндө, кудай асмандан тилегенин бүгүн жерден берип, ошого төбөсү көккө жете сүйүнүп отурганын билдирип, токтоду.

Токтосун эки-үч марта мүдүрүлүп алды ырынын аягына жеткиче. Анын үнү чыккандан тартып, аса таягынын чокмор башына эки алаканын жупташтыра коюп алып анын үстүнө ээгин такай ойлуу отуруп калган чоң акындын сүрү аны ошентип мүдүрүлтүп жатканын сезүү кыйын эмес эле.

«Беймаал, анын үстүнө шарты жок жерден эле бу кишини учурашууга мажбурлап биз адепсиздик кылып жатабыз го»,— деп мен ичимен беймаза тартып отурганмын, анын моло таштай зыңгыраган турпатынан мунубузга эч кандай колдоо таппастан. Жок, жаңылыптырмын. Мен чочулагандай ал биздин бул адепсиздикти эске алып, жемелеп ырдаган жок. Токтосун басылары менен уйкудан ойгонгон куштай тиги таягынан жеңил баш көтөрдү да аяк-быягын карана акырын-акырын жөтөлүп койду. Майланышкан жүзүнөн бирок, азыр эле уккан ырына наараздыктын белгиси көрүнгөн жок. Анан бир-эки марта тамагын жасап алып, ал куран окууга камынган молдодой колдорун эки санына коомай таштап коюп, бир аз алга умтулгансыган калыбында биз буга чейин көргөн-уккан акындардын (артисттердин) эч кимисиникине окшобогон аваз-ыргак менен жай ырдай баштады. Жана Токтосун атаган биз жактан чыккан чоң акындарды кайрадан атап, аларга кошуп түндүктүн, түштүктүн биз мурда укпаган-билбеген далай акындарын саноо менен, акындык улуу салт жаатынан алиге чейин терин кайра-кайра аарчына (мезгил күз экенине карабастан Токтосун тердеп кеткен эле, анын сүрдөгөнү ушунусунан да билинип жатты) маңдайындагы жаш акынга алгачкы сабакты берип жаткандай болду. Акын жолу канчалык татаал, канчалык улуу жол экенин, канчалык жоопту экенин эскерткенсиди. «Энесин көргөндө желесин үзгүдөй жулунган жабагы тайдай болбостон, сабырдуураак болуп, адеп күтүп, анан кыскараак ырдап, бирок мааниүү-маңыздуу ырдап жүр» — дегендей Токтосунду бир аз чымчып да койгонсуду.

Аз эле убакытка созулган ушул жолугушуу андан аркы акындык тагдырына канчалык чоң таасир эткенин, ошол күндөн тартып аны бардык учурда улуу акындын ак батасы коштоп жүргөнүн, анын алгачкы

Жалал-Абадская областная библиотека

чыгарган овону да ошол Барпынын «Мөлмөлүм» деген ыры болгонун Токтосун Тыныбеков өз эскермесинде баса белгилегени окурмандарга маалым.

Ал эми кийинки жылы, так ошол маалда (1949-жылдын ноябрында) улуу Барпы акын катуу оорудан Бишкекте каза тапканын укканда тигиндей жолугушууга кубанып да, анан мындан ары анын кайталанбасын эстеп, терең кайгырып да кала бергенмин.

***Гүлжамал Бакинова***

## БАРПЫНЫ БИРИНЧИ КИМ АЛЫП ЧЫККАН?

Суроо: — **Ушул институттагылардын ичинде Сиз биринчи болуп Барпыны өз көзүңүз менен көрүп, өз оозунан ырын да, сөзүн да уккан экенсиз. Ошол кайсы жылдар эле жана кандай шарттарда жолуккансыз? Ушулар тууралуу майдалап айтып бересиңиз.**

**Жооп:** — Улуу Ата Мекендик согуш мезгили... Фрунзедеги 4 жылдык кыргыз мамлекеттик пединституттун имаратын Москва, Ленинграддан эвакуацияланып келгендерге бошотуп берүү үчүн биздин пединститут Пржевал шаарына көчүп барат. Менин ал жылдары Пржевал шаарындагы Киров орто мектебинде мугалим болуп иштеп жаткан кезим. Мурун эки жылдык пединститутту бүткөндүктөн, мен 4 жылдык пединституттун III курсуна кирип окуп калам.

Немистерди кууп, Москва, Ленинград жактарда иш оңоло баштаганда эвакуациялангандар кайра кайта башташат. Биздин пединститут да 1944-окуу жылында Фрунзеге көчүп келет. Ошол жылдары эвакуацияланып Москвадан келген илимдин кандидаты, доцент **Медина Искендеровна Богданова** жана Ленинграддан келген **Берковдор** бизге лекция окуп калышат. Согуш мезгилинде кагаз жоктуктан биз — студенттер лекцияны китептин жолдорунун арасына жазчубуз. Институтта Сталиндик стипендия алып жүрүп, 1944-жылы кызыл диплом менен бүткөм. Ошол үчүн го, мени ушул пединституттун Кыргыз тил кафедрасына ассистентка кылып калтырышты. Анан аспирантурага өтүп алып, мугалимдик иш менен аспиранттык нагрузканы катары менен аткарып келдим.



М. И. Богданова менен тааныштыгым ошол студентка убагыман эле башталган. Согуш токтолору менен М. И. Богданова Москвага кайра көчүп кеткен. 1946-жылы Москвадагы Ломоносов атындагы университетте доцент болуп иштеп жаткан М. И. Богданова бир нече студенткасы менен жайкы каникул убагында Фрунзеге келет. Студенттерин ИЯЛинин фондусунун картотекасын толтурууга жардам берүүгө иштетет. Анда мен да иштеп, картотекаларды толтурганбыз (ага сүрөт күбө).

Ошол 1946-жылы профессор окумуштуулар К. К. Юдахин, И. А. Батманов жана М. И. Богдановалардын демилгеси менен согуш маалында токтоп калган экспедициялык илимий изилдөөлөр көп коллектив тарабынан жүргүзүлүүсү колго алынат. Натыйжада чоң тажрыйбалуу илимпоз адабиятчы М. И. Богдановanын жетектөөсү аркылуу фольклор-но-диалектологиялык экспедиция Кыргызстандын Жалал-Абад областына жөнөйт. Фрунзеден пединституттан мени кошуп алат. КирФАНдагы Тил, адабият жана тарых институтунун аспиранттары А. Тайгүрөнов, Ы. Жакыпов, М. Мураталиевдер Ысык-Көл, Талас өрөөнүнө барышат.

Экспедициядан кайтып келгенде экспедициянын жетекчилери КирФАНдын чоң чогулушунда отчёт беришет, газетага макала жазышат. Мисалы, Богдановanын макаласы: «Кыргыз тилинин диалектилеринен материал жыйноо жана үйрөнүү керек» («Собирать и изучать диалекты киргизского языка»); Кызыл Кыргызстан, 1946, 23-ноябрь, № 94; «Диалекты киргизского языка» (Комсомолец Киргизии, 1946, 29 ноября, № 52); М. Мураталиев: Илимий экспедиция, «Кызыл Кыргызстан» газетасы, 1946, 4-октябрь, № 192.

Мен Барпыны ошол экспедицияда жүргөндө Жалал-Абаддан көргөмүн.

Суроо: — **Ошол биринчи көргөн учуруңузда Барпы Сизге кандай таасир этти? Кандай ырдайт экен жана талантын сиз өзүңүзчө кандай баалайдыңыз? Кайсы жактары сизге көбүрөөк жакты жана эмнеси жакпай калды?**

**Жооп:** — М. И. Богданова акын Барпы Алыкулов жөнүндө кабарды мурун эле (1946-жылга чейин эле) билет экен. 1946-жылдын он биринчи август күнү (II/VIII—46) биздин экспедициянын мүчөлөрү жөө-жалаңдап Арсланбаптан Ачыга келип, андан грузо-

Жалал-Абадская областная библиотека

вой машина менен Базар-Коргонго келдик. Ал күнү М. И. Богданованын элден алган кабары менен Базар-Коргондо кечинде бир ээнирээк көчөдө элге концерт берип жаткан жеринен Үчтеректик (чоңко элинен) **Арзымат уулу Бекназар куудулга** жолуктук.

Бул куудулдун кабарын да эжебиз мурунтан билет экен. Аны Ачыдан таппай, Базар-Коргонго кеткен кабарын жергиликтүү адамдардан угуп, Базар-Коргонго келип коно токтогону да ошол куудул менен жолугушуу үчүн экен. **Бекназар куудул** эл айткандай эле укмуштуу асемдерди жасап, элди боору катканча күлдүрүп, жарпын жазып, таң калдырганын ошондо биз өз көзүбүз менен биринчи жолу көрүп, таң калганбыз. Себеби ал бардык малдын (уйторпок болуп мөөрөп, жылкы болуп кишенеп, кой, эчки, улак болуп мекиренип маарап), ит, күчүк болуп үрүп, карышкыр болуп улуп, чымчык болуп чыйпылдап, бака болуп чардап туурайт экен. Андан тышкары башындагы топусун ойноктотуп чекесинен желкесине, желкесинен чекесине чейин кыймылдатып келип (жерге түшүрбөй) ойнотконун өз көзүбүз менен көрүп, таң калып кайтканбыз. Ошол Бекназар куудул жөнүндө менин жазгандарым жана М. И. Богданованын жазган кабарлары фондуда болушу мүмкүн. Себеби — экспедициянын бардык материалы ошол жылдары эле фондуга тапшырылган болучу.

Менин колумда М. И. Богданованын өз колу менее жазылган № 1-дептери бар. Анда 11/VII—46 г. г. Джалал-Абад. Встреча с Барпы акыном деген жазуу турат. Барпы акындын өмүр баяны 39—45-бетте: Барпы 1884-ж. **Ачы айлында,** Большевик к/з, Таштак с/с, Сузак районунда Жалал-Абад областында туулган. Ал жашында 21 жыл байларда жалдамчы болуп пада багып, кара жумуш кылган. Кийин чоңойгондо көзү көрүп турган кезинде колхоздордо актив болуп «союз кошчу» уюмунда жана жер-суу бөлүштүрүү реформа учурунда кедейлерге жардам берүү комитетинде мүчө болуп иштеп келген. Сабатсыз, 23 баласы кайтыш болгон. Ошого ыйлап жүрүп, 1946-жылдан 2—3 жыл илгерирээк эле эки көзү көрбөй калган. Ошол жылдары өзү менен 18 жаштагы Бурулкан аттуу 7-классты бүткөн кызы бар экен. Кызы атасынын ырларын жазып жүрүптүр жана өзү да сочинить этkенге жөндөмү бар экендиги М. И. Богданованын дептеринин 40-б. жазылган. Ал кызы атасын жетелеп Жалал-Абад шаарындагы базар ичин-



деги чайканага алып келип отурган жеринен **46-жылдын 11-август күнү** биз аны таптык.

Барпынын өз атасы Алыкул Шамырзаев өз элинде белгилүү ырчы болуптур. Ал 1904-ж. өлгөн. Көп ырды Барпы өз атасы Алыкулдан үйрөнгөн.

М. И. Богданованын дептеринде мындай деген эскерүүсү бар:

«Барпы акын отрицает, что он учился у кого-нибудь, но в разговоре своими учителями называет знаменитого **Бекназара** ырчы и **Нишана** ырчы. Барпы рассказывает о Бекназаре ырчы. Бекназар ырчы жил в нынешнем Узбекистане в Ворошиловском районе в селе Кош-Тобе из рода кипчак. Барпы помнит его приблизительно с 1901—1902 года. По словам Барпы это был главой всех акынов южной Киргизии. У него было много учеников, среди которых Барпы был самый младший.

Бекназара убили басмачи в 1920 году (приблизительно).

Барпы утверждает, что уже в юношеские годы он оказывался сильнее своего учителя».

Барпы акын М. И. Богдановага өзү билген жана ырдашып, кезигип жүргөн түштүктөгү 9 ырчы акындардын атын атаган. Алар:

1. Бекназар — уруусу кыпчак, Өзбекстандын Ворошилов районү, Кош-Төбө кыштагында.
2. Ботобай — Ноокат районунан.
3. Ташмат — уругу төөлөс, Жаңы-Ноокат районунан.
4. Алим Токтор уулу — уругу кесек, Сүлүктүдө.
5. Орозаали — тээке — Ош районунан.
6. Көр Чокобай — сарык.
7. Нишан — уругу кыпчак, Чөкөдөбөдө, «кэттэ акын, Барпы акындын устазы».
8. Арзыбай — уругу бөрү, Оштун үстү жагында.
9. Казыбай — Арык үстүндө.

М. И. Богданованын дептеринде Барпынын **бала кезинде эле Токтогулга** Сибирден, куугунтуктан келген кезинде кезиккени жазылган.

Токтогул:

Табылбаган күлүктөн
Таанытамын элиме.
Ырчы болуп атандым
Кетментөбө жериме.
Колумдагы комузум

Жалал-Абадская областная библиотека

Копшоп чапкан арчадан
Токомдун сөзү дары деп
Муну үчүн сүйөт канча адам.
Комузумду сүйлөткөн
Ичегинин кылыдан.
Уккула бала кубанып
Аваңардын ырыдан.

Эшиктен келди бир бала
Күлүктөрдүн сынындан
Муңданам балдар уккула
Айттырып сөздин ырыдан.
Сынасам арман бөлүнөт,
Илэби жука көрүнөт,
Айтсын бир сөзүн билелик.
Эр жерде мактап жүрэлик.
Эшмамбет айткан балабы,
Жашынып менден калабы.
Буган нөвват бермесем
Көвнигэ катты калабы?

Барпы:

Эсенби агай эсенби
Эсен жүрсүн десемби?
Көпчүлүктүн ичиндэ
Сунуп бердим колумду.
Угамын деп турамын
Ава сенден сонунду.
Уста болсоң тоспойсуң,
Менин жүрчү жолумду.
Бизгэ белгэ тавэррик
Көрүп турам колуңду.
Сүрөшүңдү өзиң бил
Астыңа келген иниңди.
Уккум келди Токтогул
Булбул сыяк тилиңди
Мэнрбансың жардыгa
Бу жериңнен билинди.
Авасын көрип Барпы акын
Көңүлү тынып сүйүндү.
Бүгүн чечкин Токтогул
Жүрөктөги түйүндү.

Токтогул:

Чечсем үкэ чечейин,
Кайнаган ырдын гэнини.



Эсиң болсо тавасын
Мен көрсөткөн мээнини.
Токо абаң билбейт дейсиңби
Келген мийман жэйнини?

Барпы:

Он алты чылык бир чылык
Ойлап айтсак ырчылык
Ыр түйүнүн билбесең
Үйүңдэ кылгын кулчулук.
Ырдап элге атанбай
Тынч жүргэнүң шул түзүк.
Токаба кетти деп уктум,
Гүнөсүз Шыбыр айдалып.
Жазыгың жок Токтогул
Жалдырайсың байланып,
Балдарыңдын бактына
Келипсин кайта айланып.

**Суроо: — Барпы адам катары Сизге кандай таасир калтырды, мүнөзү, кишилерге жасаган мамилеси кандай экен? Өзүнүн бой-келбет сүлпөтү кандай эле? Кабак кашы, сүйлөгөнү, күлгөнү, ачууланган учурларын көрдүңүзбү?**

**Ошол учурда Түмөнбай Байзаковду көрдүңүз беле? Жалал-Абад педучилищесинин студенти экен. Медина Искендеровнага, силерге Барпы боюнча айткан сунуштары болду беле? Же тескерисинче, Медина Богданова ага тапшырмалар берди беле? Ушул тууралуу албай-кошпой туурасын айтып берсеңиз.**

**Барпыны Фрунзеге чакыртып, Академия анын ырларын жаздырган маалда Сиз кайда элеңиз? Ал ишке кимдер катышканы эсиңизде барбы? Сиз өзүңүз да жазыштыңыз беле?**

**Жооп:** — Барпы акындын мага калтырган элеси мындай: Барпы чарчы (орто) бойлуу, денеси чың, чыйрак, чымыр, дене териси ак да эмес, сары да эмес, кызыл жүздүү да эмес, кара торуга жакын — каралжын (смуглый) — күнгө какталып бышыккан сыяктуу чың, чымыр көрүнгөн.

Бети тоголок да эмес, былчыгый семиз да эмес, өтө чап жаак сүйрү да эмес, бет териси майланышып тасыракай, үтүктөп койгондой бир жеринде да бырышы жок смуглый, сакал-мурутy жок, жаагы бир аз субагай, мурду кырдач, кабагы жайык, ачык, көзү сүйрүрөөк, тасыракай чың сулуу киши көрүнгөн.

Жалал-Абадская областная библиотека

Мамилеси өтө сылык, сыпайы, жөнөкөй жайдары эл адамы экени сезилген. Үстүндө түштүктөгү элеттик карапайым эркектер кийген колго тепчилип шырылган эки капшытынын этегинде ачыгы бар жакасыз өзбекче тигилген эскирген кара чапан (түштүкчө «тон»), буту жыланайлак, көлөш (маасысы жок) кийген, шымы да ошол учурдагы элеттик карыялар кийчү ак кездемеден колго кенен тигилген ыштан, башында чачы жок, кыргызча төбө чыгарып кара кездемеден шырылып тигилген эски топу (калпак же тебетей эмес).

М. И. Богданова да жарды болсо керек, ошол 1946-жылы Москвадан келсе да үн жаза турган аппарат магнитофон алып келбептир. Барпы акын ырды жамгырдай эле жаадырып айдатып төгүп жиберет экен. Экөөбүз жазып жетише албай жаттык. Токтотууга, кайталап коюңуз деп суроого да мүмкүн болбой жатты. Эптеп азыраак үзүндү-үлгү катары экөөбүз үлгүргөнүбүзчө жазып калдык. Ал киши кеч кирип баратат, кетүүгө шашты (жөө да). Түнөтүп калалык десек, шарт жок, өзүбүз араң педучилищанын жатаканасынан бир комнатты алганбыз, төшөнчүбүз — өзүбүз көтөрүп жүргөн рюкзак, ичкенибиз — чай. Жалал-Абад базарынан сатып келген лепешка, жүзүм.

Ошол училищанын жатаканасынан бизге келип таанышкан Түмөнбай Байзаков болгон. Ал жигит Ташлактык экен. Барпы акындын айылдашы болуп чыкты. Бизге чай кайнатып келип, идиш таап берип таанышып калды. Көрсө ошол училищада окуйт экен. Медина Искендеровна ага Барпынын ырынын баарын калтырбай кагазга түшүрүп жазып жүрүүсүн, ал жазгандарды ИЯЛИге жиберүүсүн, келечекте Барпынын ырларынын жыйнагын басмадан чыгарууну тапшырып, бул ырчы өтө зор, табылбаган кайталангыс акын экендигин түшүндүрдү. Кызынын жазгандарын да чогулт, жоголбосун деп суранды. Акындын кызына да дайым жазып жүрүүнү тапшырды.

Мен Фрунзеге келгенден кийин Түмөнбай Байзаковду эч жолуктурбадым. Кийин Барпынын ырлар жыйнагы чыкканда карасам, Т. Байзаков Барпыдан өзү гана жыйнаган болуп, ал эми биринчи жолу ага түшүнүк берип, Барпынын төкмө ырын жыйноонун маанисин туюнткан окумуштуу илимпоз, адабият ишмери Медина Искендеровна жөнүндө бир ооз сөз жок. Мен бул адилетсиздикке ичим күйүп, Жаки



Таштемировго айттым. Ал болсо таң калды. Көрсө М. Искендеровнанын Барпы акын жөнүндө биринчилерден болуп илимге из калтырганын билбейт экен. Менин мококтугумдан, «буга эмне жок» деп, адабиятчылардын ичинде шылдың болбоюн деген өтүмүмдүн жогунан адабият коомуна атайын макала жазбай, жалтаң тартынчаагымдан чыгып сүйлөй да албай калдым. Бир жолу гана Барпынын юбилейи Академияда өтүп жатканын кокустан угуп калып, кирсем, Түмөнбай Байзаков доклад жасап жаткан экен, суроо берип туруп сүйлөйүн десем, башкаруучу мага сөз бербей койду.

**Суроо: — М. Богданова ошондо Барпынын ырларын жаздырып калуу жөнүндө маселе көтөргөндө ага каршы чыккандар да болгонбу? Деги илимий чөйрөдө кандай реакция жүргөн? Кимдер, кайсы мааниде сүйлөгөнүн уктуңуз беле?**

**Жооп:** — 1946-жылкы диалектологиялык, фольклордук экспедициянын иши, жыйнаган бай материалына жана Барпы Алыкулов жөнүндө КирФАНдын чоң чогулушунда М. И. Богданова илимий доклад жасап, отчет берген. Ошондо анын ишин, табылгасын К. К. Юдахин, И. А. Батмановдор мактап сүйлөшсө, адабиятчы Тазабек Саманчин Богданованын илимий тыянактарын, материалын жаратпай, каршы сүйлөгөнү күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ал жыйналыштын материалы эгер жазылып калган болсо, фондудан таап, ишенсе да болот.

**Суроо:— Барпыны Фрунзеге чакыртып, Академия анын ырларын жаздырган маалда сиз кайда элеңиз? Ал ишке кимдер катышканы эсиңизде барбы? Сиз өзүңүз да жазыштыңыз беле?**

**Жооп:** — Барпыны Фрунзеге чакыртып келип, Академияда анын ырларын жаздырганын мен билбей калдым, себеби мага адабиятчылар айтышкан эмес. Мен, балким, бир жылдын жайында өткөрүлчү экспедицияда жүрүп, билбей калгандырмын.

**Суроо: — Сиз тилчи катары Барпынын тил байлыгы жөнүндө эмне айтасыз?**

**Жооп:** — Мен Барпыны биринчи жолу өз көзүм менен көрүп, өз кулагым менен угуп, анын токтоосуз куюлта ырдаган ырын 1946-жылы кыргыздардан биринчилерден болуп жазганмын. Ал дептерим ИЯЛдын фондусунда. Акындын тили ошол 1946-жылдагы Сузак районундагы ичкиликке кирчү кыпчак уруусунун сүйлөөсүнүн жергиликтүү нормасын сактайт.

Жалал-Абадская областная библиотека

Бул мени өтө кызыктырган. Менин «Кыргыз тилинин Октябрь районунун говору» аттуу диссертациялык монографиямда Барпы акындын өз оозунан жазылып алынган тилдик материал кирбегени менен, ошол райондогу кыргыздардын оозеки сүйлөөсүнөн жазылып алынган тил фактысы аны чагылдырат. Ал эми 1946-жылы Барпы акындын өз оозунан өзүм жазып алган факты материалды ушул кезге чейин талдап жаза элекмин. Мен «Барпынын тилиндеги диалектизмдер» деген темада сектордо иштеген кенже илимий кызматкер Кеңешбек Бекназаровго диссертациялык иш катары берген элем. Ал аны иштебей койду. Ошон үчүн Барпы Алыкуловдун ырларындагы диалектизмдер К. Бекназаровдун «Кыргыз жазуучу, акындарынын чыгармаларындагы диалектизмдер» деген темадагы монографиясында жалпы көрсөтүлүп тим болунду. Эгер өзүмдүн колум тийсе, ошол өзүм жазган 1946-жылкы факты менен Барпы Алыкуловдун басмадан чыккан жыйнактарындагы фактылар менен салыштырып, өз оюмду басмада айтмакчымын.

1946-жылы биз укканда **Парпи** эле, китебинде түндүк диалектинин нормасына келтирилип, жумшак «б» тыбышы аркылуу берилип, «Барпы» болуп калыптыр.

***Гүлсүн Турусбекова***

## «ӨЗ КЫЗЫНДАЙ БОЛУП КАЛГАМ»

**— Барпыны КирФАНга чакырып келишип, ырларын жазышканын Сиз абдан жакшы билет экенсиз. Ал өзү бир ырында «Мени жеңил машинага отургузуп, Гүлсүндүн үйүнө алып барышты»,— деп ыраазылык сезим менен айтыптыр! Көрсө, ал жыйган казнасын кагаз бетине түшүртүп бүткөнчө Сиздин үйдө жүргөн турбайбы. Ошол кайсы жыл, кайсы айлар эле? Аны ким коштоп келген? Сиз өзүңүз кайсы кызматта иштечи элеңиз? Адегенде ушулар жөнүндө кыскача айтып берсеңиз.**

— 1947-жылы, күз айлары эле. Барпы адеп келгенде мейманканада эки-үч күн жашаптыр. Ырларын жаза баштапыптыр. Бирок үй болбогон соң кыйын да. Өзү көзүнөн майып болсо. Жүдөп кетиптир. **Ташым, Зыяштар** өздөрүнчө сүйлөшүп алышса керек. Барпы аваны биздин үйгө жайгаштырууга



менден уруксат сурашты. Азыркы «Пишпек» мейманканасы турган жерде жашоочубуз. Сунушту кабыл алдым. Башкалардыкына караганда биздин үй бир аз жайлуураак эле. Ошол жагы эсепке алынган го. Бир бөлмөнү бошотуп бердим. Жандаганы Асанбай деген жигит эле. Баарыбыз туз даамдаш болуп калдык. Чай-чамектен КиргФАН каралашып турду.

Барпы авам: — Менин кызым болосуң, кызым деп айтып жүрөйүн — дечү эле. Жакшы мамиле жасоочу. Эки айга жакын жашады. Ырларын жазышты. Ошол Асанбай секретары жетелеп жүрчү. Байзаков жана дагы бирөө жазышчу. Кээде үйгө келип да экиүч сааттан иштеп кетишчү. Көбүнчө Байзаков келип жазчу. Азыр ойлосом магнитофон жок, кол менен жазуу да кыйын болгон экен да. Шарт ошондой эмес беле.

**— Барпы ырчы тууралуу мурда кабарыңыз бар беле? Ал кандай ырдайт экен? Институтта же үйдө жаздырып жаткандан башка учурларда өзүнчө отуруп ырдаганын көрдүңүзбү, эмне жөнүндө көп ырдачу?**

— Чынын айтканда, мен мурда Барпыны жакшы билбейт элем. Ырларына да маани бербептирмин. Таза ырдайт экен, төгө берет экен. Айткандарынын баары туура. Ушул кишилер кат билип, өздөрү жазып калса кандай укмуш болор эле деп койчумун. Бакылдап эле кечке ырдай бербеген киши экен. Көп сурагандан уялчуумун. Анын үстүнө Жусуптан али ачык дайын жок чөгүңкүрөөк жүргөм. Үйдө ырдатууга шарт болбоду. Үч бала бар, иштеп келем. Кезкез үнүн жапызыраак чыгарып ырдап койчу.

Мен кол жазмалар фондусун тейлөчүмүн. Барпыдан жазылгандарды ошол замат кабыл алып, эсеп-кысабын шыр чыгарып берчүмүн. Ага шыр эле тыйын чыгарылчу. КирФАН ошол замат акчасын берип турчу. Ал ыраазы болуп эле кетчү.

**— Барпы Сизге адам катары кандай таасир калтырган? Бой-келбет, мүнөзү кандай эле, башкаларга жасаган мамилеси кандай эле, орой беле, сылык беле, жөнөкөй беле, мактанчаак беле, эмнелер жөнүндө сүйлөгөндү жакшы көрчү?**

— Барпы ава алкынып-жулкунбаган, мүнөзү токтоо, ойлуу жүргөн киши эле. Адамга жакшы мамиле жасачу, сыпаа сүйлөчү, сиз деп сүйлөчү. Мен иштен кайтканда,— кызым келдиңби,— деп койчу. — Келдим,— деп койчу элем. Жакшы сөздөрүн көп айткан.

Жалал-Абадская областная библиотека

Насаат сөздөр айткан, өзүнүн ырларынан мисал келтирип айтчу. Көзү жөнүндө сурасам, кыйла болду деген. Балдары жөнүндө сурай алган эмесмин, бакылдабай назик сүйлөгөн улуу адамдан ыйбаа кылып тартынчумун.

**— КирФАН Барпыга дагы кандай мамиле жасаган, кандай камкордук көрсөтүп, кандай жардам бергенин ачык айта аласызбы? Келгенде кантип келди эле? Ырларын жаздырып бүткөндө ыраазы болуп кайттыбы, же наразы болуп кайттыбы? Байкаган жайыңыз барбы?**

— Менимче, жакшы үмүт менен келген Барпы авам көңүлү көтөрүңкү кетти. Анын ырларын жаздырууда КирФАН жакшы эле шарт түзүп берди. Мен билген кызматкерлер жакшы мамиле жасашты. **Ташым, Зияштар** «Манас» секторунда, **К. Карасаев** Тил секторунда, **Т. Саманчин** Адабият секторунда иштөөчү. **М. И. Богданова** көп эмгек сиңирген. Сырттагы ырчылардын көбүн алып келип жаздырган ошол болгон. **С. Абрамзон** бар эле, дайыма көрчүмүн. **Ж. Шүкүров** сылык, жумшак, түшүнүктүү киши эле. Туура мамиле жасоочу.

Ушулар менен эле бир катар Нуров, Балтин, Самагановдор иштеп жүрүшчү. К. Мифтаков да КирФАНда эмгектенген.

Бир гана ойду тактай албайм. Убагында Барпы авамдын өзүнөн сурабай калыпмын. Түгөнбөй эле төгө берчү чалкыган ушул ырчыны толук жазыштыбы, жокпу, билбейм. Асанбай секретары келгенден аягына чейин бир болгон. Барпыны негизинен ушул Асанбай менен Байзаков жазышкан.

**— Барпы алыскы Созоктон болсо да, топурак ушул жерден буюрган экен. Ал «Ала-Арча» көрүстөнүнө коюлган турбайбы. Ошол жөнүндө айтып берсеңиз. Жайдын башына КирФАНдан кимдер барганын эстей аласызбы? Сиз да катышкансызбы? Жалал-Абаддан кимдер келишкен?**

— Ал убакта жакшы-жаман иштерде эл тикесинен тик турчу. Адамдар ыймандуу болчу. Өлүктө ынтымак-ырашкер шыр эле көрүнө калат эмеспи. Барпы кайтыш болгондо Жапар Шүкүров өзү баш болуп Филиалдын кызматкерлери баарыбыз мүрзөсүнө барып, топурак салганбыз, негизги жүктү КирФАН кошо көтөрүшкөн.

Барпынын сөөгү коюлгандан кийин үч киши Жалал-Абаддан келишти. Сен Барпынын кызы болуп калдың, буларды сенин үйүңө киргизели дешти. Мен: Жусуптан кабар келе элек, үйдөн ыйлаган үн чыкпасын, адегенде жай башына алып баргыла. Ошол жерде бугун чыгартып жеңилдетип алып анан келгиле дедим. Ошондой болду.

Аялынын аты **Жумагүл** экен. Баары бир кошуп ыйлады. Мен ага өзүмдүн шартымды түшүндүрдүм. Барпы авам мени кызым деп жүрөм дечү. Өзүңөрдүн кызыңардай көргүлө дедим. Алар кайра Жалал-Абадка кайткыча биздикинде турушту.

**— Барпы менен түшкөн бир сүрөттө Аалы Токомбаев, Кайсын Кулиевдер баш болуп баарыңар жүрөсүңөр, Сиз да барсыз. Эмгегиңиз болбосо аралашпайт элеңиз да. Барпынын улуу дүйнөсүн алып калууда сиздин да айтылбай жүргөн ак кызматыңыз бар турбайбы.**

— Жазуучулар Союзу биз менен бир имаратта турчу. Башкармасы Аалы Токомбаев эле. Ырлары жазылып алынгандан кийин Барпыны СССР Жазуучулар Союзуна мүчөлүккө өткөрүшкөн. Ошол жакшы иштердин эстелиги болсун деп чогуу сүрөткө түшүрүшкөн. Андагылардын баарынын көзү өтүп кетти. Сүрөт болсо чындыкты айтып жашап калатыптыр.

Ушинтип Барпы авам менен туз даамдаш болуп, өз үйүмдө тургузгам. Төгүлүп турган түгөнбөс ырлары менен жакшы насаатын уккам. Өз колуман чай берип, ак батасын алгамын. Жакшылык-жамандыгын тең бөлүшкөн өз кызындай болуп калгам. Улуу кишиге көрсөткөн ушунчалык жупуну эмгегибизди эске алып, мага кайрылып жатканыңа чоң рахмат, Кадыркул иним! Силердин жазганыңарды дайыма окуп жүрөм.

**— Сизге ракмат. Атайылап убактыңызды бөлүп, биздин өтүнүчтү чын дилиңизден аткарып бердиңиз. Тарых барактарынын жандуу күбөсү болуп арабызда аман-соо жүрө бериңиз.**

***Бурул Парпиева***

## АТАМА МИҢ МЕРТЕБЕ ЫРААЗЫМЫН

**Суроо: — Бурул эже, атаңыз жөнүндө эмнелерди айталасыз. Өзгөчө бизге анча маалым эмес, согуш жылдардын айланасында өткөн турмуш жайыңардан кабар берсеңиз.**

Жалал-Абадская областная библиотека

**Жооп:** — Атам дайыма эл ичинде жүрчү. Аш, той болсо чакырып кетишчү. Көбүнчө апам жетелеп алчу. Жакын жерлерге мени кошуп берчү. Барганыбызда апыз келди дешип жакшы сыйлашчу. Атам ырдаганда узак ырдачу. Уккандардын чери жазылганча тынбай төгө берчү. Кээде Барпы аке, эми муну айтып бериңиз деп суранышып калчу. Отургандардын өтүнүчүн дайыма аткарчу. Эч кимдин көңүлүн оорутчу эмес.

Согуш башталганда атам темир жол вокзалына келип ырдап жүрдү. Аскерге жөнөгөндөр менен коштошуп ырдачу. Акыл, насаат айтып кайрат берчү. Азамат уулдарым, кан ичер душман өзү кол салды. Тайманбай баатырларча кармашкыла, жеңиш менен кайтасыңар, жеңиш биздики дечү. Манас атаңардын арбагы колдосун, аман барып, аман келгиле деп ак батасын берчү. Тегеректеп угуп турган кары, жаш апыз туура айтат дешип алкап калышчу.

Турмуш тез эле оордоп кетти. Өзбекстандык кыргыздар биздин абалды көрүшкөн го. **Жолдош Балтабаев** деген «Кызыл Октябрь» колхозунун раиси (Анжиян областы, Ворошилов району, азыр Фрунзе совхозу) бизди Кыдырша айлына көчүрүп барды. Ичкилик кыргыздар жашайт экен. Бир жакшы тамга киргизип коюшту. Ушул жерде ырдап жүрө бериңиз дешти. Жолдош раис тамак-аш, кийим-кечебизге жакшы каралашты. Кыйла оңолуп калдык. Элдин сыйы да, атамын сөзү менен мени башталгыч мектепке мугалимдикке орноштуруп коюшту. Өзүм 13—14 тө элем. Кайсы билимди бермекмин, эптеп бирдемелерди окуткан болсом керек да.

**Суроо: — Көпчүлүккө бүдөмүгүрөөк бир маселе бар. Барпы атаңыз диний ырларды ырдачу беле? Өзбекстанда жүргөндө көп ырдачу экен. Аны ырчы дешпей, кары, акун, апыз дешчү турбайбы. Ошонун чындыгы кандай? Муну сизден жакшы эч ким билбейт. Өзү да Бекназар менен айтышканда «Шариеттен башкага менин анча кушум жок» десе, кара жаак Калмурза менен айтышканда «Мааниси жок кеп айттың, молдоң барбы деп айттың. Атагы чыккан элиңде жоргоң барбы деп айттың. Айчылык жолго жүгүргөн, арыбаган жоргомун. Билгиң келсе Калмурза мына өзүм молдомун. Баш оорунду жазамын, ич оорунду жоёмун. «Кашпирди» үч-төрт кайталап, өзүңдү көк эшек кылып коёмун» деп жатпайбы.**



**Жооп:** — Атам чоң улама киши болгон. Курандын сүрөөлөрү менен аяттарын ыр менен айтчу. Пайгамбарлар менен саабаларды ырдачу. Алар өтө көп эле, апталап айтса түгөнбөйт эле. Мен айрым саптарын билчүмүн. Азыр унутуп калдым. Кайталап жүрбөсө эстен чыгып кетет экен да. Атам Куран менен Кудайды эч качан жамандачу эмес. Кожо, молдо, сопу, эшендерди өздөрү туура жүрбөй шариетти бузат, элди алдап арамдыкка барат деп сындап ырдачу. Ошол дин ырлары учурунда жазылбай калган. Жазгыла деп эч ким айткан да эмес. Тескерисинче, жазбагыла дешкен.

Атам **бадик** айтчу. Каракурт чакканда байлачу, дарымдап жатып кайтарып жиберчү. Аларды да жазган эмеспиз. Бул жагынан эмчи-домчулугу зор эле. Далайлардын сообуна калган.

**Суроо: — Дагы кандай ырларды көбүрөөк ырдачу, эсиңизде барбы?**

**Жооп:** — Атам көбүнчө санат айтчу. Өзгөчө улгайган кишилер аябай берилип угушаар эле. Аш, тойду башка ырларды ырдачу. Адамдар азыраак болсо, сурагандарын ырдап берчү. Жаштар бар жерде, ошолорго ылайыктап ырдачу. Токтолуу деген болбойт эле. Кайсы жакка бурса, ошол жакка шаркырап ага берчү.

**Суроо: — Сизге кызым деп кандай акыл, насаат айтчу. Эмнени суранып, эмнени күтчү?**

**Жооп:** — Жаз, кызым. Арамзалык кылба. Мен кетем. Кийин атам айтканы туура экен деп айтасың дечү. Мен ал сөздөрдүн маанисин каяктан билем. Эми түшүнүп атпаймынбы. Азыр бармакты тиштеп өкүнгөндөн не пайда. Учурду өткөрүп жибергенбиз. Биз уккан, атам ырдагандардын баары жазылган жок да. Өлсөм кошуп ыйла, китептерим чыкса оку, мени унутпа дечү. Анысын аткарып келатабыз. Эстеп жүрөбүз. Кээде ыс чыгарып куран окутабыз. Арбагы ыраазы болуп, бизди колдосун дейбиз.

**Суроо: — Өмүрүнүн кийинки жылдарында атаңыздын кубанган учурлары болдубу?**

**Жооп:** — Өкмөткө ыракмат, ырларымды алып жатат, атым калат экен деп көңүлү кыйла көтөрүлүп калган болчу. Эмгегинин эми ыраатын көрө баштаганда кете бербедиби. Бир аз жүрө түшсө, китептери чыгып, укпаган жакшы сөздөрдү укмак турбайбы. Буйрукка айла барбы.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Суроо: — Атаңыздын өз тагдырына арман асирети бар беле? Айрыкча эмнеге өкүнөр эле?**

**Жооп:** — Уулум жок. Сен бирөөгө бала болуп кетесиң дечү. Балдарынын эң кенжеси **Керез** деген үкам эки жашка чыкканда оорубай этпей туруп эле түнү учуп кетти. Кара жыгачтын түбүндө жатар элек. Ошондон кийин өтө өксүп калган. **Умсунай** эжем жакшынакай ыраңдуу кыз болчу. Ал да он бешке чыкканда өлүп калды. Узун арман ыры бар. Ошол толук жазылдыбы, жокпу билбей калыпмын.

**Суроо: — Атаңыз ырчылардан кимди көбүрөөк эстеп, кимди көбүрөөк айтчу?**

**Жооп: — Бекназарды** айтчу. **Токтогулду** айтчу. Астыма ат, үстүмө тон берген, жеңгемин дечү. **Калмурзанын** ысмын угар элек. Дагы бир топ ырчыларды эскерип калчу. Көбүн унутуп калдым.

**Суроо: — Кимдерди досум дечү? Улуу-кичүүлөрдөн жакшы көргөн санаалаштары бар беле?**

**Жооп:** — Түмөнбайды (Байзаков) досум дээр эле. Келип калса, «Досум, кандай жакшы жүрөсүңбү?»,— деп ордунан тура калчу. Чай кой, нан кой деп күлүп тосуп алчу. Экөө аябай жакшы азилдешер эле. Ага чечилип сүйлөп берчү.

**Суроо: — Жакын тууганлдарынан кимисин өтө жакшы көрчү?**

**Жооп: — Разия, Алтынай** — бир тууган карындаштары. Баарынан ошол экөөнү жакшы көрөр эле. Эмне болсо да ошол экөөнө жан тартып турчу.

**Суроо: — Атаңыз мүнөзү кандай киши эле, сылыкпы, кырспы, оройбу, шырбы, же ичимтаппы, колу ачыкпы же зыкымбы?**

**Жооп:** — Ак көңүл, колу ачык. Бирөө келсе ашыгып: — бол! бол! апкел, төшөгүңдү сал, чай кой,— деп апамды шаштырып турар эле. Дүйнөнүн аркасынан түшчү эмес. Мен атамдарга айтпай эле Төлөнгө турмушка чыгып алган болчумун. Ата-энеси абдан жарды жашашат экен. Деле өйдөлөй алчу эмеспиз. Кыйналып кеттим. Анан бир күнү атама ачык айттым: — күйөө балаңыз кембагал экен, ажырашам дедим. Атам: — кой, балам, ак көңүл экен, ак көңүл киши жакшы болот, эсен жүрсөңөр дүйнө табылат, жашай бер деген.

**Суроо: — Кандай адамдарды жактырбайт эле? Деги бирөөлөрдү жаман көрчүбү?**

**Жооп:** — Атам камсөз, бүркөк кабак, түнт адамдарга көңүлү ачылбайт эле. Көөдөнүн көтөргөн мактанчаак, куйсупур жутунган ач көздөрдү жининдей жаман көрчү. Китептерине чыгып жүргөн «Бузуку», «Ушакчы», «Жалганчы», «Питина», «Келесоо», «Желөпкө» деген ырларында ошолорду сындаган да.



**Суроо: — Кишиден эмнени сөзсүз аткарыш керек деп талап кылчу?**

**Жооп:** — Сөз келгенде калтырбай айтып калыш керек дечү. Келген сөздү өлтүрүш — өзүңдү өлтүргөнгө барабар, бирөөнүн амалинен (бийлиги) да, атынан да коркпой түз бетке айт дечү.

**Суроо: — Атаңыз эң акыркы күндөрүн кандай өткөрдү?**

**Жооп:** — Атам көкүрөгүндөгү урун табыпка барып алдырып кайткандан кийин эле иш оңолбой калды. Чамасы, ошол урда колдоп жүрчү бир каснет бар окшойт. Күн өткөн сайын өңүнөн азып баратты. Кээде ойлору чачылып, сөзүнөн жаңылып калчу болду. Бала кыял да күтүп калат. Улам төмөндөй берди. Анан Фрунзеге ооруканага алып кетишти. Ошондо Түмөнбай Байзаков да кошо болгон. Биз баралган эмеспиз. Жакшы үмүттө кала берген экенбиз.

Атаман кабар келбей тынчсызданып жүргөнбүз. Бир күнү жолдошум Төлөн бир газетаны эле үзүлүп түшүп окуп жатат. Мага көрсөтпөйт. Эмне экен десем, а жөн эле деп койду. Анан атам келиптир. Жүр көрүп келебиз, кудайы өткөрүп жатышыптыр деди. Биз бул жакка келе берген болчубуз. Айылга жакындап калганда карасам эле биздин үй тарапка атчан, пияда көп эл келатат. Бирөөлөр бизди: — атка минип алгыла — дешти. Жөө эле барабыз десек болушкан жок.

Жете бергенде капкара кийинип алган апамды көрдүм. Анан «кудайысы ушул экен да» деп шолоктоп ыйлап келип апамды кучактап жыгылып калдым. Көрсө, Төлөн мага көрсөтпөй окуп жаткан газетага атамдын дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу некролог басылган турбайбы. Ошентип коштошуп кала бердик. Анда атамдардын турмушу оңолуп калган болчу. Аты бар эле, үй бар эле, койлор бар эле. Ошолордун сойчусун союп, сатчусун сатып кара ашына сарпташты. Өкмөт чоң суммада пул бөлүп бериптир. Апам байкуш көпкө чейин кошуп ыйлап жүрдү. Кийинчерээк, алтымыш үчүндө дүйнөдөн кайтты.

**Суроо: — Ушундай улуу кишиге кыз болуп кал-**

Жалал-Абадская областная библиотека

**ганыңыз үчүн тагдырыңызга ыраазысызбы? Эл-журтуңузга айта турган сөзүңүз бардыр?**

**Жооп:** — Атама миң мертебе ыраазымын. Арбагына сыйынып жүрөм. Акын уулун ушунчалык ардактай билген элге ракмат. Эл барда атам да бар. Анын чачылган дүйнөсүн ушинтип териштирип чогултуп, көмүскөдөгүсүн көтөрүп чыгып өзүнүн турчу ордуна коюп жатасыңар. Силерге ракмат.

***Төлөн Бекибаев***

## КАЙНАТАМДЫН ЫРЫН ЖАЗГАМ

Мен 1946-жылы Жалал-Абадда мугалимдерди кайра даярдоочу кырк күндүк курста окуп жүрүп мени менен бир курсташ Парпиева Бурул менен таанышып калдым, курсту бүтүп баш кошуп, Кара-Дарыяга алып келдим. Үч ай өттү.

Ушунун аралыгында кайнатам Барпы апыз бир келип кетти, андан соң мени тез эле военкомат аскерге чакырып калды. Он беш күн аралыгында мага «Бекибаев Төлөн келсин»,— деп чакырткан телеграмма Жалал-Абад обкомунан келип калды. Обкомдун биринчи катчысы Аманов Муктаалыга барсам кайнатам Барпы эшикте күтүп туруптур. Көрсө, ал киши мурда эле Амановго кирип «Мага атайын бекитип берген катчыңар болбосо, күйөө балам да аскерге кетип калса, анда менин ырларымды ким жазат, күйөө баламды аскерден калтырып мага кошуп бергиле»,— деп суранып, ошондон мени чакыртышкан экен.

Ошентип мен аскерден калып кайнатам жашаган Ачы кыштагына барып кызы Бурул экөөбүз ырларын жаза баштаганбыз. Экөөбүз нөөмөттөшүп, Бурул мектепке ишке кеткенде мен жазып, мен ишке кеткенде Бурул жазып турдук, эки жыл убакыт өттү.

Ошол кезде бизге Барпыны чакырткан кагаз Бишкектен Аалы Токомбаевден келип калды. 1948-жылы кайнатам менен Бишкекке барып Аалы Токомбаевге, Ясыр Шивазага, Төлөн Шамшиевге, Гүлсүн Турусбековага (Жусуп Турусбековдун аялы) жолукканбыз. Биз Жазуучулар Союзуна барсак Союздун төрагасы Аалы Токомбаев эшикте турган экен, бизди көрүп кубанып махаббат менен тосуп алды.



Мен Аалы Токомбаевге Барпынын төкмөлүк касиети жөнүндө айтып, ал бир теманы бир күн кечке (М.: «Аккан суу») ыр кылып ырдай берет, бирок эч бир сөзүн кайталабайт дедим жана ошондуктан Барпынын ырларын жазууда эмнеге көңүл бурушум керек деген кеңеш сурадым.

Аалы «Сен Барпы ырдап жатканда тоскоол кылбай ырын бүт жазып ала бер, ошол учурда ырдын бир жеринде мүчүлүштүк кетсе (саясий туура эмес, ж. б. пикир туудуруучу жерлери болсо) аны белгилеп койгун да, улантып жазып кете бер, кийин Барпы дем алганы токтогондо ырын окуп берип, баягы белгиленген жерди айтып түшүндүрсөң ал оңдоп айтат, анан сен жазып аласың»,— деп кеңеш берди. Кийин мен ошентип жүрдүм. Ыраматылык кайнатам баягы мен көрсөткөн жерлерди тез эле бабына келтирип оңдотуп коёр эле.

Аалы «Барпы акын эми илгеркидей ар жерде ашта-тойдо ырдаганын койсун, тийиштүү жерлерде ырдасын, каражат жагынан биз караалашып турабыз, чекеге кыстарчу акчаны эми өкмөт берет, ушуга сак бол» — деген. Ырга кандай акы төлөнөөрүн да айткан, мисалы «Шамал жерди кургатат» деген бир сап үчүн эле 2 сом төлөнөт деп көрсөткөнү азыр да көз алдымда турат (ошол кездеги акчанын курсу боюнча). Кийин ырлары үчүн калем акысы келе баштады. 1948-жылы биз жөнөткөн ырлардын акысы үчүн 48 900 (кырк сегиз миң тогуз жүз) сом акча келди, аны Жалал-Абаддан сберкассадан алдык, кийин 9800 (тогуз миң сегиз жүз) сом келди, муну Бек-Абад почтасынан алдык, андан кийин да мындай калем акылар көп келе баштады. Биз өмүрүнүн акырына чейин баягы тартипте ырларын жазып Жалал-Абаддагы почтадан Бишкекке жибербүгүз. Мисалы, ар жөнөткөндө 2 кг 800 гр, 3 килого чейин посылкага окшотуп жөнөтөр элек.

1948-жылы Жалал-Абадда өнөрпоздордун областтык кароосу болуп, мен кайнатам Барпыны ээрчитип бардым. Барсак областтык маданият бөлүмүнүн башчысы Алиев деген татар киши экен, ал киши «Сузакка кезек эки күндөн кийин келет, ошондо келгиле, ага чейин шаар аралап жүрө тургула»,— деп кеңеш берди. Кароо азыркы темир жол вокзалынын жанындагы клубда болгон (темир жолчулар клубу). Сузак районуна кезек келгенде биринчи болуп Барпы чыкты. Клуб толо эл, алдыңкы катарда курамы сегиз кишиден

Жалал-Абадская областная библиотека

турган жюри отурган экен. Көшөгө ачылганда мен кайнатам Барпыны сахнага жетелеп чыгып, стулга отургузуп коюп четке чыгып турдум. Эл күтүп турат, Барпы да үндөбөй эле отурат, арадан 5—10 мүнөттөй өтүп кеттиби, айтор жюри тынчсызданып калды, мени кол жаңсап чакырып алып, Алиев: «атаң эмнени ырдайм деди эле, унчукпай эле турат ко»,— деп калды. Мен «эч нерсе деген эмес эле» — дедим да атама барып: «сизди ырдасын деп жатышат» — дедим. Анда атама Алиев келип «Ырдаңыз, сизди күтүп турабыз»,— деп калды. «Сен өзүң элесиңби же Пурунзадан (Фрунзе дегени) да адам барбы, канчоосуңар?»,— деп сурады, анан мага тема бергиле, мен ошол тема боюнча ырдап берейин деди. Жюри кеңешип туруп «Өткөн заман менен азыркы заманды салыштырып ырдаңыз» — дешип тема берди. Ошондо Барпы эки заманды куп келиштире салыштырды, ырды бүткөндө эл гүлгө толтуруп жиберди. Андан кийин «эми кыргыз элинин жыргал турмушу жөнүндө ырдап бериңиз»,— деп тема беришти. Анда эмесе бир насыбай тартып алайын деп калды. Мен жүгүрүп барып кагаздан түвөк кылып алып келип бердим, насын түкүрүп таштап баягы берилген тема боюнча ырдай баштады, аны да өткөн доорлордон баштап бүгүнкү күнгө чейин, ушул кароого чейин келтирип укмуш ырдады. Эл дүркүрөп кол чаап өтө ыраазы болду. Алиев «кетпей тургула, бир-эки сааттан кийин учурап кеткиле» дегенинен, кийин келип учурасак 1600 (бир миң алты жүз) сом акча берди. Бул атамдын ырына берилген сыйлык экен. Мен «Ата бизге чай ичсин деп 1600 сом пул берди»,— деп айттым. Ырдоо манерасы, мотивин элестүү айтчу болсом азыркы Таирбек төкмөнүн аткаруусу Барпыга окшошурак.

Өзүнүн эл алдына чыгып ырдап калган тарыхын сураганымда мындай деп эскерер эле: «Назарбайдын үйүндө жүрүп кызматын кылган акыма бир кара башыл эчки алдым эле. Бир күнү кой багып жүрүп көзүм илешип уктап кеткен экенмин, бир маалда эле кой дыркырап сүрүлүп качып калды. Койлорду токтотконго болбой күргүштөн мени тебелеп качып өтүштү. Ошондо карышкыр тийген экен, байдын миң коюна тийбей менин жалгыз эчкимди жарып кетиптир. Мен ошондо карышкырды каргап өтө катуу ырдадым, ыр өзү эле куюлуп келе берди, менин ырдап чыгышыма биринчи катуу машыкканым



ушул болду окшойт, ошондон кийин токтолбой ырдай баштадым»,— деп айтчу эле.

Мен кайнатам Барпынын ырларын жаза берип жадап кеткен учурларым да болгон, себеби тынбай эле төгүп ырдап отурган адамдын ырын жаза берип чарчайт экенсиң. Бир жолу Барпы ырдап жатат. Кайненем бозо салчу эле мен бозо ичип отурам. Бир маалда Барпы ырын токтотуп: «Кана эми бир дем алыш кылалы, мен нас чегип алайын, сен Төлөн баатыр жазган ырларыңды окучу, угайын» — деди. Мен «жазганым жок, бозо ичип отурам» — десем капаа болуп өтө өксүп ыйлаган. Ушундай учурлар болгону ырас.

Кайнатам Барпынын көкүрөгүндө уру бар эле, 1949-жылы аны алдырмак болуп калды. Чаңгеттеги Өстүрүү айылына барып бир табыпка алдырып келди. Кийин кайненем Жумагүл минтип айтып жүрдү: «Табып урду наштар менен тилип, жарып алды, ошондо же кан эмес же зил эмес түсү алтын сымал жалтыраган суюктук чыкты, табып жарган жердин көзүнө кара дары коюп берди». Кийин ал жер калга окшоп кара дак болуп бүттү. Менин байкашымча, ошол урду алдыргандан баштап кайнатамда өзгөрүш болду, ал ырын мурдагыдай төгүп ырдай албай, өөдө-төмөн, ар нерсени аралаштырып ырдай турган болуп калды. Жазган ырларымды окуп берсем, «сен ойноп отуруп оюңа келгенди эле жазып койгон окшойсуң, мен ушинтип ырдап калдымбы?»,— деп өзү да ойлонуп кала турган болду. Мен Барпынын урунда касиет бар экен го деп калдым, себеби урду алдырган соң акында ушундай өзгөрүш болгонун байкап жүрдүм. Ошондон баштап өзү да арыктап (мурда 110—115 кг салмагы бар эле) тили да булдуруктай баштады. Мисалы, «суу» дей албай «туу» деп, анан «мен ушинтип калдымбы?»,— деп ыйлап жиберчүү болду. Кийин үй ичине карыга жип илдирип алып селкинчек тепкен күндөрү да болду, өңү да өзгөрүп кетти. Мен Болоттун бакма уулу Анармат акеге кабар берип, Барпыны Жалал-Абадка ооруканага жаткырдык, бирок ал жерден жөнүкпөй Бишкекке алып кетишти. Кайнатам ошо жакта каза болду.

Эми кайнатамдын өзгөчөлүгүнөн, өмүрүнөн мисал келтире турган болсом, Барпы эр көкүрөк, март, шайыр адам эле. Бир мүнөзү — чагылган менен күн күркүрөөдөн өтө кыйын жаш баладай коркор эле. Күн күркүрөп жатканда ырын да токтотуп жер тө-

Жалал-Абадская областная библиотека

лөгө качып кирип кетер эле, кандайдыр өзүн чагылгандан өтө этият тутаар эле.

Кайнатам Барпы кызы Бурулду издеп Кара-Дарыяга барып калды, ал биринчи барышы эле. Атам Бекибай колунда жок адам эле, эптеп тапканын коюп мейман кылып жатты. Куда келди, отуруп кетсин деп «Кызыл-Аскер» колхозубуздун раиси Абдиваитов Маматисак акени да чакырган экен, ал келип атамы чымынын бар эле Барпы апыз менен айтышып көр деп күүлөп калды, анын тилине кирип атам Барпыга бир эки ооз тийиштик кылды эле Барпы «Мен асал аарынын уюгу элем, менин асалима кызыгып тынч немени козгодуң, эми өзүңдөн көр чагып алсам»,— деп атам жөнүндө, анын кудааны жакшы сыйлай албагандыгы жөнүндө, раис жөнүндө келиштирип ырдады эле атам мойнуна белбоосун илип кечирим сурап зорго токтоткон, раисибиз бир кой союп меймандап, эртеси Созокко чейин атчан жеткиртип койгон.

1948-жылы май-июнь айларында бир жигит атчан келип «сизди Төлөктө Турдукул раис чакыртып жатат»,— деп калды. Барсак Жалал-Абад обкомунун 1-катчысы Муктаалы Аманов ж. б. көп кишилер Сузак райкомунун 1-катчысы Залецкий, райаткомдун төрагасы Боркеевдер бар экен. «Большевик» колхозунун төрагасы Давлетов Турдукул алар менен өтө ынак эле, Барпы ырчыны алдырып ырын угалы деп атайын чакыртышкан экен. Атайы боз үй тиктирип ошол жерде меймангерчилик кылып күзөтүп жатышыптыр, Барпы акын барганда эле жарптары жазылып акынды ырдата баштады. Айрыкча М. Аманов Барпыны өтө баалап жакшы көрөрүн билчү элем. Кызып калышканда «Калмурза менен айтышыңызды» айтып бериңиз деп калышты, таң атканча ырдатышып раса көңүл ачышып Барпы апызга өтө ыраазы болушкан эле. Барпынын эмгегин баалоодо М. Аманов менен Ф. И. Залецкийдин да ролу өтө зор болгон.

*Ташболот Токтосунов*

## БАРПЫНЫН ЫРЫН ЖАЗГАМЫН

Мен биринчи класста окуган эмесмин. Себеби, кат тааныган үйгө келген кишилерден тамгаларды жазып алып окуп жүрүп, үйрөнүп, мектептен экинчи



класстан окуй баштадым. 1936-жылдар болуш керек эле, азыркы Ачы кыштагында өзүбүздүн тууган Мурзакулов Кулмамат окутуп сабак берген. Ал кезде чоң-кичине баары эле аралаш окуй берчүүбүз. Ал турсун ликбез деген кечки сабак бар болучу, анда жалаң улгайган аял, эркектер окушчу.

Ошентип, 1939-жылы төртүнчү класста окуп ошол шартта биринчи, экинчи класстарга сабак бере тургандай болуп калгам. Ошол 1939-жылдын октябрь же ноябрьбы айтор, эсимде жок, суук түшүп калган мезгил эле. Мектеп бир эле класс, баарыбыз тыгылып ошондо окуйбуз. Бир эле терезе бар болчу, ошол терезенин жанында партада мен жана Рачабаев Кожо деген бала экөөбүз отурабыз. Көчө бизге көрүнүп турат. Барпы акынды көрүп саламдашып жүрөм. Бирок, анын акын экендигине маани бербедим эле. Бир күнү, экинчи сабактабы же акыркы сабактабы, Барпы акынды жетелеп Жаркул деген аксакал мектепке келип калды. Мектептин алдында кичинекей дөбөчө бар эле, ошол дөбөгө Барпы апызды (ал кезде акын дебестен апыз деп айтышчу эле) отургузуп, бирдеме-бирдеме деди да Жаркул аксакал кете берди. Барпы апыз отуруп кала берди.

Танапис бүтүп сабакка кирдик. Барпы жалгыз ордунда отуруп кала берди. Бардык балдар класска киришип, ордуларына отурушкандан кийин агайыбыз Кулмамат мага кайрылып: «Ташполот Барпы апыздын келген себебин билесиңби?» — деди. Мен айнектен Барпыны бир карап койдум, таягын көкүрөгүнө такап, жер карап, бир нерсе ойлогонсуп отурган экен. Агайды карап унчуккан жокмун. «Эмесе — деди,— сен бүгүн Барпы менен үйүнө барасың. Сени конокко чакырып келиптир» — дегенде класстагы балдар баары мени карап калышты.

Анда деле унчукпадым. Барпы эмнеге мени чакырат экен деп ичимден жаман көрүп калдым. Анткени башка бирөөнүн үйүнө барып көнгөн эмесмин. «Эмесе китеп-дептерлериңди китеп торбоңо салып Тургундан үйүңө берип жибер да, мынабу төрт дептер, сыя, калемди алгын дагы апыз менен жөнөй бер. Жолдо арык-парык жерлерде колунан ала кой, кокус мүдүрүлүп жыгылып калбасын» — деди. Ошондо мен: «Атам урушат, барбайм» — дедим. «Токтосун акама Тургун айта барат» — деди агайым.

Мойнумдан байлагандай болуп, баягы төрт дептер менен сыя, калемди алып тышка чыктым. Ичи-

Жалал-Абадская областная библиотека

мен сүйбөй карасам Барпы апыз дагы эле баягы калыбында отурган экен. Жанына барып «жүрүң ава, кеттик» — дедим. « — Ээ, келдиңби Таштан?»,— деп мени эркелеткенсип ордунан турду. Аңгыча Кулмамат акам да артыман чыккан экен, «Мына апыз Ташполот келди, бара берсеңиз болот» — деди.

Ошентип экөөбүз кеттик. Дагы эле ичимден жаман көрүп баратам. Барпынын үйү Чоң-Кыштоо деген колотчонун эң төрүндө эле, айылдын эң жогор жагы. Бирок ошондо кандайдыр өзүнүн тамында эмес, Бегмат деген да бир аксакалыбыз болчу эле, ошол кишинин тамында кыштамак болуп ошол тамда экен. Барпы апыздын баскан ыктыярына карап отуруп үйүнө караңгы киргенде жеттик.

Суук түшүп калган мезгил. Эсимде жок, октябрь же ноябрь айлары болсо керек эле. Ал маалда электр жарыгы турсун, шишелүү чырактар да жок эсеп эле. Барында бар, жогунда кара чырак. Байкуш апыздын үйүндө кара чырак экен. Кемпири күймөңдөп ошол кара чырактын жарыгында үйдүн ичиндеги (тамдын) очогуна казанга нан жаап жатыптыр. Азыркы кызы Бурул очокко куурай сындырып жагып отуруптур. Барпы апыз үйгө биринчи кирди, артынан мен кирдим. Кемпири тура калып: «Кел, айланайын, жигит болуп калган турбайсыңбы, келип турушту да билбейсиң, аваң өзү барбаса келбей турган экенсиң, биз жат-жалаа эмеспиз»,— деп эки бетимден өөп койду. Өзүм ыңгайсыздана түшүп колум менен бетими билдирбей аарчыдым. «Же уялып жүрөсүңбү, апаң-атаңдар аман-эсен жатышабы? Үкөлөрүң чоңоюп жүрүшөбү»,— деп эбиреп-жебиреп бир топ суроолорду жаадырып жиберди. Мен болсо баш ийкегенден башканы билбедим. Андан кийин суроо жооп бүткөндөн кийин Барпы апыз: «Кемпир эмине кылып жатасың»,— деп калды. Анда кемпири: «Ии, апыз, ысык нан жаап жатам, конок келет дегениңизден» — деди. Кемпири апызды Сиз деп сүйлөйт экен. Ошондо Барпы акын ырдап жиберсе болобу кемпирин кошуп:

Оюңду жакшы бөлүпсүң
Коноктун камын көрүпсүң,
Үйдөгү баарын аябай,
Дасторконго төгүпсүң
Кемпирим менен баамдуу,
Казандын наны даамдуу.



Жумшак болот жаныбар,
Карыларга жагымдуу,—

деп ырдап жиберсе оозум ачылып кай жеринен бул ырлар чыгат экен деп ойлонуп калдым. Суук түшкөнүнө байланыштуу үйдүн ортосунда сандал коюлган экен. Сандал тактадан жасалган төрт аягы бар. Жерди оюп ага жыгачтын же көңдүн чогунан толо салып баягы төрт аягы бар сандыкка окшогон төрт бурчтуу нерсени отургузуп үстүнө жууркан жаап, бутту ошол жууркандын ичине салып алып бир нече кишилер жылынып отура беришет. Ошонун аты сандал. Анын үстүнө дасторкон салынып, түрдүү-түрдүү тамактар коюлуп, чай ичилет. Кемпири ошондой кылып даярдап койгон экен, бир маалда чай ичилип бүткөндөн кийин кемпирине сөз салды.

— Ташполотту чай менен калтырабызбы, дагы эмнең бар? — дегенде, кемпири: «Мейманга атайлап чакыргандан кийин бирдеменин мойнун сындырсаңыз жакшы болор эле ал жок эми. Оо бая эле күн батаарда баягы эки короздун бирин кармап байлап койгон элем. Сойдуруп, даярдап коеюн десем коңшулардан эркектер көрүнбөдү, аял киши мууздаса макрөө болот» — дегенде:

— Мен атам кармап келген кекиликтерди анчамынча мууздап жүрчү элем, тоокту билбейм — десем,— «Ээ, Таштан, тоок деле ошол сен мууздаган кекилик сыяктуу эле, бирок бекемирээк кармаш керек, чоң апаң жардам берет, эптеп бир нерсе кылбасаң болбойт. Ысык тоок шорпо ичелик, анан ишти баштайлы» — деди. Сөздүн кыскасы, эптеп чоң апам экөөбүз баарын бүтүрдүк. Келип жанына отургандан кийин мындай деп ырдады:

Короз билди өлөөрүн.
Сан-сан кылып бөлөөрүн.
Алкымынан кан кетти,
А, дүйнө карап жан кетти.
Тоок сойду дебегин,
Дагы тийет керегиң.
Таарынбагын Ташполот,
Кийин козу союп беремин,—

деп мени тамашалап ырдап өзү карс-карс күлүп, «даярсыңбы эми» деди. Мен даярмын дедим. Ошентип ошол түнү кара чырак менен отуруп үч дептерди бүтүрдүм. Өзү да уктабады. Мени да уктатпады. Мен

Жалал-Абадская областная библиотека

улам уктап кетем, дагы ойготот. Ошол түнү үч ырын жаздым. «Суу», «Напси» жана «Тил» тууралуу. Ошондо апыздын суу тууралуу ырдаган ырынан эсимде калганы.

Суу дарманына киргизет,
Басалбаган арыкты.
Суу ойнотот балыкты.
Тегирмендин парасын,
Айландырган суу болот.
Бак-дарактын тамырын,
Жандандырган суу болот.
Жердин көркүн чыгарган,
Агыны дайра суу болот.
Асмандан жамгыр нөшөрлөп,
Суудан чыккан буу болот.
Чалкып жаткан көлдөргө,
Айланып келип, куу конот.
Көйнөгүңдү ак кылат,
Көңүлүңдү пак кылат.
Ден соолугуң сак кылат,—

деп ырдаган эле. Ушундай ырлары биринин артынан бири ээрчишип келе берет экен. Мен жазышка үлгүрбөй жаттым. Себеби: ыр жазып көнгөн эмесмин да, же үргүлөп көзүм жумулуп кетет окшойт. «Ээ, Таштан уктап калдыңбы» — десе ойгонуп кетем. «Окучу эмне деп жаздың, каерге келип токтодук» деп, кайра окутуп угат. Кээ бир оюна туура келбей калганы болсо, жоок ал сөз мындайча болуп жазылсын, өчүр, калемиңди сыялап үстүнөн бастырып жаз деп, кайра өзү оңдоп айтып берет эле. Эми баягы мурункү күнү мектепке барганы: кимдир бирөө айтканбы, же өзү ойлогонбу, ырдаган ырларым дайынсыз талаалап кетип атат, бир кат билген балдардан болсо жаздырып алайын, Кулмаматка барайынчы, сабаты чыккан балдарынан болсо бирин сурап алып ырымды жаздырайын деп барган экен.

Биз танаписке чыгып топ чаап ойноп жүргөндө Барпы менен Кулмамат акемин сүйлөшкөндөрү ушул тууралуу экен.

Аңгыча болбой коогалуу 1941-жыл кирип келди, мына сага совет эли дегенсип Германия согуш ачып чаң-тополоңду чыгарып, «ит ээсин таанybaйт» дегендей ар ким өзү менен. Акын кайда, жазуучу кайда эч ким билип болбойт, тополоң.



Экөөбүз бир эле кыштактанбыз, Ачы кыштагы, бирок учурашалбайбыз. Мен керели кечке мектептемин. Апыз болсо кемпирине жетелетип алып ар жерде топтолгон жыйындарда согуш тууралуу үгүт-насаат ырларын ырдап, элдин көңүлүн көтөрүп, кайрат айтып жүрүп калган кези экен. Барпы апыз менен Ачыда Намаз-Дөбөдө учурашып калдым. Колхоздун башкармасынын төрагасы Давлетов Турдукул деген жаш жигит эле. Биздин колхоз «Большевик» наамындагы колхоз эле. Ошондо бүт Ачынын элин жыйып, колхозго эки жүз миң сом заём келиптир, ушуну элге кандайча жол менен бөлүштүрүүнү масилатка элди жыйнаган экен. Заём бөлүштүрүлүп бүттү, барга бардай, жокко алына жарашадай бөлүндү. Жыйындын аягында Барпы апызга «элдин көңүлүн көтөрүп, азыраак ырдап бериң» — деди эле, «Ээ туугандар, мен да ошону ойлонуп отурам» — деди.

Ошондо Барпы апыздын элге ырдап турганынан азыраак эсте калыптыр.

Герман согуш баштады,
Далайдын көзүн жаштады.
Бул адисине ашканы,
Басып алды деп угам,
Чехтер менен Польшаны.
Койдой сабап айдайт дейт,
Румын менен Венгерди.
Жаагы катуу душманга,
Совет эли тең келди.
Майыштырбайт биздин партия,
Буларда күчтүү тарбия.
Аз калды душман жеңилет,
Биздин балбандардан эңилет.
Берлинге чейин кубабыз,
Гитлерди: Берлинден кармап тутабыз,
Азаматсың Турдукул,
Элиңди сөзгө көндүрдүң,
Заёмду туура бөлдүрдүң.
Шашылбагыла ага-ини,
Жакында курсак ток болот.
Силердин берген заимиңер,
Душманга аткан ок болот,—

деп Барпы апыздын ырдаганы эсимде калыптыр.

Жогорто жазып кетпедимби, Сарымолдо деп: ал ким экен деп жүрбөгүлө. Ал кишинин чыныгы аты

Жалал-Абадская областная библиотека

Молдоят, улуту тажик, каратегиндик тажик. Мен туула электе келген экен, өңү сары, көзү көгүрөөк, кичинекей пастек бойлуу киши эле. Өңүнө карап Сарымолдо деп айтышчу. Өмүрүнүн аягына чейин Ачыда ымам болуп жүрүп өттү. Балдары азыр да Ачыда жашап турушат.

Намаз-Дөбө. Ачынын кире беришинде, айылдын ортосунда бир дөбө бар. Илгери Ачынын эли Айт намазды, Курбанайт намаздарын ошол дөбөгө окушчу экен. Ошондон Намаз-Дөбө аталып калган. Ошентип апыздын алгачкы үч ырын өз колум менен өз оозунан жазып өзүнө калтырдым эле, ушул ырларынын эч жерден кабары угулбайт. Же алтын фондуда жатабы же киши колундабы, ким билет? Мен бир келинди сүйүп, ал келин мени сүйүп, ошол тууралуу Барпы авам экөөбүз ыр жаздык эле. Албетте, ыр авамдыкы, жазган мен. Ал ырдын аты «Ак Жылдыз» эле.

1956-жылы Жаки Таштемиров келип жыйнап, чыгарабыз деп алып кеткен эле, ушул тууралуу Түмөнбайга айтсам «алтын фондуга тапшырып койсо керек»,— деп койду. Ошол бойдон изилденген жок.

## БАРПЫ ЖАНА АНЫН КАРЫНДАШЫ АЛТЫНАЙ

Барпы айылдык кеңешинин Ачы кыштагында жашаган байбиче Молдоматова Сабира эже Барпы жана анын карындашы Алтынай жөнүндө төмөнкүчө эскерет:

— Мен 1944-жылы 21-июнда Барпы Алыкуловдун тууганы Молдоматов Акматалиге турмуш курган элем. Акматали Барпынын инилери болот экен. Барпынын кызы Бурул экөөбүз ортак (дос) элек, бардыкелдибиз бар эле. Барпы авабыз жакшы, кичипейил киши эле.

«Келин бала, жакшысыңбы, биздин шор сууга үргөндүңбү (үйрөндүңбү)?»,— деп келип кымыз ичип, кээде зериккенде ырдап да берчү.

Күндөрдүн биринде иниси Акматали «ака, ырдап бериң»,— деп чатырда кымыз ичип отуруп сурап калды. «Майлига ырдап берейин, келин балага уят эмеспи?»,— деп сурады. «Жок, уят эмес, ырдай бериң» — дешти кымызга кызуу болгондор. Ошондо кылычтамганын мыктылары Ысмайыл бий, Чоку бийлерди



ээрчип Аркага — Тогуз-Торого тойго барып Бекназар[1] деген ырчы менен айтышкандарын айтып берди. Мен улам кымыз куюп берип, чатырдан кирип-чыгып, эки кулагым Барпынын ырында болуп айтыштын көбүн жаттагандай кылып көңүлгө жат алып калган экенмин, азыр да кадимкидей эстеп жүрөм.

— Менин көзүмөн азыраак жаш чыгат эле, ырчылыкты мойнума албай жүрүп ошентип калып анан ырдаганым балдар,— деп Барпы ава сөзүн улады.

Аркага Көк-Арттын даванын ашып аттуу жөнөп отуруп эки күндө жеттик — деди. Өрүк, мейиз, нават, эжебизге белектерди эки атка сылай артып тойго да жеттик. Анан отургандан кийин Анжияндан Барпы деген ырчы келди десе тоготпой эле жаңгак жеген немедей мурдунун бели пас маңка сүпөт бирөө келип эшикте ырдап калды, эшитип отурсам мага саламдашып, айтышканы келген экен. Аны мен билбей калган экенмин, бирөөнүн элинде кимди ким билет, мурда-кийин Аркага барбасам, тааныбасам,— деп күлүп койду. «Ырдасам келинге уят эмеспи» — деди эле, күйөөм «Жок, ырдай бериң, келиниңиз эшикте жүрөт»,— деп койду. Мен чатырдын сыртында угуп отурдум. Ошондогу айтыштан анча-мынчасы эсимде калыптыр.

Ошондо эки акын кордоо ыры менен айтышып Барпы жеңип чыгыптыр, аркалыктар намысына келип чабыша турган болгондо той ээси Жаанбай ара-га түшүп, кой эми катуу кетпегиле уят болот, Барпы сен эми той башкарган чондорду мактап ырдап кой дейт экен. Ошондо Барпы:

Алтын камар даткалар
Аргымак минген катталар[2].
Күмүш камар даткалар
Күлүктү минген катталар.

Жанагы ырдап жаткан кишиңиз
Биз дагы ошолордун бирибиз.
Жакшы жигит көрүнөт
Эл башкарган бийиңиз.

Жакшы ниет оюңуз
Жакшы өттү тоюңуз.

[1] Маекти жазып алуучу А. Төрөкановдун пикири боюнча Барпы менен айтышкан акындын ысмы Калмурза. — Түз.
[2] Катта — чоң деген мааниде.

Жалал-Абадская областная библиотека

Анжиянга кайталы
Жөнөтүп бизди коюңуз.

Куттуу болсун тоюңуз
Куп жакшы экен оюңуз
Ак өргөө үйлөр кут болсун
Үйүңүзгө кут консун,—

деп чатак чыкпасын үчүн мактап ырдап койдум, сооруң силердики болду деп төө баштаган тогуздан мал ал — дейт. Аны мен эмне кылам, албайм десем, кошо барган 18 атчан ал бергенин, олжо болот, тойдун шааниси деп соорунду алышты да өз ара бөлүштүрүп, мага эки ат беришти, келгенде бирин агама берип, бирин өзүм мингич кылып алдым. Ошентип Аркага барып да айтышып келгенмин, инилерим деп күлүп каткырып отурганы али эсимде турат.

Барпы авабыз эң жакшы, жөнөкөй, кичүүгө да, чоңго да бирдей киши эле, жаш бала деле: «Ава ырдап бериң» — десе жок дебейт эле. Мен келин болуп келгенде ал киши үч бир тууган эле, башкача айтканда, Парман деген иниси, Алтынай деген карындашы бар эле. Алтынай Ачыда жашап өттү, туяк калган жок. Алтынай эже менен күнүгө бирге жатчубуз, ырдап берчү, жомок айтчу, эң жакшы аял эле. Күндөрдүн биринде башынан кечирген күндөрүнөн эскергени бар.

Илгери ачарчылыкта 1932-жылы Өзгөндүн Шоро-Башат деген жеринде пахта чаап иштеп утурумдук (күнүмдүк) нан таап жечүүбүз. Пахтаны жакшы чаап иштеп жүрсөм биргадирдин аялы менден эрин кызганып өлөң айтышалы деп алдыма агатка түшүп алды, ачуум келип майли, башта дедим. Ал мени мындай деп ырдады дейт Алтынай эже.

Жаллават (Жалал-Абад) сенин шаарың
Жалынып келген бейшарим[1].
Өзгөн менин шаарим
Өзү келген бейшарим,—

деп Алтынай эжеге сабын таштаптыр, анда Алтынай эже:

Келиң өлөң айтали түнү менен
Түн бышырып берейин жүнү менен
Келиң өлөң айтали таңы менен
Таң бышырып берейин каны менен,—

[1] Бейшарим — уятсыз, шерменде деген мааниде.



деп ырдап бүтүп карасам биргаттын аялы жулушам деп жүгүрүп келди, көтөрүп чаап экинчи сүйлөбөс кылгамын деп күлдүрчүү. Алтынай эже да агасы Барпыдай ыр жандуу, катылгандын катыгын берген киши эле. Алтынай эже Болот деген акеми басмачылар союп кеткенде кошкон кошогум деп ырдап берчү, бир азы эсимде.

Басмачыга каргыш

Агасы Болотту басмачылар союп кеткенде Алыкулова Алтынайдын кошогу.

Кайрылсын ачкан эшигиң
Карарсын алган жесириң
Түрүлсүн ачкан эшигиң
Түнөрсүн алган жесириң.

Сен басмачы болгону
Басмачы атка конгону
Аялдар кыйын шордоду
Жаш балдары боздоду.

Сен басмачы болгону
Басмачы атка конгону
Эркектер кыйын шордоду
Балдары ыйлап боздоду.

Жусупбай деген басмачы
Акамдин канын чачпачы
Теңдик заман күн келер
Энчиңди берем качпачы.

*Жолболду Төрөканов*

## АПЫЗ АБАМ ЫРДАЧУ ДА...

I

Барпынын көкүрөгүндө уру бар болчу. Оң эмчегинин тушунда эле. Барпы өзү алды ачык жегде көйнөк кийип жүрчү. Ырдаган кезинде уру көөп, ортоочо алмадай болуп чыңалып чыкчу. Ырды акырын темп менен баштап, улам катуулап, улам темпин жогорулатып, кийин оозуна келип турган ыр тизмектерин айтууга жетише албай шашылып демиккенсип кетер

Жалал-Абадская областная библиотека

эле. Ыр күүсүндө күүлөнүп, отурган жеринен тизелей калып эки колу менен жер таянып ырдай баштачу. Көкүрөгүндөгү уру улам чыңалып көөп, Барпы көкүрөгүндөгү уруна толгон демди ыр менен чыгарууга үлгүрө албай демигип бара жаткансып кетер эле. Жоргонун сыңары ырга абдан күүлөнгөндө тизелеген жеринен тура калып басып кетип, ырдаар эле. Ырга ушунчалык бүт жан дүйнөсү менен берилип, сакалдары сербендеп, азиз көздөрүн да ачып-жумгансып, өзү менен өзү болуп ыр дүйнөсүнө аралашып кеткенсип сезилер эле.

Барпы ырдаган сайын көкүрөгүндөгү уру ага кошумча дем болгонсуп турар эле.

II

Сузак районундагы Барпы айылдык Кеңешинин Сай кыштагында жашап турууучу 74 жаштагы Төрөканов Жолболду аксакал Барпы жөнүндө төмөнкүлөрдү эскерет:

— Бир жолу Көк-Жаңгактан келе жатып Барпы акын менен сапарыбыз бир болуп калды. Кемпири экөө келаткан экен. Кар жаап турган мезгил эле. Сөздөн сөз чыгып отуруп мен Барпыдан «Апыз, бу сиз Токтогул менен айтышып «Карадан алган кашка атты» минип келгенге чейин да бирди-жарым ырчы менен айтышкан белеңиз?»,— деп кызыгып сурап калдым.

Анда Барпы: «Анан эмесечи, Токтогулга тасыгып калганда учурашып жүрбөймүнбү. Эң биринчи мени менен айтышчу «өзүмдүн ырчым» болгон. «Өзүмдүн ырчым» дегенимдин мааниси мындай — мен жаш кезимде өзүмдү айтышка даярдап, үйдөн алыс ээн коктуга барып, куурайдан адам кебетелентип каракчы кылып алып ага баланча ырчы деп ат коюп алып алым сабак айтышып анын атынан да, өзүмдүн атымдан да ырдап машыкканмын. «Ырчым» да мага бош келбей, мен ага бош келбей, кыскасы көпкө чейин кармашып жүрдүм. Акыры «ырчымды» жеңе баштадым, анан өзүмө ишенип, эми ырчылар менен айтышсам боло берет деп чечтим. Ошентип мен ырчылар менен бет келишип айтышканга чейин өзүмдү машыктырып жүргөмүн.

Эгерде ошол «ырчымдан» жеңилген болсом мен айтышка чыкпаган болор элем. Мен аны жеңе баштаган соң өзүмө-өзүм ишенип калдым. Алгач айтышка даярдаган «Өзүмдүн ырчым» бар эле дегенимдин



мааниси ушул»,— деп айтып берген эле. Мен муну Барпы апыздын өз оозунан уккамын. Барпы өзүн-өзү ушинтип таптаган экен.

III

— Барпынын акындык тагдырында 1944—47-жылдарда партиянын Сузак райкомунун 1-катчысы болуп иштеген Залецкий Федор Кузьмич да зор роль ойногон. 1946-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка кандидат болуп биздин «Большевик» колхозу жайгашкан округдан Залецкий Ф. К. көрсөтүлгөн, ал шайлоо алдында шайлоочулар менен жолукканы Сай кыштагына келген. Аны Кыр-Жолдоң ары Кандын-Коргону деген жерден колубузга байрак кармап бир топ атчандар утурлап тосуп алганбыз. Сайга келип чогулуш баштаарда Барпы шайлоо жөнүндө, депутатка кандидат Залецкий жөнүндө бир саатча төгүп ырдады. Залецкий Барпыга абдан кызыгып ал жөнүндө сурамжылады, ага анча көңүл бурулбай, китеби чыкпай жүргөнүн билип «Бул ишти колго алуу керек, ырларын жазып алып борборго жөнөтүү зарыл. Бул ишти мектеп директору жолдош Түмөнбай Байзаков, Сизге тапшырам»,— деп Т. Байзаковго катуу дайындады.

Ошондон баштап Барпынын ырларын жазып алууга катуу киришип калыштык. Орус да болсо Залецкий Барпыга түшүнүп, тагдырында оң роль ойноду дээр элем.

IV

Барпы апыз эл аралап ырдачу, аш-тойлордо ырдачу. Албетте, эл бергенин, той ээси бергенин алар эле. Көпчүлүк апыздын ырына ыраазы болуп, колунда барын аёочу эмес. Мен апыздын эл алдында ырдаганын көп жолу көргөмүн, ашка-тойго барып, ат жетелеп кайтканын да билем.

Мен Барпы апыздын бир өзгөчөлүгүн эскертип айтып өтпөсөм болбойт. Согуш учурунда Жалал-Абад темир жол вокзалына келип, фронтко жөнөп жаткан жигиттерге ак тилек каалап бата берип ырдачу. Ошондо ата-энелери, карап турган эл ыраазы болуп апыздын такыясына акча кыстарышчу. Бирок Барпы «жок, мен пул албайм, мен пул алсам аштойдо алам, фронтко балдар кетип турса мен ушулардын ата-энесинен пул алайын деп ырдап жатканым жок. Мен жигиттер эсен-аман келсин деп ырым

Жалал-Абадская областная библиотека

менен батамды берип жатам, мына бул кимдин пулу, кайра алгыла»,— деп кайтарып бергенин көп көрдүм.

Дагы бир белгилеп өтчү нерсе, Барпы темир жол вокзалына эч кандай чакыртуусуз эле өз каалоосу менен барып ырдачу. Фронтко отправка (жөнөтүү) болгон күнүн билгендей келип ак батасын берип ырын төгүп турар эле. Ошондо баласы жөнөп ыйлап турган ата-энелер да, ата-энесинин көз жашын көрүп мууну бошой түшкөн жоокерлер да, ырдын сыйкырдуу күчүнө берилип кадимкидей кайратташып баягы кайгылуу учурдун изи калбай эл шаңдана түшөөр эле.

Аскерге бараткан балдарга ак батасын берип: «балдарым силер эсен барып соо келгиле, силер жеңесиңер, жеңиш биз тарапта болот, себеби гитлер убаданы бузуп согуш ачты, убада бузган уттурат, сөзүн бузган сөгүлөт, силер келгенде да өзүм тосуп аламын» — деген мааниде ырдачу. Отправке кылган шалон (аскерлер чыккан эшалон) жөнөөрдө Барпынын ырынын таасири менен кандайдыр салтанатка айланып шаңдуу болуп кетээр эле.

Чындыгында эле кийин согуш аяктай баштаганда Барпы апыз фронттон кайткандарды тосуп алып ырдап жүрдү. Ал элдин кайгысын өз жүрөгү аркылуу өткөрүп жүргөн анык акын эле, шондуктан эл аны апыз дейт эле.

***Жамалдин Полотов***

## АБАМ ЖӨНҮНДӨ

### I

**— Жамалдин аке, Барпы абабыз жөнүндө ар кандай факты, чындык сөз элге жетиши керек, кийинки муундарга калышы керек, андыктан болгонун болгондой айтып бериң, эсиңизде калгандарын тизмектеп кагаз бетине түшүрөлү.**

— Эмесе Барпы авамдын аялдары жөнүндө айтып берейин. Барпы 20 аял алып, 21 балалуу болгон, бирок балдары турган эмес, Жумагүл деген эң акыркы аялы (Буруддун апасы) Керез деген уул тууган, уулу бир жашка жетип-жетпей эле чарчап калган, ал жөнүндө Керезди эскерүү ыры бар, мен аны көп жолу угуп жүргөмүн, ырды эстеп кагазга жазып койгомун.



**— Эмне, Барпы Чаңгеттен чыккан Дон Жуан болгон дегени турасыз го?**

— Ээ үкам, Барпынын китебин ачып окуган адам менин сөзүмө ишенет. Тартип, Ак-Дилвар, Карай көз, Гөзал кыз, Дилварим, Мырзайым, Бурак жан, Лөлүкандарга арналган ырлары, «Мөлмөлүмү» не деген ажайып ыр, өзүнө ушундай ырларды багыштап турса кандай аялзат акындын шагын сындырсын?!

Мен айткан 20 аялдын көпчүлүгү акындын ырына мас болуп эле ээрчип келе беришкен экен, келсе тирилик оор, акындын өзү анан сайраган тили эле бар, башка эч нерсе жок, чыдаганы эки-үч күндөн кийин кетип калчу экен. Барпынын никелүү аялдарынын бири Асалкан деген болгон, өзү оорукчан (касалман) аял экен, дарты бар экен.

Үйлөнгөндөн кийин Барпы анын кеселдүү экенин билет, аял Барпынын жанында бир аз отурбай басса-турса эле ыйлап жүрө берет экен, акыры Барпы жадаганда «кой эми болбойт экен, сени төркүнүңө жеткирип келейин»,— деп алып барып таштайт экен. Ошондо төркүнүнө жеткирип, аттан түшүрүп жатып айткан жери:

Зап чырайлуу Асалим,
Жамбашында касалиң.
Куп чырайлуу Асалим,
Куйругунда касалиң.

Жашырбай айтам чынымды
Жайнатып төгөм ырымды.
Сурасаң айтам чынымды
Тапшырдым мына кызыңды.

Кайтайын эми, кайыр кош,
Барпыдан эми башың бош.
Сүйлөшүп болдук, кайыр кош,
Сулувум эми башың бош,—

деп жообун берип, кайырлашып кайткан экен.

### II

**— Жамалдин аке, Барпы акын кандай адам эле, кебете-кешпирин сүрөттөп айтып бербейсизби?**

— Барпы авам алибеттүү, олбурлуу адам эле, бою өтө узун эмес эле, бирок толо, тууралуу эле. Жай күндөрү эшигинин алдында ысылап кээде жегдесин да

Жалал-Абадская областная библиотека

чечип коюп, кыңылдап ырдап отурар эле, мен эркелеп мойнуна минип алсам былк этип тоотуп да койчу эмес, кээде уктаганы жатканда эки эмчегинин ортосундагы уруна кулагымды төшөп ойночуумун, себеби ур деген жарылбаган жарадай болгон, жаш баланын муштумундай шишик, томпоюп чыгып турчу, ага кызыкканым — Барпы авам дем алган сайын урдан өзгөчө бир чый-чый деген дабыш чыгып пашаканадагы пашадай болуп зыңылдап турар эле. Мен Барпы авам Фрунзеге (азыркы Бишкекке) барганда врачтар билбестик кылып урду жарып көрүшүп Барпы авам ушундан набыт болду бекен деп да ойлоймун. «Ырдап желимди чыгарып турбасам урум көөп кетет» — дечү эле.

— **Акындын көзү азиз экен, сиз да ал кишини аякбыякка жетелеп кошо жүргөндүрсүз?**

— Ооба, авамды көп эле жетелеп жүрдүм го. Өзү да өтө ушар, баамчыл адам эле. Бир жолу Барпы авамды үйүнөн (үйү азыркы «Барпынын кыштоосу» деген жерде эле) ылдыйкы айылга мектепке жетелеп келе жатсам алдыбыздан бизди утурлай Козубай деген киши келе жатыптыр. Ал киши мага «сен айтпа» дегендей кылып белги берип, Барпы авама тийишкиси келип жолго туурасынан жатып алды. Мен секин «Сиздин жолуңузду Козубай аке тосуп жатып алды»,— деп шыбырап койдум, бирок кайсы тушта экенин айтканым жок. Козубайга жакындаганда таякты тыкылдатып келаткан авам бир маалда таякты көтөрүп Козубайга шилтегени калды эле, а киши жаткан ордунан учуп туруп «хай-хай, апыз, пейлиңден кайт, бу сени көр десе, көрбөйт десе көрөт турбайсыңбы»,— деп тамашалашып калды, экөө теңтуш эле.

— **Барпы акын ысык-суукту, барды-жокту башынан көп өткөргөн деп кеп кылышат, Сиз бул пикирге кошуласызбы?**

— Кошулам, Барпы авамдын турмушун мен өз көзүм менен көрүп жүрдүм да. Акын калкы Байдылда айткандай бирде казанында май кайнап, бирде карандай суу кайнаган журт болот, Барпы авам да ыры менен жан баккан адам эле, өзү азиз болсо, дыйканчылык кылып аштык экпесе, кантсин, оокатын ыры менен, тили менен тапкан да. Бир мисал айтайын:

Согуштан мурунку жылдарда Ачыда кыйынчылык маалдар эле, оокат тартыш эле. Бир жолу базарга сатып пул кылалы деп Сервиден (Серүүн жайлоосу) кымыздык терип эшекке жүктөп жөнөдүк. Чаңгет-



Сайды бойлоп келе жатабыз. Жолборс-Үңкүргө жете бергенде Жаман-Кыяда Барпы авамдын эшеги тайып барып кулап кетти. Жол өтө тар, кыя тик ылдый эле, эшек кулап барып эски жолдун нугуна токтоп калды. Ал жерден не бир азап менен эптеп тургузуп, чыгарып алып кеттик.

Ушунтип оор турмуштун айынан Барпы авам көр оокаттын азабын түзүк эле тартты. Ачыдан көчүп Сайда, Беш-Мойнокто, Өзбекстандагы Кыдырша деген айылда жашап турган кездери болду, ушунун баары улуу акынга убагында анча көңүл бурулбай, шарт түзүлбөй, камкордук көрүлбөй келгендигинен бир мисал. Акынга кечирээк кам көрүп, кечирээк баркына жетишти, мына эми аздектеп Чыгыштын улуу акыны деп жатасыңар, мунуңарга да ыракмат, иши кылып Барпы авамдын «менин ырым жерде калбайт» — деген сөзү чын болгонуна шүгүрчүлүк кылам.

— **Сизге да чоң ыракмат, Жамалдин аке.**

## МАМАТТЫН БАРПЫГА ЖОЛУГУШУ

### I

Мен 1947-жылы Армиядан келгенден кийин Өзгөн районундагы «Өстүрүү» колхозуна ферма башчысы болуп иштеп калдым. Бир күнү Серүүн жайлоосунан малчылардан кабар алып кайтып келе жатсам Пайиз аксакал балдарына той берип жаткан экен, тойдун үстүнөн чыгып калдым. Пайиз бир кезде болуш болгон, кылычтамга басыздан чыккан Чаңгеттеги өтө белгилүү адам эле. Тойго барсак Барпы акын ырды мөндүрдөй төгүп, Пайизди, аялын жана келиндерин кошуп мактап ырдап жаткан экен. Жанымда Сансызбай деген дүкөнчү теңтушум бар эле, экөөбүз бир аз кызуу элек, «Мамат сенин чымының бар, Барпы апыз менен бир айтышып көрбөйсүңбү, ажеп эмес шакирт кылып алса»,— деп калды. Мен бул кеңешти оң көрүп Барпыга жакын барбай берирээкте туруп ырдап жибердим.

Мамат:

Ак тойго келип Барпы акын
Ашып ырдап жатасың
Арасында ар кимди
Кошуп ырдап жатасың.
Ашыкча мактап ырдадың,

Жалал-Абадская областная библиотека

Аш* берген үйдүн атасын.
Токтобой мактап ырдадың,
Той берген үйдүн апасын.
Атасын мактап ыр менен,
Алтын теңге сом алдың
Апасын мактап баланын.
Ак бор менен актаган
Барадан** жака каптаган
Келишкен тери тон алдың.
Келинин мактап болуштун
Четине сайма кайыган
Тавары атлес, шайыдан
Көркөм менен тигилген
Көк чарчыга түйүлгөн
Белек-бечкек чоң алдың.
Ак тойдо чыгып үстүңөн
Алдыңа келип турамын
Адырдан келген мендейдин
Акыбалын сурагын.
Алдыңа келип, Барпы акын
Астейдил айтам саламды
Асылбастан ырдадым
Айткан ырым жаманбы?
Ыраактан келип алдыңа
Ырдап айтам саламды.
Аныктап ырга кулак сал
Ырдаган ырым жаманбы?,—

деп ырдадым эле, Барпы акын ырын токтотуп, мен жакка атынын башын буруп эми мага карай ырдап кирди:

Барпы:

Карап турган калайык
Калкым тегиз уктуңар.
Кандай бала экен деп
Караганы чыктыңар.
Сөзгө конок бербестен
Каяша кылды Барпыга
Калыстар карап уктуңар
Апкел бери баланы
Араңарда мыктууңар.
Абдилланын баласы

* Аш — бул жерде тамак, палоо деген мааниде.— Түз.
** Бара — козунун териси, көрпөсү.



Асылганын карачы
Барпы акынга көрүнбөйт
Жашынганын карачы —

дегенде Барпыга бирөө келип бир нерсе деп шыбырагандай бояду эле, Барпы ырын дагы улантып кирди:

Адамдар карап туруңар
Акындын кебин угуңар
Айтышмак болгон балага
Аныктап көңүл буруңар.
Аракка тоюп ал бала
Асылганын караңар
Адамдардын ичине
Жашынганын караңар
Ичиндеги ырларын
Козгогонун караңар.
Абдилланын баласы
Ашып кетип барады
Акын Барпы айтканда
Адамдарга көрүнбөй
Качып кетип калады
Эл аралап ат минбей
Басып кетип калады,—

деп ырын тамашага салып ырдады да анан өзүмө карап:

Арак ичип кекирбей
Адамдардын ичине
Аралашып бекинбей
Балам,
Алдыма келип ырымды ук.
Бозого тоюп боздобой
Ичинде ырың козгобой
Бейадепке окшобой
Балам,
Жаныма келип ырымды ук,—

деп мени чакырып калды. Сансызбай мени Барпынын алдына жетелеп барды. Ошондо улуу акындан сүрдөп жатып зорго азыраак ырдаганмын.

Мамат:

Жаныңа келдим Барпы акын
Жаңшаган ырың угам деп.
Жагып калса ырларым

Жалал-Абадская областная библиотека

Жарышып ырдап чыгам деп
Алдыңа келдим Барпы акын
Акындык ырың угам деп
Адашпай айтып ырыңды
Акын болуп чыгам деп
Айта албастан алдыңда
Араң зорго ырдадым.
Айтканымды аныктап
Акын Барпы сындагын.
Ырдай албай алдыңда
Ырымды зорго курадым
Ырымды угуп Барпы акын
Ырастап жакшы сынагын,—

деп тердеп-тепчип араң кошуп ырымды уланта албай туруп калдым.

Барпы акын кайрылып жооп бергиче болбой менин ахывалымды көргөн Сансызбай «кой эми»,— деп мени топтон ээрчитип чыгып кетти. Барпы менин артымдан бир-эки ооз ырдагандай болду, бирок аны укпай калдым. Бул менин Барпы акын менен бетимди ачып биринчи беттешип айтышканым болду.

II

Турдукан деген кыздын тоюнда Барпы акынга учурап калып, анда да азыраак айтыштык эле, ошондо эсте калганы булар.

Мамат:

Турдукандын тоюнда
Туйгунум Барпы акынга
Туш келип ырдап турамын
Акыным айтса кеңешин
Айланып учуп мен дагы
Ак шумкар болуп чыгамын.
Айылдаш кыздын тоюнда
Алдынан чыгып акындын
Адашпай ырдап турамын
Акыным угуп ырымды
Астейдил айтсаң сыныңды
Аркаңдан ээрчип Барпы акын
Акын болуп чыгамын.
Ырайым кылсаң Барпы акын
Ырдаганым угарсың
Ээрчитип жүрсөң артыңдан
Ырчы болуп чыгармын,—



деп ырдадым эле Барпы да асылбай, жакшы насаат айтып ырдады, эсимде калганы булар.

Барпы:

Ашыкпай ырда балакай
Адашып жүрсөң акындан
Апызың Барпы мынаке ай,
Элирбей ырда балакай
Эңсеп жүрсөң мени деп
Акының Барпы мынаке ай.
Эл аралап бастырып
Эркелетип аркамдан
Ээрчитер күнүм канаке ай.
Токтоп ырда балакай
Топ жыйынды гүлдөтүп
Торгойдой сайрап алдымдан
Тосуп чыксаң канаке ай.
Толтура турган ырыңды
Токтобой ырдап күнү-түн
Тозбогон Барпы мынаке ай.
Карыганда мен дагы
Калтырайын ырымды
Калк аралап үйрөтүп
Калган ичте сырымды.
Ойлонбой ырда балакай
Отургандар сындасын
Тыңбай ырда балакай
Тыңшагандар сындасын
Эскерип ырда балакай
Эл ичинде сындасын
Жүдөбөй ырда балакай
Жүргөн элдер сындасын
Билгениң ырда балакай
Биерде элдер сындасын,—

деп көпкө ырдаган эле. Мага ичи жылып, ээрчитип жүрүп нускамды үйрөтсөм деген оюн ырынан билип турдум, бирок шарт, тагдыр мага Барпы акын менен ээрчишип жүрүүнү буюрбаган экен.

III

1949-жылдын август айы эле, анда мен Өзгөн районундагы «Өстүрүү» колхозунда бухгалтер болуп иштеп турганмын. Бир күнү Сузак районундагы «Большевик» колхозунун раиси Давлетов Турдукул мени чакырткан экен, биздин эки колхоз коңшулаш эле, аралыгы эч канча эмес, Абдраимов Ибраим деген тең-

Жалал-Абадская областная библиотека

тушумду ээрчитип барып калдым, барсак раистин үйүндө 5—6 жигит отурган экен.

— Бүгүн Алипбек акемдин үйүндө кыз берүү тою болот, бул балдарга кошулуп күйөө жанчы (күйөө жолдош) болуп ойноп кет, өнөрүң бар эмеспи,— деди Турдукул аке. Биз ай жарыкта Алипбектикине бардык, үйү боор жерде экен, күйөө келатат деп кыз-келин жардап карап турган экен, ошондо ата-бабадан келаткан той каадасын кылып жаңшап ырдап барып калдык. Биздин үнүбүздү угуп Турдукул раис менен Барпы да сыртка чыгышты. Барпы мени үнүмдөн таанады да, аны ээрчип ырдоого шартым болбой, бой качырып жүргөнүмдү чымчыгысы келди окшойт, ошондо улуу акын мага карап минтип тамашага сала ырдады.

Барпы: Абайлап элим карачы
Бул Абдилланын баласы
Акын Барпы чыкканда
Барпынын ырын укканда
Ак-Чаңгыл деген тоосу бар
Ак-Таш деген зоосу бар
Ашып кетип калады
Акындыкка жарабай
Алды аркасын карабай
Арка даван жер жакка
Качып кетип калады,—

деп келатканда эле мен Барпынын ырын бүтүрө койбой улап кеттим.

Мамат: Ачыда төөлөс элинен
Акын Барпы сен чыккан
Айткан сөзүң алтындай
Алыстагы эл уккан.
Аралашып бир жүрүп
Акын болуп мен чыксам.
Ырыстуу төөлөс элинен
Ырчы болуп сен чыккан
Ырдаган сөзүң алтындай
Ыраактагы эл уккан
Ырайым кылсаң Барпы акын
Ыргайдай болуп жетилип
Ырчы болуп мен чыксам.
Акын болмок кыйындыр
Айтканың эп келбесе



Алып жүрүп акындар
Аныктап насаат бербесе
Ырчы болмок кыйындыр
Ырдасаң эп келбесе
Ээрчитип жүрүп акындар
Ырдан насаат бербесе
Айтып берчи Барпы акын
Анык ырың угайын
Аралашып бир жүрүп
Акын болуп чыгайын.
Ырдап берчи Барпы акын
Ырыңды тыңшап угайын
Ырайым кылсаң өзүмө
Ырчы болуп чыгайын,—

деп анын айтаар сөзүнүн алдын алып ырдап жибердим эле мага ыраазы болуп төмөнкү ырды ырдады.

Барпы: Абдилланын баласы
Аныктап уккун сөзүмдү
Ай жарыкта көрө албайм
Алып койгон көзүмдү,
Анык болсо айтканың
Ак калпактуу элимди
Аралатып жүрөйүн
Алыс жолго чарчасаң
Артыңдан айдап сүрөйүн
Анык ырчы экениң
Ашыкпай айтчы билейин
Аралашып бир жүрүп
Артта калсаң сүрөйүн,—

деп токтоду. Анан мен жоопбергенче болбой Турдукул раис:

— Апыз, жүрүңүз эми ичкери кирели, жаштар өзүнчө кичине ойноп алышсын,— деп Барпы акынды колтуктап ичкери кирип кетишти. Эртеси Барпы атайы ат чан бала жөнөтүп мени чакырткан экен, атама айтсам «Балам, ырчылык өнөргө кызыкпа, иште, иштегиң келбесе шаарга барып оку»,— деп мени жибербей койду, көрсө атам түшүнбөстүк кылган экен, атанын тилинен чыга албай акынды ээрчип таалимин алып жүрө албай арманда калдым. Кийин тез эле Барпы акын кайтыш болуп кетти, ушундай армандуу дүйнө экен...

Жалал-Абадская областная библиотека



## УСТАТЫМДЫ ЭЭРЧИГЕМ...

Мен өз апамдан 7 айлыгымда калганмын, атам Сатыбалды Ачылык Абдыгулдун кызы Мурзайымга үйлөнөт. Мурзайым апам мага «эне сүтүн бербесе да, элик сүтүн берип» тарбиялап өстүрдү. Андыктан мен Мурзайымдын өзүнүн баласымын десем да болот, андан Кадырбек деген иним бар. Өзүмдүн чоң атам Турдубай да ырчы адам болгон. Таятам Абдыгул чалдын үйүндө бала кезден жүрдүм, себеби атам Сатыбалды мен жетиге чыкканда өлгөн. Ачыда чоңоюп Барпыны көрүп-билип жүргөмүн, себеби ал таятам Абдыгул экөө ынак теңтуштар эле. Кийин мени туугандарым Жийдеге алып баса беришкен, бирок таятамдан кол үзбөй катташып турдум. Мен 1952-жылы Армияга кеткемин, 1956-жылы келдим, андан кийин да тага журтумдан кол үзгөнүм жок.

Ачыдагы балалык кезимден эскерсем. Ачыда бир күнү аксакалдар топтолуп, бирөөнүн бозо тою болуп калды, таятам Абдыгул да мени эшекке учкаштырып ала барды. Менин ырымдын башаты Ачыда, чөп арасында башталган. Элге алтын кемер ырчы деген ат менен белгилүү болгон Акмат ырчы менен Буван элге баш кошкондо ырдагамын, анда кичине бала элем.

Мен ырдап бүткөн соң Барпы: «Балам аман болсоң ак калпак элдин батасын алган акын болосуң, ак жолуң ачылсын!»,— деп батасын берген. Ошондо тогуз жаштагы бала элем.

Ал учурда Барпынын кадырына анчалык жетишпеген, Барпынын жем-чөбүнө эл каралашып койчу эле. Эл «ээ, баягы Барпы көр келатат»,— деп коюшар эле. Анын мынчалык болушун анда эл да, мен да билген эмеспиз. Барпынын таланты өлгөн жок, мына эми улуу акын деп элибиз өзү эле баалап жатат.

Өзгөндүн Дум-Булак деген жеринде Барпы менен бараттым эле, 1943—1944-жылдар эле. Мени Барпы токтотуп алып: «Балам, жыйындан кабар алчы, бирөө ырдагандай болуп жатабы?»,— деп калды. Мен жыйынга барсам бир кара бужур ырчы ырдап жаткан экен.

Мен Барпыны анын алдына ээрчитип келдим. Ошондо Барпы баягы ырдап жаткан кара бужур кишиге минтип ырдады:

Жолдо жаткан жолборстур,
Азаматым Сатарим
Сага жолукпасам болбостур.
Жолукпай кетсем Сатарим
Жолумдан тосуп койбостур.
Алдымда турат ырыскы
Алыстан келе жатамын
Албай кетсем болбостур.
Баракелде бужурум
Толду бекен кургулуң.
Барпы кайдан келди деп
Келип турабы кыжырың? —

дегенде берки Сатар деген кара бужур ырчы күпүлдөп Барпыга опурулуп тап берип калды. Ошондо эл «Мунун көзүнө тапанча такасаң да көрбөйт, билбейт. Сен буга кол тийгизсең бизден бирди көрөсүң, сени тытып көргүлүктү көрсөтүп тепкилеп жиберебиз»,— деп көпчүлүк Барпыга болушуп кетишти. Кара бужур эч нерсе кыла алган жок.

Барпы таятам Абдыгул аксакал менен теңтуш эле, анын үстүнө көп келчү. Ошондой бир күнү таятам: «Менин Тайырбек неберем да ырга шыктуу чыкты, сени тартып ырчы болобу дейм, неберeme арнап бир ырдап берчи»,— деп калды. Барпы ошондо мага арнап төмөнкүлөрдү ырдаган эле:

Ардагым Тайирбек кулунум
Аз калды өмүр жылымдын
Сага ээрип жүрөк жылыдым,
Мурасчысы бол ырымдын.
Кадырың билбес кишиге
Кулпун ачпа сырыңдын.
Барпынын атын өчүрбөй
Бири болгун кыйындын.
Жарчысы болгун кылымдын,
Жагымы болсун ырыңдын.
Кулу болбой тыйындын,
Гүлү болгун жыйындын.

Барпы мага төмөнкү насаатты көп айтар эле: «Ырчылыкка баатырсынба, оң келсе оодарып аласың, оң келбесе түшүп каласың. Эки адам көңүлү сүйүп ыр

Жалал-Абадская областная библиотека

угабыз деп келсе ырдап бер. Элге дайның чыкпай туруп менсинбе, эл — ырчынын кайрагы, эл — бүлөөташ, калк калыс тараза болуп берет. Жыйынга шаңшып ырда. Насаат айтып ырда, бирөөнүн артынан сая кууба, тамаккор болбо, калк сени ач койбойт, антүүгө жарабасаң кетмен чаап оокат кыл. Өзүңө-өзүң ишенсең гана калк алдына чык, азуулуунун азуусуна чайналсаң устатыңа доо кетиресиң. Ар кайсы нерсе өз салты менен ырдалат.

Ырдаганда октон качкан кийиктей алаңдаба, тик багып качыра тиктеп кармаш, каруун жетип турса кадыр-баркына караба. Кишинин кийимине карап асылып ырдаба. Аш-тойго бирөөлөр жүр деп ээрчите барса бар, мен да барайын деп өзүң ээрчип алба. Алып алты, жеп жети болбойсуң.

Ырыңды кайра чабык кылбагын. «Аламын» эле дей бербестен адалдап же тамагыңды»,— деп мага көп аталык, устаттык насаатын берген. Барпы авама арнаган ырым бар эле, ошону ырдап берейин:

**Бир жалгыздык башында**
Атадан алтоо болсоң да,
Бир жалгыздык башыңда.
Кадыр-баркың барында,
Калкың турат кашыңда.
Адамдын кандай экенин,
Аңдабайсың жашыңда.
Аркаласаң кор кылбайт,
Акылы толук асылга.
Барпы да барган бир кезде,
Токтогулдай акынга.
Туулду бирок турган жок,
Камбары туяк артында,
Ажалы жетип күн бүттү,
Аруу жууп көмбөй Ачыга,
Ак таңдай акын Бишкекте
«Ала-Арчада» жатыр да.

Мен дайыма Барпынын арбагын эстеп, аны урмат кылам, ырчылык өнөрүмдө анын насаатын эске алып жүрөм.



## ЗАМАНДАШТАРЫ АЗ-АЗДАН

I

Барпы биздин ак эчки деген уруудан, түбү төөлөстүн меркит уругунанбыз. Жанакы ырында айтылып жүргөн Назарбай, Алтыбай, Базарбайлар жакын туугандары болот, ошондой эле биздин чоң атабыз Досмурат да Барпыга жакын тууган. Досмураттын баласы — менин атам Баймурат. Менин атам — Барпынын жакын теңтушу эле, бирин бири кадырлап сыйлаган чыныгы достордон эле.

Барпыны басмачылар кармап алып өлтүрмөк болгондо арага түшүп алып калган менин атам Баймурат болгон. Барпынын 1970-жылы чыккан китебинде «Ким мыкаачы, ким адил» (180-б.) деген ырында «Шады карматканда» деген бөлүгү бар. Ошондо Барпы басмачынын колуна түшүп өлө турган болгондо менин атам жетип барып арачалап калганын:

Армандуу Барпы кайгырат,
Артымдан жетип Баймурат:
«Өлбөсүн акын мында» — дейт.

. . . . . . . . . . .

Урууларды шамини
Баймурат бир аз кайтарды»,

— деп ырга кошуп ырдаган экен.

Кийин атам экөө сүйлөшүп бирге отурган кезде-ринде ошол окуяны көп эскеришээр эле. Барпы авам: «Баймурат, ошондо сен болбогондо мага бу күндөр каякта дейсиң, Шады көкбөрү кылып тытып кетмек эле»,— деп көп айтып калчу, ыраазылык билдирип эки үч шиңгил ыр да төгүп коёр эле. Атам тамашалап: «Менин жакшылыгымды билбесең көзүңдөн чыгат»,— деп күлүп калчу, экөө аскиялашып сүйлөшкөндү жакшы көрөр эле.

* * *

Мен чоң атам Темир аксакалдын колунда чоңойдум. Кыркынчы жылдары чоң атам Беш-Мойнокто турган. Барпы акын чоң атам менен теңтуш дос экен, ары-бери өткөндө биздикине түнөп өтөр эле. Беш-Мойноктогу дөбөдө сүйлөшүп отурушчу. Бир жолу Чаңгеттен чыккан атактуу Чакан болуш, Кадыр акса-

Жалал-Абадская областная библиотека

кал, Турдукул раистин атасы Дөөлөт аксакал, Баарам молдонун атасы Айдарали аксакал, менин чоң атам Темир жана Барпы болуп дөбөдө сүйлөшүп отурганы көз алдымда турат. Дөөлөт менен Барпы базарлап келатып конуп өтүшкөн эле. Барпы акын «Умсундун арманы» деген ырын ырдап баарын ыйлатты. Көп өтөр-кетер сөздөрдү сүйлөшүп отурушту. Темир чоң атам тамашалап: «Барпы, бу сен көзүңдү жумбай эле ырдабайсыңбы?»,— деп калды. Анда Барпы: «Көзүмдү жумуп ырдасам, мен ырдай тургандын баары көз алдыма тизилип турат, катары менен айтып үлгүрбөй демикkеним ошондон» — дегени кулагымда. Андан соң бу дүйнөнүн оомал-төкмөл экендиги жөнүндө сөз кетти жана бир кезде байлык менен бийликке мас болуп өткөн Чакан болуштун бу кездеги карып-мискин абалын айтып чалдардын бири:

— Чакан, сен бир кезде бутумдун тердеген адатын калтырам деп сүткө киринип, этти итке ыргыттырып эсирдиң эле, эми минтип астыңда жок дегенде шалчаң жок, үстүңө жок дегенде дурус тонуң жок карып болдуң го,— деп кейиди.

Чакан болуш:

— Ар нерсе убагында экен да, ушинтип эле өтүп кетем деген экемин чынында. «Чөптү кор тутсаң көзгө зыян» дегени чын экен — деди. Ошондо Барпы бул жумуру баштан көп нерсе өтөт, дүнүйө убактылуу нерсе, качан болсо адам адам бойдон калыш керек деген мааниде көпкө чейин ырдап отурду, баары ырга кеткенин да билбей калган экенбиз. Барпыдагы акындык өзгөчөлүк — уккан адамды эриктирмек тургай улам муюткан, улам кызыктырып өзүнө тартып турат эле. «Манасты» угуудан жадабайсыз го, Барпынын ырлары да дал ошондой эле.

*Аскарали Касымов*

## АТАМДЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

Абам Жолотай Касымовдун Барпы жөнүндө айтмуюп, өз оюкандары.

Мен жаш бала элем. Ал үйүнө чакырып: «Балам менин айткандарымды кунт коюп жаз. Сени акылы зирек бала деп угам, жаңылба» — дечү. Ал убакта элде азыркыдай үйлөр болчу эмес. Жер төлөө болоор



эле. Барпы акындын үйү деле катардагы эле жер кепе болчу. Үйүнө кирсең кыштын күнү ортого сандал (оро) кылып, бутун ошол орого салып: «Кел балам сен да жылуу отур»,— деп менин да бутумду сандалга салдыраар эле.

Буттарды салып үстүнөн бир нерсе менен жаап алар элек. Андагы чоктун табы таң атканча отурсаң да суукка алдырбайт болчу. Акындын баркын чынын айтсам кийин өзүм тил, адабият мугалими болгон чакта гана баалап билдим. Анын ырларындагы ойдун берилишин, философиялык күчүн ар бир эле окурман баалай албаса керек.

Барпынын үйүндө олтуруп кээ күндөрү таң сүргөнчө ырларын кагазга түшүрчүмүн. Мени баарынан таң калтырганы акындын эске тутуусу эле. Дептердин барактары толгондо:

— Барпы ава, башка кагаз алып келейин — дегенимде: «мейли балам, кел башынан мен кайталап берейин, бир текшерип алчы»,— деп ошончо жазылган саптарды жаңылбай кайталаар эле. Дагы бир таң калыштуу нерсе, акындын сол жак колтугунда, жүрөктүн тушунда болсо керек, берилип көпкө ырдаганда, чай пиаладай шишип чыга турган үрү болоор эле. Ал үрү жаздын күнү жакасыз ак көйнөк кийип ырдаганда, акындын жанындагы адамга даана байкалчу.

Эки күнү удаа барган учурда, ыр жазгандан эринип: «Бүгүн сени чакырды»,— деп Түмөнбай курдашыма түртө салчумун. Түмөнбайдын акын болушунун негизги түрткүсү да Барпы акын.

Биз кээде сен сала, мен сала кылып, кагазга түшүргөн акындын ырлары, китебиндеги ырлары болсо керек деп ойлойм.

Биз ошол убакта ырды баалабагандыгыбыз болсо керек. Кайсыл ырын жаздым. Ал кайсы тема менен китептен орун алды, даана айта албайм. Биз жазган барактарды, дептерлерди алып калчу. Эгерде ошол ырлардын бардыгы китептен орун алганда, Барпынын ырлары дагы бир канча китеп болмок. Кайран киши! Азиздиктин айынан кол жазмалардын кыйласын эле жоготкон окшойт.

Атам: «Бир убакыт тапсам архивден жазуучулардын Союзунан суранып, өзүмдүн кол жазмаларымды көрсөм жакшы болоор эле» — дечү. Жалгыздык кылып, жети уул, беш кызды тарбиялап, адам кылам деп жүрүп, убай көрөрдө кайтыш болбодубу.

Жалал-Абадская областная библиотека

Сабакта Барпы акынды өткөндө ырларынан цитата келтирип, «Мөлмөлдөн» обону менен үзүндү ырдап берчү. Сабакты ушунчалык кызыктуу өтүү менен, өз жаштыгын, өткөн күндөрүн эскерип алчу эле маркум.

## БАРПЫНЫ АКЫРКЫ САПАРГА УЗАТКАН АДАМ

**— Сатыбалды аке, Сиз жаш чагыңыздан эл ичинде өстүңүз. Барпыны жакшы билген кишисиз. Сиз анын ырларын канча жашыңыздан уккансыз?**

— Барпынын ырын биринчи укканымда 10—12 жаштагы ойноо бала элем. 1930—1932-жылдар аралыгында Чокмор кыштагында «Кызыл-Октябрь» колхозу уюшулган. Ага 17 кожолук кирген. Эргешов Али деген агам колхозго башкарма болуп шайланган. Ошол салтанатта Барпы апыз келип ырдаган. Көпкө ырдаган. Кедейлер, колхоз болуп ушинтип уюшкула деген үгүт-насаатын айтып, жаңы колхоз мүчөлөрүнө бата берген. Сөз арасында айта кетейин. Кийин башкармабыз Эргешов Алини басмачылар союп кетишти. Сойгон басмачы деле өзүбүздөн, Шерали деген тагабыз эле. Тагасы жээнин сойгон. Ушундай замандар да өткөн, иним.

**— Колхоз курулушу учурунда ал кишинин иштеген иштеринен билесизби?**

— Илгери колхоздор майда эле, көп эле. Азыркы Барпы атындагы колхоздун территориясында «Большевик», «Октябрь», «Интернационал», «Орджоникидзе», «Үлгү», «Комсомол», «Кызыл-Мехнат» деген колхоздор бар эле. Барпы акын дайыма ошол колхоздорду кыдырып элге ырдап берчү. Ал колхоз активдеринин арасында, көпчүлүк эл катышкан чогулуштарда колхоз турмушун үгүттөп, жакшы иштегендерди мактап, жалкоолорду жамандап ырдачу. Эл арасында тарбиялык үгүт ырларын ырдап жүрдү. Колхоздогу чоң мааракe, чогулуштарда Барпы апызды алып келип ырдатуу өзүнчө бир тартип катары кабыл алынып калган эле, өзүнчө бир сыймык эле.

**— Согуш учурунда Жалал-Абад темир жол вокзалынан аскерге кетип жаткан жигиттерди узатып ырдап турчу экен. Ошону Сиз көргөнсүзбү?**

— Көп эле көргөмүн. Бир эпизодду айтып берейин. 1942-жылы 9-сентябрь күнү Жалал-Абад шаарында комсомолдук дивизия уюштурулуп, фронтко жөнөп жаткан маалда Барпы ырдаган. Жөнөп жаткан аскерлер шаардын соода складынын коргонунда тизилип турду. Барпы апыз узатуу ырын ырдады. Көпкө насаат ырларын ырдады. Барпы ырдап бүткөндөн кийин, Жалал-Абаддагы КГБнын түрмөсүнөн бир аялды алып келишти. Ал Ленин районунан чыккан басмачылардын корбашысы экен. Ошону шатылуу арабага байлап келип, элге көрсөткөн. Эл кан кечип согушта жүрсө, булар жетим-жесирди тоноп басмачылык кылганы кандай деп Барпы тиги аялды өтө жек көрүп, жамандап ырдады, эл да каргап-шиледи.

**— Барпы апыздын ырларын жаздырууда, аны акын катары баалоодо кыркынчы жылдарда Кыргызстан КП Сузак райкомунун 1-катчысы Федор Кузьмич Залецкийдин да эмгеги зор деген пикир айтылып жүрөт. Барпы жана Залецкий жөнүндө айтып берсеңиз.**

— 1947-жылдын башында Кыргыз ССР Жогорку Советине (II-чакырылышына) шайлоо болгон. Жогорку Советтин депутаттыгына кандидаттар 1946-жылдын аягында көрсөтүлө баштаган. Ал кезде мен Таштак (азыркы Барпы) Айыл кеңешинин төрагасы элем. Кыргызстан КП Сузак райкомунун I-катчысы Залецкий Федор Кузьмич деген орус жигит эле, өзү иш билги, адилет адам эле, кыргызча да түшүнчү. Жогорку Советке депутатка кандидат болуп биздин округдан Ф. К. Залецкий көрсөтүлүп калды. Ошондо аны шайлоочулар менен жолугушууга «Большевик» колхозуна коштоп алып барганмын. Колхоздун төрагасы Давлетов Турдукул элин жыйнап, Барпыны ырдатып коюп, бизди күтүп турган экен.

Биз барганда Барпы Залецкийди мактап, анын элге кылган эмгегин айтып, партия менен өкмөт жөнүндө көпкө ырдады. Залецкий ошондо Барпыга өтө баа берди. Бул киши жөнүндө Фрунзеге (Бишкекке) билдирүү керек, бул зор талант деп айткан. Кыргыздар али мунун баркына жеткидей боло элексиңер, баалагыдай боло элексиңер деп ошондо көрөгөчтүк кылып айткан эле. Кийин Жогорку Советтин сессияларына барып жүргөндө борбордогу тийешелүү жерлерде да Барпы жөнүндө маселе койду, тез эле ошондон кийин Барпыга өзгөчө көңүл бурулуп, ырларын жазып алуу колго алынды. Залецкий орус да болсо Барпыга баа берген, анын улуу акын экенин билген. Ошон үчүн «кыргыздар али Барпыны баалагыдай

Жалал-Абадская областная библиотека

боло элек» деген сөзү азыр да кулагымда угулуп турат.

**— Барпы дүйнөдөн кайтканда Сиз Бишкекте окуп жүргөн экенсиз. Анын сөөгүн коюуда ушул жактан кимдер катышкан? Сөөк кимдин үйүнөн чыккан?**

— 1949-жылы сентябрь айында Байзаков Түмөнбай мага бир телеграмма көтөрүп келди. Анда мен борбордогу юридикалык мектепте окуйт элем, мектебибиз Дзержинский бульварында эле. Түмөнбай болсо désinstitututta (кийин университет болду) окучу. Телеграммада «Барпы ооруп Фрунзеге кетти, баланча поезд, түкүнчө вагон»,— деп айтылыптыр, күтүп алгыла дептир. Телеграмманы Булатов Алермат (Барпынын агасы Болоттун бакма баласы) жиберген экен.

Түмөнбай айтты: «Барпыны вокзалга барып күтүп алалы, оору адамды баса албаса экөөлөп көтөрөбүз». Мен макул болуп, экөөбүз Жалал-Абад — Фрунзе поездин күтүп вокзалга бардык. Поезд келгенде Барпынын вагонун таптык. Бир медсестра коштоп келген экен. Носилка менен вагондон Барпыны көтөрүп түштүк. Бир кол, бир буту, б. а. бир жак ныптасы иштебей калган экен. Паралич деп коёт азыр. Вокзалдагы медпунктка көтөрүп келдик. Андан Түмөнбай Жазуучулар Союзуна телефон чалды. Осмонкул Бөлөбалаев баш болуп бир топ кишилер келишти. Осмонкул Барпы менен ырдап көрүштү. Барпыны ооруканага алып бардык. Асылган дарт койбоду. Ноябрдын тогузунда улуу акын дүйнөдөн өттү. Сөөгү Жусуп Турусбековдун үйүнөн чыкты. Себеби Барпы акын 1947-жылы Фрунзеде эки ай болуп ырларын жаздыруруда Жусуптун үйүндө жүргөн. Жусуптун аялы Гүлсүн анын ырларын жазган, экөө ата-баладай болуп калган экен. Барпынын сөөгүн жууганга Ысак Шайбеков, Алымкул Үсөнбаев, Карамолдо Орозов, Сайит Бекмуратов, дагы бир мен тааныпбаган дунган киши катышкан. Аза күтүү, тажия ишин уюштурууда Осмонкул акын көп аракет кылып, башкарып жүрдү. Жазуучулардан Темиркул Үмөталиев, Райкан Шүкүрбековдор бар эле. Аалы Токомбаев жок экен, бирок аялы катышкан, казак аял экен. «ЗИС-5» деген маркадагы машинага килем жабылып, Барпынын сөөгү музыка менен Ала-Арча кабырстанына коюлган. Дом дыйкандын (Дыйкандар үйү мейманканасы) жанында жашаган уйгур молдо жаназасын окуган, жаназага 11—12 киши катышты.



Ал эми сөөгүн коюуга адам көп барды. Барпынын сөөгүн коюп, топурак салдык. Ошондо Осмонкул акын отура калып ырдаган. Улуу акынды акыркы сапарга узатууда бул жактан Түмөнбай экөөбүз гана болдук. Туугандары кабар угуп, кийинчерээк барышты. Иниси Парман, кемпири Жумагүл барды. Кийимкечеси начар, жүдөө экен. Аларды мончого түшүрүп, экөөнө тең бир сыйра жаңы кийим кийгизишти. Анан Крупская атындагы орус театрында Барпынын үй-бүлөсү келди деп Жазуучулар атайын траурный (аза күтүү) митингесин өткөрүштү. Барпы акындын ариетине Жазуучулар Союзу 17 (он жети) миң сом акча жумшаган. Барпынын мүрзөсүнө орнотулган жыгач кабырды Түмөнбай жыл алыс сырлап боёп карап турчу эле, кийин гранит плитадан эстелик орнотту. Мына эми элибиз келишкен күмбөз курду Барпыга. Раматылык Түмөнбай да өтүп кетти. Биздин элден Барпыны акыркы сапарга узаткан экөөбүз болдук эле.

**— Сатыбалды аке, Барпы акынды өз атасындай сыйлап, сөөгүн өз үйүнөн чыгарган Гүлсүн эже да сый-зыпатка татыктуу эжебиз экен. Барпынын ырларын жазып алууда өзү да катышып, азбы-көппү эмгек өтөгөн, Барпыны эки ай үйүндө жаткырып, таттуу тамагын берип сыйын көрсөткөн. Минтип тагдыр буйруп Барпы акыреттик сапарына да Гүлсүн эженин үйүнөн чыккан экен.**

— Ооба, Гүлсүн урматка татыктуу эжебиз — дегениң чын. Барпыны өтө урмат кылчу экен. Барпы да өз кызындай көрүп Гүлсүн кызым дечү экен. Барпынын 110 жылдык тою болгондо Гүлсүндү сөзсүз тойго чакыргыла. Жусуптан бир уул, бир кызы болсо керек эле, балдарын ээрчитип Барпы авасынын тоюна келип кетсин.

**— Кызыктуу маегиңиз үчүн ыракмат, Сатыбалды аке.**

Жалал-Абадская областная библиотека

## БАРПЫНЫН БАРКЫ ПАС БЕЛЕ?

*Кыргыз Республика маданият министри Д. Назарматовго*
*Кыргыз жазуучулар союз башкармасынын биринчи катчысы А. Жакшылыковго*
*«Кыргыз маданияты» гезитинин башкы редактору А. Жакыпбековго*

Биз — кыргыздын белгилүү төкмө акыны Барпы Алыкуловдун ысымын алып жүргөн Сузак районундагы Барпы атындагы колхоздун 17 айылында жашаган 16 200 адамдын атынан Сиздерге кайрылып, көкүрөк тепкен күйүтүбүз менен көзүбүздүн кычыгын жаштаган ызабызды тең бөлүшүү өтүнүчү менен кайрылып олтурабыз.

Биздин бул даттануу мүнөзүнө жакыныраак катыбыз жумурият-журтубуздун сүймөнчүлүгүнө ээ «Кыргыз маданияты» гезитине жарыяланса жалпы элибиздин көңүлүн буруп, айткан дооматыбыз менен ортого салган оюбуздун канча деңгээлде негиздүү экендиги жаатында ой бөлүшүп, пикирин билдирүүгө түрткү болор деген үмүттөбүз.

Айталы дегенибиз алакандай кагазга сыяр кичинекей бир көйгөй. Барпы кезегинде Токтогул, Калык, Осмонкул, Алымкул сыяктуу белдүү төкмөлөрдүн катарында аталып, акындык чеберчилиги кылдат изилденген, чыгармалары байма-бай басмадан чыгарылып, окуу программаларына киргизилген. Анан эмне болду? Солгундоо доорунда маданият менен адабият тургай, ага башат болуп саналган өз эне тилибизди унутуп калууга чейин жетип, «улуу империяга» тизе бүкпөдүкпү?! Ошолордун ырын ырдап, ошояктын чоорун тарттык го?! Мына ошол оомалуу-төкмөлүү заманда маданиятыбыз менен адабиятыбыздын бели мертинип, нечендеген залкарларыбыз кара көшөгө артына камалды. Ысымдары келечек муундардан жашырылып, унутула да баштаган эле. Ошолордун бири биздин жердешибиз Барпы болду.

Ырас, демократия деген түшүнүк турмушубузга сиңип, республикабыз эгемендикке ээ болду. Эне тилибизге да мамлекеттик тил болуу укугу буюрду. Ошондуктан кара көшөгө артына толук жана жарым-жартылай катылган улуу инсандарыбыздын аттары кайра атала баштады, алар тарыхтагы жана адабияттагы өз орундарын ээлеп, ошого жараша баасын алып жатат. Токтогулдун, Жоомарттын, Жеңижоктун, Бекназардын, Ысмайылдын, Касымдын торколуу «тоголок» тойлору дүңгүрөтө белгиленип, алардын кыргыз маданияты менен адабиятындагы алган орду изилденди, басмадан китептери чыкты. Мына ушундай жаңылануу илеби негедир Барпы акынды айланып өткөнү өкүнүчтүү. Анын ысмы, талант табериги жумурият деңгээлинде кеп-сөзгө алынбай, аксап келе жаткансыйт.

Урматтуу Даниял Назармат уулу, Асан Жакшылык уулу жана Ашым Жакыпбек уулу! Көп миңдеген барпылыктар атынан сиздерге кайрылып отурган көкүрөк дартыбыздын өзөгү ушул. Сиздер мамлекеттин маданий тармактарын жетектеп, моюнга жүк арткан кызмат адамдарысыздар. Адабият жана маданият маселелерин дубан жана аймак таламы боюнча таламайга салып ийбей, аларга өз кызмат абалдарыңыздар жана жоопкерчилигиңиздерге жараша мамлекеттик деңгээлде иш жүргүзүүңүздөрдү каалар элек. Болбосо, тарыхый орунга татыктуу инсандардын атын атап, алардын татыктуу ордун таап берүү мамлекеттик деңгээлге жетпей, кимисинин белдүү жөлөгү, туу көтөрөр өз кишиси болсо, ошонун ысымы аталып, «тоголок» тойлору дүңгүрөтө өтүп келатат. Мына, белгилүү манасчы Сагынбай Орозбак уулунун 125 жылдык мааракесин өткөрүү чечилип калды. Муну биз көрөалбастык же буттарткан ичи тардыктан улам айтып олтурганыбыз жок. Дегеле, андай ойдон алыспыз. Жөн гана сөз кезеги келип, ыңгайлуу мисал боло калганынан сөзгө кыстарып жаткан кезибиз.

Кечээ жакында эле көзү өткөн белгилүү акындарыбыздын бири Түмөнбай Байзак уулу да барпылыктар катарына кирет. Ыраматылык ушу адам Барпынын намысын талашып, анын 110 жылдык мааракесин мамлекеттик деңгээлде өткөрүү аракети менен алпурушуп жүрүп, максатына жетпей көз жуумп кетти. Кандай өкүнүчтүү! Ошондуктан биз улуу акын Барпы менен таланттуу жердешибиз Түмөнбайдын жаркын элестери алдында карызыбыздан кутулуу үчүн алар жетпей калган максаттарын турмушка ашырууну көздөдүк.

Бизди Түмөнбай Байзак уулунун демилгеси менен башталган иш унутта калып жаткансыган жагдай таңкалтат. Өткөндө Барпынын 110 жылдык мааракесин өткөрүү боюнча атайы мамлекеттик комиссия түзүлүп, анын төрагалыгына белгилүү окумуштуу

Жалал-Абадская областная библиотека

жана жазуучу М. Борбугулов (ал деле өзүбүздүн райондон) бекиди деп укканбыз. Бул комиссия барбы-жокпу, бар болсо эмне иш чара белгилеп жатат, билбейбиз. Гезиттерде маалымат жок. Айылыбызга басып келип эл-журт менен кеңешкен эч ким болбоду.

Ошондон улам Барпынын баркы башкалардан пас беле деген жаман намыстуу ойго кабыласың. Ал үчүн жалаң гана барпылыктар, ашып кетсе жалпы Сузак эли гана күйүп жаткандай көрүнүш ич ачыштырат экен.

Мааракe тойдун мөөнөтү 1994-жылдын май айына белгиленген. Ага чейин ашып эле кетсе бир жарым жылдай убакыт калды. Ал эми бир жыл деген көз ирмем эмеспи. Ал күн бат эле босого аттап кирип келет.

Барпы акын туулуп-өскөн Ачы айылында акын өз колу менен тигип кеткен кара жыгач азыр да бүрдөп турат. Ошо дарактын айланасындагы эки гектар жерди бөлүп, колхоз эсебинен эки бөлмө үй куруп койгонбуз. Райондук чекте акындын мааракесин өткөрүү фонду түзүлүп, банкта атайы эсеп ачылган. Болгон иш-чара ушуну менен чектелди.

Биздин оюбузча — Барпынын баркы башкалардыкынан кем эмес. Анын кыргыз адабиятында алган өз орду бар. Ошондуктан анын мааракe тоюн да ошо тарыхый ээлеген ордуна жараша жалпы Кыргыз мамлекетинин деңгээлинде өткөрүүгө татыктуу. Анын чыгармаларынын бардыгын топтоп, китеп чыгаруу керек. Туулган айылына гана эмес, баш калаабызга да анын үй-музейин уюштурса болбойт бекен? Акынды көргөн-билгендердин эскерүүлөрүн гезитке бай-ма-бай жарыялап турсак, жумуриятыбыздын адабий тарыхынын бөксөсү толбойт бекен?

***Камбаралы Касымов, Барпы атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы***
***Абдыжапар Жаныбеков, «Барпы» айыл кеңешинин төрагасы***
***Сабыр Суранов, «Барпы» айыл кеңешинин алдындагы аксакалдар кеңешинин төрагасы***
***Бектемир Маткасымов, Ачы айылынын кадырман карыясы, эмгек жана согуш ардагери***



## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

*Кыргыз эли жана адабияты чоң жоготууга учурады. Үстүбүздөгү жылдын 9-ноябрь күнү узакка созулган катуу оорудан кийин, кыргыз элинин атактуу эл ырчысы, улуу Токтогулдун замандашы Барпы Алыкулов дүйнөдөн кайтты.*

*Барпы Алыкулов кыргыз элинин эң сүйүктүү акыны эле.*

*Барпы 1884-жылы Түштүктө, Жалал-Абад шаарынан алыс эмес Ачы кыштагында, кедей дыйкандын үй бүлөсүндө туулган. Революциядан мурун Барпы ар кимдердин эшигинде малай жана чарыкер болуп жүрөт. Ал өзүнүн жана өзүнө окшогон чарыкерлердин, койчулардын жана кедейлердин көргөн оор күндөрү жөнүндө, тарткан азаптары жөнүндө ырлар чыгарат.*

*Социалисттик Улуу Октябрь революциясынын жеңиши жөнүндө Барпы 1918-жылы үгөт да, кубанычы койнуна батпай сүйүнүп Октябрды куттуктап ырдайт.*

*Ошондон тартып Барпы кыштактарды кыдырып, совет өкмөтүн, улуу Ленинди мактап ырдайт. Майрамдарда, той-тамашаларда, эл чогулган жерлерде болуп, элди, кедейлерди советтик бийликти колдоого партиянын тегерегине топтолууга, өкмөт менен партиянын жүргүзүп жаткан чараларын ишке ашырууга чакырып ырдаган агитатор ырчы болот.*

*Бир нече жыл өз кыштагында кошчулар союзунун кыштактык комитетинин председатели болуп иштейт. Ал мурдагы кедейлерди, жарды-жалчыларды ыры менен да, иши менен да уюштуруп, партиянын тегерегине топтоп, басмачыларга жана бай-манаптарга каршы күрөшөт.*

*1920-жылдардан кийин акындын көзү ооруп, көрбөй калат. Бирок, ал эл кыдырып ырдаганын уланта берет. 1922-жылы Кетмен-Төбөгө улуу Токтогулга барып учурашат. Аны менен бирге жүрүп, андан акындык чеберчиликти үйрөнөт. 1923—1925-жылдары Сузак районундагы Таштак айыл Советинде председателдин орунбасары, кедейлерге жардам уюштуруу комитетинин председатели болуп иштейт.*

*Айыл чарбасын коллективдештирүү убагында Барпы өз кыштагында колхоз уюштурат, ага өзү биринчи болуп кирет. Барпынын сунушу боюнча, ал колхозго «Большевик» деп ат коюлат.*

Жалал-Абадская областная библиотека

*Ата мекендик Улуу согуш жылдарында Барпы кыштактарды жана колхоздорду кыдырып ырдап, элди фронтко жардам берүүгө, мамлекеттик тапшырмаларды орундатууга, колхоздорду бошоңдотпоого, ого бетер чыңоого чакырды.*

*Акындын жалындуу ырлары ар дайым газеталарга жана журналдарга басылып, элди эмгекке шыктандырып, совет бийлигин, элдердин Сталиндик достугун чыңоого чакырып турган.*

*Кыргызстан Мамлекеттик басмасында акындын тандалмалуу ырларынын жыйнагы чыгып жатат.*

*Өзүнүн бүткүл өмүрү, тунук талантын элге кызмат кылууга арнаган көрүнүктүү акын, большевиктердин гимнин ырдаган сонун патриот ырчы арабыздан кетти.*

*Бирок, Барпы жөнүндөгү эстелик биздин оюбузда, биздин элдин оюнда дайым сакталат.*

***Орозалиев, Каракеев, Павленко, Сопиев, Южаков, Казакбаев, Изибаев, Уметалиев, Абдукаимов, Сыдыкбеков, Шүкүров, Алтымышбаев, Шамшиев, Абдукаримов, Айтиев, Шиваза, Осмонов, Булатов, Байзаков, Үсенбаев, Шайбеков, Бекмуратов, Акиев, Туманов***

# АРНООЛОР

Жалал-Абадская областная библиотека

*Жеңижок*

Кыйындыкты тез билген,
Кысталышта сөз билген —
Ак таңдай асыл акындан
Калышпайсың, Барпы ырчы.
Ар дайым болсун оюңда:
Акындык салтың оңунда —
Арыштайсың, Барпы ырчы.

*Токтогул*

Сен дагы мендей ырдадың,
Ырыңдан иним сындадым.
Адаштырып ырдасам,
Айтканымдан жылбадың.
Ырдашыңда айып жок,
Калыпка тартып койгондой.
Ырга канган кишинин,
Көңүлү артык тойгондой.
Ар бир айткан сөзүмдү
Улабастан койбодуң.
Калтырбастан бир жерин,
Кынабастан койбодуң.
Адис акын экен деп,
Бул жеринен ойлодум.
Кынадың терме санатың,
Сен болдуң менин канатым.

*Осмонкул*

## БАРПЫНЫ КОШУУ

Барпы аке
Жарыкты сүйгөн ырчы эле,
Жан бүткөндүн курчу эле.
Анын
Жараткан көзүн алса да
Жүрөгү көрүп турчу эле.



Барпы аке
Адамдан чыккан төкмө эле,
Акындык үнү көктө эле.
Эми
Ак кепин кийип жатпайбы
Алоосу өчүп өрт дене.

Барпы аке
Күн канатын сермеген,
Күлүктү минчү термеден.
Эми
Коштошо албай жатпайбы
Кадырын билчү эл менен.

Барпы аке
Жарышка түшсө жел менен,
Жаактуу пенде жеңбеген
Эми
Жаш алып көзгө турабыз
Жашырып жүзүн жер менен.

*Коргол Досуев*

## ШАКИРТИ ТОКТОСУНГА АЙТКАН ЫРЫНАН

Барпы болсо башынан,
Жеке көнгөн жашынан —
Жалал-Абад шаарында.
Токтосундун бир ыры
Түшө калды эсиме:
Барпыны айткан чагымда,
Катуу тийип байкабай,
Калганын айтты каарына.
Атаңдай киши каарыса,
Ага балам таарынба.
Эсенаман эски ырчы,
Эл кыдырган кески ырчы,
Уу тил менен Өтөнү
Уктурган заарына.
Аңгөөдөк болуп жашыңан,
Айдак сөзгө кирбей жүр.
Өзүңдөн улуу адамга
Өктөмдүк кылып тийбей жүр.
Улуута кылсаң урматты,
Кичүүгө кылгын зыйнатты.
Барпыны билем башында,

Жалал-Абадская областная библиотека

Бир көргөмүн жашымда.
Сагызган чапан кийинип,
Сайкалдын келген ашына.
Эки-үч жигит бар эле,
Ээрчитип алган кашына.
Анда балам угуп тур:
Анжиян, Аксы, Таластан
Ырчы, күүчү, жомокчу,
Ышкыбоздор көп келип,
Ырчыдан баш адашкан.
Ырыскулбектин балдары
Ырчыдан ырчы тандады.
Ниязалы болучу
Күүчүлөрдүн балбаны.
Током, Эшмамбет болучу
Топко ырдаган ардагы.
Алыстан келген мейман деп,
Барпыны Током тандады.
Токомду Барпы жандады.
Жар чакырып калышты —
Салт боюнча андагы.
Ар бир үйгө бир-бирден
Жамыраган козудай
Жайылып кетти калганы.
Анда көзү Барпынын
Ачык эле, көрчү эле.
Билбейт экен комузду,
Оң бөйрөгүн таянып
Обдулуп ырдай берчү эле.
Уккандын баарын нас кылып,
Үстү-үстүнө бастырып,
Каптап нөшөр төккөндөй,
Какшанып ырдай берчү эле —
Калыбынан өзгөрбөй,
Каалаганга жеткендей.
Куюлуп турчу ырлары
Каптын оозун чечкендей.
Эшмамбет, Током болбосо,
Эч кимибизден сезгенбей.
Өткүрлүк кылып тийипсин,
Өзүңдү өзүң текшербей.
Сезинен коркуп Барпынын
Сергипсиң суу сепкендей.
Мындан кийин, Токтосун,
Абайлап, балам, ырдап жүр,
Алды-артыңды текшерип.



Кексе болот карылар —
Кебине кетпе өрттөнүп.
Калык экөөбүз жаш кезде
Кимдер менен дешпедик.
Өзүңдү дөө ойлосоң,
Өзгөлөр чымын эмес да,
Баш-аягын баамдап,
Байкаш керек эскерип.
Катыгын берген Барпы акын
Калтырыптыр эстелик.

* * *

Созоктун Ачы жеринен,
Уруусу төөлөс элинен.
Керээли кечке сайраса,
Калк танбаган кебинен.
Майып болгон көзүнөн,
Таппайсың ката сөзүнөн.
Кайран Барпы да өткөн дүйнөдөн!..

* * *

Каалаган менен тие албайт,
Үйдөн үйгө жарыгы.
Тоодой белек калтырды
Барпы ырчынын салымы.
Нускоочу акын өзү эле
Чылк алтын эле аныгы.
Артында китеп сөз калды
Билинбейт көздүн майыбы.
Алып кетти койбостон
Ажалдын сүзгөн кайыгы.

***Насирдин Байтемиров***

Сокур да болсо, сөзү бар.
Сөздөрүнүн көзү бар!

***Токтоналы Шабданбаев***

Атагы чыккан башынан,
Аксакалдын бири эле.
Апыртып айткан сөз эмес,
Акындыгы ири эле.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Ысмайыл Борончиев*

Жалал-Абаддын жанында,
Жаңшачу экен маалында.
Көзүнөн майып болуптур,
Күкүктөй шаңдуу чагында.
Салам айттым аба деп,
Сан жыйындын алдында.

Балам бери кел деди,
Барпы деген мен деди.
Ачык экен кулагы,
Аксакалдардын бүт бойдон,
Амандыгын сурады.
Арт жагында жарыктык,
Батасын берди балпылдап.
Барган экен көп жашка
Башы турат калтылдап.
Сөзүнө сөөгүм эриди,
Көзүнө көөнүм кейиди.
Барпылар кетти Таштактан.

* * *

Тоголок Молдо, Токтогул
Томдору калды артында.
Сагынбайдын «Манасы»,
Сан жеткис байлык калкына.
Шаршендин ар бир сөзүнүн
Баа жетиш кыйын баркына.
Ыраазы болдук өзүнчө,
Ысак менен Барпыга.
Кыргызды булар дүйнөгө,
Кыйкырып өткөн каркыра.

*Райкан Шүкүрбеков*

Токтогул менен Жеңижок,
Тоо булбулу теңи жок.
Эшмамбеттей тул кара
Эл ичинде эми жок.
Тоголок Молдо, Барпылар
Толкуган деңиз чеги жок.



*Эшкулу Алиев*

## ТАҢ ЖАРЧЫСЫ

(Барпы Алыкуловго)

Кандуу күндө өткүр ыры төгүлгөн,
Кайраты ашып ташкындаган көрүнгөн.
Калкым десе, күчкө келип чыңалып,
Карыя акын корккон эмес өлүмдөн...
Бай манаптын зомбулугун ырдаган,
Бала кезден барды-жокту сындаган.
Балапандай, эркелетип жаштарды.
Барктап келген ыры менен кыйладан...
Таасирдүү ыры чагылгандай тараган,
Таң калгандан далайлар ага караган.
Таң жарчысы — Улуу Барпы кыйкырып,
Таамай ырдап ар бир ишке жараган.
Ала-Тоонун аскасында, түзүндө,
Атактуу акын өлбөйт, элдин ичинде.
Ал чыгарган чындыкты айткан жалын ыр —
Ар убакта кужүрмөндүү — күчүндө.
Сайрандаган гүл турмушта айтылдың
Санжыргалуу зор чыгарма калтырдың.
Сапар жөнөп, келгис болуп кетсең да,
Сен биргесиң, санаасында калкымдын.
Улуу Акын — Токтогулдун сырдашы,
Узак убак аны менен ырдашты.
Унутпайбыз, кылым бою эстесиң,
Учурунда элге кылдың кызматты...

*Темиркул Үмөталиев*

## ЫРЧЫ ДЕСЕ ЫРЧЫ ЭЛЕ...

Жаш кезде көргөм Барпыны,
Акындын болчу акыны.
Таңыркатпай койбогон,
Ыр таңшаган жалпыны.
Мага тийген керемет
Ыр сөзүнүн жаркыны.

Алым-сабак термеден.
Айтышта мөөрөй берген.
Күкүк эле таңшыган,
Ким бар ага тең келген?

Жалал-Абадская областная библиотека

Ырчыдан эч ким болбогон
Апызың Барпы жеңбеген.

Ырчы десе ырчы эле,
Ар бир сөзү курч эле
Бирөөгө бал, бирөөгө
Ачыштырган мурч эле.
Оозун ачса жамгырдай
Ыр төгүлүп турчу эле.

Акын эле акылман
Жакшылыкка чакырган.
Жамандыкка калганда
Замбирек болуп атылган.
Барпынын үнү чыкканда
Бүркөлгөн күн ачылган.

*Байдылда Сарногоев*

## БАРПЫ ЫРЧЫГА

Кыргыздан чыккан Барпы ырчы
Кыйланы жеңген алп ырчы.
Томого кийген бүркүттөй
Той берген жерде шаңшычу.
Көр болгон менен, ыр жактан
Көздүүнү артка калтырчу.
«Мөлмөлдү» андай айта албайт
Жыйылып келсе жалпы ырчы.

Оболоп каккан канатын
Окусаң терме, санатын
Бир туруп бийик эргисең,
Бир туруп отко жанасың.
Анчалык мээң жок болсо
Акылдуу боло каласың.

Окусаң сүйүү саптарын
Оюңа түшүп жаш чагың,
Ыраазы болуп «бах!» дейсиң,
Ырчынын таамай айтканын.
«Көгүчкөн тумшук эмчектин»
Көп ойлоп жыргал жактарын
Кыз кезин эстеп жарыңдын
Кылгыра түшөт жаштарың.



Барпы атам азиз көзүнөн
Баракка ырын чие албай,
Басынган кезде жүрө албай,
Бактысына табылып
Барандуу акын азыркы
Байзактын уулу Түмөнбай
Кагазга жазып калбаса,
Калмакпыз көбүн биле албай.

Ызаатталп ырчы атасын
Ырчынын алган батасын,
Ырларын ылгап чогултуп
Келтирген керек машаасын,
Секирсе дагы элүүдөн
Селкилер үчүн жаш акын,
Дүрмөтү күчтүү, дүнү чоң
Түмөнбай акем жашасын!

*Сооронбай Жусуев*

## КАЛК КАДЫРЛАЙТ

Өжөр чыктың, өктөм чыктың жаш кезден,
Өткүр ырың темир кескен, таш кескен.
Татаал жолдо тагдыр менен таймаштың,
Катаал жолдо кастар менен кармаштың.
Ырларыңдын баркын бийик сактадың,
Ырларыңды ыманыңдай сатпадың,
Ыр болуучу баары сөзү, оюндун,
Ыр болуучу баары тулку-боюндун.
Аткан октой ырларыңдан оргуган
Айтышкандар туралчу эмес ордунан.
Сөйкөнгөндүн тез кетирип мазасын,
Өз колуна сен берчүсүң жазасын.
Сен сүйүүнүн ырчысы элең нукуру
Селки, уландар кулак тоскон утуру.
Ышкы күчөп, учкун жанып сезимден,
Ырларыңдан нечен жүрөк эзилген.
Кереметтүү ыр көп эле дилиңде,
Кереметтүү сыр көп эле дилиңде.
Айлананы көзүң көрбөй жүдөдүң,
Анткен менен көздүү эле жүрөгүң.
Көк жал, берен акын элең намыстуу,
Көздүүдөн да көрө билген алысты.
Сен тирүүсүң — дайым тирүү ырларың
Сездиришкен жүрөгүңдүн ыргагын.

Жалал-Абадская областная библиотека

Сен элиндин жүрөгүндө жүрөсүң,
Элиң менен бирге өмүр сүрөсүң.
Ар бир акын барктуу ыры аркылуу.
Албетте, бар акындардын ар кылы.
Ар кыл, ар кыл акындардын артыгы
Ала-Тоолук калк кадырлайт Барпыны!

*Түмөнбай Байзаков*

## БАРПЫГА

Барпы ырчыда албан ыр,
Баалагандын дилинде
Бал сыяктуу тамган ыр.
Бак ичинде отуруп
Булбул кулак салган ыр,
Бакыт бол деп ышкына
Бозой жаттап алган ыр.
Баар болуп кышында,
Борошодо жанган ыр.
Башат сыяк түбөлүк
Баарыбызга калган ыр.

*Жолон Мамытов*

## БАРПЫ АКЫН ЖАЛАЛ-АБАД ВОКЗАЛЫНДА

Т. Байзаковго

Ажыдаар оозун ачкан
апаттуу батыш жакка
Эл толо эшалондор
агылды оп тартыла.
Азезил астанада,
айла жок атышпаска,
Жериңе бомба түшүп,
жааганда ок калкыңа.
Жазмыштан коркпо жигит,
өзүңдү коён санап,
Бүлгүндө бир жак каптал,
Россия, Украина
Бул күндө керексиң сен,
чакырат военкомат,
Кош деш да кошул журтка,
жөнөгөн бүт жабыла.



Өзүңдү карман азга,
боюнду түзөн азга,
Кулак сал сен тетиги
көзү азиз акын чалга.
«Жеңилбейт Кеңеш элим,
Бүгүлбөйт тизе каска,
Партия — туун барда,
Сталин — атаң барда!

Мистелүү адырлардын
Айтылуу көкжалдары,
Бергиле каныңарды,
Мөөрөйдү бербегиле.
Жаңгактуу токойлордун
Арыстан, шер балдары,
Душманды кыйраткыла,
Өзүңөр өлбөгүлө!

Бабаштай бийик дагы,
Көк-Арттай көк болгула,
Нарындай чамынгыла,
Жээк чапчып агылгыла.
Аскердик антыңарга
Ар качан бек болгула!
Фашистти айланткыла
Кум-күлгө, чамындыга!

Өпкүлө жарыңарды,
Калк менен коштошкула,
Бөлгүлө бооруңарды
Айла жок, айрылгыла,
Тагдырга алдыдагы
Тайманбай жол тоскула,
Суранам, бирок, баарың
Түгөл, бүт кайрылгыла!»

Ырдоодо өз үнүндө
карт акын мунун баарын:
«Ыраазы болгула журт,
Кызыл тил Барпыңарга.
Суранам, Жеңиш менен
Кайткыла кулундарым!
Кайткыла түгөл баарын
Кан жолдон артыңарга!»

Түмөкө, кетсеңиз да
майданга озуп алды,

Жалал-Абадская областная библиотека

Баарынан кыйын болду
таймаштан кайткандыгың.
Барпы абаң боздоп-ырдап
вокзалдан тосуп алды:

«Чыктыбы эсиңерден
Жөнөөрдө айткандарым?
Дүңүң көп болгон менен
Үнүң аз, кулундарым!
Келатат бекенсиңер...
Жеңиштин аркасында?..»
Күтпөсүн өмүр бою,
Түмөкө, согуш жаалын,
Айлына алып кет да,
түшүндүр карт акынга...

*Тууганбай Абдиев*

## БАРПЫ АКЫН ЖАШАЙТ

Эскерем акын Барпыны,
Элпек тил жандын артыгы.
Көкүрөк, мээде көзү бар,
Көргөндөй айткан жарчыны.
Тап берген сөзүн так алган,
Таланттын анык барчыны.

Тамганы такыр билбеген,
Тараткан ырды миңдеген.
Кыялдар кезек талашып,
Куюлган күлүк тил менен.
Эбелек ойдон сөздөрүн,
ЭВМче элеп иргеген.

Тилинен жасап барагын,
Толтурган ырдын сарайын.
Жебедей желге учуруп,
Жиберген сөздүн таамайын.
Нышандар калса беттешип,
«Накаут урган» дапайын.

Ышкысы түшсө бирөөгө,
Ысыткан күндөй тим эле.
«Бөдөнө тумшук мамагын»
Элестеп көрчү бир эле.
Ашыглыг жагын Барпыдай,
Айтыптыр анда ким эле.



Сабалап кыял канатын,
Сабаса терме санатын.
Кар болуп, кайра нөшөрлөп,
Карматса төкмө адатын.
Таңдайдан улам агытып,
Таттырган ырдын набатын.

Партия бүткөн багына,
Бааланат иши дагы да.
Шамалдай тарап элине,
Шаң кошуп заман шаңына.
Басмадан чыгып ырлары,
Барпы акын жашайт дайыма.

*Анатай Өмүрканов*

## БАРПЫ

Айтышынан уу акса
Арзуусунан бал аккан.
Аккуунун өтү андагы
Атпай журт черин тараткан.

Жылдыздан кабар угуучу,
Ырдаарда жыргап кубулчу.
Көкүрөгү менен ал
Көрбөстү көрүп туруучу.

Азуусун Айга жануучу,
Айтышты издеп баруучу.
Терекмин деген тебишсе
Куурайдай болуп калуучу.

Ырында Күндүн табы бар
Жаштыктын бүтпөс шаңы бар.
Кылымды аң-таң калтырчу
Кыргыздын каны, жаны бар.

Көз ачып ырды көргөнү,
Акындын Барпы мөлмөлү.
Ырынан ушул дүйнө эмес
Ааламдын келет жөн-жөнү.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Жумадил Бектуров*

## КӨӨНӨРБӨС БҮГҮН БИР ДҮЙНӨ

Көөдөнү чебер жасалып,
Көмүстө калып кареги.
Көр турмуш сүргөн Барпы акын
Көөнөрбөс бүгүн бир дүйнө
Көп ырчы эмес — дареги.

Бир жагы Чаткал, Арсламбап,
Бир жагы Бозбу гүл баскан.
Жашыл төр, токой гүл чарбак
Жалбызы жаңгак жыттанып,
Бир эмес жазсаң, миң дастан!

Бир жагы бейиш Сар-Челек,
Бир жагы Артык, Арашан.
Койнунда сансыз булакка
Коктусу кошо козголуп,
Кобурап сүйлөйт таң-азан.

Негизи Бакең башка акын,
Нечен доор жашаар жашта акын.
Токтогул, Калык, Жеңижок,
Ысмакең өңдүү калкагар,
Ырлардан бүткөн аска акын!

Каймагын сөздүн ылгаган,
Калемпир мончок жылгадан.
Мамагын сылап Мөлмөлдүн
Малсыз да болсо анан, ал
Маңызы менен жыргаган!

*Ташмат Арыков*

## КИМ БИЛБЕЙТ
(Барпы атага)

Ким билбейт арабыздан Барпы атаны?
Акындыгы жагынан алп атаны.
Адамдык сапаты да бийик экен,
Чыдаган жокко дагы, барга дагы.

Ким билбейт арабыздан Барпы атаны?
Көзсүз туруп байкаган ак-караны.



Кашайып калган болсо аң-сезими
Ушундай залкар ишти аткарабы.

Ким билбейт арабыздан Барпы атаны?
Ырлары айтып турган: шар басалы.
Эли ага эч аябай берип жатат,
Дилдеги, сезимдеги бар батаны.

Ким билбейт арабыздан Барпы атаны?
Бирге эмес,
Баарыбызга жалпы атаны.
Атагы өстү калкы менен,
Аны менен бирге өстү калк атагы.

Барпы ата
Элге арнаган ырын дагы
Барпы ата
Элге арнаган сырын дагы
Барпы ата
Дайым чыккан күндөй болуп,
Көңүлгө төгө берет нурун жаңы.

*Маркабай Ааматов*

## БАРПЫ АКЫН

Балак алып... кезешсе да балтаны —
Болгон жок ал акындардын жалтаңы!
Кадырлады кара таман кедейин,
Кадырлады кара таман калк аны.

Ашкерелеп байды, бийди, калпаны
Чыккычакты талкаланып талканы
Ырдап турду торгой сыңар Барпы акын —
Албарс миздүү кылыч болуп ар сабы!

Ыр атынын алыс учуп даңканы,
Көлөкөдөй ээрчийт бүгүн даңк аны.
...Эшиткенде Барпы акындын мурасын —
Элестетем көөнөрбөс жаш арчаны.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Таирбек Сатыбалдиев*

## БАРПЫГА

Сен саяван бай терек,
Мен теректин чырпыгы.
Сен гүлзардын булбулу,
Мен бир тоонун чымчыгы.
Бактыга багван сен болуп,
Жетилди чынар чырпыгы.
Сен чалкыган терең көл,
Мен тамчысы сөз чыны.
Көкүрөк соо көздүүдөй,
Көрбөдүм сендей сынчыны.
Үлгүсүн берген Барпы деп,
Унутпайм андай ырчыны.
Акыл жетсе күч жетпей,
Жокчулуктун дартынан,
Жабыр тарткан канча жан,
Жүрдүң малдын артынан.
Айылы сезген жашынан,
Акындыкты Барпыдан.
Аттанып чыккан алгырдай,
Акындарга алдырбай.
Молдо Ташмат, Нишанбай,
Кара Жолдош, көр Жолдош,
Сыдык менен Калмурза,
Кара мүртөз оң болбос,
Бекназар менен Нурмолдо,
Кедейге булар жолобос.
Накен менен Жеңижок,
Буларга ырчы теңи жок.
Калыс болуп ырдаган
Калк ичинде кор болбос...
Аял-эрге адилет
Кебинди айтып ырдадың.
Алган менен түгөнгүс
Кениңди айтып ырдадың.
Гүлзардай болгон айланаң
Жериңди айтып ырдадың.
Ошол жердин ээси,
Элиңди айтып ырдадың.
Айылдын көркү селкилер
Келинди айтып ырдадың.
Калың кыргыз ак калпак,
Калкың айтып ырдадың.



Качырганын куткарбас,
Антын айтып ырдадың.
Конок келсе кой сойгон,
Салтын айтып ырдадың.
Кылымдан бери кыргыздын,
Баркын айтып ырдадың.
Меймандос ата-бабадан,
Даңкын айтып ырдадың.
Сен ырдадың жигитти
Күйүп турган жалыны.
Сен ырдадың сулуунун,
Ак бетинде калыны.
Сен ырдадың жигитке,
Сыйлап өт деп жарыны.
Сен ырдадың келиндин,
Айдай аппак тамагын.
Сен ырдадың кыздардын,
Бөдөнө тумшук мамагын.
Сен ырдадың ашык жар
Жетпей жашын төккөнүн.
Анташканга жете албай
Армандуу болуп өткөнүн.
Сен ырдадың жаштарга
Жаңы сүйүү көктөмүн.
Сен ырдадың жигиттин,
Сүйгөн жарын өпкөнүн.
Сен ырдадың аялдын,
Жалжылдаган көздөрүн
Сүйсө да ичтен элжиреп
Сыр сактатып өздөрүн.
Сен ырдадың алардын
Жан эриткен сөздөрүн.
Ырдабадың сен мактап,
Төрт түлүктүү малды айтып.
Сен ырдадың үн кошуп,
Өмүр шерик жарды айтып
Жылт эттире сыр каткан,
Көздү мактап ырдадың.
Адилеттүү айтылган,
Сөздү мактап ырдадың.
Ырдабадың жан үрөп
Алтын менен күмүштү.
Сен мактадың үн кошуп,
Адамга бүткөн үмүттү.
Ыр менен бирге төрөлдүң
Ыр менен бүрдөп көгөрдүң.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ыр менен элге таанылдың,
Ыраазы кылды өнөрүң,
Ырга койдуң ышкыңды,
Ыр болду сенин жөлөгүң.

Ак талга конуп сайраган,
Адашпас булбул сен элең.
Ыр менен элге таанылдың,
Артыңда жүрүп ар дайым,
Алсам үлгү дээр элем.
Арзыганым бир өзүң
Атамдай көргөн мен элем.

Шырдакбектин суу төкпөс,
Жоргосундай бар элең.
Тамшандырган адамды,
Таң калчуумун дагы мен.
Алтын сөз айтып жалпыга,
Ак калпак кыргыз калкына.
Аралайт эчен кылымды
Атагың калды артында.
Арман жок шекирт болгомун,
Ак таңдай акын Барпыга.

## АВТОРЛОР ТУУРАЛУУ ҚЫСҚАЧА МААЛЫМАТТАР

**ААМАТОВ Маркабай,** белгилүү акын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын ээси. «Барпы акын» ыры «Ленинчил жаш» гезитине жарыяланган (1985-жыл, 26-октябрь).

**АБДЫРАМАНОВ Шабданбай,** Кыргыз эл жазуучусу, көптөгөн ыр, проза, драмалык чыгармалардын автору. «Эл сүйгөн акын» макаласы Ош областтык «Ленин жолу» газетасына Барпынын туулган күнүнүн 90 жылдыгына арналып жарыяланган (1974-жыл, 25-декабрь).

**АЛИЕВ Эшкулу,** учурунда баштапкы Жалал-Абад облустук «Большевиктик жол» гезитинде иштеген журналист, талапкер акын. Анын «Таң жарчысы» жоктоо ыры Б. Алыкуловдун о дүйнө сапар тартканына карата жазылган.

**АРЫКОВ Ташмат,** белгилүү акын. «Ким билбейт (Барпы атага)» ыры «Ленинчил жаш» гезитинде жарыяланган (1985-жыл, 26-октябрь).

**АШЫМБАЕВ Бакен,** таланттуу журналист, адабиятчы. Өмүрү эрте үзүлгөн калемгердин «Улуу акындын жыйнагы» макаласы Барпынын чыгармаларынын бир томдугунун жарыкка чыгышына карата «Советтик Кыргызстан» гезитинде жарыяланган (1960-жыл, 30-октябрь).

**БАЙБОСУНОВ Али-Аскар,** биофизика илимдеринин кандидаты, көптөгөн илимий эмгектердин, анын ичинде кыргыз элинин революцияга чейинки жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрүн изилдеген кызыктуу монографиянын автору.

Бул китептеги макала «Кыргызстан маданияты» жумалыгынан (1978-жылдын 18-январы) алынды.

**БАЙЗАКОВ Түмөнбай** (1923—1992), белгилүү кыргыз акыны, А. Фадеев атындагы адабий сыйлык ээси, көптөгөн ыр, поэмалардын автору. Б. Алыкуловдун жердеши, анын чыгармаларын жазып алуу, жарыялоо, элге жеткирүү ишинде талбай иштеп, Барпытаануга олуттуу салым кошкон инсан.

Жалал-Абадская областная библиотека

«Барпы ырчы» (И. Султанбеков менен бирге, 1960-акындын томдугуна баш сөз), «Акынды эскерүү», «Ленинчил Жаш» (1985-жыл, 26-октябрь), «Барпыга» ыры «Кыргызстан маданияты» жумалыгына жарыяланган (1985-жыл, 24-октябрь).

**БАКИНОВА Гүлжамал**, тилчи-диалектолог, филология илиминин кандидаты. М. И. Богданова жана Барпы менен жолугушуулары тууралуу эскермеси «Кыргыз маданияты» жумалыгында (1993-жыл, 10-июнь) жарыяланган. Китепке автордук кол жазма боюнча киргизилди. Аңгеме жүргүзгөн адабиятчы К. Даутов.

**БАЯЛИНОВ Касымалы** (1902—1979), кыргыз профессионал адабиятынын пайдубалын коюшкандардын бири, Кыргыз эл жазуучусу. Б. Алыкуловдун тунгуч жыйнагына баш сөз жазган, ошол макаласы (Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949) китептеги тексти боюнча берилди.

**БЕКНАЗАРОВ Кеңеш**, кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы диалектилик өзгөчөлүктөрдү изилдеген тилчи. Китепке киргизилген макаласы 1961-жылы 12-декабрда «Мугалимдер газетасында» жарыяланган.

**БЕКТЕНОВ Зияш**, кыргыздын тунгуч интеллигенттеринин бири, көрүнүктүү илимпоз, КМУнун профессору, бир топ адабий, маданий ишмерлер тууралуу эскермелери аркылуу да окурмандарга таанымал. Барпынын чыгармаларын жазып алуу ишине түздөн-түз көмөк көрсөткөн инсан. Курбусу Ташым Байжиев экөө акындын көпчүлүк ыр, поэмаларын жаздыртып алышкан. Илимпоздун эскермеси «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын 1985-жылкы 24-октябрдагы санында жарык көргөн.

**БОРБУГУЛОВ Муктар**, көрүнүктүү илимпоз-адабиятчы, тамсилчи, прозачы, филология илиминин доктору, профессор. Залкар ырчы Б. Алыкуловдун чыгармачылыгын изилдөө, аны элге жайылтуу ишине олуттуу салым кошкон инсан, учурунда «Барпы ырчы» пьесасын жараткан. Жарыяланып аткан макала «Ала-Тоо» журналынын 1959-жылдын 11-номурдагы санынан алынды.

**БОРОНЧИЕВ Ысмайыл** (1910—1978), айтылуу төкмө ырчы, айтыштын чебери. «Биринчи олимпиада» эскерүүсү акындын «Бакыт булагы» аттуу ырлар жана дастан жыйнагындагы (Фрунзе: Кыргызстан, 1976, 55—64-бб.) текст боюнча берилди.

**ДАУТОВ Кадыркул**, таланттуу адабиятчы, сынчы, филология илиминин кандидаты, бир топ адабий-сын китептердин, көптөгөн макалалардын автору. Анын Б. Алыкуловдун адабий мурасын жаңыча өңүттөн карап, оригиналдуу жазылган макалалары окурмандар арасында зор кызыгуу туудуруп, акынга карата мамиленин жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүшүнө шарт түздү. Китепке адабиятчынын көп макалаларынын ичинен бирөөн гана («Махабаттын улуу ырчысы») жарыялоого мүмкүндүк болду. Ушул китепти түзүү ишине зор көмөк көрсөткөнүн да белгилей кетүү жөн.

**ДОСУЕВ Коргол** (1882—1962), таланттуу төкмө ырчы, айтылуу Токтогулдун шакирти. Китепке киргизилген Корголдун ыры шакирти Т. Тыныбековдун «Менин устаттарым» эскерүүлөр жыйнагынан (Фрунзе: Кыргызстан, 1983) алынды, ырга коюлган шарттуу ат түзүүчү тарабынан кошулду.

**ЖУСУЕВ Сооронбай**, кыргыз эл акыны, көптөгөн поэтикалык чыгармалары аркылуу калайыкка кеңири белгилүү. «Калк кадырлайт» ыры «Кыргызстан маданияты» жумалыгында (1985-жыл, 24-октябрь) жарыяланган.

**ЗАКИРОВ Сапарбек**, эл оозеки чыгармачылыгын изилдөөчү, КМУнун профессору. Кенже эпостор, төкмө ырчылар, санжыра ж. б. тууралуу илимий эмгектер жарыялаган. «Барпы акын» макаласы акындын туулган күнүнүн бир кылым толушуна арналган «Ала-Тоо» журналынын санында (1985, № 6, 124—130-бб.) жарыяланган.

**КАЙЫПОВ Сулайман**, эл оозеки чыгармачылыгын изилдөөчү, филология илиминин кандидаты. Барпынын бир топ чыгармалары кыйла жылдардан бери басылбай келатканын, аларды жыйнап, илимий текстологиялык деңгээлде чыгаруунун зарылдыгын баса көрсөткөн макаласы «Кыргызстан маданияты» жумалыгында (1985-жыл, 24-октябрь) жарыяланган.

**КАНГЕЛДИЕВ Нургазы**, Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, педагогика маселелери боюнча бир топ эмгектердин автору. Китептеги макала Барпынын туулганынан бери бир кылым өткөнүнө байланыштуу 1985-жылдын 30-октябрында «Мугалимдер газетасында» жарыяланган.

**КАРАСАЕВ Хусейин**, чыгаан тилчи, Кыргыз ИА академиги, профессор, бир катар сөздүктөрдүн автору. Карыя илимпоздун кызыктуу маеги «Кыргызстан маданияты» жумалыгында 1985-жылы 24-октябрда жарыяланган, маек курган Алым Токтомушев.

Жалал-Абадская областная библиотека

**ҚАСЫМОВ Аскарали**, Барпы апыздын замандашы Жолотой Қасымов аксакалдан жазып алган. Эскерүү аймактык «Эркин эл» газетасына жарыяланган (1993, № 1).

**МАВЛЯНОВ Жунай**, Қыргыз эл жазуучусу, бир катар роман, повесть, аңгемелердин автору. Б. Алыкулов тууралуу «Ашыглыктын акыны» эскерүүсү китепти түзүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча жазып берди, текст кол жазма боюнча жарыяланды.

**МАЛИКОВ Кубанычбек** (1911—1978), кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, профессионал адабиятыбызды баштоочулардын бири. «Қыргыз жеринин атактуу ырчысы» Барпынын туулган күнүнүн 90 жыл толушуна арналган жыйында сүйлөнгөн сөздүн негизинде жазылган макала. Ал «Кыргызстан маданияты» жумалыгында жарыяланган (1974-жыл, 26-декабрь).

**МАМЫТОВ Жолон** (1940—1988), таланттуу кыргыз акыны. «Барпы акын Жалал-Абад вокзалында» ыры Т. Байзаковго арналып жазылган. Текст «Кыргызстан маданияты» жумалыгында жарыялангандагысы (1985-жыл, 14-февраль) боюнча алынды.

**МАТИЕВ Кадырбек**, философия илимдеринин кандидаты, бир нече илимий эмгектердин автору, акындык жагы да бар. Макала «Советская Киргизия» газетасына жарыяланган (29-октябрь, 1985-ж.).

**МОЛДОКАСЫМОВ Кыяс**, кыргыз тарыхы, маданияты боюнча адис, тарых илиминин кандидаты. «Барпынын баркына жетели» макаласы «Ленинчил жаш» гезитинин 1990-жылкы 4-январдагы санында жарыяланган.

**ПАРПИЕВА Бурул**, Барпынын (Парпи апыздын) кызы, атасынын ырларын жазып, кийин жыйноочуларга өткөрүп берген. Эскерме кол жазма боюнча жарыяланды. Аңгемелешкен К. Даутов.

**РУСТАМОВ Сатыбалды**, советтик жана юридикалык кызматтарда жүргөн, ошондой эле көп жылы колхоз активи болуп жетекчилик кызматта иштеген, азыр эмгек ардагери. Сузак району, Барпы Айыл Кеңешинин Чокмор кыштагында жашайт. Маектешкен Амангелди Төрөканов, Барпы Алыкулов атындагы орто мектептин директору (1993-жылдын 2-декабры). Эскерүү кол жазма боюнча жарыяланды.

**САРНОГОЕВ Байдылда**, кыргыз эл акыны, улут-таш окурмандарынын арасында өзгөчө барктуу, бир топ ыр китептердин автору. «Барпы ырчыга» арноо ыры «Ашуудан берген отчетум» жыйнагынан (Фрунзе: Адабият, 1989, 105—106-бб.) алынды.

**СЫДЫКБЕКОВ Түгөлбай**, кыргыз эл жазуучусу, академик, көптөгөн роман, повесть, аңгеме, ыр, поэмалардын автору, улут адабиятынын профессионалдык пайдубалын түптөшкөндөрдөн. «Чоң касиет — дүрмөттө!» макаласы «Кыргызстан маданияты» жумалыгында (1985-жыл, 24-октябрь) жарыяланган.

**ТАШТЕМИРОВ Жаки** (1913—1988), акындар чыгармачылыгын изилдөөчү, Токтогул баш болгон демократ акындардын өмүрү, чыгармачылыгына арналган монографиялардын (анын ичинде «Барпы Алыкулов» аттуусу да) автору. Бул китептеги макала Б. Алыкуловдун «Тандалган чыгармаларына» (Фрунзе: Кыргызмамбас, 1955. Түзүүчүлөр: Т. Байзаков, Ж. Эгембердиев) баш сөздөн алынды.

**ТОКТОСУНОВ Ташполот**, Барпынын айылдашы. «Барпынын ырын жазгамын» эскерүү макаласы Жалал-Абад облустук «Акыйкат жарчысы» гезитинде жарыяланган.

**ТӨРӨКАНОВ Амангелди**, Сузак районунун Барпы атындагы орто мектептин директору, акындын 110 жылдык маарекесин өткөрүү боюнча райондук комиссиянын мүчөсү.

Ушул китептеги Барпы акындын жердештеринин эскерүүлөрүн жазып алып К. Даутовдун дарегине жөнөткөн, алар:

1. **ПОЛОТОВ Жамалдин**, Барпынын агасы Болоттун уулу, 1928-жылы төрөлгөн. Эскерүү 1992-жылы 20-февралда жазылып алынган.

2. **АБДУЛЛАЕВ Мамат**, 1922-жылы төрөлгөн, Ош облусунун Өзгөн районундагы Ийри-Суу айыл кеңешиндеги Өстүрүү (Ак-Чаңыл) айылында жашайт. Эскерүү 1992-жылы 22-августта жазылып алынган.

3. **БАЙМУРАТОВ Камыт**, 1926-жылы төрөлгөн, Өзбек республикасынын Анжиян облусуна караштуу Ханабад шаарында жашайт. Эскерүү 1993-жылдын 9-мартында жазылып алынган.

4. **МУРЗАКАНОВ Азам**, Сузак районундагы Барпы кыштагында жашайт. Эскерүү 1993-жылдын 1-апрелинде жазылган.

5. **ТӨРӨКАНОВ Жолболду**, 75 жашта, Сузак районундагы Маркай кыштагында жашайт. Барпы жөнүндөгү эскерүүсү 1991-жылдын 25-октябрында жазылган.

Жалал-Абадская областная библиотека

6. **САТЫБАЛДИЕВ Таирбек,** белгилүү төкмө ырчы, 1933-жылы төрөлгөн, Сузак районунуӊ Жийде айылында жашайт. 1992-жылы май айында өткөрүлгөн республикалык акындар айтышынын баш байгесин жеӊип алган. Кыргыз республикасынын эмгек сиӊирген артисти, Барпынын шакирттеринин бири. Анын Барпы жөнүндөгү эскермелери 1993-жылдын 27-апрелинде жазылып алынган.

7. **БЕКИБАЕВ Төлөн,** 1927-жылы төрөлгөн, Сузак районунун Кара-Дарыя айыл кеӊешинин Сары-Маале кыштагында жашайт. Барпынын күйөө баласы. Анын эскермелери 1993-жылдын 27-апрелинде жазылып алынган.

**ТУРУСБЕКОВА Гүлсүн,** Жусуп Турусбековдун жары, Барпы Алыкуловдун ырларын Илимдер академиясында жазуу учурунда улуу акынга каралашып, адабий мурасын сактоого көмөк көрсөткөн. Гүлсүн эженин аӊгемесин К. Даутов жазып алган (1992-жылдын 30-ноябры). Китепке кол жазма боюнча киргизилди.

**ТЫНЫБЕКОВ Токтосун** (1927—1982), белгилүү төкмө акын, Республиканын эмгек сиӊирген артисти. Барпы акын менен жолугушун баяндаган эскермеси «Ала-Тоо» журналынын 1969-жылдын 5-номурунда жарыяланган. Китепке журналдык текст киргизилди.

**ҮМӨТАЛИЕВ Темиркул** (1908—1991), кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси. Китепке кирген «Булбул таӊшык ырчы» макаласы «Ленинчил жаш» гезитине Барпы акындын туулган күнүнүн 80 жыл толушуна арналып (1964-жыл, 30-сентябрь) жарыяланган.

«Ырчы десе ырчы эле...» арноо ыры «Кыргызстан маданияты» жумалыгында (1985-жыл, 24-октябрь) чыккан.

**ШАМШИЕВ Төлөн,** белгилүү кыргыз акыны, бир топ ыр жыйнактары жарыяланган. «Барпы менен кездешүү» макаласы «Ленинчил жаш» гезитине 1986-жылы 11-январда чыккан.

* * *

**ЭСКЕРТҮҮ:** Арноолор бөлүмүндө кыска үзүндүлөр төмөндөгү китептерден алынды: **Барпы. Тандалмалар.** Түзгөн Түмөнбай Байзаков. — Фрунзе.: Кыргызстан, 1984, 264—267-бб.; **Коргол. Ырлар, айтыштар, эскерүүлөр.** Түзгөндөр О. Сооронов, О. Корголов.— Бишкек.: — Адабият, 1993, 4 — 49-бб.



## БАРПЫНЫН КИТЕПТЕРИ

*Кыргыз тилинде*

Тандалмалуу ырлар. Фрунзе, «Кыргызстан», 1949, 107 бет.
Тилек. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, «Кыргызмамбас», 1951, 124 бет.
Тандалган чыгармалар. Фрунзе, «Кыргызмамбас», 1955, 284 бет.
Мектеп жөнүндө ыр. Фрунзе, «Кыргызмамбас», 1957, 46 бет.
Барпы. Чыгармаларынын бир томдугу. Фрунзе, «Кыргызмамбас», 1960, 288 бет.
Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. Фрунзе, «Кыргызмамбас», 1970, 288 бет.
Табият санаты. Ырлар. Фрунзе, «Мектеп», 1973, 20 бет.
Мөлмөлүм. Фрунзе, «Кыргызстан», 1974, 145 бет.
Бала чак. Ырлар. Фрунзе, «Мектеп», 1978, 16 бет.
Тандамалар. Фрунзе, «Кыргызстан», 1984, 272 бет.
Табият сымбаты. Ырлар. Фрунзе, «Мектеп», 1987, 20 бет.

*Орус тилинде*

Избранное. Стихи. Фрунзе, «Киргосиздат», 1958, 148 стр.
Стихи. Москва, «Молодая гвардия», 1958, 111 стр.

## БАРПЫНЫН БАСУУГА ДАЯРДАЛЫП ЖАТКАН КИТЕПТЕРИ;

Барпы. Чыгармалар жыйнагы. Эки томдук. Бишкек, «Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы», 1994.

## БАРПЫ ЖӨНҮНДӨ ЖАРЫК КӨРЧҮ КИТЕПТЕР; ФИЛЬМДЕР ЖАНА СПЕКТАКЛДЕР

БАРПЫ. Изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор. Бишкек, «Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы», 1994.
Барпы. Акынга арналган пьесалар. жыйнагы. Ош, 1994.
Барпы. Буклет — китепче. Бишкек, 1994.

«Аалам астанасындагы өмүр» аттуу кыскаметраждуу даректүү публицистикалык фильм тартылууда.

Бишкек, Ош, Жалал-Абад театрларында Барпы жөнүндө үч спектакль сахнага чыгат.

Жалал-Абадская областная библиотека

## БАРПЫНЫН ЫСМЫ БЕРИЛГЕН ОКУУ ЖАЙЛАР ЖАНА МЕКЕМЕЛЕР

Жалал-Абад драмтеатры.
Жалал-Абаддагы маданият техникуму.
Жалал-Абаддагы Кыргыз-Түрк лицейи.
Өзбекстандын Коргон-Төбө районунда бир орто мектеп.
Жалал-Абад облусунун Сузак районунда бир орто мектеп.
Базар-Коргон районунда бир орто мектеп.
Ош облусунун Кадам-Жай районунда бир орто мектеп.
Ош шаарында бир орто мектеп.
Жалал-Абад облусунун Сузак районунда бир колхоз.
Ошол эле жердеги бир айылдык кеңеш.

Барпынын сөөгү Бишкектеги Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

Акындын туулган айлы — Ачы кыштагында үй-музейи курулган.

## МАЗМУНУ

Б. Шамшиев. Күндү издеген адам . . . . . .

ИЗИЛДӨӨЛӨР

К. Байлинов. Барпы Алыкулов . . . . . . . 12
Ж. Таштемиров. Барпы Алыкулов (1884—1949) . 16
М. Борбугулов. Залкар акын Барпы Алыкулов . . 43
Т. Байзаков, И. Султанбеков. Барпы ырчы (1884—1949) . . . . . . . . . . 69
Б. Ашымбаев. Улуу акындын жыйнагы . . . 105
К. Маликов. Кыргыз жеринин атактуу ырчысы . 112
С. Закиров. Биздин Барпы . . . . . . . 120
А. Байбосунов. Барпынын чыгармаларындагы космологиялык ой жүгүртүүлөр . . . . . 135
К. Даутов. Махабаттын улуу ырчысы . . . . 142
К. Бекназаров. Барпынын чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөр . . . . . . . . 160
С. Кайыпов. Барпынын басыла элек мурастары . 164
Н. Кангелдиев. Адабиятыбыздын классиги . . 169
К. Молдокасымов. Барпынын баркына жетели . 172
Т. Сыдыкбеков. Чоң касиет — дүрмөттө! . . . 177
К. Матиев. Куттуу музанын рух кудурети . . 179

ЭСКЕРҮҮЛӨР

Т. Шамшиев. Барпы менен кездешүү . . . . 186
Т. Үмөталиев. Булбул таңшык ырчы . . . . 188
Т. Байзаков. Акынды эскерүү . . . . . . 192
Т. Байзаков. Залкар ырчы . . . . . . . 195
Ы. Борончиев. Биринчи олимпиада . . . . 197
З. Бектенов. «Жүрөгү көрүп турчу эле» . . . 204
Х. Карасаев. «Сөз кереметине каныккан» . . 206
Т. Тыныбеков. Барпы . . . . . . . . 209
Ш. Абдырамanов. Эл сүйгөн акын . . . . . 218
Ж. Мавляпов. Ашыглыктын акыны . . . . . 221
Г. Бакинова. Барпыны биринчи ким алып чыккан? 228
Г. Турусбекова. «Өз кызындай болуп калгам» . 236
Б. Парпиева. Атама миң мертебе ыраазымын . 239
Т. Бекибаев. Кайнатамдын ырын жазгам . . . 244
Т. Токтосунов. Барпынын ырын жазгамын . . 248
Барпы жана анын карындашы Алтынай . . . 254
Ж. Төрөканов. Апыз абам ырдачу да . . . . 257
Ж. Полотов. Абам жөнүндө . . . . . . . 260
Маматтын Барпыга жолугушу . . . . . . 263
Т. Сатыбалдиев. Устатымды ээрчигем . . . . 270
Замандаштары аз-аздан . . . . . . . . 273
А. Касымов. Атамдын эскерүүсү . . . . . 274
Барпыны акыркы сапарга узаткан адам . . . 276
Барпынын баркы пас беле? . . . . . . . 280
Барпы Алыкулов . . . . . . . . . 283

Жалал-Абадская областная библиотека

## АРНООЛОР

Жеңижок . . . . . . . . . . . . 286
Токтогул . . . . . . . . . . . . 286
Осмонкул. Барпыны кошуу . . . . . . . 286
К. Досуев. Шакирти Токтосунга айткан ырынан . 287
«Созоктун Ачы жеринен» . . . . . . . 289
«Каалаган менен тие албайт» . . . . . . 289
Н. Байтемиров . . . . . . . . . . 289
Т. Шабданбаев . . . . . . . . . . 289
Ы. Борончиев . . . . . . . . . . 289
Р. Шүкүрбеков . . . . . . . . . . 290
Э. Алиев. Таң жарчысы . . . . . . . 290
Т. Үмөталиев. Ырчы десе ырчы эле . . . . 291
Б. Сарногоев. Барпы ырчыга . . . . . . 291
С. Жусуев. Калк кадырлайт . . . . . . 292
Т. Байзаков. Барпыга . . . . . . . . 293
Ж. Мамытов. Барпы акын Жалал-Абад вокзалында 294
Т. Абдиев. Барпы акын жашайт . . . . . 294
А. Өмүрканов. Барпы . . . . . . . . 296
Ж. Бектуров. Көөнөрбөс бүгүн бир дүйнө . . . 297
Т. Арыков. Ким билбейт . . . . . . . 298
М. Ааматов. Барпы акын . . . . . . . 298
Т. Сатыбалдиев. Барпыга . . . . . . . 299
Авторлор тууралуу кыскача маалыматтар . . 300
303

Илимий-популярдык басылма.

**БАРПЫ: Изилдөөлөр, эскерүүлөр, арноолор.**
Түз., баш сөзүн жазган Б. Шамшиев.

Бишкек, Кыргыз Энц. Башкы ред.


Редактору — *С. Алиев*
Мукабаны жасалгалаган сүрөтчү — *А Касымалиев*
Сүрөт редактору — *К. Акматалиев*
Техникалык редактор — *Ж. Жолдошева*

ИБ № 82

Теруүгө 27. 04. 94 берилди. Басууга 0. 07 94 кол коюлду. Форматы 84×108 1/32. Текст адабият ариби менен терилип, № 2 басма кагазына жөнөкөй ыкма менен басылды. 32,8 шарттуу басма табак. 35,1 эсеп басма табак. Нускасы 10 000. Заказ № 11.
Баасы келишим боюнча

Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы
720000, Бишкек шаары Эркиндик проспектиси, 56
«Акыл» Мамлекеттик концернине караштуу


Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек ш., 5. Суванбердиев көчөсү, 102














1. Барпы. 1947-ж. 2. Жазуучулук белети. 1947-ж. 3. Барпынын [illegible] тери. 4. Отургандар: Барпы, Аалы, Смар. Туруп тургандар: [illegible] Асанбай, Ясыр, Гүлсүн, Кайсын. 1947-ж. 5. Түмөнбай, [illegible] ынын кызы), Кадыркул, Тайырбек, Төлөн. 6. Барпынын [illegible] бөзү. 1993-ж.